СУЛАЙМАНОВ  ЭРТАБЫЛДЫ

СУЛАЙМАНОВА ЭЛНУРА

# *Э Т Н О Г Р А Ф И Я*

(тарых адистигинде окуган студенттер үчүн окуулук)

ЖАЛАЛ -АБАД
2010

СУЛАЙМАНОВ  ЭРТАБЫЛДЫ
СУЛАЙМАНОВА ЭЛНУРА

# *Э Т Н О Г Р А Ф И Я*

(тарых адистигинде окуган студенттер үчүн окуулук)

ЖАЛАЛ -АБАД,  2010.- 300 б.

ЖАМУнун тарых- укук таануу, социалдык башкаруу Факультетинин окуу- усулдук кеңешинин сунушу боюнча факультеттин окумуштуулар кеңешинде басма бекитилди.

Сын пикир ээлери:

Т. К. Кенесариев- тарых илимдеринин доктору, профессор;
И. А. Абдувалиев- филология илимдеринин доктору, профессор.

## Кириш сөз

Колуңуздардагы китеп - жогорку окуу жайлардын программасына, Мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу планына ылайык келип, хронологиялык ырааттуулукта негизги бөлүмдөрдү жана темаларды камтыган, «тарых» адистигинде окуган студенттерге арналган атайын окуу-усулдук, үйрөтүүчү, көнүктүрүүчү окуулук.

Анын негизги мазмуну – коомдук илимдердин системасында этнографиянын ордун аныктоо, бул предметке берилген аныктамалар, изилдөө объектиси, жалпы илимдик жана социалдык маанилери, этнографиялык изилдөөлөрдүн негизги составдуу бөлүктөрү менен таанышуу; этнографиялык мекемелер жана басылмаларга дүйнөлүк (глобалдык) масштабда көз жүгүртүү; аалам элдеринин көп кырдуу жана көп түрдүү этникалык составы, элдерди классификациялоо жана систематизациялоо ыкмалары (географиялык, антропологиялык, лингвистикалык, чарба-маданий ж. б.), ошондой эле этнографиянын терминдери (жалпы илимий, социалдык турмушту, үй-бүлө жана нике мамилелерин, материалдык жана рухий маданиятты ж. б. чагылдырган) жөнүндө түшүнүк берүү болуп саналат. Башкача айтканда, билимдин дал ушул бөтөнчө тармагына алгачкы саякат жасоону максат кылып коёт. Мындан тышкары, бул китепте, дүйнө элдеринин этникалык тарыхы, этнографиялык материалдарды жыйноо ыкмалары, этногенетикалык изилдөөлөр, ааламдын бир катар ири

региондорунда маанилүү саясий роль ойноп келе жаткан учурдагы этникалык процесстер да эске алынган.

Ал эми этнография илиминин методологиялык негиздери, чет өлкөлөр (эволюциялык, маданий-тарыхый, социологиялык, тарыхый, функционалдык, психологиялык, баалуулук теориясы, неоэволюционизм, структуралисттик ж. б. школалар) жана Ата Мекен этнографиясындагы негизги школалар жана багыттар, алардын теориялык негиздери жөнүндө да жалпы түшүнүк берүү көз жаздымында калбады.

Схема, таблица түрүндө берилген тиркемелерде дүйнө элдеринин тилдик (лингвистикалык) классификациясы ж. б. боюнча маалыматтар берилген. Булардын бардыгы, биринчи кезекте, «Этнография» предметинин ар кандай социалдык, экономикалык, саясий жана маданий-тарыхый маселелерин түшүнүп, үйрөнүүгө жардам берет.

Окуу китебинин негизги м а к с а т ы жана м и л д е т т е р и:

- ❖ Студенттерге «Этнография» боюнча негизги идеяларды, түшүнүктөрдү жана билим минимумун жеткирип, аларды калыптандыруу;
- ❖ Студенттердин тарыхый-этнологиялык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү;
- ❖ «Этнография» предметине болгон кызыгууну арттыруу;
- ❖ Алынган билимди бышыктоо жана системага салуу;

❖ Студенттердин хронология, фактылар менен иштөө жөндөмүн өнүктүрүп, ар бир суроого тез жана так жооп табууну үйрөтүү[1];

Бул окуу китебинин сөңгөгүн Р.Ф.Итстин Ленинград (азыркы Санкт-Петербург) университетинин тарых факультетиндеги этнография жана антропология кафедрасында окулган лекциялардын курсу, ошондой эле жаңы жарык көргөн окуу китептери, маалыматтама-сөздүктөр[2] түздү.

## «Этнография негиздери»
## (Мамстандарттан көчүрмө)

Этнография предмети жана анын милдеттери. Этнографиядагы методдор. Коомдук илимдер системасындагы этнографиянын орду.

Талаа-этнографиялык изилдөөлөр жана анын методдору.

Этникалык жалпылыктардын типтери – об¿ина, урук, уруу, эл, улут.

---

[1] Бул максатта атайын даярдалган окуу-усулдук колдонмону пайдаланып, студенттер өз билимин, өздөштүрүү деңгээлин текшерип алса болот: Сулайманов Э., Акматалиев А. Этнология (окуу-усулдук көрсөтмөлөр жана тесттик сынак-суроолор). – Жалал-*Абад*, 2009.

[2] Итс Р.Ф. Введение в этнографию: Учебное пособие. – Л.: Изд-во Ленинградского университета, 1991; Садохин А.П. Этнология: Учебник. – М.: Гардарики, 2000; Весь мир: расы, народы нации и народности. – Мн.: Харвест; - М.: ООО «Изд-во АСТ», 2000; Токарев С.А. История зарубежной этнографии: Учеб. пособие. – М.: Высш. школа, 1978.

Этнографиялык булактар, анын тарыхнаамеси. Этнографиялык мекемелер жана басылмалар.

Дүйнө элдерин классификациялоо: географиялык, антропологиялык, лингвистикалык, тарыхый-чарба классификациялары. Чарба-маданият типтери.

Этностор жана этникалык процесстер. Этнос теориясы жана анын эволюциясы.

Дүйнө элдеринин географиялык бөлүнүшү: Америка, Австралия жана Океания, Индонезия, Азия, Европа, Африка ж. б. элдери.

## 1.0. Этнография жана анын коомдук илимдер системасындагы орду;
## 1.1. Илимдин аныктамалары

Бул илимий дисциплинаны туюнткан терминдердин арасында грек сөзүнөн алынган «графос» (жазуу) деген терминдин болушу жана анын грекче «логос» (окуу, түшүнүк) сөзү менен туюнтулган, башкача айтканда, теориялык дисциплиналардан айырмаланып турушу, аны кандайдыр бир деңгээлде жазма, сүрөттөмө илим экен деген тыянакка алып келиши мүмкүн. «Графос» жана «логос» терминдеринин ортосуна кескин айырмачылык койгон мындай түшүнүк илимдин өнүгүүсүнүн учурдагы деңгээлине туура келе бербейт.

Илимдердин кээ бир тармактары жаңы пайда болуп, алар өз алдынча билим катары өнүгө баштап, эмпирикалык материалдарды жыйноо мезгили бир кыйла убакытты

алып, ал материалдарды жалпылоо, теориялык тыянактарды чыгаруу учуру улам кийинкиге калтырылып келген мезгилдерде илимдин бул тармагына «этнография» деген аталыштын берилиши туура эле болгон.

Ошону менен эле бирге кээ бир изилдөөчүлөр тарабынан сунуш кылынган «*этнография*» деген аталышты «*этнология*» менен алмаштыруу жөнүндөгү пикир, же болбосом этнографиянын эле курамында теориялык изилдөөлөр жүргүзгөн тармакты «этнология» деп атоо өзүн-өзү актабайт жана терминологиялык тактыкты жаратпайт. Анткени көптөн бери эле «этнография» деген термин менен жалаң эле «народо (этнос) – описание, (графо)» - «элдерди жазуу» эмес, «народоведение» - «эл таануу» деген түшүнүктү туюнтуп келе жатышат. Мунун өзү практикалык жактан «этнология» деген терминдин орусча котормосу болуп саналат. Ошондой болсо да, 1973-жылдан бери Эл аралык конгресстердин аталышында да «этнографиялык» деген сөздүн ордуна «этнологиялык» деген термин колдонулуп келе жатат. Бирок терминдердин мааниси баштагыдай эле калды.

Этнография билимдин өз алдынча тармагы катары мындан бир жарым кылымдан ашуун мурда (1845-ж.)[3] пайда болгон. Ошол мезгилден бери, эгер адамзат коомунун жазма булактар пайда болгондон берки тарыхында эле көптөгөн этнографиялык материалдар топтолуп жыйналганын эске алсак, этнография илиминин өзүнө берилген аныктамалары да такталып, кээде маанилүү өзгөрүүлөргө учураганын байкайбыз. Мындай кырдаал этнографиянын алдына койгон милдеттеринин,

[3] Ошол кезде Россияда Орус география коому (Императорское Русское географическое общество – ИРГО или РГО) негизделип, анын курамында этнография бөлүмү да бар эле. Бөлүмдүн биринчи жетекчиси академик К.М.Бэр болгон.

аны чечүү ыкмаларынын же изилдөө объектилеринин так эместигинин натыйжасында келип чыккан деп түшүнбөөбүз керек. Тетирисинче, этнографиялык изилдөөлөрдүн деңгээлинин такай жана прогресс багытында өнүгүп жаткандыгынын бир чагылышы. Мындай абал уникалдуу деле эмес; так илимдер да, табият таануу илимдери да ушул сыяктуу өзгөрүп-өнүгүүнү башынан кечиришүүдө.

Коомдук илимдердин квинтэссенциясын түзүп турган этнографияга 1920-жылдары этнограф Л.Я.Штернберг тарабынан берилген бир кыйла өзгөчө аныктаманы эске албаганыбызда, азыркы учурдагы адабияттарда ага берилген аныктамалардын эки тиби катталган. Алар: А) *энциклопедиялык* (энциклопедиялык басылмалардан орун алган) жана Б) *методикалык* (жалпылаштыруучу илимий эмгектерде жана окуу китептеринде берилген) аныктамалар.

Алгачкы энциклопедиялык басылмаларда этнографияга окумуштуу С.П.Толстов тарабынан берилген аныктама киргизилген. «*Этнография – бул ааламдагы ар түрдүү элдердин маданий жана турмуш- тиричилик өзгөчөлүктөрүн тикеден-тике байкоо жүргүзүү жолу менен изилдеп үйрөнгөн, ошол өзгөчөлүктөрдүн өнүгүшүн жана тарыхый шартка жараша өзгөрүлүшүн, элдердин келип чыгуу маселелерин (этногенез), жайгашуусун (этникалык география) жана элдердин маданий-тарыхый өз-ара карым-катнаштарын изилдеген тарых илими*»[4].

«Чоң Советтик энциклопедиянын» (ЧСЭ) 1957-жылдагы экинчи басылышында М.Г.Левин бул илим жөнүндө төмөндөгүдөй жазат: «*Этнография – ааламдагы ар түрдүү элдердин маданий, турмуш–тиричилик*

[4] Большая советская энциклопедия (БСЭ, кыргызча - ЧСЭ). – М ., 1939, т. 48, с. 205.

*өзгөчөлүктөрүн тарыхый өнүгүү кырдаалында изилдеген тарых илиминин бир бөлүгү. Ал элдердин келип чыгуу маселелерин, алардын бири-бири менен болгон маданий-тарыхый карым-катнаштарын изилдеп, элдердин жайгашуу тарыхын, бир жерден экинчи жерге көчүп, жер которуштуруу тарыхын тактоочу илим*».[5]

Көрүнүп тургандай, бул аныктама С.П.Толстовдун аныктамасынан анча деле айырмаланбайт.

«Советтик тарых энциклопедиясында» Ю.В.Бромлей жана С.А.Токарев этнография илимине так аныктама берүүдөн оолактанышып, анын изилдөө обўектисине, предметине жана иликтөө ыкмаларына токтолушкан. «*Этнография... – коомдук илим. Анын негизги изилдөө обўектиси элдер (этностор) жана этникалык (этнографиялык) жалпылыктардын дагы башка типтери. Этнография ар түрдүү элдердин (этникалык жалпылыктардын) арасындагы турмуш-тиричилик окшоштуктарын жана айырмачылыктарын, элдердин түптөлүп келип чыгуусун (этногенез) жана жайгашуусун, ошондой эле алардын бири-бири менен болгон маданий–тарыхый карым-катнаштарын изилдейт.*

Этнографиянын негизги предмети – бул элдердин күндөлүк турмуш-тиричилигиндеги мүнөздүү, салттык өзгөчөлүктөр. Дал ошол белгилер, жалпысынан алганда (тили да кошо) алардын өзгөчө (спецификалык) этникалык облигин түзүп турат.

Элдердин ушул таптагы турмуш-тиричилигине тикедентике байкоо жүргүзүү жолу менен жыйналган материалдар негизги булак катары пайдаланылат. Мурунку кездерде топтолгон материалдарды азыркылар менен айкалыштыра

---

[5] БСЭ, - М., 1957; Советская этнография, № 1, 1946, с.3.

салыштырып, этнограф ошол элдин же элдердин тобунун турмуш-тиричилигинин жана маданиятынын тарыхый кырдаалда өнүгүүсүн чагылдырат.

Этнографияга өзүнүн предметин жана объектисин комплекстүү, ар тараптан изилдөө мүнөздүү. Андыктан ал өзү менен тыгыз байланышта болгон бир катар гуманитардык жана табият таануу илимдеринин изилдөө маалыматтарына таяна алат.

Этнография алдына бир кыйла татаал, ар жактуу маселелерди коёт жана аларды чече алат. Алардын арасында тек гана таанып билүүчүлүгү да, жана бир кыйла татаал практикалыгы, турмушта колдонулуучусу да бар. Алардын айрымдары элдердин мурунку турмушуна тиешелүү болсо, дагы башкалары – бүгүнкү күнгө тиешелүү»[6].

Көрүнүп тургандай, Ю.В.Бромлей менен С.А.Токарев этнографияга мүнөздөмө берүүсүн улантуу менен, этнография чече ала турган негизги проблемаларга кеңирирээк токтолушкан. Бул аныктама С.П.Толстов берген аныктаманын кеңейтилен түшүндүрмөсү десек да болот. Жогорудагыдай ийне-жибине чейин мүнөздөмө берүүдөн оолактанып, С.А.Токарев өзү редакциялаган окуу китебинде этнографияга бир кыйла жалпыланган, бирок методикалык жактан жөнөкөй жана так аныктама берген. «*Этнография – бул элдердин турмуш-тиричилигин жана маданиятын изилдеп үйрөнгөн тарых илими*»[7].

[6] Советская историческая энциклопедия. М., 1976, т. 16, с. 642.
[7] Основы этнографии. /Под ред. С.А.Токарева. – М., 1968, с. 5.

Ал эми Ю.В.Бромлей[8] болсо өзүнүн «Этнос и этнография» аттуу жалпылоочу илимий эмгегинде этнографияга «этникалык жалпылыктар жөнүндөгү илим» катары мүнөздөмө берет. «*Этностор болсо бири-биринен айырмаланып турган динамикалык система болгондуктан, этнография, биринчи кезекте, элдердин ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды, ошондой эле, алардагы мүнөздүү белгилердин мезгилдин өтүшү менен өзгөрүлүшүн, б. а. этникалык процесстерди изилдейт*»[9].

Бир кыйла убакыт өткөн соң, Ю.В.Бромлей менен С.А.Токарев ЧСЭнин кезектеги басылышына этнографияга бир аз кыска аныктама беришкен. «*Этнография – бул элдердин (этностордун) жана башка этникалык жалпылыктардын келип чыгышын (этногенез), турмуш-тиричилигин, маданий-тарыхый байланыштарын изилдеп үйрөнгөн коомдук илим. Этнографиянын негизги предмети – бул элдердин этникалык облигин түзүп турган, ошолордун салттык, күндөлүк турмуш-тиричилик маданияты болуп эсептелет*»[10].

Ал эми Советтик энциклопедиялык сөздүктө этнографияга төмөнкүдөй аныктама берилген. «*Этнография, этнология, эл таануу – бул дүйнө элдеринин турмуш-тиричилик жана маданий өзгөчөлүктөрүн, алардын келип чыгуу (этногенез), жайгашуу (этногеография) жана маданий-тарыхый карым-катнашын изилдеген илим*» [11].

---

[8] Бромлей, Юлиан Владимирович (1921-ж. т.) – тарыхчы, этнограф. 1976-жылдан СССР ИАнын академиги, 1965-1989-жылдары Н.Н.Миклухо-Маклай атындагы этнография институтунун директору, «этнос» теориясынын негиздөөчүлөрүнүн бири жана белсемдүү изилдөөчүсү.

[9] Бромлей Ю.В. Этнос и этнография. М., 1973, с. 264.

[10] БСЭ. 3-е изд. М., 1968, т. 30, с. 302.

[11] Советский энциклопедический словарь. – М., 1981, с. 1574.

Жогоруда берилген аныктамаларды астейдил талдап чыгып, Р.Ф.Итс өзүнүн окуу китебине төмөндөгүдөй аныктама берип жыйынтыктаган. «*Этнография – бул элдердин келип чыгышын жана этникалык тарыхын, дүйнөлүк цивилизациянын составдуу бөлүгү болуп эсептелген элдердин маданиятынын жана турмуш-тиричилигинин спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн калыптанышын изилдеп окуп-үйрөнгөн тарых илими*»[12].

☯ ☯
☯

## 1.2. Этнографиянын изилдөө объектиси жана методологиялык негиздери

Этнографияга илим катары түшүнүк берип жатып Ю.В.Бромлей жана С.А.Токаревдер этнографиялык изилдөөлөрдүн негизги обўектиси катары «*этносторду*» көрсөтүшкөн. Бул термин, көпчүлүк учурларда, «эл» деген сөздүн синоними катары колдонулуп жүрөт.

Байыркы грек «этнос» термини этимологиялык жактан «эл», «уруу», «кодолошкон адамдар» («толпа»), «бир топ адам», «элдердин тобу» ж. б. у. с. маанилерди берген. Ю.К.Поплинскийдин байкоосу боюнча байыркы гректер өзүлөрүн башка элдерден (грек эместерден) айырмалаш үчүн аларды жалпысынан эле «этнос» деп аташкан. Мындай түшүнүктө грек эместердин реалдуу маданий–

[12] Итс Р.Ф. Введение в этнографию. – Л., 1991, с. 8.

турмуштук айырмачылыктары, алардын бөтөн экендиги чагылдырылган.

«Этнос» терминининин орус тилиндеги эквиваленти катары «эл» («народ») деген сөз колдонулуп жүрөт. Россияда жашаган башка элдерди орустардан айырмалоо үчүн аларды «инородцы» (теги башкалар), «инородческие народы» (теги башка элдер) деп да аташкан. Эми болсо, «этнос» термини күндөлүк колдонуудан калып, түздөн–түз илимий терминге айланып, ал эми «эл» («народ») терминининин мааниси баштапкыдан да кеңейип, белгилүү социалдык–саясий да мааниге ээ болуп калган кезде, бул эки терминдин, эки түшүнүктүн ортосунда түздөн–түз дал келүүчүлүк да жокко чыкты.

Этнос деген түшүнүктүн азыркы кездеги, көпчүлүк тарабынан таанылган, аныктамасы *келип чыгыш теги жагынан бир байланышта болуп, маданий жана тилдик жалпылыкка ээ болгон элдердин тобу* туюнтулат, жана бул түшүнүк С.М.Широкогоров берген аныктамадан келип чыгат. «*Этнос – бир тилде сүйлөп, өзүлөрүнүн бир тектен келип чыкканын таанып, салт катары сактап жана ыйык тутуп келе жаткан каада-салт, үрп-адат, жашоо мүнөзүнүн комплексине ээ болуп, ушул белгилери боюнча өзүлөрүн башка элдерден айырмалап турган элдин тобу*»[13].

Этнографиянын негизги объектиси - этноско болгон кызыгуу советтик илимде 1960-жылдардын аягында пайда болуп, ал курч илимий талкууну (дискуссия) туудурду. Бул көрүнүштүн маани-маңызын, ошондой эле этногенездин жана анын этаптарынын илимий маанисин камтыган дискуссияга чекит коюла элек.

---

[13] Широкогоров С.М. Этнос. – Шанхай, 1923. с. 13.

Бир жагынан этносту белгилүү социалдык-тарыхый система[14] катары кароо керек болсо, экинчи жагынан, этнос – «Homo sapiens"тин жашоо формасы, б. а. жаратылыштын кубулушу (Л.Н.Гумилев).

Этностун маңызын түшүнүү - оппоненттердин этногенез жөнүндө жана ага жаратылыш-чөйрөнүн (ландшафт), этникалык контакттардын ж. б. тийгизген таасири тууралуу көз караштарына да байланыштуу. Дискуссиянын анчейин байкалбаган нюансына кеңири токтолбостон Л.Н.Гумилевдун теориясынын экологиялык аспектилеринин позитивдик маанисин, анын жаратылыш таануучулук кредосун белгилеп кетишибиз керек. Ошону менен бирге, этноско социалдык–тарыхый маңыз берүү менен анын өнүгүү перспективасына, эң төмөнкү баскычтан жогорку баскычка карай өзгөрүү структурасына көз жүгүртүп биле алабыз.

Этнографиянын негизги объектиси - этноско мүнөздөмө берүү менен бирге, өзүнүн спецификалык маданиятына ээ болуп, өзүнчө этносту түзгөн адамдардын тобун туюнтуу үчүн «этникалык» деген сын атоочтун колдонулушу, азыркы кезде чынында эле туура көрүнүш. Мына ушуга байланыштуу этностун синоними катары «этникалык жалпылык», ал эми мурунку этностун же этникалык жалпылыктын бир бөлүгүн туюнтуу үчүн «этнографиялык топ» деген түшүнүктөр кеңири колдонулууда. «Этникалык жалпылык» жана «этнографиялык топ» да этнос сыяктуу эле этнографиялык изилдөөлөрдүн негизги обңектиси болуп саналат. Азыркы учурда «этникалык» деген термин (сын атооч) этноско байланыштуу спецификалык түзүлүштөрдү же этнос аркылуу аныкталуучу көрүнүштөрдү изилдөөчү бир катар илимий

[14] Бул көз карашта көпчүлүк этнографиялык школанын өкүлдөрү турушат.

дициплиналардын тармактарын атоо үчүн (м.; «Этникалык антропология», «Этникалык статистика жана картография», «Этникалык тарых», «Этникалык география», «Этникалык лингвистика» ж. б. у. с.) кеңири колдонулууда.

*Этнография – тарых илими*. Андыктан ал этносторду тарыхый өнүгүү кырдаалында, адамзат тарыхынын бардык мезгилдеринде жана глобалдык көп түрдүүлүгүндө, өткөн мезгилдердегисин жана азыркы өнүгүүсүн изилдейт. Демек, этнографиянын хронологиялык чеги нукура тарых илиминин хронологиялык рамкасына салыштырганда бир кыйла кеңири. Тарых илиминин негизги булагы жазма документ, тарыхый эстелик болуп эсептелгендиктен, ал жазмасы бар элдердин гана тарыхын изилдей алат. Этнография болсо адамзат тарыхынын жазуу пайда болгонго чейинки мезгилин камтуу менен, өз жазуусу болбогон элдерди (этносторду) да изилдөөгө кудурети жетет.

Тарых илими сыяктуу эле этнографиянын да *методологиялык негизи болуп тарыхты жана тарыхый көрүнүштөрдү материалисттик түшүнүү эсептелет*. Анын негизинде өндүрүш жана анын өнүгүү процессинде пайда болгон өндүрүштүк мамилелер турат. XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдагы этнографтардын туура методологиялык ыкманы тандап алуусу, этнографияда эң кыйын, эң татаал, ошол эле мезгилде перспективалуу маселелерди ийгиликтүү чечүүгө жардам берди. Бул маселелердин эң негизгилери - элдердин келип чыгышы, алардын этникалык тарыхы жана азыркы учурдагы ааламдагы этникалык процесстер.

Акыркы учурларда кээ бир чет өлкөлөрдүн жана Азия, Африка, Латын Америкасындагы өнүгүп бара жаткан мамлекеттердин бир катар этнографтары тарыхты

материалисттик түшүнүү таасири астында турушат. Ошону менен эле бирге чет өлкөлөр этнографиясынын методологиясында эволюционисттик, функционалдык жана психорасисттик багыттардагы ар түрдүү идеалисттик концепциялар өз позициясын белгилүү бир деңгээлде сактап келүүдө.

Чет өлкөлөр этнографиясында көпчүлүк учурда этнографияны ич ара бөлүүлөр орун алып келүүдө: *сүрөттөп жазма (нукура этнография) жана теориялык этнография (же этнология); же болбосо өз элин (этносун) изилдеген этнография жана башка элдерди изилдеген этнография*. Маселен, немец тилдүү өлкөлөрдө “Volkskunde» термини өз элин изилдөөнү түшүндүрсө, “V¼lkerkunde» - чет элдерди, негизинен мурунку колониалдык элдерди изилдөөнү туюндурат.

Батыш Европа жана Америка (Англия, Франция, АКШ, Канада ж. б.) өлкөлөрү үчүн этнографияны адам жөнүндөгү илимдердин жалпы системасына – антропологияга кошуп кароо мүнөздүү. Антропология, өз кезегинде, адам пайда болгонго чейинки тарых, физикалык антропология, социалдык антропология, этнология, фольклор, лингвистика жана археология сыяктуу тармактарды өз ичине камтыйт. Аталган өлкөлөрдө биздин кадимки «этнография» деген түшүнүгүбүзгө «этнология» жана «социалдык антропология» деген эки бөлөк дисциплина туура келет.

☯ ☯
☯

## 1.3. Этнографиянын жалпы илимдик жана социалдык маанилери

Этнография өз алдынча илимий дисциплина катары Россияда жана башка өлкөлөрдө география илиминин базасында негизделген болсо, Англия сыяктуу Батыш Европа өлкөлөрүндө адам жөнүндөгү илим катары пайда болду. Ошого карабастан этнографиялык маалыматтар бул дисциплина XIX кылымдын орто ченинде өз алдынча билимдин тармагы катары бөлүнүп чыкканга чейин эле тарыхтык изилдөөлөрдө кеңири колдонулуп келген. Мындай акыбал этнографияны географиянын же биологиянын, же болбосом тарыхтын курамындагы көмөкчү дисциплина катары кароого шылтоо болуп келген. Тилекке каршы мындай көз караштардан азырга чейин арыла элекпиз.

Эгерде мурун мындай акыбал илимдердин ортосундагы дифференциациянын так эместиги менен түшүндүрүлүп келген болсо, азыркы кезде бул илимий түркөйлүктүн жана билимсиздиктин натыйжасы.

*Этнографиянын жалпы илимдик жана социалдык маанилерин* аныктоо максатында анын өзүнө гана таандык ыкмаларды пайдалануу менен өзү чечип келген жана чече ала турган маселелерди карап көрөйлүк.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, этнография – тарых илими. Ал эми анын изилдөө объектиси – этнос. Этнос болсо адамзат тарыхынын эң башатында пайда болгон.

Адамзат коомунун тарыхындагы алгачкы адамдардын үйүр, топ (первобытное стадо) болуп жашаган мезгилин тарыхый изилдөөнүн чегинен сыртта калтырып, иликтөөнү алгачкы обїиналык (уруулук же таптык коомго чейинки) мезгилден баштаганыбызда, б. а. белгилүү бир деңгээлде этностук белгилери бар элдердин тобу түзүлө баштаган мезгилди камтыганыбызда деле, этнография илиминин изилдөө мезгили жана чөйрөсү нукура тарыхка караганда бир кыйла кеңири экендиги, адамзат коому башынан кечирген этникалык жана социалдык өзгөрүүлөрдү сүрөттөп бере ала тургандыгы айкын көрүнүп турат.

Азыркы илимдин негизги максаты жана милдети – ааламда жашаган элдердин алгачкы тарыхын тастыктап изилдеп берүү. Мына ушундай кылдат, көп күчтү талап кылган эмгекте тарыхчынын негизги жардамчысы жана таянычы - жазма булак. Ал эми жазуу пайда болгонго чейинки тарыхты, же болбосом өз жазуусу болбогон элдердин тарыхын кантип изилдесе болот?

Ааламда жашаган көпчүлүк элдердин өз жазмасы болгон эмес. Мына ошондуктан алардын тарыхын нукура тарых илимине мүнөздүү ыкмалар менен изилдөө мүмкүн эмес. Адамзаттын таптык коом жана жазма пайда болгонго чейинки эң узак доорду камтыган мезгилинин тарыхын да тарых илими үчүн көнүмүш ыкмалар менен изилдөө ойдогудай натыйжа бербейт.

Салттык тарых илими, тилекке каршы, бүгүнкү күндө да аргасыздан биз атаган доорду, жазмасы жок элдерди тарыхый жактан изилдөөдөн четте калып келе жатат. Мындай позицияда, өткөн кылымдарга мүнөздүү болуп келгендей, элдерди «өз жазма тарыхы бар элдер» (тарыхый элдер) жана «өз жазма тарыхы жок элдер» (б. а. тарыхый эмес элдер) деп бөлүүгө шылтоо-себептер табылып, мындай бөлүүлөр кайра жаралып, кайра

жандануу мүмкүнчүлүгү туулууда. Тарыхый эмес элдердин катарына, адатта, өз жазмасы жок элдердин бардыгы, ал эми колониалдык империялардын гүлдөп өскөн мезгилинде болсо – Европа маданиятынын алкагынан сыртта турган элдердин бардыгы киргизилген.

Жогоруда айтылгандарды эске алганыбызда, *элдердин тарыхы жалгыз гана жазма булактарда болбостон, ал, ошол элдердин үрп-адат жана каада-салттарында, диний ишеним жана дүйнөгө болгон көз караштарында, эмгек куралдарында, тамак-аш, кийим–кече, турак–жай, күмбөздөрдөн жана байыркы тургун жайлардан табылган байыркы эстеликтеринде, легенда жана башка элдик оозеки чыгармаларында да болот*. Айтор, ошол этнос тарабынан түзүлүп калыптанган маданияттын бүтүндөй бир комплексинде сакталышы мүмкүн. Накта ошол өз маданиятынын комплекси менен ал башка элдерден, башка этностордон өзүн айырмалап, өзүн өзгөчөлөнтүп турат эмеспи.

Мына ушул белгилери боюнча элдердин башынан кечирген узак тарыхын этнографияга гана мүнөздүү ыкмалар менен изилдеп тактаса болот.

Адамзаты пайда болгондон баштап ал басып өткөн жол миллиондогон жылдарды ичине камтыйт. Ал эми таптык коом болгону мындан 7 миң жылдай мурун пайда болгон, б. а. ал тарыхтын кыска гана бир мезгили, бир доору. Демек, адамзаттын жалпы дүйнөлүк тарыхын тастыктап изилдөөдө, аны окуп үйрөнүүдө этнографияга көмөкчү илим катары маани бербестен, ага өзгөчө, өз алдынча илим катары баа берүү керек. Адамзаты басып өткөн аябагандай учу-кыйырсыз мезгилди, б. а. таптык коом пайда болгонго чейинки мезгилди изилдеп окуп үйрөнүүдө этнографиянын ролу эбегейсиз зор. Мына ошондуктан азыркы кездеги окумуштуулар чөйрөсүндө ошол эң байыркы мезгилдин

этникалык жана социалдык тарыхы эң кызуу илимий талкуунун (дискуссия) кучагында.

Этнографиянын жана ага канатташ башка илимдердин маалыматтарына таянуу менен тарыхчылар тап пайда болгонго чейинки эң байыркы доордун тарыхына өзгөчө маани беришкен. Анткени адамзат үчүн түбөлүк мүнөздүү деп эсептелип келген таптык-антагонисттик мамлекеттер, жеке менчик жана моногамиялык үй-бүлө эң байыркы мезгилдерде болгон эмес турбайбы. Антагонисттик таптардын да, жеке менчиктин да, моногамиялык үй-бүлөнүн да, коомго карама-каршы коюлуп келген социалдык–экономикалык (уя) ячейка катары адамзат тарыхынын бардык баскычтарында адам коомун коштоп жүрбөгөнү, азыркы кездеги этнографиянын эң жаңы далилдери менен бекемделүүдө. Демек, тарыхый өнүгүү процесси тапсыз коомдун түзүлүшүнө алып келиши мүмкүн жана ал боло турган нерсе.

Мына ошентип, тарых илимдеринин жалпы системасында этнография илимине, анын жалпы илимдик ролун чектебей туруп эле, өз алдынча, дүйнө таанып билүүчүлүк (мировоззренческая), методологиялык илим катары маани берүүбүз керек.

Этносторду ийне-жибине чейин териштире, ар тараптуу, кылдат изилдеп, этникалык жана социалдык тарыхтын байланыштуулугун баса көрсөтүп, маданияттын бардык сфераларында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кароо менен айрым алынган элдердин же өлкөлөрдүн тарыхый, археологиялык, экономика-географиялык изилдөөлөрүндө этнография ошол элдин же өлкөнүн улуттук-маданий спецификасын мүнөздөө үчүн эң маанилүү, эң баалуу материал бериши мүмкүн жана бере алат. Бул кырдаалда башка илимдердин өкүлдөрү этнографиялык маалыматтарды өз илимине кошумча, көмөкчү маалымат

катары пайдаланышат. Ал материалдар тигил же бул тарыхый–археологиялык, экономика-географиялык же башка жоболорду ачып бергенге жардам берет.

Мына ошентип, этнография кээде өзүнүн салттык маанисинде тарыхка көмөкчү (вспомогательно-историческая) дисциплина катары да кызмат кылат. Бирок бул анын бөтөнчөлүгү же өзгөчөлүгү эмес. Анткени биз эске алып кеткен илимдердин бардыгы эле биргелешип изилдөө жүргүзүү учурлары өөрчүгөн мезгилде, ошол илим, башка илимге карата көмөкчү же жардамчы ролдо болуп калышы ыктымал. Айта кетчү дагы бир маселе, жер шарынын ар кайсыл континенттеринде азыркы учурда болуп жаткан саясий маселелердин чиеленишкен түйүндөрүн чечкенге да этнография өз салымын кошот. Алардын катарына өзүнүн өзгөчө татаалдыгы, курчтугу менен айырмаланган улуттар аралык мамилелер жана этностордун өз–ара карым-катнаштары ж. б. кирет.

Этнографтардын элдердин этникалык тарыхын, маданий интеграциянын жана ассимиляциянын закон ченемдүүлүктөрүн, этникалык аймак менен мамлекеттик аймактын (чек ара) дал келүү же дал келбөө маселелерин обўективдүү билиши жана туура маалымат бериши, ааламдагы прогрессивдүү күчтөрдү расизмге, шовинизмге жана улутчулдукка каршы күрөшүүгө жакшы өбөлгө түзөт. Совет бийлиги орногон биринчи күндөрдөн баштап эле Ата Мекен этнографтары улут саясатын иш жүзүнө ашырууга активдүү киришишкен жана бул жумушка биринчи катарларда катышышкан. Азыркы кезде да учурдагы этникалык процесстерди, турмуш-тиричилик жана маданият чөйрөсүндөгү жаңы көрүнүштөрдү этнографиялык изилдөө өзүнүн актуалдуулугу менен өзгөчөлөнөт. Демек, эгер этнографияны анын жалпы

илимдик жана социалдык маанилерине карата карай турган болсок бул:

*Биринчиден* – адамзат тарыхынын жана айрым алынган, өзгөчө, өз жазмасы жок элдердин тарыхынын эң маанилүү методологиялык маселелерин өз алдынча чече ала турган, дүйнөгө көз караш калыптоочу илим;

*Экинчиден* - адам жана анын коому жөнүндө илимдин башка тармактарына, өзгөчө, этникалык спецификалык материал бере ала турган көмөкчү (вспомогательная) дисциплина;

*Үчүнчүдөн* - адамзаттын прогрессивдүү күчтөрүн расизмге, шовинизмге жана улутчулдукка каршы күрөш үчүн куралдандыруучу билимдин саясий актуалдуу тармагы.

Алгачкы мезгилдерде этнографияны жөн гана сүрөттөп жазма (описательная) илим катары кабыл алышкан жана түшүнүшкөн. Ал элдердин ортосундагы, өзгөчө европалык эмес элдерди европа элдеринен айырмалап турган маданий, турмуш-тиричилик жана социалдык өзгөчөлүктөрдү ачып берүүгө тийиш болгон. Мына ушунун өзү, этнография, биринчи кезекте, артта калган элдерди гана изилдейт жана окуп үйрөнөт деген көз караштын жана түшүнүктүн калыптанышына алып келген. Мындай түшүнүктүн өзүндө европоцентризм принциби илешип жүргөнү жана ал кээде расисттик концепцияларды жактап, европа ак расасынын башка элдерге караганда жогору тургандыгын, алардын цивилизатордук ролу маанилүү экендигин ырастап, ал гана эмес, колониализм саясатын актоого аракеттенгени көрүнүп турат. Ошону менен эле бирге этнографиянын жазмасы жок элдердин өткөндөгү тарыхын калыптап тактоо, адамзат тарыхынын алгачкы мезгилдерине ретроспективалык анализ берүү максатында элдердин

маданий жана социалдык турмушунда орун албай калган же жок болуп бара жаткан көрүнүштөрүнө өзгөчө маани берип изилдеши, бул илим - эски үрп-адаттар, эскинин калдыгы жөнүндөгү илим сыяктуу көз караштардын сакталышына түрткү берип, анын натыйжасы катары этнографиянын келечеги жок дегендей тыянакка алып келет. Алардын оюу боюнча, келечекте бардык эски үрп-адаттар жоголуп, бардык этностор маданий өнүгүүсү жагынан теңдешип, өнүгүүнүн бирдей баскычына көтөрүлөт.

Буга окшогон көз караштардын жана түшүнүктөрдүн чындыктан алыс экендиги айдан ачык. Этнографиянын эски үрп-адаттарга жана өнүккөн элдердин салттык турмуш-тиричилигине (өзгөчө айыл жерлериндеги) кызыгып изилдеши - бул этнографиянын негизги объектиси болуп эсептелген этносту изилдөөнүн бир гана бөлүгү, бир гана аспектиси.

Азыркы учурда гана эмес, жакынкы келечекте деле, мейли ааламда кандай гана укмуштуудай таң каларлык, социалдык жана илимий-техникалык өзгөрүүлөр болбосун, этностор жашоосун уланта берет, демек бир элди башка бир элден айырмалаган өзгөчөлүктөр сакталып кала берет. Андыктан интеграцияга болгон прогрессивдүү тенденция ишке ашып, анын натыйжасы катары бир аз өзгөрүлгөн мүнөздө болсо да элдерди изилдөө зарылчылыгы б. а. этнография илиминин керектиги сакталып кала берет.

☯ ☯

☯

## 1.4. Этнографиялык изилдөөлөрдүн негизги составдуу бөлүктөрү

Этнографиялык изилдөөлөр төмөндөгү составдуу бөлүктөрдөн тураарын айта кетүүбүз керек: *этногенез жана этникалык тарых; негизги чарбасынын түрү жана социалдык түзүлүшү; материалдык жана рухий маданияты; үй-бүлө жана үй-бүлө – нике мамилелери; учурдагы этникалык процесстер ж. б.*

*Этногенез жана этникалык тарыхты* изилдөө этностун келип чыгыш маселелерин, этникалык жалпылыктардын өзгөрүүлөрүн, этностор аралык мамилелердин өнүгүшүн жана анын жыйынтыктарын талдап чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

*Этностун негизги чарбасын жана анын социалдык түзүлүшүн* изилдөө аркылуу, этностун өндүрүшүн жана анын негизинде келип чыгуучу өндүрүштүк мамилелердин өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле ар түрдүү коомдук структуралардын мүнөзүн билүүгө болот.

*Материалдык маданияттын* курамына салттуу түрдө эмгек куралдары, тамак-аш, турак-жайлар, кийим-кече жана кооздук-асем буюмдар, транспорт жана байланыш каражаттары ж. б. кирет. Булардын бардыгы, бир жагынан этностун этникалык спецификалык өзгөчөлүгүн ачып көрсөтсө, экинчи жагынан, өндүрүштүн окшоштугуна жана географиялык чөйрөнүн шартына байланышкан жалпы окшоштуктарды айгинелеп бере алат.

*Рухий маданияттын* чөйрөсүнө адамды курчап турган жаратылыш жана коом жөнүндөгү элдик билимдер, каада–салт жана үрп–адаттар, элдик чыгармачылык жана

ар түрдүү ишенимдер кирет. Буларды изилдөөнүн өзү ар бир конкреттүү этностун өзү жараткан рухий маданиятын, ошолор аркылуу башка этностордон өзгөчөлөнүп турган айырмачылыктарды тактоо үчүн баалуу материал берет. Мындан тышкары, тарыхтын ар кайсыл доорлорунда болгон этникалык карым-катнаштарды, маданияттын өз-ара баюу жолдорун жана анын натыйжасын ачып көрсөтсө болот.

Этнографиянын составдуу бөлүктөрүн изилдөө ар бир этностун тилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо аркылуу, жана ошонун фонунда жүргүзүлөт. Анткени тил - бул этностун курамын түзүп турган адамдардын байланыш каражаты гана эмес, ал этникалык маданияттын да маанилүү бөлүгү.

Жогоруда көрсөтүлгөн составдык бөлүктөрдүн көпчүлүгү өндүрүштүн түрлөрүнүн бири - болгондо да жашоо, күн көрүү каражаттарын өндүрүү менен байланыштуу.

Ал эми *үй–бүлө жана үй-бүлө - нике мамилелерин* камтыган маселелер, өз кезегинде, өндүрүштүн башка түрү - адамды жаратуу, б. а. өзү сыяктууларды өндүрүү менен байланыштуу. Жалпы тарыхтын бардык мезгилдеринде адамдардын өндүрүш ишмердүүлүгү өндүрүштүн эки түрү менен тең байланыштуу болгондугу айдан ачык.

Өндүрүштүн экинчи түрүн чагылдырган үй-бүлө жана үй–бүлө – нике мамилелери да өндүрүштүн биринчи түрүнө көз каранды болбой коё албайт. Ошол эле учурда, социалдык тарыхтын ар кандай мезгилдеринде өндүрүштүн бул түрлөрү салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ болгондугу да калетсиз. Мына ушуга байланыштуу өндүрүштүн эки түрү тууралуу Ф. Энгельстин тыянагын эске сала кетейли: «Биринчи жагынан – бул тиричилик каражаттарын - тамак-аш, кийим-кече, турак-жай ж. б.

ушуларга керектүү эмгек куралдарын өндүрүү; экинчи жагынан - адамдын өзүн өндүрүү, же тукум улантуу.[15]

Үй-бүлө жана ага байланыштуу үй-бүлө - нике мамилелеринин бир катар типтери илимге белгилүү. Маселен, эгерде моногамиялык үй-бүлөнү алып көрө турган болсок, ал бери эле дегенде үч формациянын (кул ээлөөчүлүк, феодалдык жана капиталисттик) доорунда өкүм сүрүп, коомдун өзгөчө социалдык–экономикалык структурасында өз абалын сактап келди.

Жогоруда көрсөтүлгөн этнографиялык изилдөөлөрдүн негизги составдуу бөлүктөрү жана алар чечкен маселелерден көрүнүп тургандай, өз мекемелери жана басылмалары бар этнография илими ааламдагы элдердин этникалык көп түрдүүлүгүн изилдейт. Ошондой эле, азыркы мезгилдин талабы болуп эсептелген этноэкология маселелерин, б. а. элдердин жаратылыш, чөйрө менен карым-катнашта жашоосун да изилдеп үйрөнөт.

## 2.0. Этнографиялык мекемелер жана басылмалар: Мекемелердин типтери

Этнография өзгөчө илимий дисциплина катары статус алгандан бери бир жарым кылымдан ашык убакыт өттү. Ошондон бери анын өзүнө мүнөздүү, өз алдынча, бай тажырыйбалуу борборлору, б. а. этнографиялык мекемелердин типтери куралып калыптанды. Ал мекемелер *бүткүл дүйнөлүк жана регионалдык деңгээлде илимий изилдөөлөрдүн*

[15] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2-е. изд. т. 21. С. 26.

*багыттарын координациялашат; этнограф кадрларды даярдайт; илимий жана окуу- методикалык эмгектерди басып чыгарат; жер шарындагы ар түрдүү элдердин маданиятын чагылдырган буюмдарды чогултуп, сактап жана изилдөө иштерин жүргүзүшөт*.
Бул мекемелерди жана басылмаларды билүү, албетте, информациясы ашып - ташкан азыркы заманда, ар түркүн этнографиялык маселелерди чечүү үчүн зарыл жана пайдалуу материалдарды оңой жол менен издеп табууга жардамы тиет.

*Антропология жана этнология(этнография) илимдеринин Эл аралык конгресстери // (Международные конгрессы антропологических и этнологических (этнографических) наук (МКАЭН)*

| Катар № | Өткөрүл-гөн жылы | Өткөрүлгөн жери |
|---|---|---|
| I | 1934 | Лондон (Улуу Британия) |
| II | 1938 | Копенгаген (Дания) |
| III | 1948 | Брюссель (Бельгия) |
| IV | 1952 | Вена (Австрия) |
| V | 1956 | Филадельфия (АКШ) |
| VI | 1960 | Париж (Франция) |
| VII | 1964 | Москва (СССР, Россия) |
| VIII | 1968 | Токио, Киото (Япония) |
| IX | 1973 | Чикаго (АКШ) |

| | | |
|---|---|---|
| X | 1978 | Дели (Индия) |
| XI | 1983 | Квебек, Ванкувер (Канада) |
| XII | 1988 | Загреб (Хорватия) |
| XIII | 1993 | Мехико (Мексика) |
| XIV | 1998 | Вильямсбург (АКШ) |
| XV | 2003 | Флоренция, Пистоя, Лука (Италия) |
| XVI | 2008 | Куньмин (пров. Юньнань, КЭР) |

Этнография ааламдагы бардык элдерди изилдеп үйрөнөөрү эске алынып, XX кылымдын 30-жылдарында бул илимдин негизги проблематикаларын аныктоо, информация алмашуу жана кызматташтыкты кеңейтүү максатында төрт жылда бир жолу Антропология жана этнография илимдеринин Эл аралык конгрессин уюштуруп өткөрүү белгиленген.

Ошентип, биринчи конгресс 1934-жылы Лондондо, экинчиси - 1938-жылы Копенгагенде уюштурулду. Андан соң экинчи дүйнөлүк согушка байланыштуу он жылдык аргасыз тыныгуу болуп, үчүнчү конгресс 1948–жылы Брюсселде, ал эми төртүнчүсү - 1952–жылы Венада өткөрүлдү. 1956-жылы Филадельфияда өткөрүлгөн бешинчи конгресстен баштап, анын ишине советтик этнографтар да катыша башташтыы[16]. Алтынчы конгресс

[16] Бул конгресске Совет өлкөсүнөн үч окумуштуу (И.И.Потехина, Г.Ф.Дебец жана Д.А.Ольдерогге) катышкан.

1960-жылы Парижде уюштурулуп, ага С.П.Толстов жетектеген 18 советтик окумуштуу катышып келди. 1964–жылы Москвада өткөрүлгөн жетинчи конгресске 50дөн ашык өлкөнүн антрополог, этнограф окумуштуулары катышып, бул форум эң өкүлдүүлүгү, көп сандаган илимий баяндамалардын талкууга алынышы менен тарыхта калды. Анын пленардык жана секциялык жыйындарында 800дөй доклад окулуп, ал материалдар 11 томго бириктирилип, өзүнчө илимий эмгектердин жыйнактары катары жарык көрдү[17]. Сегизинчи конгресс 1968–жылы Япониянын Токио жана Киото шаарларында өткөрүлүп[18], ал жерде мындан ары конгресстерди беш жылда бир жолу уюштуруп өткөрүү чечимине келишкен. Анткени, МКАЭН өткөрүлүүчү жылдарда дагы башка Эл аралык конгресстер, өзгөчө этнограф–адистер такай катышышкан Чыгыш таануучулар конгресси болоорун эске алууга туура келген. Ошентип, кезектеги тогузунчу конгресс 1973-жылы Чикагодо уюштурулду[19]. Юбилейлик онунчу конгресс 1978-жылы Делиде, он биринчиси - 1983-жылы Канадада, он экинчиси - 1988-жылы Загребде, он үчүнчүсү - 1993-жылы Мехикодо, он төртүнчүсү – 1998-жылы АКШнын Вильямсбург шаарында, он бешинчиси – 2003-жылы Италиянын Флоренция, Пистоя, Лука шаарларында, он алтынчысы – Кытайдын Юньнань провинциясындагы Куньмин шаарында болуп өттү.

---

[17] Труды VII Международного конгресса антропологических и этнографических наук. Тт. I-XI, - М., 1968-1970.

[18] Бул форумга элүүдөн ашык өлкөнүн бир миңдей чет элдик окумуштуулары катышып, миңден ашык илимий баяндамалар угулуп, талкууланган.

[19] «Адамзаты – бир эле тектүү, алардын маданияттары – миң түркүн» деген девиз менен өткөрүлгөн бул форумга жүздөн ашык өлкөдөн үч миңдей окумуштуу катышкан

Конгресстердин масштабы өтө кеңири. Бул сыяктуу илимий форум уюштурган өлкөнүн жана башка өлкөлөрдөн чакырылган окумуштуу-адистерди кошкондо, ага катышуучулардын саны эки-үч миң адамдан ашып барат. Андыктан, ондогон жылдар бою колдонулуп келген конгресс өткөрүү традицияларына да бир кыйла маанилүү өзгөртүүлөр киргизилүүдө. Мисалга, эгерде алгачкы учурларда илимий баяндамачынын расмий сөз алышы жана докладынын басмадан чыгарылган текстинин болушу зарыл болсо, кийинки убактарда докладдын тезистери гана басылып, баяндаманын убактысы 15-20 минута менен чектелүүдө.

Ал эми Делиде өткөрүлгөн конгресстен баштап (ал жерде Индиянын өзүнөн эле катышуучулардын саны бардык делегаттардын санынын 50% тен ашыгын түзгөн) кээ бир секцияларда баяндама (доклад) жасоого эки гана минута убакыт бөлүнүп, тезистер болсо реплика же теманы атап коюу менен чектелүүдө. Кээ бир өлкөлөрдүн делегациялары, адатта, докладдардын чет тилдерге которулган толук текстерин сунуш кылышат.

МКАЭН эл аралык денгээлде этнография боюнча башкаруу органынын милдетин аткарбаса да, анда каралып, талкууга алынган теориялык жана практикалык мүнөздөгү маселелер, көз караштарды ортого салуу ж. б. ар бир өлкөдө этнографиянын өнүгүшүнө кандайдыр бир деңгээлде таасирин тийгизбей койбойт.

МКАЭНдин ишин *Перманенттик жана Уюштуруу комитеттери* жетектеп алып барат. Перманенттик комитеттин составына бир катар өлкөлөрдүн көрүнүктүү окумуштуулары кирет. Уюштуруу комитети болсо конгресс өткөрүлүүчү өлкө тарабынан түзүлүп, анын курамына негизинен, ошол өлкөнүн белгилүү антропологдору жана этнографтары киргизилет. Уюштуруу комитетинин

төрагасы, өз кезегинде, өткөрүлүүчү конгресстин президенти болуп эсептелет.

МКАЭН өз ишин негизги үч бөлүм (*антропология, этнография жана музеология*) боюнча алып барат. Өз кезегинде аталган ар бир бөлүмдүн ичинде проблемалык же регионалдык секциялар иштейт. Мындан тышкары, конгресстин иштөө мезгилинде Перманенттик комитет тарабынан аныкталып сунуш кылынган кээ бир маанилүү, талаш-тартыш (дискуссиялык) маселелер боюнча атайын симпозиумдар да уюштурулат. Перманенттик комитет конгресстердин аралыгында эки жылда бир чогулуп, илимдеги тиешелүү актуалдуу маселелерди аныктап, конгресске сунуш кылат.

Француз тили - конгресстин негизги тили болуп саналат. Мындан тышкары жумушчу тил катары орус, англис, немец, испан жана португал тилдери колдонулат. Эгерде конгресс өткөргөн өлкөнүн тили эл аралык статуссуз тил болсо, конгресс мезгилинде ал тил да жумушчу тил катары колдонулушу мүмкүн. Акыркы кездерде конгресстин негизги тили катары англис тили кеңири колдонууга ээ болууда.

Адатта, МКАЭН конгрессте окулган докладдардын жана талкуунун негизинде жактырылган эмгектерин басып чыгарып турат; этнография жана антропология илимдеринин өнүгүү маселелери боюнча тийиштүү сунуштарды (рекомендация) берет. 1948-жылы ЮНЕСКОнун[20] көмөгү астында түзүлгөн Антропологдордун жана этнографтардын Эл аралык союзу менен кызматташат. ЮНЕСКО болсо, өз кезегинде,

---

[20] United Nations Educational, Scientific and Cultural Organization. БУУнун билим, илим жана маданият маселелери боюнча эл аралык уюму.

бөтөнчө бир эл аралык маалымат бюллетенин (информационный бюллетень) басып чыгарат. Анда антропологиялык жана этнографиялык изилдөөлөрдүн кечиктирилгис муктаждыктары чагылдырылып, анын максаты - жок болуп бара жаткан же жакынкы учурларда жок боло турган этнографиялык көрүнүштөргө көңүлдү бургузуу жана аны кечиктирбей изилдөөгө алуу болуп эсептелет.

Жогоруда айтылгандардан МКАЭНдин консультациялык–информациялык мүнөздөгү орган экендиги ачык көрүнүп турат. Андыктан ар бир өлкөдө энографиянын өнүгүшү жана этнографтардын ишмердүүлүгү өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ. Маселен, Россия, Аргентина, Батыш Европа өлкөлөрү ж. б. у. с. мамлекеттерде этнографиянын өнүгүшү жана этнографтардын ишмердүүлүгү борборлоштурулган илим-изилдөө институттары - Илимдер академиялары - тарабынан жөнгө салына турган болсо, Индия сыяктуу өлкөлөрдө атайын мамлекеттик кызматчылар иш жүргүзөт. Мындан тышкары, өкмөттүк эмес уюмдар (ассоциациялар же коомдор, маселен, Япон Этнология ассоциациясы, Австрия Этнография коому, Швейцариянын Базель шаарындагы География жана этнология коому ж. б. у. с.) иштиктүү иш алып барышууда.

XX кылымдын 60-жылдарында жалпы европалык этникалык маселелерди чечүү максатында Батыш Европа этнографтарын бириктирүү иштери жүзөгө ашкан. Алар өз изилдөөлөрүн регионалдык конференцияларды уюштуруп өткөрүү жана «Европа этнологиясы»[21] аттуу жалпы этнографиялык журнал чыгаруу жолу менен жүргүзүшөт. 1980-жылдары болсо алардын ишмердигине Чыгыш Европа этнографтары да кошулушту. Алар тандап

[21] Ethnologia Europea.

алган жол перспективалуу: регионалдык этнография боюнча маанилүү илимий эмгектерди биргелешип (кооперациялык жол менен) түзүшөт, ошондой эле жалпы Европа тематикасын камтыган изилдөөлөр жөнүндөгү маалыматтарды (информация) атайын уюштурулган басма органы – «*Демос*» («Demos») журналы аркылуу такай алмашып турушат.

Ар бир өлкөнүн этнографиялык мекемелеринин типтери ошол өлкөдө илимдин өзүнүн пайда болуу тарыхына жана илимдеги традицияларына дал келип, айкын чагылдырат. Жалпысынан алганда ал мекемелерди академиялык, жогорку окуу жай же кадр даярдоо, музейдик, журналдык (редакциялык) жана коомдук мекемелер сыяктуу типтерге бөлсө болот.

Ал эми кээ бир өлкөлөрдөгү атайын өкмөттүк мекемелердин алдындагы өзгөчө мамлекеттик этнографиялык кызматты (служба) териштирип кароонун анчейин зарылдыгы жок. Анткени ошол мамлекеттин тышкы, кээде ички саясатын алып барууда, андай мекемелердин жүргүзгөн иштери нагыз прикладдык (колдонмо) мүнөзгө ээ, алардын мааниси ошол өлкөдөгү этнография илиминин өнүгүү деңгээли менен ченелбестен, негизинен тигил же бул державанын глобалдык стратегиясынын муктаждыгына байланыштуу болот.

## 2.1. Академиялык борборлор

Орус этнографиясы Петербург илимдер академиясынын *Кунсткамерасынын* түпкүрүндө пайда болду. 1836-жылы Кунсткамеранын курамынан бир катар адистештирилген

музейлер бөлүнүп чыкканда, атайын Этнография музейи да түзүлгөн. Ал, өкмөттүн токтомунун негизинде 1879-жылдын 10-ноябрында *Антропология жана этнография музейи (МАЭ)* деп башкача аталган. Ошол кезде эле Илимдер академиясынын уставында: «Этнография музейи - бул Империяда, өзгөчө Орус мамлекетинде жашаган ар түркүн элдердин урууларын жана алардын маданий өнүгүүсүн изилдеп үйрөнүүчү борбордук мекеме», - деп жазылган болчу. 1903–жылдан бери Антропология жана этнография музейи Улуу Петрдун ысымын алып келе жатат, жана 1933-жылы бул музейдин базасында СССР ИАнын Антропология жана этнография институту уюштурулуп түзүлгөн. Ал 1935-жылы ИАнын Этнография институту делип кайра аталган. 1947-жылы бул институтка көрүнүктүү орус окумуштуусу жана саякатчысы Н.Н.Миклухо-Маклайдын ысымы ыйгарылган.

Ошентип Россиянын (СССРдин) борбордук этнографиялык мекемеси илимий изилдөөлөрдүн багыттарын аныктоочу жана жүргүзүүчү башкы академиялык институт катары 1933-жылы Ленинградда түзүлгөн. Анын эң бай илим изилдөө базасы – Антропология жана этнография музейи. 1943-жылдан баштап Москвада аталган институттун жумушчу тобу курала баштайт. Бул топтун ишмердиги илим изилдөө иштеринин Ленинграддан Москвага акырындык менен бара-бара оошуна алып келди.

Мына ошентип, совет өлкөсүндөгү Антропология жана этнография боюнча борбордук академиялык илимий мекеме – бул Москвадагы ИАнын Н.Н.Муклухо–Маклай атындагы Этнография Институту болчу. Ленинградда болсо анын бөлүмү бар эле. Ленинград бөлүмү секторлордон жана жумушчу топтордон турган. Ошондой эле бул жерде ИАнын Улуу Петр атындагы Антропология

жана этнография музейи бар. Эгерде өзү уюшулгандан бери курамында этнография бөлүмү болгон География коому да ИАнын канат астында болгонун эске түшүрө турган болсок, анда Россияда этнография жана антропология илимдери биринчи кезекте Академиянын түндүгүнүн астында торолуп чоңойгону айдан ачык болот. Мындай жагдай аталган илимдердин жогорку окуу жайларында, коомдук борборлордо жана ар түрдүү коомдордо да өнүгүшүнө жолтоо болгон жок жана болбойт.

1991-жылга чейин СССРдин ар бир союздук ресспубликаларында этнографиянын илимий борбору катары ошол республикалардын ИАларынын тийиштүү илим-изилдөө институттары кызмат кылган. Ал жерлерде этнография көпчүлүк учурларда фольклор, искусство таануу, археология, тарых менен бирдикте, же болбосом, көбүнчө тарых институттарынын өзгөчө бөлүмү катары жашап келген.

Мисалга, Украина Илимдер Академиясынын М.Ф.Рыльский атындагы Искусство таануу, фольклор жана этнография институту; Белорус ИАсынын Искусство таануу, этнография жана фольклор институту; Грузин ИАсынын И.А.Джавахишвили атындагы тарых, археология жана этнография институту; Казак ИАсынын Ч.Ч.Валиханов атындагы тарых, археология жана этнография институту; Армян ИАсынын Археология жана этнография институту; Молдова ИАсынын Этнография жана искусство таануу бөлүмү ж. б. у. с. Ал эми Өзбекстан, Азербайжан, Латвия, Литва, Кыргызстан, Эстония, Туркмөнстан ИАларында этнография илими сектор катары Тарых институттарынын курамында болуп келген.

Чыгыш Европадагы жана дүйнө жүзүндөгү көпчүлүк өлкөлөрдө этнографиялык илим-изилдөө борборлору академиялык институттар катары жашап келишкен. Мисалы: Болгарияда – ИАнын Этнография институту (өз музейи менен); Германияда ИАнын Немецтик этнография институту; КЭДРда (КНДР) – Корея Коомдук Илимдер Академиясынын Археология жана этнография институту;

Кубада – ИАнын Этнология жана фольклор институту;

Польшада – ИАнын Материалдык маданият тарыхы институту; Чехияда - ИАнын Этнография жана фольклористика институту: Словакияда ИАнын Этнография институту; Сербияда - ИАнын Искусство жана этнография институту; Венгрияда болсо этнография илимин ИАнын алдындагы этнография илим-изилдөө тобу жетектейт.

КЭРде этнография боюнча илим изилдөө иштерин Кытайдагы Коомдук Илимдер академиясынын алдындагы Улуттар (жана элдер) институту жүргүзөт. Вьетнамда да Этнография институту Коомдук илимдер академиясынын курамында.

Этнография боюнча академиялык борборлор бир катар башка өлкөлөрдө да бар. Ал жерлерде же атайын академиялык илим-изилдөө институттары же болбосом ошондой кызмат аткарган мекемелер иш алып барат. Маселен, акыркылардын катарына Алжирдеги Гуманитардык илимдер институтун кошсок болот. Анын антропология, алгачкы коомдун тарыхы жана этнография боюнча атайын изилдөө борбору бар. Мына ушулардын эле катарына Канберрадагы Австралия аборигендерин изилдөө институтун, Аргентинадагы Маданият жана агартуу министрлигинин алдындагы Улуттук антропология институтун, Бразилиядагы Латын америкалык коомдук

илимдерди изилдөө борборун кошо кетсек болот. Жогоруда аталган борборлорду шарттуу түрдө гана академиялык борбор десек болот, анткени алар көбүнэсе өкмөттүк мекеме катары иш жүргүзүшөт.

Ал эми Боливиядагы Улуттук антропология башкармасын, Антропологиялык изилдөөлөрдүн Мексикадагы борборун, Франциянын деңиздин аркы өйүз аймактарындагы илимий жана техникалык изилдөөлөр башкармасын, Антропологиялык изилдөөлөрдүн Канададагы борборун, Гвинеядагы Элдик каада-салт институтун ж. б. у. с. толугу менен өкмөттүк этнографиялык илимий борборлордун катарына кошсок болот. Аткарган функциясы боюнча алар өкмөттүк этнографиялык кызматтан (служба) да айырмаланып турушат.

Классикалык академиялык борбор деп, Улуу Британиянын Королевалык коомунун атайын Институтунун – 1843-жылы негизделген Улуу Британия жана Ирландиянын Королевалык антропология институтун айтсак болот. Англиядагы бул этнографиялык борбор ааламдагы элдердин бардыгын изилдей алат. Анын фундаменталдык базасы болуп айтылуу Британ музейинин этнография бөлүмү саналат.

## 2.2. Жогорку окуу жайлар же адис этнографтарды даярдоо борборлору

Академиялык профилдеги мекемелер XIX кылымдын орто ченинен пайда боло баштап, алар өкмөттүн

каржылоосунда турган официалдуу илимдин алкагында болушкан. Ошону менен эле бирге көптөгөн орус жана чет өлкөлүк жер шарын айланып чыккан саякатчылардын таап келген этнографиялык материалдары да прогрессивдүү коомчулуктун көңүлүн өзүнө буруп турган. Европалыктар үчүн XV кылымдардан ачылган ар түркүн жана мурда болуп көрбөгөн өлкөлөр жана элдер алдыңкы катардагы ойчулдарды XIX  кылымдын орто ченинде, өзгөчө анын экинчи жарымында адамзаттын тарыхына башкача көз караштa кароого мажбур кылды.

Англия жана Америка, Россия жана Франция, Германия жана Швейцария сыяктуу ж. б. өлкөлөрдө адамзат тукумунун бирдиктүү болгондугун далилдеп көрсөткөн же ушундай ойлор чагылдырылган илимий эмгектер жаралды. Ал эмгектерде, «жапайы элдерге» б. а. колонизаторлордун шыбагасы болуп келген элдерге гумандуу мамиле кылуу идеялары жайылтылган эле.

Ошентип, этнография  эң маанилүү, социалдык, тарыхый дисциплиналардын катарына кошула баштаган. Өзүнүн так мына ушундай сапатында бул предмет Россиянын Императордук илимдер академиясына караганда бир кыйла демократиялуу болгон жогорку окуу жайларына же ар  түркүн географиялык коомдоруна, же болбосом аймак таануну сүйүүчүлөр коомдоруна киргизилген. XIX кылымдын 60-жылдары этнографиялык материалдардын маанисин Н.Г.Чернышевский төмөндөгүдөй баалаган. «Эң одоно, жапайычылык менен цивилизациянын ортолугундагы өнүгүү баскычтарынын биринде турган ар кандай уруу, тарыхый турмуштун ошол кездеги өнүгүү фазистеринин биринин өкүлү болуп

эсептелет. Ал өнүгүү жолун Европа элдери да байыркы кездерде башынан кечиришкен».[22]

Россияда да дал ошол мезгилдерде алгачкы университеттик этнографиялык борборлор пайда боло баштаган. Маселен, 1864-жылы Москва университетинин алдында Табият таануу, антропология жана этнография ышкыбоздорунун (күйөрман) коому; 1878-жылы Казан университетинин алдында Археология, тарых жана этнография коому түзүлөт. Петербург университетинин Чыгыш таануу факультетинин ишмердигинде да этнография проблематикалары көрүнүктүү орунду ээлей баштайт. Аталган борборлор этнографиянын жогорку окуу жайларында өнүгүшүнө өбөлгө түзүп турган. Алар өз ишмердүүлүгүн ИАдагы изилдөөлөр менен гана координациялап турушпастан, География коомунун жергиликтүү бөлүмдөрү менен да айкалыштыра биргелешип жүргүзүшкөн. Жогорку окуу жайлар үчүн табигый мүнөздүү болгон билим берүү менен илим-изилдөө иштерин айкалыштыра алып баруу, б. а. этнографиялык излдөөлөрдү жүргүзүү жана этнограф кадрларды даярдоо иштери Россияда Октябрь революциясынан кийин ыңтайлуу жолго коюлду. Айтсак, кайрадан түзүлгөн Петроград университетинин География институтунун алдында 1918-жылы этнография бөлүмү ачылган. Кийинчерээк мындай бөлүм Ленинград университетинин Чыгыш таануу факультетинде да болгон.

1950-жылдардын баш ченинен эле Ленинград мамлекеттик университетин «областтык» деңгээлдеги гана билим берүү мекемесине айландыруу кыймылы (акция) кызуу жүрүп жаткан мезгилде, этнография сабагын

[22] Чернышевский Н.Г. Полн. собр. соч. В 6-ти томах. Т.1. СПб., 1906, с. 125.

берүүнү алгач тарых гана факультетинде калтырып, кийинчерээк, 1952-жылдан ал жерден да алып салышкан.

Совет бийлигинин алгачкы жылдары этнография боюнча билим берүү Москва жана Казан университеттерине киргизилген эле. Улуу Ата Мекендик согушка чейинки бир нече жыл, андан кийинки 1950-жылдардын башталышына чейин, этнография илиминин өнүгүшүн жана кадр даярдоо иштерин жогоруда аталган үч университет жана Сибирь, Ыраакқы Чыгыш, Прибалтика, Украина, Закавказьенин ЖОЖдору жүргүзүп келген. 1950-жылдардын башталышынан көпчүлүк университеттерде этнограф-кадрларды даярдоо жана андагы изилдөө борборлору өз ишмердүүлүгүн токтотушкан.

Ошентип, ошол кездерде этнография боюнча бардык ишмердүүлүк, негизинен академиялык илим изилдөө мекемелеринде гана жүргүзүлүп калды. Ал кезде жабылбастан иштеп турган эки жогорку окуу жайдын – Москва жана Тбилиси университеттеринин этнограф-окутуучулары да тийиштүү академиялык институттарда кызматташ болушкан.

1960-80–жылдары этнограф кадрларды даярдоо СССРдин бир катар жогорку окуу жайларында кайра калыбына келтирилген; алардын катарында жогоруда айтылган Москва жана Тбилиси университеттеринин этнография кафедралары, Ленинград университетинин 1968-жылы калыбына келтирилген этнография жана антропология кафедрасы, Казак жана Кыргыз университеттеринин 1960-80–жылдары жаңы ачылган археология жана этнография кафедралары, Омск университетинин этнография кафедрасы, ошондой эле Киев университетинде 1989-жылы жаңы ачылган археология, этнография жана музей таануу кафедралары

ж. б. Ошол эле мезгилде Поволжье, Кавказ, Украина, Белоруссия, Прибалтика, Сибирь жана Ыраакkы Чыгыш региондорунун бир катар жогорку окуу жайларында жана университеттеринде этнография боюнча ишмердиктин мурда болуп келген традицияларын улантууга аракеттер жүргүзүлүп, өзүлөрүнүн изилдөө тематикаларын академиялык борборлордун тийиштүү мекемелери менен биргелешип, айкалыштыра алып барышты.

Мурунку кездерде өзгөчө сапаттуу кадрларды даярдап чыгаруусу менен белгилүү болуп келген Львов, Ереван, Казан, Тарту, Вильнюс ж. б. у. с. университеттерде этнограф кадрларды даярдап чыгарбай калышынын терс жактары 1980-жылдардын экинчи жарымында сезилбей койгон жок, жана ага чыдоого да мүмкүн болбой калды. Бул кырдаал улуттар аралык мамилелерге болгон курч кызыгуудан ачык көрүнүп, жогорку окуу жайларында этнографиянын кайра калыптанышын жана өнүгүшүн талап кылды.

Англиянын этнографиясына да жогорку окуу жай жана академиялык борборлордун шайкеш иштөөсү мүнөздүү. Бул өлкөнүн атактуу жогорку окуу жайларынын бири - Оксфорд университетинин алдында 1896-жылы эле антропология кафедрасы негизделип, анын алгачкы уюштуруучусу жана башчысы, белгилүү англиялык этнограф Э.Тэйлор болгон. Илимде жана практикалык турмушта этнограф кадрларга болгон муктаждыктар эске алынып, Оксфорд университетинен соң антропология кафедралары Улуу Британиянын Лондон, Кембриж ж. б. университеттеринде ачылган.

Башка Батыш өлкөлөрүндөгүдөй эле Британ аралдарында да этнографияга өзгөчө саясий маани берилет. Ошол себептүү бул жерде 1980-жылдардын акырына карата этнография боюнча 14 жогорку окуу жай

борбору болгон. Алардын ирилери: Оксфорд университетинин антропология кафедрасы, Кембриж университетинин археология жана антропология музейи, ушул эле университеттин Скотт атындагы Полярдык институту, Лондон университетинин жана ушул шаардагы университеттик коллеждин алдындагы антропология кафедралары, Түндүк Ирландия Королевалык университетинин жана Эдинбург университетинин алдындагы социалдык антропология кафедралары ж. б.

Мына ушундай эле демилгечи академиялык борборлор менен айкалышып иштеген жогорку окуу жай борборлорунун болушу көптөгөн Европа жана Азия өлкөлөрүнө да мүнөздүү көрүнүш. Ал жерлердеги ири университеттерде же этнография кафедрасы же этнография бөлүмү бар. Маселен, Праганын Карл атындагы университетинде этнография жана фольклористика кафедрасы; Будапешт университетинин этнография кафедрасы; Гумбольдт атындагы университеттин алдында жалпы жана немецтик этнография институту; Ф.Шиллер атындагы университеттин алдында антропология жана этнология институту; Вроцлав университетинде этнография кафедрасы; Варшава университетинде антропология кафедрасы; Загреб университетинин алдында этнология институту; Ханой жана Хошимин университеттеринде да этнография кафедралары ж. б. бар.

Эгерде Улуу Британияда, ошондой эле жогоруда аталган өлкөлөрдө этнография боюнча жогорку окуу жай борборлору академиялык борборлор менен бир мезгилде же алардын таасири астында пайда болгон болсо, кээ бир башка өлкөлөрдө этнография боюнча өкмөттүк, жарым-жартылай өкмөттүк же музейлик борборлордун болгондугуна карабастан бул жерлерде этнография илими негизинен жана биринчи кезекте жогорку окуу жай

борборлорунда өнүгүп келген жана өнүгүүдө. Мындай абал адегенден эле АКШ, Канада, Германия, Франция, Индия, Австралия, Япония ж. б. у. с. өлкөлөргө мүнөздүү.

Мындай учурда АКШда түзүлгөн кырдаал көңүлдү өзүнө бурбай койбойт. Ал жерде этнография боюнча мекемелердин кайсынысы багыт берүүчү же борбордук экендигин аныктоо оңой эмес. Борбордук мекеме катары эң кеминде экөөнү түшүнсө болот. Негизги илим-изилдөө жана билим берүү кызматын АКШнын көп сандаган университеттери жана колледждери аткарышат. Бул өлкөдө этнография боюнча 400дөн ашуун жогорку окуу жай борборлору иштейт. Алардын ар биринде антропология же социология жана антропология кафедралары бар. Ал эми ири университеттеринин жана колледжеринин илим-изилдөө борборлору же институттары бар. АКШдагы көп сандаган жеке менчик, муниципалдык, штаттык, диний жана мамлекеттик жогорку окуу жайларынын антропология боюнча жетектеп багыт берүүчү мекемелери мына ушундай борборлордун катарына кирет. Алар Франциск, Чикаго, Вашингтон, Мичиган, Аляска, Гавай, Лайола, Ыйык Жон, Ыйык Мария ж. б. университеттери жана колледждери. АКШнын этнограф кадрларды даярдоочу көптөгөн жогорку окуу жай борборлорунун өз музейлери бар (алардын саны 60тан ашуун) жана алар өз илимий, илимий-популярдуу эмгектерин, окуу-методикалык колдонмолорун өзүлөрү басып чыгарышат. Этнограф кадрларды даярдоочу жогорку окуу жайлардын болушу АКШ өкмөтүнүн глобалдык стратегиясына төп келет.

Батыш Германиядагы этнограф кадрларды даярдоочу жогорку окуу жай борборлорунун бар болгондугун да жогорудагы себептер менен түшүндүрсө болот. 1980-жылдардын акырына карата бул өлкөдө 40тан ашуун

ушундай борборлор болгон. Ал жердеги традицияга айланып калган структурага ылайык этнографиялык изилдөөлөр бул өлкөнүн негизги университеттеринин алдындагы антропология, этнология же болбосом эң байыркы жана байыркы тарых институттарында жүргүзүлөт. Ушундай мекемелердин катарына В.Гете атындагы университеттеги Антропология жана Л.Фробениус атындагы институттар; Альберт Людвиг атындагы университеттин алдындагы эң байыркы жана байыркы тарых институту; Бонн университетиндеги Этнологиялык семинар жана География институту; Геттинген университетиндеги Антропологиялык изилдөөлөр кафедрасы; Эрланген–Нюрнберг университетинин алдындагы Эң байыркы жана байыркы тарых институту; Киль университетинин алдындагы Антропология институту; Кельн, Марбург, Мюнстер университеттериндеги этнологиялык семинарлар; Майнц университетинин алдындагы Антропология институту; Тюбинген университетинин алдындагы Этнология институту; Мюнхен университетинин алдындагы антропология жана адам генетикасы институту ж. б. у. с. Жогоруда аталган университеттердин алдында уюштурулган семинарлар, аныгын айтканда атайын билим берүүчү институттардын кызматын аткарышат. Аларга 40тан 100гө чейинки студенттер катышып, билим алышат. Батыш Германиянын жогорку окуу жай борборлорунун (мисалга, Гамбург университети) ири же анча чоң эмес окуу музейлери, өзүнчө коллекциялары, лабораториялары, китепканалары бар. Илимий, окуу–усулдук эмгектерин өзүлөрүнүн жалпы университеттик басмаканаларынан чыгарып турушат.

Этнография боюнча иш алып баруучу жогорку окуу жай борборлорунун ролу Канадада да жогору. Бул өлкөдөгү Калгари университетинин социология жана

антропология кафедрасынын канат астында (эгида) социология жана антропология ассоциациясы иш алып барат. Канадада бардыгы болуп 16 жогорку окуу жай борборлору бар. Алардын ичинде өз музейлерине, мезгилдүү басма сөз каражаттарына ээ болушкан ири окуу жайлары төмөнкүлөр: Лаваль университетинин алдындагы Түндүк проблемалар борбору жана Социология жана антропология кафедрасы; Оттава университетинин алдындагы Миссионердик кызмат институту; Альберт университетинин Антропология кафедрасы, Британиялык Колумбия университетинин Антропология кафедрасы жана Антропология музейи; Торонто университетинин Антропология кафедрасы; Викториан университетинин Антропология жана социология кафедрасы ж. б. Бул борборлордогу изилдөөлөрдүн негизги тематикалары – эскимос, индей, япон, кытай элдеринин этнографиясы, илимдин теориясы, раса таануу (расоведение), расогенез

ж. б.

Францияда да багыт берүүчү этнографиялык мекемелердин түрлөрү бир канча. Деңиздин аркы өйүзүнүн аймактарын илимий жана техникалык жактан изилдеген атайын мамлекеттик мекемеден (тропикалык өлкөлөрдө анын 27 изилдөө борборлору жана борбордук документтештирүү ишканасы бар) тышкары этнография иштери жогорку окуу жайларында жана музейлерде жүргүзүлөт. Этнография илимин өркүндөтүүдө мекемелердин ар кайсы түрлөрүнүн өз ролу бар. Башка өлкөлөрдөгү биз карап өткөн жогорку окуу жай борборлорунан айырмаланып, Франциядагы этнографиялык борборлор негизинен белгилүү 5 университеттин жана 2 коллеждин (Коллеж де Франс жана Сорбонн коллежи же Экономикалык жана коомдук илимдердин жогорку мектеби) курамына бириктирилген.

Коллеж де Франс жана Сорбонн коллеждери өзүлөрүнүн кубаттуу илимий борборлору, институттары, лабораториялары менен өзгөчөлөнүп турушат. Алар Африка, Азия, Латын Америкасы жана Океания элдеринин этнографиясын, этникалык проблемаларды изилдешет. Этнографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүчү мыйдай мекемелердин катарына ондогон жылдардан бери өзүнүн бюллетенин чыгарып келе жаткан Ыраакы Чыгыш институту; Африканы изилдөө борбору (маданият ареалдары проблемаларын изилдейт); Африканын Сахарадан түштүктү карай жайгашкан аймактарын изилдөөчү жана документтерди анализдөөчү борбору (бул борбор Адам музейинин көмөгү астында да иш алып барат); Тропикалык өлкөлөрдү изилдөө кафедрасы; семит-хамит тилдерин изилдөө тобу; коллеж де Франс менен Сорбонн коллежинин алдындагы биргелешкен социалдык антропология лабораториясы ж. б. кирет.

Атактуу «L'Homme» журналы да ушул жерде даярдалып жарык көрөт. Коллеж де Франстын жана Сорбонндогу жогорку мектептин илимий жана педагогикалык составы Париж антропологиялык коомунун мүчөлөрү.

Тулуз университетинин алдында Алгачкы коом искусствосу институту бар. Ал борбор жалаң эле Батыш Европа, Африка өлкөлөрүнүн алгачкы коом мезгилиндеги маданияты менен искусствосун изилдеп тим болбостон, байыркы адамдардын жаралуу тарыхынын жалпы маселелерин, этнология жана антропология проблемаларына изилдөө жүргүзүшөт. Институттун өзүнүн басма сөз органы бар. Страсбург университетинин алдында болсо Латын Америка өлкөлөрүн изилдөө институту ошондой эле Испания, Португалия жана Латын Американы изилдөө институту бар.

Аталган институттардын негизги проблематикалары – испан-португал тилдүү өлкөлөрдүн элдеринин адабияты, тарыхы жана этнографиясы. Атайын илимий журнал да чыгарылат. Париж, Лион университеттеринин да атайын антропологиялык лабораториялары бар.

Япония, Жаңы Зеландия, Австралия, Индия сыяктуу өлкөлөр үчүн да этнография илиминин көбүн эсе жогорку окуу жай борборлорунда өнүгүшү мүнөздүү. Бул борборлордо же атайын этнография институттары, тиешелүү кафедралар жана илимий лабораториялар бар. Мына ушундай этнографиялык мекемелердин катарына Япониянын Нанзан университети, Улуттук тил таануу институту; Эл аралык Христиан университети; Кюсю жана Тохоку университеттери; Кобе коллежи киришсе, Жаңы Зеландияда – Данидин, Окленд, Гамильтон жана Веллингтон университеттери; Австралияда – Аборигендерди изилдөөчү Австралия институту; Австралия улуттук университети, ошондой эле Аделаид, Куинсленд, Сидней, жана Батыш Австралия университеттери; Индияда - Карнатак, Лакнау, Пенджаб, Равишанкар, Дели, Мадрас, Уткаль ж. б. университеттерин кошсо болот.

Эми башка өлкөлөрдөгү этнография боюнча иш алып барган жогорку окуу жай борборлорун бирден териштирип санап олтурбастан, көпчүлүк Европа, Африка, Латын Америка, Түштүк-Батыш жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү мамлекеттердин борбордук университеттеринде же этнография (же антропология) кафедрасы же бөлүмү бар экендигин эскертип кетсек ашык болбос.

1978-жылдан кийин, б. а. «Маданий революциядан» кийин жогоруда айтылгандай сыяктуу кафедралар КЭРдин негизги университеттеринде да кайрадан калыбына келтирилген. Бирок, ал өлкөдөгү көнүмүш түшүнүк

боюнча титулдук хань (кытай) улуту этнографиялык изилдөөгө алынбагандыктан, аталган этнография кафедраларында жана академиялык борборлорунда, биринчи кезекте, КЭРдин кытай эмес элдери, ошондой эле чет өлкө элдери изилденет. Ал эми ханьдардын жана Кытайда жашаган башка элдердин этнографиясын Тайвандагы Синика академиясынын Этнология институту, Тайвань Улуттук университетинин археология жана антропология кафедрасы, ошондой эле Сингапурдагы «Тай ян» университеттери гана изилдөөгө алышат.

## 2.3. Университеттик билим берүү системасындагы этнографиянын орду

Университеттик билим берүү системасында этнографиянын ээлеген ордун аныктоодо биз көнүмүш болгон жалпы теориялык ой жүгүртүү чегинен бир кыйла эле чыгып кетебиз. Анткени бул маселенин эң чоң практикалык да мааниси бар; биздеги университеттердин этнограф адистерди даярдоочу кафедралары өлкөнүн эң жогорку илимий мекемелери болуп саналган Россия Илимдер Академиясына жана КМШ өлкөлөрүндөгү академиялык институттарга адис кадрларды даярдап берүүчү табигый база болуп эсептелинет. Мунун өзү «*Университет – Академия - Университет*» багытындагы чынжырдуу байланыш такай өркүндөтүлүп туруусу керек экендигин туюнтат.

Мындай байланыштын негизги принциптеринин бири – бул университеттин тийиштүү кафедрасын өзгөчө жетишкендик менен аяктаган бүтүрүүчүлөрү академиялык

институттун аспирантурасына кирип же ал жерден стажировкадан өтүп, андан ары илимий кызматкерлердин катарын толукташат. Ал эми академиялык институттардын илим-изилдөө тармагында иштеп, педагогдук жөндөмгө ээ болгон көрүнүктүү окумуштуулар болсо университеттин студенттерине лекция окуп же семинардык сабактарды, атайын курстарды өтүп, студенттердин этнографиялык практикасына жетекчилик кылып, курстук же дипломдук иштерди даярдоодо, б. а. илимий ишмердиктин алгачкы кадамдарын таштоодо студенттерге илимий багыт беришет.

Академиялык жана университеттик этнографиянын ортосундагы байланыштын негизги формаларынын бири – бул университеттик кафедра менен академиялык институттун ортосунда түзүлгөн чыгармачылык, б. а. илимий-педагогикалык кызматташтык жөнүндөгү келишим. Мисалы, Москва мамлекеттик университетинин этнография кафедрасы менен Россия илимдер академиясынын Н.Н.Миклухо-Маклай атындагы Этнология жана антропология институтунун ортосунда түзүлгөн келишим.

Так ошол академиялык институттун жана анын материалдык-булактык изилдөө базасы болуп эсептелген Антропология жана этнография музейинин тикеден-тике көмөгүнүн астында «Университет – Академия – Университет» багытындагы чынжырдык байланыш активдүү иштеп, өз натыйжасын бериши мүмкүн.

Россия илимдер академиясынын Этнология жана антропология институтунун окумуштуулары Москва, Санкт-Петербург, Казан, Уфа, Омск, Томск, Барнаул ж.

б. университеттеринин тийиштүү кафедраларынын жөн гана сый коноктору эмес экендигин баса белгилеп кеткенибиз оң. Алар адис–этнографтарды даярдоо процессине активдүү катышышып, көптөгөн практикалык

жана илимий маселелерди чечүүдө да четте калышпайт. Аталган университеттердин тийиштүү кафедралары менен академиялык институттун ортосунда түзүлгөн тыгыз кызматташтык жөнүндө келишимдердин негизинде түздөн-түз илимий байланыштарды улантышат. Бул пайдалуу тажрыйба КМШ өлкөлөрүнүн илимдер академиялары жана РИАнын филиалдары тарабынан колдоого алынып, турмушка ашырылуусу абзел.

Мына ушул сыяктуу тыгыз чыгармачылык байланыш түзүүнүн негизинде гана азыркы этникалык проблемалар жөнүндө тааным берүүчү маанилүү дисциплиналардын бири - этнографияда олуттуу жетишкендиктер болушу мүмкүн.

Жалпы эле этнографияны кайсыл гана деңгээлден карабайлы, ал жогорку окуу жайдан, университеттен башталат. Демек, этнографиянын университеттик билим берүү системасындагы ордун аныктоодо анын илим катары келечегин, жетишкендиктерин жана дүйнөлүк тарыхый процесстерди таанып-билүүгө кошкон салымын эстен чыгарбообуз керек. Мына ушул себептүү этнограф адистерди даярдоодо университеттик билим берүү системасын мындан ары да өркүндөтүп жакшыртуу, этнографиянын өзүнүн илимдик деңгээлин жогорулатуу – азыркы учурдагы эң маанилүү жана актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Жогоруда айтылып кеткендей, бул жерде сөз илим жаатындагы этнограф–адистер жөнүндө, демек, этнография илиминин эртеңи, анын келечеги жөнүндө болуп жатпайбы.

Бул илимдин прогресси көбүнэсе анын региондордогу бөлүмдөрүнүн ортосунда бири-бирине таасир берүүсүнүн натыйжасында баюусунун деңгээлинен, анын эффективдүүлүгүн бардык улуттук тармактарындагы биргелешкен күч-аракеттер менен жогорулатуу

мүмкүнчүлүгү менен, бири-биринин алдыңкы тажрыйбаларын эске алуу жана колдонуу менен жаңы ийгиликтерди жаратуу аркылуу жетишилет.

Мына ушул мааниде бул илим - интернационалдуу. Өзүнүн маани-маңызы боюнча этнографиянын интернационалдуулугу өзгөчө. Анткени бул илим бир эле мезгилде жалгыз бир этнос, ошол эле учурда ааламдагы бардык этностор (элдер) жөнүндөгү илим.

Ошентип, ата мекен этнографиясы калыптана баштаган алгачкы мезгилде эле көрүнүктүү окумуштуу Л.Я.Штернберг өзүнүн «Этнографка он осуятында», «*ким бир гана элди билсе, ал эч бир элди билбейт, ким бир эле динди, бир гана маданиятты билсе ал алардын бирин да билбейт,*»[23] - деп жазган.

Адис этнограф-кадрларды даярдоо жөнүндө маселе козголгон учурда университеттик билим берүү практикасында кээде азыркы кезге чейин анча жагымсыз же ийгиликке келе албай турган традициялар сакталып келе жаткандыгын танбообуз керек. Маселен, азыркы кезде деле жалпы эле этнографиянын, демек, анын ичинде университеттик билим берүү системасындагы структуранын да,немецтердеги калыптанып калган традициялык үлгү боюнча "Volkskunde" жана «V¼lkerkunde» деп бөлүнүүлөрүн сезип–туюп келе жатабыз. Дагы эле болсо бир катар өлкөлөрдүн университеттеринде тийиштүү кафедралар көпчүлүк учурда, же болбосом жалаң гана «Volkskunde» багытында иштешүүдө, башкача айтканда ааламдагы башка элдерди изилдөө гана эмес, аларды окуп үйрөнүү системасынан чыгарып коюшуп, жалаң гана өз

[23] Гаген-Торн Н.И. Ленинградская этнографическая школа в двадцатые годы (у истоков советской этнографии). //Советская этнография. № 2, 1971. С.142.

өлкөсүндөгү элди (же элдерди) изилдеп, окуп үйрөнүшөт. Бул тармакты «регионалдык этнография» деп атаса туура болоор эле.

Ушул сыяктуу бир жактуулуктун пайда болушун тарыхый жактан түшүндүрсө болот. XIX–кылымдын аягында, айрыкча, биринчи дүйнөлүк согуштан кийин кыйроого учураган империялардын ордунда жаңы улуттук мамлекеттер пайда болду. Алардын интеллектуалдык лидерлери өз улутунун, өз элинин маданиятынын, өзүлөрүнүн улуттук тегинин өз алдынча, өзгөчө экендигин баса көрсөтүшүп, өз элинин кадыр-баркын (авторитет, престиж) жогору коюуга аракет кылышкан. Мындай аракеттин өзү айрым учурларда өз элин жана өз маданиятын башка бардык элдерге, дүйнөлүк маданиятка карама-каршы коюуга, улуттук-шовинисттик бөлүп-жарууга алып келген. Мына ушуга байланыштуу жалпы этнографияны, тагыраак айтканда чет өлкө элдеринин этнографиясын окуп-үйрөнүү же колониалдык империялардын метрополиялары катары кала берген өлкөлөрдүн, же болбосом дүйнөдө «лидерлик» ролду ойногон өлкөлөрдүн милдети-парзы (удел) деп эсептелип келген. Этнограф кадрларды даярдоодогу регионализм тигил же бул өлкөнүн этнографиясындагы регионализмине шайкеш болгон. Адистерди даярдоодогу ушул сыяктуу жагымсыз көрүнүшкө дагы бир мисал: университеттик деңгээлде этнография боюнча билим берүү ошол окутуучу-профессорлордун илимий кызыкчылыгынын алкагынан четке чыга албаган, демек, этнографиянын предметтери да аз гана сандагы проблемаларды кучагына камтый алган.

Дал ушундай кырдаал көпчүлүк Европа өлкөлөрүндө этнографиянын «университеттик», «академиялык» жана «музейдик» деп жиктелип бөлүнүшүн туудурду. Бул болсо өз кезегинде дайыма кыймылда болуп келген

«университеттин студенти» - «академиянын же музейдин илимий кызматкери» сыяктуу чынжырдын үзүлүшүнө алып келди.

Жогоруда айтылгандай, бир катар өлкөлөрдө этнографияны дүйнөлүк (глобалдык) масштабда окуп-үйрөнүү («V¼lkerkunde») системасы өкүм сүргөн. Мындай системаны биз Россия, АКШ, Франция, Улуу Британия, Германия, Япония, Канада, ж. б. у. с. өлкөлөрдөн учуратабыз.

Бирок, жогоруда айтылган өлкөлөрдүн айрымдарында этнография боюнча илим-изилдөө жана билим берүү жаатында көбүнэсе ошол өлкөнүн метропологиясы болуп келген же коңшулаш гана өлкөлөрдүн элдери изилденип жана окулуп, калган башка элдер кийинки планда кала берет же болбосом деги эле окулуп үйрөнүлбөйт. Мындай учурда биз акылды айран кылган (парадокс) кырдаалга дуушар болобуз: кээде саясий жана маданий жагынан алдыда турган өз эли изилденип окулбайт же жарым-жартылай гана окулуп үйрөнүлөт, анткени алдыңкы өнүгүүгө ээ болгон эл (этнос) «этнографиялык изилдөө деңгээлинен» өнүп-өсүп, көтөрүлүп кеткен деген түшүнүк басымдуулук кылат да, ал көбүнесе социологиялык жактан гана изилденет.

Мындай тенденция «этнография - бул маданий жактан артта калган элдерди изилдөөчү илим», - деген эски көз караштын дагы деле болсо жашап келе жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошого карабастан, этнографиянын келечеги, анын дүйнөдөгү бардык элдерди изилдөө жана окуп билүүгө аракет кылуусу менен аныкталгандыктан, университеттик кадр даярдоо системасында регионалдык этнография менен жалпы этнография боюнча билим берүү айкалышып турганы дурус.

Келечекте этнография илиминин жетишкендиктери азыркы учурда университеттерде этнографияны окутуунун абалы жана деңгээли менен аныкталат деп айтып кетпедикпи.

Өз кезегинде, университеттик билим берүүнүн илимий деңгээли академиялардын, жогорку окуу жайларынын жана музейлердин этнографтарынын жалпы жана конкреттүү изилдөөлөрүнүн деңгээли менен аныкталат. Илим үчүн этнограф кадрларды даярдоо деңгээли менен этнография илиминин өнүгүү деңгээлдеринин бири-бирине өз-ара көз каранды болушу, бири-бирин аныкташы, окумуштуулардын илимий ишмердүүлүгүнүн натыйжасынан келип чыгаары айкын. Университеттик билим берүү системасында этнография проблемаларынын аспектилеринин бири мына ушундай.

Эми университеттик системада этнография боюнча билим берүүнүн ахыбалына кайрылып көрөйлү. Эгерде жалпы илимдик планда азыркы кезде этнографияга болгон мамиле жакшыруу багытында болуп, анын коомдук мааниси жогорулап баратканына карабастан, университеттик деңгээлде этнографиянын ролу дагы деле төмөн. Мисалга АКШнын Тюйлейн университетинин, же Германиянын Гумбольдт атындагы университеттин, же Россиянын Томск мамлекеттик университетинин тарыхчы студенттери Байыркы Греция жана Байыркы Рим тарыхын окуп үйрөнүшкөнү эч кимди таң калтырбайт. Же болбосом биздин өлкөбүздүн, ал гана эмес Голландия, Франция, Польша, Корея ж. б. өлкөлөрдүн болочок математик же биологдору жалпы билим берүүчү предмет катары физиканы сөзсүз окуп үйрөнгөнү да таң калууну туудурбайт, ал закон ченемдүү нерседей эле кабыл алынат.

Ал эми этнографтар болсо дүйнө элдеринин этнографиясын сөзсүз түрдө окуп үйрөнүүгө, аны жалпы

билим берүүчү сабак катары киргизүүгө алиге чейин жетишише элек.

Байыркы (антикалык) тарыхты же физиканы окуп үйрөнүү - Европа маданиятынын тарыхын же жандуу жана жансыз жаратылыш закондорун таанып-билүүнүн фундаменти болгондой эле, дүйнө элдеринин этнографиясын окуп үйрөнүү да адамзат коомунун жана дүйнөлүк цивилизациянын тарыхын таанып билүүнүн пайдубалы (фундамент) болууга тийиш эмеспи. Университеттердин тарых жана философия факультеттеринде жалпы билим берүүчү этнография курсунун киргизилиши студенттерди ааламдын көп түрдүү этникалык көрүнүшү, элдердин этникалык тарыхынын негизги этаптары жана алардын жалпы адамзат маданиятына кошкон салымы жөнүндөгү билимдер менен куралдандырмак. Тарых, философия, социология, филология, ошондой эле географиянын жана экономиканын кээ бир тармактары боюнча адистешүүчү студенттер үчүн азыркы кезде жалпы гуманитардык илим маалыматтары менен кошо жалпы этнография боюнча да маалыматтар сөзсүз түрдө берилүүсү керек экендиги танылбайт. Жалпы этнография курсу болсо дүйнөлүк цивилизациянын старттык аянтчасы болуп эсептелген таптар пайда болгонго чейинки коомдун тарыхы боюнча тийиштүү маалыматтарды камтуусу зарыл.

Келечекте бул илимдин жогорку өнүгүү деңгээлин камсыз кыла ала турган илимий кадрларды даярдоо жөнүндө сөз болуп жаткандыктан, этнография боюнча курстарда берилүүчү билим көлөмүн аныктоочу принципиалдуу методикалык сунуштарга (рекомендация) кеңирирээк токтолуп кетүүнү туура көрдүк.

Бул сунуштар, албетте, маселе коюу иретинде гана берилет.

Университеттерде адис-этнографтарды даярдоо, окуу планына ылайык, беш жылдык мөөнөткө эсептелген. Бул мөөнөт аныгынан түшүмдүү деп саналат жана таанылат. Ушул мезгилдин ичинде студенттер төмөндөгү үч параметрди камтыган толук курсту өздөштүрүп чыгуулары керек: этнографиянын жалпы илимдик (же жалпы билим берүүчү); жалпы теориялык жана усулдук-инструменталдык курстар.

*Жалпы илимдик* (же жалпы билим берүүчү) курста студент сөзсүз түрдө этнографиянын коомдук илимдер системасындагы орду, дүйнөлүк деңгээлде анын негизги мекемелери жана басылмалары; спецификалык терминологиялары жана этносторду классификациялоонун принциптери, ошондой эле ааламдагы элдердин жалпы этнографиялык мүнөздөмөсү менен алдын-ала таанышып чыгышат. Андан соң жалпы илимдик курстар негизги эки тематикалык багытты камтыган материалдар менен толукталат. Алардын бири - этнография илиминин тарыхын окуп үйрөнүү. Бул жерде этнографиянын регионалдык бөлүмдөрүнүн тарыхын кеңирирээк ачып көрсөтүүгө көңүл бурулушу мүмкүн. Экинчиси – көпчүлүк этностордун чарбасын, материалдык жана рухий маданиятын, социалдык жана үй-бүлө - нике мамилелерин ырааттуу жана териштирип окуп үйрөнүү.

Мындай учурда лекциялык курсту ыңгайлуу жайгаштыруу үчүн өтүлүүчү материалдар ири географиялык региондорго бөлүнүп берилиши мүмкүн. Маселен: Австралия жана Океания элдери, Түндүк жана Түштүк Америка элдери, Африка, Азия, Европа элдери ж. б. у. с.

Ал эми өз өлкөсүнүн элинин (элдеринин) этнографиясын өзүнчө курс катары окуп үйрөнгөн да талапка ылайыктуу болот.

*Жалпы теориялык курс* этнография илиминин негизги об¢ектиси болуп эсептелген этносту ар тараптан анализдеп изилдөөнү, этнографиянын предметтик областын аныктоону, анын башка тектеш дисциплиналар менен байланышын ачып берүүнү көздөйт. Ошону менен бирге бул курста тарыхта из калтырган жана азыркы кездеги негизги школалар жана багыттар жөнүндө маалыматтар берилип, этнографиялык изилдөөлөрдүн гносеологиялык тамырлары да ачылып берилет. Жалпы теориялык билим берүүдө алгачкы коом маданиятынын конкреттүү жана жалпы аспектилеринин, б. а. алгачкы коом чарбасынын, социалдык жана рухий турмушунун, искусствосунун жана ишенимдеринин өнүгүү генезисинин мүнөздөрүн ачып берүүгө да тийиштүү орун берилүүгө тийиш.

*Методикалык-инструменталдык* курстун негизги максаты: изилдөө үчүн экспедициялык-талаа материалдарын жыйноо учурунда этностордун же алардын топторунун турмуш–тиричилигине, маданиятына тикеден-тике байкоо жүргүзүү же болбосом сурамжылоо, эксперимент жүргүзүүнүн негизги ыкмалары менен тааныштырып үйрөтүү. Этнографиядагы эксперимент табият таануу илимдериндеги эксперименттен айырмаланып тураарын белгилеп кеткенибиз оң. Этнографияда изилдөөчү өзү аш, той, кыз алуу, же кыз берүү, көмүү ж. б. у. с. негизги каада-салттарга катышуу жолу менен эксперимент жүргүзөт.

Методикалык-инструменталдык курстар өз кезегинде төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн: а) Материалдык же рухий маданиятты, же социалдык жана үй-бүлө - нике мамилелерин (айыл-кыштактардын же турак-жайлардын пландарын чийүү, ар түркүн турмуш-тиричилик буюмдарын же объектилердин сүрөтүн тартуу; анкета түзүү; тууган–уруктук же жек-жааттык байланышты

туюндурган санжыралардын графикалык же цифралык системаларын түзүү: кино- же фото тасмага, видео тасмага тартуу, магнитофонго жазуу ж. б. у. с.) чагылдырган этнографиялык изилдөө материалдарын жыйноо ыкмалары; б) Этнолингвистика боюнча алгачкы киришүү курсу. Бул курста студенттер эл аралык фонетикалык транскрипция ыкмалары менен таанышышат; в) Конкреттүү социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү жана фольклорду жазып алуу принциптери боюнча жалпы методикалык сабактар.

Биздин оюбузча, этнография илими үчүн илим-изилдөө жана практикалык адистерди жогорку деңгээлде даярдоону камсыз кылууга ыңгайлуу жагдай түзгөн принципиалдуу жалпы жоболордун негиздери ушулар.

Ал эми адис эместер үчүн этнография курсун өтүүнү жакшыртуунун жолдору кайсылар? Бул жалпы билим берүүчү курстун мазмунуна төмөндөгү үч негизги темалар киргизилүүгө тийиш: а) дүйнө элдеринин этникалык тарыхынын негизги багыттары тууралуу маалыматтар; б) ааламда жашаган калктын этникалык составына жалпы мүнөздөмө. Бул жерде этникалык тарыхтын азыркы учуруна анализ берүү менен өнүккөн жана артта калган өлкөлөрдөгү улуттар аралык жана этностор аралык мамилелердин эртеңки өнүгүү жолдорун аныктап билүүгө, этностордун өнүгүүсүнүн жалпы жана спецификалык өзгөчөлүктөрүн талдап берүүгө болот. в) ааламдын бардык региондорунда чарба-маданий комплекстеринин же типтеринин өнүгүүсүнө жалпы же этаптуу анализ берүү. Бул жерде дал ошол чарба-маданий типтеринин алгачкы адам коомунан таптык коом жаралганга чейинки өнүгүү жолунда дүйнөлүк цивилизация калыптанган деген ойду эске тутуп, чарба–маданий типтеринин өнүгүү багытын сөзсүз түрдө конкреттүү моделдештирип берүүгө болот.

Этнография боюнча жалпы билим берүүчү курстун киргизилип окутулушу студенттердин адамзат маданиятынын тарыхындагы орчундуу маселелердин толук комплексин туура жана об¢ективдүү түшүнүүсүнө, таанып билүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. Ал эми адамзат маданияты, өз кезегинде этностун чегинен тышкары же этникалык жалпылыктан тышкары өнүкпөгөн жана өнүгө алган эмес. Ал ар түрдүү башка элдердин аң сезимдүүлүк менен атайылап, максаттуу түрдө жетишилген идеяларын жана технологиясын кабыл алып, башка элдердин жетишкендиктерин сиңирип өздөштүрүү менен жашоосун байыткан.

Өткөн кылымдардагы Улуу географиялык ачылыштар жөн гана алгачкы капиталдын топтолушуна шарт түзбөстөн, дагы бир эң улуу ачылышка алып келди. Ал – адамзатынын биримдиги жана бири-биринен бөтөн эместиги. Бири-бири менен өз ара мамиледе болуп, биринин тажрыйбасын үйрөнүп жана кайра иштеп чыгууга мүмкүнчүлүгү бар элдердин маданияты жакшы шартта өнүгүп, мындай элдер табигый же жасалма (мисалы, колониалдык) тосмонун ичинде калган, обочолонгон (изоляция) элдерге караганда алдыңкы өнүгүүгө ээ болушкан.

## 2.4. Этнографиялык музей борборлору

XIX кылымдын орто ченинде этнографиянын өз алдынча илим катары калыптанышы, Европа жана Америка өлкөлөрүндө атайын этнографиялык музейлердин түзүлө башташына шарт түздү. Мындай музейлердин бир катары, маселен, Россия ИАсынын алдындагы

Антропология жана этнография музейи сыңары, этнографиялык билимдерди жайылтуу (пропаганда) жана илим-изилдөө иштерин жүргүзүүчү борборлорго айланышты. Улуу Петрдун Кунсткамерасынан бөлүнүп чыккан Петербург ИАсынын алдындагы *Этнография музейи* (1836-ж.) ошол кезде эң алгачкы музейлик борборлордон болуп калды.

1852-жылы Нюрнбергде Герман музейи ачылат. Ал немец элинин маданиятын чагылдырган коллекцияларды демонстрациялап көрсөткөн. 1855-жылы Берлинде «*Жаңы музей*» негизделет. Кийинчерээк ал «*Эл таануу*» же «*Этнография музейи*»[24] деген атка конот.

Ушул эле жылдары Вашингтондо чоң этнография бөлүмү бар Улуттук музей[25] ачылат.

Ал эми XIX кылымдын 60-жылдарында Британ музейинин этнография бөлүмү түзүлсө, 70-жылдары АКШда Бостон музейи, Парижде «Трокадеро» аттуу этнография музейлери ишке киришет. Андан кийинки жылдарда этнографиялык же аймак таануу-этнографиялык профилиндеги музейлер дээрлик бардык жерлерде пайда болгон. XX кылымдын 70-жылдарында ааламдын эң алыскы булуң-бурчтарынан да ушундай музейлерди жолуктурууга мүмкүн болуп калды.

---

[24] Museum f³r V¼lkerkunde.

[25] АКШнын тарых, археология, этнография багытындагы музейлер туристтерди гана тейлебестен, көбүнэсе илим-изилдөө иштерин айкалыштыра алып барып, илимий эмгектерин чыгарып турушат. American Museum of Natural History (N.Y.), Carnegie Museum (Pittsburgh, 1895), Chicago Natural History Museum (Chicago, 1893), Peabody Museum of Natural History (New Haven), Peabody Museum of Archaeology and Ethnology Harvard University (Cambridge, Mass.).

Өз фондуларындагы этнографиялык коллекциялардын составы, аларды экспозициялап демонстрациялоо жолдору, этнография жаатында алдына койгон максат-милдеттери жана аларды иш жүзүнө ашыруу ыкмалары боюнча ар бир этнографиялык музей өз алдынча өзгөчөлүккө ээ, алар ар түркүн. Азыркы кездеги музейлердин көпчүлүгү туристтерди тейлөө үчүн кызмат кылган кандайдыр бир деңгээлде коммерциялык мүнөздөгү мекеме. Мындай музейлер, албетте, этнографиялык изилдөө иштерин жүргүзө ала турган музей борборлорунун ролун аткара алышпайт жана андай милдетти алдына да койбойт.

Мындан жүз же андан ашуун жыл мурун пайда болгон кээ бир музейлер же өз профилин өзгөртүп, же ири этнографиялык коллекциясы бар башка музейлерге кошулуп, же болбосом университеттердин этнография бөлүмдөрүнүн окуу-илим базасы болуп кайрадан түзүлүшкөн.

Өз фондуларындагы коллекцияларынын составы жана этнографиядагы ээлеген орду жагынан орчундуу орунда туруп, борбордук музейлердин катарына кирген бир катар музейлерге токтолуп кетейлик.

Антропология жана этнография музейи (МАЭ) жөнүндө «Академиялык борборлор» деген бөлүмдө учкай сөз болгон эле. Алдыда дагы «Россия Илимдер Академиясынын Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи» деген бапта кеңири сөз болмокчу. Азыр болсо бул музейдин башатында 1717-жылы Петербургдагы Кикин сарайында Петр I тарабынан уюштурулган эң алгачкы этнографиялык коллекциялар тураарын эске салып кетсек артык болбос. Азыркы кезде МАЭ Санкт–Петербургдагы (баштапкы Ленинград) Кунсткамеранын тарыхый имаратында жайгашкан жана жер жүзүндө жашаган дээрлик бардык элдердин

этнографиясы, ошондой эле антропология жана археология боюнча дүйнөдөгү эң ири коллекцияга ээ.

Бул музейде дээрлик 300 миңдей этнографиялык, 200 миңдей антропологиялык жана 500 миңден ашуун археологиялык экспонаттар сакталуу. 1900-жылдан бери МАЭнин атайын «Антропология жана этнография музейинин жыйнагы»[26] чыгарылып, акыркы кездерде ал жылына бир томдон басылып жарык көрүүдө. Орус жана Совет этнографиясынын калыптанышында МАЭнин ролу баа жеткис. Ачыгын айтканда, ушул музейде дээрлик бардык көрүнүктүү орус жана советтик окумуштуулар (археолог, антрополог, этнограф ж. б.) алгачкы кездерде иштеп, ошол жерден такшалып, тажрыйба алып чыгышкан.

Ал эми музейдин коллекцияларын жыйнап толуктоодо XIX-XX кылымдардын көптөгөн белгилүү орус жана чет өлкө саякатчылары, деңизде сүзүүчүлөрү өз салымдарын кошушкан.

1897-жылы Петербургда *Орус музейи* түзүлүп, анын алдына Россия империясында жашаган элдердин турмуш-тиричилигин жана маданиятын чагылдыруу милдети коюлат. Бул музейде этнография бөлүмү уюштурулуп, анын максаты «өлкөдөгү этнографиялык өзгөчөлүктөрдү көрсөтүү, Россияда жана ага коңшулаш жерлерде жашаган элдердин турмуш-тиричилигин чагылдырып берүү»,[27] - деп табылат.

[26] «Сборник музея антропологии и этнографии» (Сб. МАЭ).

[27] Архив Ленинградского отделения АН СССР. Ф. 1. Оп. 1а (1903). № 150. ОС. § 161.

Этнографиялык мүнөздөгү жаңы музейдин жаралышы аталган Орус музейи менен МАЭнин ортосундагы функциялардын аныкталып, такталышына алып келди.

Орус музейинин этнография бөлүмү, биринчи кезекте, славян элдеринин этнографиясын ачып көрсөтүп, аны Кавказ, Орто Азия, Сибирь жана Прибалтиканын түпкүлүктүү элдери боюнча материалдар менен толуктап бере турган болду. Ал эми МАЭ болсо чет өлкө элдеринин турмуш-тиричилигин чагылдырып, алардын маданиятынын эволюциясын ачып көрсөтүү милдетин алган. Революциядан кийинки жылдары Орус музейи бара-бара негизинен орус скульптурасын, графикасын жана живописин көрсөтүү боюнча адистешүүгө өтө баштаган кезде, анын этнография бөлүмү 1934-жылы өз алдынча «*СССР элдеринин мамлекеттик этнография музейи*»[28] болуп түзүлдү. 1920-жылдары, б. а. Орус музейинин бөлүмү катары кызмат кылып келген мезгилдерде эле, этнография бөлүмүнүн өзүнүн илимий эмгектери чыгарылып турган. Элүү жылдан ашуун тыныгуудан кийин ГМЭнин эмгектери 1984-жылдан кайра чыгарыла баштады. Музейдин өзүндөгү коллекциялар боюнча жана андан сырткы чөйрөдөгү илим-изилдөө иштери такай эле жүргүзүлүп, азыркы кезге чейин активдүү эле улантылып келе жатат. Ошентип, ГМЭ – совет өлкөсүндөгү көп улуттуу ар түркүн элдердин турмуш-тиричилигин жана маданиятын чагылдырган бирден-бир борбордук этнографиялык музей болгон. Мына ошондуктан ал өз мезгилинде бардык регионалдык жана край таануу музейлери үчүн этнография боюнча жалпы союздук илимий-методикалык борбор болуп келген.

1930-жылдары болсо Москвада «*Эл таануу музейи*» толук эмес ишке киришип, Улуу Ата Мекендик согуштун

[28] Государственный музей этнографии народов СССР (ГМЭ).

кесепетинен, кийин ал жоюлган жана анын коллекциялары ГМЭге жана МАЭге өткөрүлүп берилген.

Совет өлкөсүндөгү дагы башка ири этнографиялык музейлик борборлордон Тарту шаарындагы мурунку академиялык, азыркы кезде болсо Эстон мамлекеттик этнография музейин бөтөнчө айта кетсек болот. Бул музей эстондордун, ошондой эле жалпысынан алганда, финн-угор элдеринин этнографиясы боюнча үзүрлүү иштеп, бул багытта өзүнүн эмгектерин басып чыгарып турат; бүткүл союздук конференцияларды, ошондой эле Эл аралык симпозиумдарды да уюштуруп өткөрөт.

Рига жана Таллин шаарларынын жака белиндеги ачык асман астындагы этнографиялык музейлер (этнопарктар), Львов жана Киевдеги элдик искусство жана этнография музейлери ж. б. активдүү илим-изилдөө жана экспозициялык иштерди жүргүзүшөт.

Чет өлкөлөрдө жайгашкан этнографиялык музейлердин өнүгүүсүнө токтоло турган болсок, маселен, Улуу Британиядагы академиялык, ошондой эле университеттик этнографиянын өнүгүшүнө бул жердеги, негизинен, эки музей борбору орчундуу таасирин тийгизишкен. Алар – атактуу *Британ музейинин* этнография бөлүмү жана Оксфорд университетинин алдындагы *Питт Риверс* музейи.Британ музейин[29] түзүүчүлөрдүн себепкери Хэнс Слоун (1660-1753) аттуу практик врач. Ал көп жылдар бою аттуу-баштуу инсандардын жеке дарыгери болуп жүрүп, Англиянын бир катар колонияларында иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жана бош убакытын текке кетирбестен ар түркүн коллекцияларды (гербарийлер, минералдар, зоологиялык жана анатомиялык препараттар,

[29] Британ музейин түзүү жөнүндөгү Парламенттин актысы 1753-жылдын декабрь айында кабыл алынган.

гравюралар, эски китептер, монеталар, байыркы буюмдар ж. б.) чогулта жүргөн. Өмүрүнүн акырында таяна ала турган эркек мураскору болбогондуктан жыйнаган коллекцияларын Оксфорд университетине, же Королевалык коомго, же Париждеги королевалык академияга, же болбосом Санкт-Петербург илимдер академиясына адистер баалаган нарктан беш эсе арзан баага өткөрүп бермек болот. Ошол каражат дагы Англиянын капчыгында жетишерлик болбогондуктан Парламенттин чечими менен атайын лотерея чыгарылып, андан түшкөн каражатка 79575 буюмдан турган коллекция сатылып алынат. Кийинки кылымдарда Британ музейинин фондусун толуктоого белгилүү саякатчылар лорд Элгин, лорд Гамильтон, Британиянын колонияларын башкарган же ошол жактарда кызмат кылышкан чиновниктер бараандуу салым кошушкан. Азыркы кезде Британ музейи дүйнө элдеринин материалдык жана рухий маданиятын чагылдырып бере ала турган ири музейлердин катарына кирет. Музейдин этнография бөлүмүнүн коллекциялары да өтө баалуу жана алар илимдин ушул тармагы боюнча ири изилдөөлөрдүн негизин түзүшкөн. Бул коллекциялардын ичинен эң баалуулары: майя элинин маданиятын чагылдырган Кристи Маудслинин, Африка искусствосу боюнча Пласстын, конголуктардын этнографиясы боюнча Тордэйдин, Лондондогу миссионердик коомдун, белгилүү саякатчы Дж.Куктун, Полинезия жана түндүк-батыш Америка элдеринин этнографиясы боюнча коллекциялар.

«Британ музейинин кварталдык журналы»[30] да ушул жерде жарык көрөт.

Питт Риверс музейинин тарыхы англиялык полковник Лэн-Фокстун ысымы менен байланыштуу. Ал өз алдына эмгек шаймандарынын жана курал- жарактардын алгачкы

---

[30] British Museum guarterly.

коомдон өзү жашаган мезгилге чейинки эволюциялык өнүгүү тарыхын талдап чыгуу максатын коюп, аны иш жүзүнө ашыруу үчүн «жапайы жана варвар» элдердин буюм-теримдерин тырышчаактык менен жыйнап-чогултуп бир бүтүмдүү коллекция түзгөн. Лэн-Фокс баронет Риверстин мураскору болгондуктан, анын мурасы менен кошо ысымын да алып, Питт Риверс болуп калган. Лэн-Фокстун илимий кеңешчиси жана жакын досу, көрүнүктүү окумуштуу Эдуард Тэйлор болчу. Э.Тэйлордун таасири жана кеңеши менен Лэн-Фокс - Питт Риверс өзүнүн эң сонун тандалып түзүлгөн коллекциясын Оксфорд университетине тартуу кылып (пожертвовал) өткөрүп берген. Мына ушул коллекция Оксфорд университетинин алдында 1880-жылы уюштурулган этнографиялык музейдин (же Питт Риверс музейинин) негизин түзүп калды. Музейдин алгачкы буюм-терим сактоочусу Э.Тэйлор болуп, ал ышкыбоз-күйөрмандар (энтузиаст) үчүн лекцияларды уюштуруп, алардын илимий иштерине да көмөк көрсөткөн. Музейдин алгачкы илим-изилдөө тобунан кийинчерээк дүйнөгө белгилүү этнограф-дин таанууч Дж.Фрэзер чыкты. Азыркы кезде П.Риверс музейи Оксфорд университетинин Антропология кафедрасынын илимий жана окуу базасы болуп саналат. Музейде Бирма, Тасмания, Ассам, Океания, Япония ж. б. өлкөлөрдүн элдеринин турмуш-тиричилигин жана маданиятын чагылдырган дүйнөлүк маанидеги эң баалуу экспонаттар бар.

Бул жерде бүт ааламды экинчи жолу кезип чыгуу мезгилинде Дж.Кук тарабынан чогултулган коллекциялардын да бир бүтүмү сакталуу.

П.Риверс музейи өзүнүн монографияларын жана каталогдорун басып чыгарып турат.

Этнографиянын өнүгүшүндө Голландия, Франция жана Швециянын этнографиялык музейлери да өз алдынча мааниге ээ. Мисалга, өзүнүн этнографиялык парктары менен атагы чыккан Голландиянын Лейденде жайгашкан Улуттук этнология музейи бар. Ал Европадагы эң ири музейлердин бири. Анын коллекцияларынын негизин Голландиянын мурунку колониялары болгон Индонезия жана Жаңы Гвинея элдеринин турмуш-тиричилигин жана маданиятын чагылдырган буюм-теримдер түзөт. Мындан тышкары бул музейде Африканын Бенин шаар-мамлекетинин, майя элинин (анын ичинде майя манускрипти), Мэйдзи революциясына чейинки Япон маданиятынын эстеликтери да бар. Аталган коллекциялардын негизинде этнографиянын маанилүү маселелери боюнча көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп, алардын жыйынтыгы басма сөз беттеринде жарык көргөн.

Лейдендеги Улуттук этнология, Роттердамдагы География жана этнология музейлери Голландиядагы этнография илиминин маанилүү борборлору болуп эсептелишет. Роттердамдагы музейде Индонезия, Жаңы Гвинея, Африка, Америка, Азия элдеринин маданиятын жана турмуш-тиричилигин чагылдырган эң баалуу коллекциялар бар.

Этнография илиминин абалына жана өнүгүүсүнө Швециядагы музейлердин тийгизген таасири бир кыйла. Бул жагынан алганда Илимдер академиясынын же университеттердеги тийиштүү кафедралардын маанисин жана бараандуу кызматын арткы орундарга койгубуз келбейт. Этнографиялык музейлердин ичинен өзгөчөлөнүп тургандары төмөндөгүлөр: Стокгольмдогу мамлекеттик этнография (1874), «Түндүк музейи» (1872) жана Гетеборгдогу этнографиялык музейлер.

Стокгольмдогу музейде дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндөгү элдер боюнча баалуу коллекциялар бар. Мисалга, бул жерде Дж.Куктун алгачкы эки саякатынан келип түшкөн буюм-теримдер, XVII кылымдагы Делавар индейлери, XVIII кылымдагы Кытай, Япония, Африка элдери боюнча этнографиялык материалдар чогултулган.

Бул музейдин фондунда дүйнө элдеринин маданиятын, турмуш-тиричилигин көрсөтүп бере ала турган 200 миңдей экспонаты бар. Монографиялык изилдөөлөрдөн тышкары музейде «Этнос» («Ethnos») аттуу журнал жылына төрт сандан чыгарылып, 50дөн ашык өлкөгө таркатылат. Гетеборгдогу этнография музейинин коллекциясында Америка, Азия, Океания, Африка жана Лапландия элдеринин буюм-теримдери чогултулган. Бул музейдин эң баалуу экспонат-коллекцияларынын катарына Латын Америка элдеринин этнографиясына байланыштуу баалуу китептер, ошондой эле ушул өлкөлөрдөн казылып алынган археологиялык материалдык буюмдар кирет. Музейде монографиялар, жылдык жыйнактар жана каталогдор чыгарылып турат.

Германияда болсо этнографиялык билим берүүчү жогорку окуу жайлар өнүгүп калыптанганга чейин эле музей борборлору этнография илиминин жана изилдөө иштеринин жетектөөчү, багыт берүүчү борборлору катары кызмат кылып келишкен. Бүгүнкү күндө алардын көпчүлүгү илим-изилдөө мекемеси деп эсептелгенге караганда илим-агартуучу мекеме катары айкыныраак белгилүү. Алар өз коллекцияларын атайын басылмаларда гана эмес, аннотацияланган каталогдор аркылуу да пропагандалашат. Мисалга, Дрездендеги мамлекеттик этнографиялык музей XX кылымдын 80-жылдары гана экспозициясын уюштурганына карабастан, анын фондунда дүйнө элдеринин басымдуу көпчүлүгү боюнча

этнографиялык буюм-теримдер бар. Ал эми Фрайбург, Гамбург, Штутгарт, Майндагы Франкфурт, Мюнхендеги этнографиялык музейлер да, биринчи кезекте, агартуучулук милдет аткарышат. Мюнхендеги музей Иран, Индия, Бирма, Сиам, Япония, Австралия, Кытай, Перу, Мексика ж. б. өлкөлөрдүн элдеринин турмуш-тиричилигине караганда, биринчи кезекте, алардын колдонмо көркөм искусствосун көбүрөөк чагылдырганга мүмкүнчүлүгү бар. Штутгарттагы музей болсо Линден этнографиялык музейи деп аталат да, ал мезгил–мезгили менен «Трибус» («Tribus») аттуу жыйнак чыгарып турат.

Аталган музейлердин ичинен Гамбургдагы Эл таануу музейи өзгөчө орунда турат. Анын коллекцияларында Россия жана СССР элдерин (Обь-Енисей дарыяларынын өрөөндөрүндөгү, Якутия, Түркмөнстан ж. б. аймактарда жашаган элдердин) этнографиялык жактан мүнөздөп бере ала турган баалуу экспонаттар жана фото-материалдар сакталуу. Бул музейдин «Октябрь революциясына чейинки жана андан кийинки СССР элдери» деп аталган бир катар жылдар көрсөтүлгөн экспозициясы бир кыйла кызыктуу болчу. Ал экспозиция ленинграддык этнографтардын активдүү катышуусу жана көмөгү менен түзүлгөн эле. Гамбургдагы музейде бул шаардын көп улуттуу порттук шаар экендиги да эске алынып, ошого жараша экспозиция түзүлгөн. Германиянын азыркы турмушунда Туркиядан келген иммигранттардын өзгөчө орду белгиленип, түрктөрдүн турмуш-тиричилигин жана маданиятын чагылдырган туруктуу экспозициясы да бар.

Дүйнө жүзүндөгү эң эзелки жана көрүнүктүү этнографиялык музейлердин бири болгон Берлиндеги Этнография музейи («Museum f³r V¼lkerkunde») азыркы күнгө чейин өзүнүн эң ири илимий борборлук абалын сактап келүүдө. Ал 1855-жылы негизделип, 1980-

жылдардын акырына карата музейдин фондусунда ааламдын эл жашаган аймактарынын көпчүлүгүнөн жыйналып келинген 330 миңден ашуун экспонаты бар. Музейдин сегиз бөлүмүндө этнология жана археология боюнча илим-изилдөө иштери жүргүзүлөт. Бул бөлүмдөр төмөнкүлөр: «Америка археологиясы», «Америка индейлери», «Африка элдери», «Океания элдери», «Түштүк Азия элдери», «Чыгыш Азия элдери», «Европа элдери» жана «Этно-музыка таануу». Музей өзүнүн жылына эки жолу чыкчу «Baessler Archiv» деген мезгилдүү жыйнагын, жана ага тиркеме катары монографияларды, ошондой эле ар кандай музейлик жыйнактарды басмадан чыгарып турат.

Германия этнографиясындагы көрүнүктүү орунду ааламдагы эң эзелки музейлердин бири - Лейпцигдеги «Этнография музейи» ээлеп турат. Анын төмөнкү бөлүмдөрүндө («Чыгыш жана Батыш Африка», «Борбордук, Түштүк жана Батыш Азия», «Индонезия», «Океания», «Америка», «Кытай жана Япония», «Австралия жана Жаңы Гвинея») этнология, этнография жана археология боюнча илим-изилдөө иштери жүргүзүлөт.

Лейпцигдеги музей өзүнүн жыл сайын чыгуучу эмгектерин (Ежегодник), төрт жолу илимий баяндамалардын жыйнактарын, ошондой эле көрүүчүлөр үчүн жол көрсөткүчтөрдү (путеводитель) чыгарып турат. Фондундагы материалдарын студенттердин илимий иштеринде колдонуусуна мүмкүнчүлүк берүү менен бул музей Лейпциг университетинин этнографтары менен да тыгыз чыгармачылык карым–катнашта, кызматташтыкта турат.

Этнография илиминин дүйнөлүк деңгээлде өнүгүшүндө Париждеги ааламга атагы таркаган белгилүү «Адам

музейинин»[31] ролу өтө зор. Францияда бул музей эң ири илимий борборлордун катарына кирет. Анда этнология, археология жана антропология боюнча илим-изилдөө иштери жүргүзүлөт. Ал 1930-жылы «Трокадеро» этнография музейинин базасында түзүлгөн. Ал эми Трокадеро музейи болсо 1878-жылы негизделген болчу. Бул музейдин коллекциялары Франциянын мурдагы колонияларынын, ошондой эле дүйнөнүн башка өлкөлөрүнүн элдеринин маданиятын жана турмуш-тиричилигин чагылдырып көрсөтө алат. Музейдин илим-изилдөө иштерине көптөгөн белгилүү жана атактуу француз этнографтары, антропологдору жана археологдору катышып келишүүдө. Бул музейдин төмөндөгүдөй илимий бөлүмдөрү бар: Антропологиялык изилдөөлөрдү даярдоо борбору; Океания изилдөөчүлөр коому; Элет (айыл) жерлеринин этнографиясын изилдөө тобу ж. б.

Антропологиялык изилдөөлөрдү даярдоо борборун бир нече жылдар катары менен VI МКАЭНдин катчысы, профессор А.Леруа-Гуран жетектеп келген. Ал музейдин дагы бир илимий борборун - адамзат тарыхы башталганга чейинки мезгилди изилдөө бөлүмүн жетектеп турган. Океанияны изилдөөчүлөрдүн коому болсо ар жыл сайын өзүлөрүнүн журналын («Журнал Обїества Океанистов») чыгарып турат.

Адам музейинин камкордугу (эгида) менен Антропология жана этнология илимдеринин Эл аралык союзу түзүлгөн. Ал союздун президенти болуп мурдагы VI МКАЭНдин президенти, көрүнүктүү француз антропологу А.В.Валлуа шайланган. Вице-президенттердин арасында СССРдин көрүнүктүү окумуштуу-этнографтары да бар эле,

[31] Musee de L'Homme. Бул музей 1877-жылы негизделген.

алар: ИАнын корреспондент-мүчөсү С.П.Толстов, андан кийинки жылдары академик Ю.В.Бромлей ж. б.

Америка индейлеринин жана ааламдагы башка элдердин этнографиясын чагылдырып көрсөткөн эң баалуу коллекцияларды жыйноо, сактоо, иштеп чыгуу жана пропагандалоо боюнча АКШнын ири музейлеринин ролу өтө маанилүү. Америкадагы көпчүлүк музейлер өз коллекцияларынын негизинде илимий эмгектердин жыйынтыктарын чыгарып турушат. Мындай ири музейлеринин жана алардын бөлүмдөрүнүн катарына Нью-Йорктогу Америка тарыхы музейинин антропология бөлүмү; Бруклиндеги тарых музейинин Алгачкы коомдогу искусство жана маданият бөлүмү; Чикагодогу тарых жана талаа изилдөөлөр музейинин антропология бөлүмү; Гарвард университетинин алдындагы Антропология жана археология музейи (б. а. Пеабоди музейи) ж. б. киришет. Аталгандардын ичинен Нью-Йорктогу музей этнология, археология жана физикалык антропология боюнча илим-изилдөө иштерин жүргүзүп, «Антропологиялык жазуулар» («Антропологические записки») деген жыйнак чыгарып турат. Бөлүмдүн фондунда Джузепанын экспедициясы тарабынан 1900-1901-жылдары Россиянын Арктика аймагында жашаган элдердин турмуш-тиричилигин чагылдырган уникалдуу коллекция сакталуу. Бруклин музейинин аталган бөлүмүндө болсо АКШнын түштүк аймактарында, Борбордук Америка, Перу, Африка жана Океания өлкөлөрүндө жашаган уруулар жана элдер боюнча баалуу коллекциялар бар. Чикагодогу музейдин антропология бөлүмүндө жалпы эле Америка, Океания, Кытай, Африка өлкөлөрүндөгү элдердин маданиятын жана турмуш-тиричилигин, ошондой эле Европанын алгачкы коом мезгилиндеги тарыхый өнүгүшүн ачып көрсөтө алган коллекциялар топтолгон.

Гарвард университетинин алдындагы Пеабоди музейине токтоло турган болсок, ал этнографиялык жана антропологиялык изилдөөлөрдө өз алдынча мааниге ээ. Бул этнографиялык борбор үзгүлтүксүз (регулярдуу) түрдө «Пеабоди музейинин жазуулары» («Записки Пеабоди музея»), «Пеабоди музейинин мемуарлары» («Мемуары Пеабоди музея»), ар кандай бюллетендерди, ошондой эле советтик этнографтардын илимий эмгектерин которуунун натыйжасында атайын «Орус тилинен котормолордун сериясын» чыгарып турат.

Вашингтондогу улуттук тарых музейинин антропология бөлүмү аталган музейлердин ичинен эң маанилүү, эң башкы орунда турарын айтпай кетсек туура болбос. Ал Смитсон институтунун (Smithsonian Institute) системасына кирет. Бул музей Веннер-Грен фондусунун каражаттарынын эсебинен этнология, археология жана физикалык антропология боюнча эң кеңири жана масштабдуу изилдөөлөрдү жүргүзөт. Музейдин фондунда негизинен Түндүк Америка ошондой эле башка континенттердеги өлкөлөрдүн элдеринин этнографиясы боюнча баалуу коллекциялар бар. «Смитсондун антропологияга кошкон салымы» деген жалпы аталыш менен, бул жерде ар кандай монографиялар жана илимий жыйнактар чыгарылып турат.

Өз алдынча этнографиялык борбор боло албаган[32], бирок элдердин турмуш-тиричилигин, маданиятын

---

[32] Мисалга, X1X кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башталышында бир катар өлкөлөрдө этнографиялык багыттагы музейлер ишке киришишкен: 1872-жылы – Будапештте, 1874-жылы Стокгольмдо, 1883-жылы – Роттердамда, 1888-жылы Варшавада, 1889-жылы – Гонолулуда (Гавай аралдары) «Бишоп музейи», 1893-жылы Софияда, 1897-жылы Брюсселде, 1910-жылы – Краковдо ж. б.

чагылдыруучу бай коллекциялары бар музейлердин катарына төмөндөгүлөр кирет: Прагадагы Напртсков музейинин, негизинен, славян ж. б. элдери боюнча; Оттавадагы Канаданын Улуттук музейинде канадалык индейлер жана эскимостор; Прагадагы Хрдличка атындагы Адам музейинде Түндүк жана Тропикалык Африка элдери; Сувадагы Фиджи музейинде  Фиджи, Соломон, Жаңы Гвинея, Микронезия аралдарынын элдери; Швейцариядагы этнография музейи Африка элдери (анда 40 миңдей экспонат бар); Королева Викториянын музейинде тасманиялыктардын таштан, сөөктөн, жыгачтан жасалган сейрек кездешүүчү буюмдары (экспонатынын саны 15 миңдей) ж. б. коллекциялар жана экспонаттарга ээ музейлер.

## 2.5. Журналдык борборлор жана коомдор

Бир катар өлкөлөрдө этнографиянын өз алдынча, көз каранды эмес музейдик же жогорку окуу жай борборлору бар экендигине күбө болдук. Ал эми мындай бирдиктүү борборлору жок жерлерде этнографтардын ишмердигин бир багытка салып координациялоочу орган катары ар түрдүү ассоциациялар же коомдор жана алар чыгарып турган журналдар кызмат кылышкан. Мындай учурларда өкмөттүк эмес ассоциация же коом аркылуу бир өлкөнүн этнографтарын бириктирип, ошол коомдун каражатына каржыланган  жана ал аркылуу шайланган өз редколлегиясы бар журнал белгилүү бир илимий идеялардын баштоочусу жана активдүү иш жүзүнө ашыруучусу болуп калган. Ошону менен бирге мындай журнал этнографиялык изилдөөлөрдүн

проблематикаларына жана методикасына да белгилүү бир деңгээлде өз таасирин тийгизип турган.

Кээ бир улуттук ассоциациялар же коомдор өзүлөрүнүн ишине башка өлкөлөрдүн өкүлдөрүн да тартышат. Мындай учурларда алардын иштери жана басып чыгарган эмгектери эл аралык мүнөзгө ээ болот.

АКШдагы этнографиянын абалы жөнүндө сөз кыла турган болсок, бул жерде эң keминде үч ири этнографиялык борбор бар экендигин өзгөчө бөлүп көрсөтүшүбүз керек. Мисалга, АКШнын алдыңкы университеттеринин жана музейлеринин адис–этнографтарын Улуттук Академиянын антропология бөлүмү бириктирип, баш коштуруп турса, АКШнын Чыгышында жайгашкан университеттердин этнографтарын негизинен Америка антропология ассоциациясы, ал эми Батыш тарабындагы университеттердин жана музейлердин, өзгөчө Чикаго тараптагы этнограф-адистерди Веннер–Грен фондусунун ар кыл уюмдары бириктирип, баш коштуруп турат. АКШнын Батышынын этнографтары 1960-жылдан бери Чикагодо чыгарылып келе жаткан «Азыркы Антропология» («Current Anthropology») журналынын алкагында да биригишкен.

Россиядагы этнографиянын өнүгүү тарыхына кайрыла турган болсок, анда Орус жана советтик этнографиянын өнүгүшүндө Орус география коомунун (РГО) ролу теңдешсиз экендигин белгилей кеткенибиз оң. Бул коомдун алдында этнография бөлүмү иштеп, ал 1853-1864-жылдары «Этнографиялык жыйнактарды»[33], ошондой эле «Императордук ОГКнын этнография бөлүмү боюнча

[33] «Этнографические сборники Императорского Русского географического общества».

жазууларын»[34] чыгарып келген. Бул басылмалардын мураскору жана ишин улантуучусу болуп 1990-жылдарга чейин чыгарылып келген «СССР География коомунун этнография бөлүмүнүн этнографиялык жыйнактары»[35] эсептелген.

XIX кылымдын аягында ОГК Сибирь, Поволжье, Урал региондорунун ири борборлорунда өзүнүн филиалдарын түзгөн. Мунун өзү Россияда жашаган элдер боюнча баалуу этнографиялык маалыматтардын жыйналып топтолушуна өбөлгө түздү. География коомунун Сибирь регионундагы филиалдарында падыша өкмөтүнө каршы күрөш жүргүзгөн Россиянын көрүнүктүү революционерлери эмгектенишкен. Алар орус илиминде прогрессивдүү гуманисттик көз караштарды жайылтуучулар катары белгилүү. Акыркы мезгилдерге чейин СССР География коомунун этнография бөлүмдөрү жана комиссиялары Ленинградда жана анын Москвадагы филиалында өз иштерин улантып келишти.

Чет өлкөлөрдө болсо этнография боюнча коомдор жана ассоциациялар XIX кылымдын орто ченинде жана акырында, кээ бирлери XX кылымдын биринчи жарымында түзүлгөн. Алардын көпчүлүгү азыркы кездерге чейин иш алып барат. Мындай борборлордун катарына төмөнкүлөрдү кошсок болот: 1843-жылы Улуу Британияда этнология коому, андан соң (1863-ж.) антропология коому[36]; Венада (1894-ж.) түзүлгөн Австрия

---

[34] «Записки Императорского Русского географическог общества по отделению этнографии».

[35] «Этнографические сборники отделения этнографии Географического общества СССР».

[36] Ethnological Society, Anthropological Society; 1871-жылы бул коомдордун базасында Улуу Британия жана Ирландиянын Королевалык антропология институту түзүлгөн (Royal Anthropological Institute of Great Britain and Ireland).

этнография коому; Буэнос–Айрестеги (1936-ж.) Аргентина антропология коому; Будапешттеги (1889-ж.) Венгрия этнография коому; Берлиндеги (1869-ж.) антропология, этнология жана алгачкы тарых коому[37]; Римде жана Флоренцияда (1871-ж.) Италия антропология жана этнография коому[38]; Веллингтондогу (1892-ж.) Полинезия этнография коому[39]; Вроцлавдагы (1895-ж.) Польша этнография коому; Вашингтондогу (1902-ж.) Америка антропология ассоциациясы[40]; Париждеги (1839-ж.) этнология коому[41]; Япон этнология ассоциациясы (1942-ж.) ж. б. ушулар сыяктуу коомдордун катарында өзгөчө орунду "Кудай сөзү коому" ээлеп турат. Бул Эл аралык миссионердик уюмдун борбору Венада жайгашып, анын Берлинде, азыркы кезде болсо Зигбург шаарынын жака белиндеги Ыйык Августин кечилинде (монастырь) бөлүмү иш алып барат. Бул уюмдун Эл аралык Антропос институту (Anthropos Institut) жана атайын «Антропос» («Anthropos») журналы, ошондой эле «Current Anthropology» журналынын алдында ассоциациясы да бар. Бул журнал болсо, өз кезегинде, жалпы эле адам жөнүндөгү илимдердин тармагына кирген изилдөөлөрдү

---

[37] Gesellschaft f³r Anthropologie, Ethnologie und Urgeschichte; Бул коом ошол эле жылдан өзүнүн журналын (Zeitschrift f³r Ethnologie) да чыгарып келе жатат.

[38] Societa Italiana di antropologia e di etnologia.

[39] Бул коом жаңы зеландиялык окумуштуу Перси-Смиттин демилгеси менен түзүлүп, өз журналын (The Journal of the Polynesian Society) чыгарып келе жатат.

[40] American Anthropological Association. Бул уюм да бара-бара адистешүүгө өтүп, өз-өзүнчө коомдор түзүлгөн: American Ethnological Society (1942).

[41] Societe d'ethnologie de Paris. Бул коом кийинчерээк (1859) кесиптик багытка өтүп, антропология жана этнология боюнча өз алдынча коомдор (Societe d'anthropologie, Societe d'ethnologie) түзүлгөн.

башкарып, нукка салып, ачыктан-ачык эле эл аралык органдын ролун аткарууга далалаттанат. «Current Anthropology» журналынын алдындагы ассоциациянын мүчөлөрүнүн катарында ар түрдүү өлкөлөрдүн кээ бир окумуштуулары гана болбостон, этнография илим-изилдөө институттарынын, музейлердин жана жогорку окуу жайлардын адис жамааттары да боло алышат.

Бул ассоциациянын мүчөсү болуу үчүн жылына 39 америка доллары менен мүчө акы (взнос) төлөп туруу керек. Алар аталган журналдын бир жылдык сандарын, ошондой эле Веннер-Грен фондунун антропологиялык изилдөөлөрү боюнча бир катар илимий басылмаларын жана жыйнактарын алып турууга укуктуу. Ал эми «үчүнчү өлкөлөрдүн» («третий мир») окумуштуулары үчүн ассоциацияга мүчө болуу акысы 20 доллар. «Current Anthropology» журналынын алдындагы бул ассоциациянын алдына койгон максаты эл аралык деңгээлде болуп, аны негизинен АКШнын окумуштуулары жетектешет. Ал эми журналдын өзү, бир кыйла жылдардан бери, Чикаго университетинин басма сөз органы болуп саналат.

Гавай университетинин антропология бөлүмүнүн алдында түзүлгөн Ыраакы Чыгыш алгачкы коом тарыхы ассоциациясы да өзгөчө коомдук жана журналдык борбор болуп саналат. Анын мүчөлөрүнүн катарында ар түрдүү өлкөлөрдүн (б. а. эл аралык деңгээлдеги) окумуштуулары бар. Алар жылына эки сандан чыгуучу («Asian perspective») деген наамдагы Эл аралык журналды чыгарып турушат. Журналдын редколлегиясынын составы да, авторлору да эл аралык. Аталган коомду түзүүнүн жана анын журналын негиздөөнүн демилгечиси - көрүнүктүү археолог, Түштүк Чыгыш Азия жана Океания өлкөлөрү боюнча адис - Вильгельм Солхэйм II. Бул коомдун мүчөлөрү жана журналда кызматташ авторлор

негизинен Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия, Австралия жана Океания элдеринин этнографиясын жана байыркы тарыхын изилдөөнүн үстүндө эмгектенишет.

АКШ, Берлин жана Париждеги алдыңкы катардагы коомдордун милдеттерине жана мүчөлөрүнүн составына бир аз кеңирирээк токтолуп өтөйлүк.

Жетекчи органы Вашингтондо жайгашкан Америка антропология ассоциациясы АКШдагы этнология, лингвистика, физикалык антропология, социалдык антропология жана археология (жалпы жана теориялык) боюнча изилдөө иштерин координациялоочу коом катары 1902-жылы түзүлгөн. Ассоциациянын милдеттери: америкалык антропологдордун илимий эмгектеринин басылып чыгышына көмөктөшүү; алардын пикир алышуусу үчүн ар жыл сайын жолугушууларын уюштуруу, өз мүчөлөрүнүн кесиптик кызыкчылыгын коргоо ж. б.

Антропология (этнография) илиминин актуалдуу проблемаларын чечүүгө кызыккан ар бир адис–окумуштуу бул ассоциациянын мүчөсү болууга укуктуу. Философия илимдеринин доктору деген илимий даражасы бар, же антропология боюнча көрүнүктүү илимий макалалары бар адис-антропологдор бул ассоциациянын кайсы бир мүчөсүнүн сунушу, же аткаруу комитетинин катчысынын чечими менен ассоциациянын мүчөлүгүнө шайланып кабыл алынышат. АКШнын шаарларынын биринде жылына бир ирет съезди өткөрүлүп, ал ассоциациянын президентин жана аткаруу комитетинин катчысын шайлайт. Бул ассоциация негизделгенден бери анын курамына 1888-жылдан бери чыгып келе жаткан «Америка антропологу»[42] деген журналдын редколлегиясы да кирет. Азыркы кезде

[42] American Anthropologist.

жылына 5-6 сандан (кээде айына бир жолу, айрым мезгилдерде үч айда бир сандан) чыгып турган бул журнал ассоциациянын негизги басма сөз органы болуп саналат. Акыркы жылдары ассоциациянын мүчөлөрүнүн саны бир нече миңге жетти. Алардын бардыгы бул журналды өз алдынча (жеке) же коллективдүү (университет, институт, музей, б. а. кызмат кылган жериндеги) жазылуучусу (подписчик) болуп саналышат.

АКШдагы антропология илиминин курамына кирген накта этнографиянын маанисинин жогорулашы XX кылымдын 70-жылдарында «Америка этнологу»[43] аттуу атайын журналдын негизделишине жол ачты. Бул журнал Америка антропология ассоциациясынын өзүнчө бир бөлүмү болуп эсептелген Америка этнология коому тарабынан үч айда бир сандан чыгарылып турат.

Берлиндеги антропология, этнология жана алгачкы тарых коому (кыскача – Берлин антропология коому) мындан бир жарым кылымдай илгерирээк түзүлгөн (1869-ж.). Анын негизги милдеттери: маданий антропология жаатында изилдөөлөрдү координациялоо; өз мүчөлөрүнүн, ошондой эле калктын калың катмарында этнографиялык билимдерди жана жаңы жетишкендиктерди таркатып жайылтуу. Бул коом Берлинде чыгуучу этнографиялык журналдардын жарык көрүшүн жана адистик симпозиумдардын материалдарынын басылып чыгышын каржылоого алып, жардам берип турат. Акыркы жылдары коомдун мүчөлөрүнүн саны 400-500 адамдан ашпайт. Коомдун жыйналыштары бардыгы үчүн ачык, жана ал ай сайын өткөрүлүп турат.

Орус география коомунун этнография бөлүмүнөн кийин эле ааламда пайда болгон алгачкы коомдордун бири 1859-

---

[43] American Ethnologist.

жылы негизделген Париж антропология коому. Ал этнография, физикалык антропология жана алгачкы коом тарыхы (б. а. археология) жаатындагы изилдөөлөрдү координациялайт. Анын максаты - кеңири масштабдуу илимий жыйындарды жана конференцияларды уюштуруу, ошондой эле илимий эмгектерди басып чыгаруу жолу менен өз мекениндеги антропология илиминин өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү. Бул коомго Франциянын аймагында жашап, антропология илимине кызыккандардын бардыгы мүчө болуп кире алат. Коомдун мүчөлөрүнүн катарында чет өлкөлүк көрүнүктүү окумуштуулардын арасынан шайланган ардактуу анык мүчөлөр жана корреспондент-мүчөлөр да бар. Коомдун жыйналыштары ноябрдан июнга чейин айына бир жолудан өткөрүлөт. Бул коом өзүнүн бюллетенин жана Париж антропология коомунун жазууларын (Записки ….) чыгарып турат. Мындан тышкары Франция этнографиясынын эң ири журналдык борбору болуп эсептелген «Антропология»[44] журналы менен да активдүү кызматташ болуп турушат.

Этнография боюнча борборлор жөнүндөгү бөлүмдү аяктап жатып биз үчүн салттык болуп калган этнографиялык музейлердин, ошондой эле акыркы жылдары жетишерлик активдүү түрдө түзүлүп жаткан ачык асман астындагы этнографиялык парк-музейлердин (аны кээде **скансен**[45] деп да аташат) маанилүү ролун баса көрсөтүп кеткенибиз оң.

---

[44] L'Anthropologie.

[45] Скансен - швед тилинен которгондо окоп деген маанини берет. 1880-жылы Дьюгарден аралындагы XVII кылымдан калган фортификациялык курулуштары бар дөңсөөгө жакын жерде Артур Хацелиус өзүнүн «Түндүк музейин» түзгөн кезде, ачык жерлердеги экспонаттардын комплексин «скансен» деп атаган. Аралдын адыр-дөңдөрүндө Хацелиус бирин-экин турак жайларды гана эмес, бүтүндөй короо-жайлардын комплексин (усадьба) көрсөтө алган.

Хацелиус уюштуруп түзгөн ачык асман астындагы музей эң алгачкылардан болуп саналбагандыгына карабастан[46] накта швед «скансен» термини Батыш Европадагы ачык жердеги этнографиялык музейлердин жалпы аталышы катары колдонулуп калды.

Этнографиялык коллекцияларды чогултуунун негизги принциптеринин бири - бул белгилүү бир этнос өзү жаратып, күндөлүк турмуш-тиричилигинде колдонуп келген буюмдун өзүн (б. а. түп нускасын) музей үчүн алуу; дал ушундай шартта гана музей үчүн жыйналган этнографиялык буюм-теримдер кандайдыр бир илимий проблемаларды чечүү үчүн баалуу булак болуп эсептелишет. Музейлердин фонддорунда жана экспозицияларында буюмдун иммитациясынын (мейли ал эң чебер жасалбасын), кичирейтилген же чоңойтулган көчүрмөсүнүн (копия) жасалма түрүнүн болушуна жана сакталышына жол коюлбайт. Өтө зарыл болгон учурда буюмдун түп нускасынын бардык антропологиялык өлчөмдөрүн, конкреттүү тибин жана сапаттарын бузбастан, атайын өнөрканаларда жасалган манекендерди же муляждарды коюуга болот. Мында да ошол предмет турчу жердин фонуна, физикалык–географиялык чөйрөсүнүн так болушуна көңүл бурулат.

Кыскасын айтканда, эгер этнографиялык музейге коюлуучу кандайдыр бир буюм конкреттүү этнос тарабынан жасалбаса же колдонулбаган болсо, андай

[46] Мисалга, Хацелиуска чейин эле ушул типтеги музейлер Норвегияда бар болчу. Ал эми Москвада (1867-ж.) жана Венада (1873-ж.) өткөрүлгөн этнографиялык, ошондой эле Париждеги (1878-ж.) Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөлөрдө экспозицияларды ачык жерде түзүү кеңири тажрыйбаланган.

буюмдун музей үчүн да, көрүүчүлөр үчүн да, илимий чөйрө үчүн да баалуулугу болбойт. Музейлерде модель, манекен, муляждарды коюунун зарылдыгы эмнеден келип чыкты ? Кээ бир нерселерди, мисалга, турак жай, транспорт каражаттары ж. б. түп нускасында жана өзүнүн өлчөмүндө музейдин имаратынын ичинде экспозиция катары берүү оңойго турбайт же мүмкүн эмес. Дал ушундай учурларда ошол буюмдардын моделдерин түзүү зарылчылыгы келип чыгат. Ал эми азыркы кездеги этнопарктар – ачык жердеги музейлер - моделдерди пайдаланып олтурбастан, түз эле буюмдун өзүн көрсөтө алат. Ушунун өзү коюлган экспонаттын илимий баалуулугун арттырат.

XX кылымдын 80-жылдарынын башталышына карата ааламдагы 30 өлкөдө алты жүздөй этно-парк болгон, анын ичинде элүүгө жакыны СССРде. Совет өлкөсүндөгү эң алгачкы этнопарк – бул 1924-жылы негизделген Бривдабас латыш музейи.

## 2.6. Негизги мезгилдүү басма сөз каражаттары жана монографиялардын типтери

Мурунку СССР жана чет өлкөлөрдөгү ар кандай жалпы тарых, философия жана социологиялык журналдарда[47] этникалык тарых, материалдык жана рухий

---

[47] Мисалга, булардын катарына СССР ИАнын «Вестник Древней истории», «Вопросы истории», «История СССР», «Новая и новейшая история», «Народы Азии и Африки», «Проблемы Дальнего Востока», «Вопросы философии», ошондой эле Москва мамлекеттик университетинин алдындагы

маданият, үй-бүлө жана нике мамилелерин ж. б. у. с. этнографиялык проблемаларды чагылдырган ар түрдүү илимий изилдөөлөр, макалалар жарык көрүп турган. Ал эми дүйнө жүзүндө булардан тышкары дагы ондогон атайын этнографиялык (антропологиялык) журналдар жана мезгилдүү жыйнактар чыгарылып турат. Басылмалардын дээрлик көпчүлүгү регионалдык мүнөзгө ээ, б. а. алар өз өлкөсүнүн же ааламдын бир регионунун этнографиялык проблемаларын чагылдырышат. Мындан тышкары бир катар өлкөлөрдө этнографиянын глобалдык, ошондой эле жалпы илимдик теорияларын чагылдырган мезгилдүү басылмалар жарык көрүп турат. Алардын катарына Россия, Франция, Англия, Германия, АКШ, Япония ж. б. өлкөлөрдө чыгуучу журналдарды кошсок болот. Россияда МАЭнин жыйнактарынан жана ГМЭнин эмгектеринен кийинки эле эң алгачкы жарык көргөн этнографиялык басылмалардын бири украин тилинде чыгуучу «*Эл чыгармачылыгы жана этнография*»[48] деген журнал болуп эсептелет. Ал 1925-жылдан негизделип, алгачкы жылдары Харьковдо, андан соң Киевде басылып, ар жыл сайын алты саны чыгат. Бул журнал биринчи кезекте украин, ошондой эле жалпысынан славян элдеринин этнографиясынын маанилүү маселелерин чагылдырып турат.

1926-жылдан «*Этнография*» деген жалпы союздук журнал чыга баштады. Ал 1931-жылдан «*Советская этнография*» деп аталып, 1938-1947-жылдардын аралыгында макалалардын жыйнагы катары чыгып келди. Бул басылма 1946-жылдан кайрадан журналдык мүнөзгө ээ болуп, алгачкы учурларда жылына 4 сандан, кийинчерээк

Антропология институтунун мезгилдүү жыйнагы «Вопросы антропологии» ж. б. кирет.

[48] «Народное творчество и этнография».

– 6 сандан чыгып турду. 1991-жылы Советтер Союзу ыдырап кулагандан бери аталган журнал «*Этнографическое обозрение*» деген аталыш менен жылына 4 сандан чыгууда. «Советская этнография» дүйнө жүзүндөгү бардык элдер боюнча этнографиялык, антропологиялык, айрым учурда археологиялык макалаларды жана материалдарды, теориялык изилдөөлөрдү, Советтер Союзундагы жана чет өлкөлөрдөгү аталган илимди камтыган маалыматтарды (информация), ошондой эле кеңири библиографияны чагылдырып турган этнографтардын борбордук журналы болгон. Бул журналда чет өлкөлүк окумуштуулардын макалалары да такай жарык көрүп турган. Андагы материалдардын жайгашуусу да ушул типтеги басылмалар үчүн мүнөздүү: журналдын биринчи барактары жалпы бөлүм деген рубрика менен ачылып, анда илим-изилдөө иштеринин натыйжалары жөнүндөгү макалалар берилген. Андан соң илимий дискуссиялардын жана талкуулардын материалдары, кыскача кабарлар, б. а. жүргүзүлүп жаткан изилдөө иштеринин кыскача алгачкы жыйынтыктары орун алган.

1960–жылдары жаңы киргизилген «Изденүүлөр. Фактылар. Гипотезалар» деп аталган рубрикада илимий-көркөм формадагы дүйнө элдеринин этникалык тарыхын чагылдырган материалдар жарык көргөн.

Журналдын ар бир санынын акыркы барактары «Сын жана библиография» бөлүмүнө берилип, анда этнография боюнча жарык көргөн илимий эмгектерге жана макалаларга жалпы обзор, ошондой эле сын-пикирлер жарыяланат. Библиография бөлүмүндө адабияттарга обзор берүү төмөндөгүдөй; Жалпы этнография; СССР элдеринин этнографиясы; Европа; Чет Азия; Австралия жана Океания; Америка жана Африка элдери. «Советская этнография» журналын академиялык институттун башка

мезгилдүү басылмаларындай эле дүйнөдөгү эң ири китепканар жана чет өлкөлөрдөгү этнографиялык борборлор алып турган. Басылмалардын ушул сыяктуу тибине, б. а. дүйнөдөгү бардык элдердин этнографиясын чагылдырып, ошондой эле теориялык, дискуссиялык жана библиографиялык материалдарга да кеңири орун берген журналдардын катарына төмөнкүлөрдү кошсок болот: 1872-жылдан бери Лондондо чыгып келе жаткан дүйнөдөгү эң алгачкы этнографиялык басылмалардын бири - «*Улуу Британия жана Ирландиянын Королевалык Антропология институтунун журналы*»[49].Жыл сайын анын 4 саны чыгат. Кийинчерээк (1890) «*Фольклор*» (Folk-lore) журналы да негизделди.1890-жылдан бери Парижде француз тилинде «*Антропология*» («L'Anthropologie») журналы жылына 3 сандан чыгат. Бул басылма ошол кезге чейин кез-кезде чыкчу «Табигый тарых боюнча материалдар», «Антропологиялык баяндама» жана «Этнографиялык баяндамалар» аттуу үч жыйнактын биригүүсүнүн натыйжасында ошолордун ордуна негизделген. 1906-жылдан бери ошол кезде Австро-Венгрияда болгон Антропос институту тарабынан немецтик «*Антропос*» («Anthropos») журналы чыгарылып келе жатат. Бул басылма башта Венада, андан соң Берлинде, акыркы кездерде болсо Зигбург шаарынын жака белиндеги Ыйык Августин кечилинде (монастырь) жылына үч сандан басылып чыгууда. «Антропостун» структурасы биз жогоруда сөз кылган Россияда, Улуу Британияда же Францияда чыгып келе жаткан журналдардын структурасынан анча айрымаланбаганы менен, бул басылма, өзүнүн подзаголовогунда көрсөтүлгөндөй, «Эл аралык этнологиялык жана лингвистикалык баяндама» болуп эсептелет. Мына ошол себептен, анын мазмунунда (өзгөчө акыркы жылдардан

[49] «The Gournal of the Royal Anthropological Institute of Great Britain and Ireland».

бери) немец, француз жана англис тилдериндеги түп нуска (оригиналдуу) макалаларды тапса болот.

Эгерде Антропос институту – бул Эл аралык «Кудай сөзү» коомунун илим-изилдөө мекемеси экенин дагы бир ирет эске салып кете турган болсок, анда бул институттун негизги басма сөз органы болуп саналган «Антропос» журналынын клерикалдык багытта экени өзүнөн-өзү түшүнүктүү болот. Германияда 1909-жылдан бери «*Этнология*» (Ethnologica) журналы да жарык көрүп келүүдө.

Биз жогоруда сөз кылган журналдардын беттеринде дүйнөлүк этнографиядагы негизги школалардын жана багыттардын теориялык жоболору жана ойлору калыптанып түзүлүп жарыя болгон жана илимий электен өткөн. Ал багыттар жана школалар: советтик этнография школасы, Англиянын эволюциялык жана функционалдык; Франциянын социологиялык жана структуралисттик; Антропос институтунун же Австрия, Германиянын маданий-тарыхый школалары. Ааламдын ар кайсы өлкөлөрүндө жана булуң-бурчтарында жүргүзүлгөн этнографиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларын чагылдырган материалдар аталган журналдарда жарык көрүп, алар адис-этнографтар үчүн кызыгуу туудурбай койбойт.

Улуу Британия жана Ирландиянын Королевалык Антропология институту өзүнүн «калың» журналына оперативдик тиркеме катары 1901-1964-жылдары айына бир жолу чыгуучу анча көлөмдүү эмес, бирок өтө көркөм коолдолуп иллюстрацияланган «*Адам*» («Man») аттуу журналын чыгарып келди. Бул көркөм басылма 1964-1966-жылдары эки айда бир жолудан чыгарылса, 1964-жылдын март айынан ушул кезге чейин жаңы серияда жылына 4 сандан чыгып келе жатат. «Man» журналы англис тилдүү окурмандарга арналган эң кеңири тараган журналдардын бири. Ал аркылуу этнография жаатында

ааламда болгон жаңы илимий ачылыштар, басылмалар тууралуу маалыматтар менен таанышса болот.

Америка Антропологдорунун ассоциациясы түзүлгөндөн бери ал дагы АКШнын этнографтары үчүн «*Америка антропологу*», «*Америка фольклору*»[50] деген журналдарды 1880-жылдардан бери чыгарып келе жатат. Бул басылмалардын тематикасы, структуралык түзүлүшү жогоруда аталган журналдардыкына окшош. Алгачкы мезгилдерде алардын негизги тематикасы америка индейлеринин жана АКШнын экспансиялык зонасына кирген өлкөлөрдүн элдеринин этнографиясын, фольклорун чагылдыруу, ошондой эле талаа изилдөө иштеринин методикасына арналган болсо, акыркы жылдары, өзгөчө экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бул басылмалар чагылдырган этнографиялык проблематика кеңейип, теориялык багыттагы макалаларга да кеңири орун бериле баштады. Так ушул «Америка антропологу» журналынын беттеринде этнографиядагы психологиялык (психорасисттик) школанын концепциялары, ошондой эле «баалуулук теориясы», неоэволюционизм (неоморганизм) багыттарынын теориялык жоболору жана бүтүмдөрү жарыяланып, илимий чөйрөгө белгилүү болду. АКШ этнографтарынын бул басылмасы Англиянын «Адам» журналы сыяктуу эле англис тилдүү окурмандарга арналган, эң кеңири тараган дүйнөлүк маанидеги этнографиялык журнал. Ал жылына алты жолу чыгып, тиражы алты миң нускадан ашат. Журналга тиркеме катары мезгил-мезгили менен талаа изилдөөлөрүнүн жыйынтык материалдары жана монографиялар өзүнчө чыгарылып турат. XX кылымдын 70-жылдарынан бери АКШда «Америка этнологу»[51] деген журнал чыга баштаганына токтолгонбуз. Ал «Америка

---

[50] «American Anthropologist», «Journal of American Folklore».

[51] «American Ethnologist».

антропологунан» өзүнүн край таануучулук, нукура этнографиялык багыты менен айырмаланат.

1910-жылдан бери алгач Лейпцигде, кийинчерээк Берлинде материалдарын үч тилде (немец, англис жана француз) баскан («Baessler Archiv») аттуу журнал чыгарылат. Анын негизги тематикасы – дүйнө элдеринин музейдеги этнографиялык материалдарын сүрөттөп баяндап берүү. Жылына эки жолудан чыгарылган бул мезгилдүү басылма Берлиндеги атактуу Этнография музейинин жана анын Лейпцигдеги бөлүмүнүн басма сөз органы. Бул музейдин негизги экспозициясы Берлинде болгондуктан Лейпцигде да өз алдынча Этнография музейи уюштурулган. Өз кезегинде бул музей да мезгил-мезгили менен илимий кабарларын, жазмаларын жарыялап турган. «Baessler Archiv», негизинен музей басылмасы болгондуктан, ал биз жогоруда сөз кылган башка журналдарга караганда көркөм-иллюстративдик материалдарга бай.

1865-жылдан бери Токио университетинин алдында түзүлгөн Япон Антропология коомунун ушул эле аталыштагы журналы[52] («Дзиндруи–гаку-дзасси») жылына 4 сандан япон тилинде чыгарылып келе жатат. Бул Күнчыгыштагы этнография жана антропология маселелерин чагылдырган, көбүрөөк регионалдык мүнөзгө ээ болгон эң алгачкы журналдардын бири. Акыркы мезгилдерде бул басылма өзүнүн беттеринде жалаң гана Япония антропологиясына байланыштуу материалдарды баспастан Тынч Океан бассейнинде жайгашкан коңшу өлкөлөрдүн элдери боюнча да изилдөөлөрдү чыгарып турат. Көпчүлүк макалалардын соңунда англис тилинде резюме берилет.

[52] “Gournal of the Anthropological Society of Japan”

XX кылымдын 40-жылдарынын башталышында Япон этнология ассоциациясы түзүлүп, ал да өзүнүн журналын[53] («Миндзоку–гаку-кенюю») чыгара баштады. Бул жаңы басылманын тематикасы негизинен этнографиялык мүнөздө болуп, ал эми Токио университетинин басылмасы (“Gournal of the Anthropological Society of Japan”) биринчи кезекте археология жана физикалык антропология боюнча материалдарды басууга адистешти.

1961- жылдан бери француз этнографтарынын төрт айда бир жолу жарык көрүүчү жаңы басылмасы «*Адам*» («L'Homme») журналы чыгууда. Аны Париждеги Сорбонн Жогорку практикалык окуу жайы чыгарат. Бул Франция этнографиясы боюнча теориялык жана методикалык журнал. Анын беттеринде этнографиянын жалпы жана регионалдык проблемалары чагылдырылып, ал Франция антропологдорунун (этнологдорунун) башкы баяндамачысы болуп саналат. Журналдын редколегиясынын курамына бир катар жылдар бою структурализм багытынын негиз салуучуларынын бири, көрүнүктүү окумуштуу Клод Леви–Стросс кирип турган.

Германия ИАсынын Немец этнография институту 1960- жылдан бери Дрезденде жана Берлинде жылына эки сандан немец тилинде чыгуучу этнография жана фольклор боюнча эл аралык информациялык «*Демос*» («Demos») журналын чыгарып келе жатат. Бул басылманын редколлегиясынын курамына Европа социалисттик өлкөлөрүнүн жана СССРдин өкүлдөрү кирип турган. Журналдын негизги максаты – аталган өлкөлөрдөгү этнография жана фольклористика жаатындагы, анын ичинен биринчи кезекте жалпы илимий теориялык жана Европа өлкөлөрүндөгү регионалдык маселелерди, оперативдик

[53] «The Gournal of Japanese Ethnology».

маалыматтарды адистердин, ошондой эле окурмандардын кеңири катмарына жеткирүү болуп саналат[54].

Ааламда жарык көрүп келе жаткан көп сандаган журналдардын арасынан Чикаго университети тарабынан чыгарылчу, биз жогоруда сөз кылган «Current Anthropology» журналы өзгөчө орунда турат. Ал Веннер–Грен фондунун антропологиялык изилдөөлөр үчүн бөлүнгөн каражатына чыгарылат. Бул басылманы биз жөн эле катардагы журнал катары карабастан, этнография илиминин, же жалпы эле адам жана анын коому жөнүндөгү илимдердин өнүгүүсүн жөнгө салуучу, ааламдагы этнографтардын, анын ичинде журналдын өз авторлорунун жана окурмандарынын өзгөчө бир ассоциациясы катары караганыбыз оң.

Расмий документтердин биринде «Current Anthropology" журналы жөнүндө анын редакторунун орун басары мындай деп жазган: "Current Anthropology"- бул адам жөнүндөгү илимдердин бүткүл дүйнөлүк журналы…. Сол Такс тарабынан редакцияланган жана Веннер–Грен фондунун антропологиялык изилдөөлөр үчүн бөлүнгөн каражатына чыгарылган бул журнал эң маанилүү эксперимент болуп саналат. Тагыраак айтканда, "Current Anthropology" – жөн гана журнал эмес, бул көп сандаган окумуштууларды бириктирип, баш коштуруп турган ассоциация. Ал окумуштуулар бири–бири менен ар кандай жолдор менен байланышып, кабарлашып, алардын максаты – ынтымакташтыкты, кызматташтыкты түзүү.

---

[54] Германияда, мындан тышкары, бир катар илимий жыйнактар, журналдар такай чыгарылып турат: "Deutsches Jahrbuch für Volkskunde", Veröffentlichungen des Instituts für deutsche Volkskunde", Ethnographisch-Archäologische Zeitschrift", "Veröffentlichungen des Museums für Völkerkunde zu Leipzig", "Jahrbücher des Museums für Völkerkunde zu Leipzig", "Abhandlungen und Berichte des Staatlichen Museums für Völkerkunde, Dresden ж. б.

Бул басылманын негиздөөчүсү Сол Такс өзүнүн журналы жөнүндө төмөндөгүдөй деп айткан: … “Current Anthropology” негизги эки идеяны бириктирет. Биринчиден - дүйнөлүк журналдын ролун аткаруу, экинчиден - окумуштуулардын жер жүзүндөгү кызматташтыгын, биримдигин, достугун түзүү идеялары.

1959-жылдын сентябрь айынан негизделип, 1960-жылдан эки айда бир сандан англис тилинде чыгарылып келе жаткан бул журналдын жалпы тиражы бүгүнкү күндө 8 миң нускага жетти. Ал Веннер–Грен фондусунун каражатына жана ассоциациянын мүчөсү болгон окумуштуулардын мүчө акысынын эсебинен чыгарылып, дүйнөдөгү бардык өлкөлөргө, ассоциациянын өз мүчөлөрүнө гана эмес, ага кирбеген башка окумуштууларга да жөнөтүлөт. Негизи Америкалык басылма болгону менен, Чыгыш Европа ж. б. өлкөлөрдүн окумуштууларын кызматташтыкка тартып, бул журнал дүйнөлүк мааниге ээ болууга далалаттанат.

Журналда негизинен үч бөлүм бар: алардын биринде жалпы жана регионалдык этнографиянын теориялык проблемаларына арналган изилдөөлөр жарык көрсө, экинчисинде - усулдук (методикалык) маселелер, ошондой эле этнография илиминдеги жаңылыктар, жетишкендиктер чагылдырылган макалалар б. а. рекомендациялык мүнөздөгү материалдар берилет. Бул илимдеги дискуссия, кайчы пикирлерди, талаш-тартыштарды, талкууларды жарыялоого көңүл бөлгөн үчүнчү бөлүмдүн материалдары да кызыгарлык, эч кимди көңүл кош калтырбайт. Дискуссиялык мүнөздөгү макаланын тексти журналга жарыялангага чейин эле көбөйтүлүп, ар түрдүү өлкөлөрдөгү көрүнүктүү адис-окумуштууларга сын-пикирге жөнөтүлөт.

Сын–пикир жазган адистердин кол жазмалары редакцияга келип түшкөндө, редакция аларды

дискуссиялык макаланын авторуна берет. Автор, өз кезегинде, оппоненттердин сын-пикирлерине өз жообун жазат. Ошентип бир эле журналдын бир санында мындай илимий талаш-тартышты, кайчы пикирди туудурган материалдар төмөндөгү ырааттуулукта берилет: алды менен дискуссиялык макаланын тексти; андан соң – ага жазылган бир нече оппоненттердин сын–пикирлери, эң акырында – макаланын авторунун оппоненттерге жообу берилет. Мына ушулардын баарынын бир эле санда жарыяланышы, албетте, окурмандар үчүн да эң ыңгайлуу, журналдын да абройун (престиж) жогорулатат.

Мындай ыкма "Советская этнография" журналы тарабынан да бир канча жолу тажрыйбаланган.

"Current Anthropology" журналы жана анын редакциясы өз пикирин окурмандарына таңуулабаган, калыстыгын сактаган басма сөз органы. Анын беттеринде этникалык тарыхтын конкреттүү проблемаларын, ааламдын бардык өлкөлөрүндөгү этнографтардын иш аракеттерин чагылдырган оперативдик информациялык материалдар ж. б. кызыктуу илимий макалалар жарык көрөт. Ушул жагынан алганда бул журнал өтө пайдалуу.

Көптөгөн жылдарды кучагына камтыган мезгилде этнографиялык багыттагы журналдардын өз тиби калып-тангандай эле, ушул мезгилдин ичинде этнографиялык өз алдынча басылмалардын да өзүнө мүнөздүү, жекече тиби түзүлдү. Этнография проблемаларына арналган көптөгөн өзүнчө басылмаларды негизинен эки типке бөлүп карасак болот. Биринчиси – монографиялык же илимий сүрөттөп жазма эмгектер; экинчиси – аналитикалык же салыштырма ыкмасындагы илимий эмгектер.

Конкреттүү этносту же анын бир бөлүгүн иликтеп жазууга арналган монографиялык эмгектердин типтери

мурдагы Советтер Союзунда да, чет өлкөлөрдө да кеңири тараган. Мындай монографияда же конкреттүү бир этнос, же ал жашаган аймак (регион же өлкө) ар тараптуу этнографиялык изилдөөгө алынышы мүмкүн.

Мындай эмгектердин катарына СССР ИАнын Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы Этнография институту тарабынан даярдалган көп томдуу “Народы мира” аттуу сериясы, белгилүү этнографтар Г.М.Василевич[55], Ч.М.Таксами[56], Л.В.Хомич[57], Г.Е.Марков[58], С.М. Абрамзон[59] сыяктуу окумуштуулардын монографиялары ж. б. у. с. өзүнчө илимий эмгектер кирет. Ал эми чет өлкө окумуштууларынын төмөндөгү изилдөөлөрүн да монографиялык эмгектердин тибине кошсок болот. Алар: Р.Спенсердин[60] «Түндүк Аляска эскимостору», Б.Спенсер менен Ф.Гиллендин[61] борбордук жана түндүк Австралия урууылары жөнүндө, Э.Вейердин[62] «Эскимостор», М.Макларен менен А.Фентондун[63] шотландттардын

---

[55] Василевич Г.М. Эвенки: Историко-этнографические очерки (XVIII – начало XX в.). – Л., 1969.

[56] Таксами Ч.М. Нивхи: Современное хозяйство, культура и быт. – Л., 1967.

[57] Хомич Л.В. Ненцы: Историко-этнографические очерки. – М.-Л., 1966.

[58] Марков Г.Е. Кочевники Азии: Структура хозяйства и общественной организации. – М., 1976.

[59] Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Л., 1971.

[60] Spencer R.F. The North Alaskan Eskimo. – Washington, 1959.

[61] Spencer B., Gillen Fr. The native tribes of Central Australia. - London, 1904; Idem. Across  Australia. – London, 1913.

[62] Weyer E. The Eskimos. – New Haven-London, 1932.

[63] McLaren M. The wisdom of the Scots. – Edinburgh, 1963; Fenton A. Scottish country life. – Edinburgh, 1976.

этнографиясы боюнча, Л.Кредердин[64] Борбордук Азиядагы түрк-монгол элдери жөнүндө изилдөөлөрү. Мындай эмгектердин структурасы, адатта, төмөндөгү ырааттуулукта болот: географиялык мүнөздөмө; этностун саны жана жайгашышы; изилденүүгө алынган элдин чарбасы жана негизги кесиптери; материалдык жана рухий маданияты; коомдук же социалдык структурасы жана үй-бүлө - нике мамилелери.

Ушул сыяктуу илимий эмгектердин катарында кандайдыр бир темага же конкреттүү бир этнографиялык проблемага арналган монографиялар да болушу мүмкүн. Маселен, кандайдыр бир конкретүү этностун кийим-кечеси же турак–жайы, же тамак-ашы, же диний ишенимдери, же үй-бүлө жана нике мамилелери ж. б. у. с. проблемалар өз алдынча изилдөө об¢ектиси катары каралып, монографиялык изилдөөнүн негизин түзүшү мүмкүн. Мындай изилдөөлөрдүн катарына К.И.Антипина[65], Э.Ж.Маанаев, О.К.Каратаев[66], Э.Сулайманов[67] сыяктуу кыргыз этнографтарынын эмгектерин кошо кетсек болот.

Этнографиялык изилдөөлөрдүн аналитикалык же салыштырмалуу тибинде бир элге мүнөздүү болгон кандайдыр бир этнографиялык сюжет, же болбосом этностун этникалык тарыхы, башка элдердеги ушул сыяктуу көрүнүштөр, этнографиялык материалдар менен

---

[64] Krader L. Social organization of the mongol-turkic pastoral nomads. – The Hague, 1963; Idem. Peoples of Central Asia. – The Hague, 1966; Idem. Dialektik of civil Society. Amsterdam, 1976.

[65] Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. – Фрунзе: Илим, 1962.

[66] Маанаев Э.Ж., Каратаев О.К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. – Бишкек, 2003.

[67] Сулайманов Э. Традиции обработки металлов у киргизов. – Фрунзе: Илим, 1982.

салыштырылып, анализденип берилет. Изилдөөлөрдүн мындай тиби XIX кылымдын экинчи жарымынан эле белгилүү болуп, азыркы кездерде эң кеңири колдонулат. Ушул типтеги илимий эмгектердин катарына ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлордун, мисалга, Э.Тэйлордун[68] «Алгачкы коом маданияты», Л.Моргандын[69] «Алгачкы коом», Дж.Фрэзердин[70] «Алтын шакча», М.О.Косвендин[71] «Матриархат», С.А.Токаревдин[72] «Дүйнө элдеринин тарыхындагы диндин орду», Ю.В.Арутюняндын[73] «СССР айыл-кыштак калкынын социалдык структурасы», А.Хэддондун[74] «Антропология тарыхы» ж. б. у. с. көптөгөн монографияларын кошуп кетсек болот.

Этнография боюнча эмгектердин курамында окуу, окуу-усулдук, ошондой эле теориялык эмгектер өзүнчө топторду түзүп турушат. Теориялык изилдөөлөр тобуна кирген эмгектерде этнографиянын методологиялык проблемалары, анын изилдөө аймагы, предметтин маани–маңызы тастыкталат.

Мындай изилдөөлөрдүн катарына К.Леви–Стросстун[75] «Структуралык антропология», «Мифологизм», З.Фрейддин[76] «Тотем жана табу», Ю.В.Бромлейдин[77]

---

[68] Тэйлор Э. Первобытная культура. – СПб., 1872; 2-е изд-е, - М., 1939; - М.: Политиздат, 1989.
[69] Морган Л.Г. Древнее об¿ество. – Л., 1934.
[70] *Фрэзер Дж. Дж. Золотая ветвь, вып. 1-4, - М., 1928
[71] Косвен М. О. Матриархат. История проблемы. – М.-Л., 1948.
[72] Токарев С.А. Религия в истории народов мира. – М., 1976.
[73] Арутюнян Ю.В. Социальная структура сельского населения СССР. – Кишинев, 1976
[74] Haddon A. History of Anthropology. - London, 1949.
[75] Levi-Strauss C. Anthropologie structurale. - Paris, 1958; Idem. Mythologiques. - Paris, V. 1-4, 1964-1971.
[76] Freud S. Totem and taboo. - London, 1950.

этнос теориясына арналган изилдөөлөрүн ж. б. у. с. эмгектерди кошсок болот.

Азыркы заманда илимдин ар түрдү тармактары, анын ичинде этнография боюнча да, басма сөз беттеринде чыгып жаткан информациянын укмуштуудай арбын экендигин эске алып, сан-миңдеген информациянын ичинде чытырман токойдо адашкандай жаңылбастан, туура жол, туура багыт табуу үчүн ар түрдүү реферативдик, маалымат берүүчү (справочник) жана библиографиялык басылмаларды пайдалана билүү, аларга кайрылып туруу сунуш кылынат. Мындай басылмалардын жардамы менен ар түрдүү журналдарда жана китептерде жарык көргөн информациялар менен таанышса болот.

Мына ушундай колдонмо көрсөткүчтөрдүн катарына Россиянын Улуттук китепканасы (мурунку В.И.Ленин атындагы) же РИАнын Коомдук илимдер боюнча илимий информация институту, же ВИНИТИнин библиографиялык экспресс–информациялары, ошондой эле жыл сайын Парижде чыгуучу «Социалдык жана маданий антропология боюнча эл аралык библиография» деген китептерин же реферативдик журналдарын кошуп кетсек болот. Аталган көрсөткүчтөрдө «Этнография, эл искусствосу жана фольклор» боюнча адабияттардын тизмеси камтылган бөлүм бар.

☯ ☯
☯

[77] Бромлей Ю.В. Этнос и этнография. – М.: Наука, 1973; его же. Современные проблемы этнографии (Очерки теории и истории). – М.: Наука, 1981; его же. Очерки теории этноса. – М.: Наука, 1983.

## 3.0. Этнографиялык булактар жана этносторду классификациялоо

*Этнографиялык булактар*. Этнографиялык маалыматтарды чогултуп жыйноонун негизги ыкмаларынын бири – тикеден–тике байкоо жүргүзүү. А эгерде, этнографиянын тарых илимдеринин курамына кирээрин эске ала турган болсок, анда этнографиялык булак катары жалаң гана талаа-экспедициялык материалдар эмес, коңшулаш гуманитардык жана коомдук илимдердин фактылары да булак болоорун эстен чыгарбообуз зарыл.

Ар тараптуу, толук кандуу жана баалуу этнографиялык материалдар экспедициялык изилдөөлөрдүн натыйжасында жыйналган. Аны биз *стационардык* ыкма деп да атайбыз. Ал этнографтын изилденүүчү чөйрөдө узак мөөнөт болуп, ошол эл менен бирге жашоосун шарттайт. Мындай стационардык изилдөө бир этнографиялык жылдан кем болбошу керек. Ал эми этнографиялык жыл деген түшүнүктү белгилүү этнограф В.Г.Богораз календардык жылдан эки-үч ай ашык болушу зарылдыгын аныктаган. Ушул эки-үч айдын ичинде этнограф изилденүүчү чөйрөдө адаптация болуп, жаңы шартка көнүгөт да, андан соң толук бир жылдык циклдин бардык мезгилдеринде өзү тандап алган этникалык жалпылыктын же анын бир бөлүгүнүн турмушуна байкоо жүргүзүп изилдейт. Албетте, этнограф изилденүүчү чөйрөдө канчалык көп болсо, изилдөөнүн натыйжасы да ошончолук түшүмдүү болот.

Этнографиянын тарыхы ирокездердин арасында узак мөөнөт жашап гана тим болбостон, алардын уругуна мүчө болуп кабыл алынган белгилүү америкалык этнограф Льюис Моргандын жана Жаңы Гвинеядагы папуастардын

арасында бир нече жыл жашап изилдөө жүргүзгөн орус окумуштуусу Н.Н.Миклухо–Маклайдын ишмердиктерин өзгөчө баалаганы бекеринен эместир.

Талаа изилдөөлөрүнүн стационардык ыкмасынын артыкчылыгы – этнограф ошол изилденүүчү элдин күндөлүк турмушунун катышуучусу катары болушу. Бул ыкма азыркы учурда да өз маанисин жоготпогону менен, мурунку кездердегидей кеңири колдонулбайт. Азыркы кезде этнографиялык талаа изилдөөлөрүнүн белгиленген бир мөөнөттө жүргүзүлүшү (срок, срочная) же сезондук ыкмасы артыкчылыкка ээ.

Айрым учурларда бул ыкма *маршруттук* ыкма менен айкалыштырылып, ал белгиленген мөөнөттүн ичинде мүмкүн болушунча чоңураак этникалык аймакты камтууга же көбүрөөк айыл–кыштактарды изилдеп үйрөнүүгө багытталган. Мындай мүнөздөгү талаа-этнографиялык изилдөөлөр оперативдүү материал берип, ал монографиялык эмес, конкреттүү маселелерди чечүүдө абдан ыңгайлуу, бирок, бир катар кемчиликтерден да куру эмес. Мисалга, изилдөөнүн белгиленген мөөнөтү же сезондук ыкмасы изилдөөчү үчүн ыңгайлуу гана мезгилге пландаштырылып, калган мезгилдер (тропикалык аймактар үчүн жаан–чачын мезгили, түндүк элдери үчүн – полярдык түн мезгили) изилденбей көз жаздымында кала берет. Этнографиялык талаа изилдөлөрүндө убакыттын чектелүү болушу жана анын белгиленген маршрутка көз карандылыгы этнографтын бир кыйла татаал социалдык жана үй-бүлөлүк турмуш–тиричилик сюжеттерине сүңгүп киришине мүмкүнчүлүк бере албайт. Ал эми буга кошумча, эгер этнограф тилди да жетиштүү деңгээлде билбесе, ал чогулткан маалыматтар ошол элге анча мүнөздүү эмес, кокусунан алынган болуп калуу коркунучу туулат.

Мына ушундай чектелген убакытта байкоо жүргүзүү ыкмасын колдонгондо, этностун социалдык–маданий турмушун кеңирирээк чагылдыра алуучу аш-той, сөөк коюу, инициация сыяктуу каада-салт, үрп–адаттарга байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү да жетишерлик боло бербейт. Андыктан, айрым учурларда, булар тууралуу маалыматтар *оозэки сурамжылоо* ыкмасы менен да жыйналат.

Арийне, сурамжылоо ыкмасынын толук кандуу эместигин турмуштук тажрыйба өзү көрсөтүүдө. Ошого карабастан социологдор эксперимент ыкмасын колдонууга б. а. изилдөө максатында кандайдыр бир этнографиялык көрүнүштү жасалма жол менен калыбына келтирип, аны фиксациялоого жол бере коюп жүрүшөт. Мындай учурда, албетте, этнографиялык көрүнүштүн же каада-салттын табигыйлыгы бузулат, ага театрлаштырылган-бутафордук элементтер кирип, ал чындыкка жакын болбой калат. Мына ошондуктан этнографтар мындай эксперименттик ыкманы анча колдоно беришпейт. Социологдор да андан четтей баштады.

Илимий билимдин бирден–бир булагы болуп эсептелип, жакшы документтештирилген материалды чогултууга багытталган талаа-этнографиялык практикасында төмөндөгү ыкмалар колдонулат:

*Сурап–билүү, сурамжылоо* (опрос) – изилдөө үчүн тандалып алынган этникалык жалпылыкта атайын тандалган информатор (же информаторлор) менен иштөө; эксперимент - экспедиция мезгилинде этнографтын социалдык же үй-бүлө турмушунда табигый (жасалма эмес) учураган каада-салт, ырым–жырымга катышуу жолу менен материал жыйноосу; тикеден–тике байкоо жүргүзүү (наблюдение) – этнографиялык маалыматтарды, материалдарды чогултуунун, жыйноонун негизги ыкмасы,

б. а. турмуш-тиричиликтин жана маданияттын этноско мүнөздүү болгон толук комплексин ар тараптуу фиксациялоо жана тыкандык менен изилдөө.

Талаа этнографиялык изилдөөлөрү илим үчүн материалдык да, рухий да булак боло алат. Материалдык маалыматтарга этностун өндүрүштүк турмуш-тиричилиги менен тыгыз байланышта болгон материалдык маданияттын об¢ектилери, б. а. ар кандай чиймелерде, схемаларда, фото–сүрөттөрдө чагылдырылган предметтер, же эмгек куралдары, үй-жай, тамак–аш, үй-эмеректери, кийим–кече ж. б. түп нускалары кирет. Элдин рухий турмушунун өзөгүн түзгөн традициялар, каада–салт, урп-адаттар, ишенимдер, фольклор ж. б. да азыркы техникалык каражаттар (кино–фото, аудио-видеоаппаратура, магнитофон, диктофон ж. б.), ошондой эле традициялык этнографиялык кол жазмалар (записи) аркылуу атайын дептерге түшүрүлүп, фиксацияланып, документтештирилет. Рухий маданияттын материалдашкан күбөлөрү - культтук предметтер, элдик искусствонун үлгүлөрү, сөөк коюу об¢ектилери жана алардын типтери да материалдык маданияттын об¢ектилери сыяктуу эле дептерге түшүрүлүп, фиксацияланат.

Этнографиялык талаа иштеринде материалдык жана рухий маданиятты чагылдырган буюмдар иргелип алынып, алар музейлердин этнографиялык коллекцияларын түзүп калышат. Ошентип, музей буюмдары да маанилүү этнографиялык булак болуп эсептелет.

Этностун мурунку замандардагы маданиятына жана турмуш-тиричилигине, социалдык жана үй-бүлөлүк түзүлүшүнө ошол мезгилдерден калган тарыхый эстеликтер, фольклордук жазмалар, археологиялык комплекстер ж. б. мүнөздөмө бере алчу этнографиялык булак катары саналат. Албетте, элдин этникалык тарыхын,

анын өткөн доорлордогу этнографиясын, же байыркы этностордун этнографиясын изилдөөдө тикеден–тике байкоо жүргүзүү ыкмасын колдоно албайбыз. Мындай учурда жогоруда аталган булактарды, ошондой эле канатташ илимдердин материалдарын пайдалануу жакшы натыйжа берет. Ошол эле учурда, этнографиянын өзү социалдык жана маданият тарыхы үчүн баалуу булак болуп эсептелет.

## 3.1. Этнографиянын гуманитардык жана табият–таануу илимдери менен байланышы

Этнографиянын изилдөө об¢ектиси – этнос - өзүн экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун бардык сфераларында көрсөтө алат. Анын өндүрүштүк аракети болсо курчап турган чөйрөгө тикеден–тике таасирин тийгизип, аны менен тыгыз байланышта болот. Ар бир этнос башкалардан өзүнүн маданий жана турмуш–тиричиликтик өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турары белгилүү. Ал айырмачылыктарды этносту түзүп турган адамдын өзүн, адамзат коомун жана адамдын жаратылышка тийгизген таасирин изилдеп үйрөнгөн илимдер айгинелеп тактап беришет. Ар түрдүү илимдердин тармактарынан нукура этникалык аспектилерди иргеп алуу жалпы эле этнографияны, анын илимий булактарын байытат, өзгөчө, бул этногенезди, этникалык тарыхты изилдөөдө маанилүү болот.

Этнографиянын тарых менен байланышы жөнүндө сөз болду. Ал эми анын *археология жана антропология* менен байланышы да талаш туудурбайт. Антропологиянын

расалардын келип чыгышын, алардын ааламда таркалышын, адамдардын тарыхый–социалдык контакттардын натыйжасында сырткы кебете–кешпиринин өзгөрүлүшүн, этностордун антропологиялык составын изилдеген бөлүгү этникалык (же тарыхый) антропология деп аталат.

Археологиялык материалдарды иликтөөнүн негизинде этностордун маданий, турмуш–тиричилик өзгөчөлүктөрүн аныктоо байыркы этникалык топторду изилдөө мүмкүнчүлүгүн ачат жана археологияда нукура типологиялык иликтөөдөн тарыхый–маданий иликтөөгө өтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Археологиядагы бул багыт акыркы мезгилдерде палеоэтнография (б. а. байыркы, көөнө этнография) деп аталып келүүдө. Ошентип, этникалык антропология менен палеоэтнографиялык иликтөөлөр этникалык тарыхтын эң байыркы этаптарын, этностордун келип чыгуу тегин изилдөө мүмкүнчүлүгүн ачат.

*Этнографиянын тил таануу (лингвистика), адабият таануу жана фольклористика* илимдери менен тематикалык жана проблематикалык байланыштары бар экендиги күмөн туудурбайт. Аталган илимдер элдердин рухий маданиятынын спецификалык жактарын, анын лексикасында, элдик оозэки чыгармачылыгында, адабий чыгармаларынын көркөмдүк тегиндеги байлыгын ачып бере алышат.

Тил өз өнүгүүсүнүн ички закондоруна ээ. Ошону менен эле бирге ал өзүнүн алып жүрүүчүсү - эл - менен тикеден-тике байланышта болуп, этнотүзүүчүлүк мүнөзгө ээ болгондуктан, тил таануу илиминде этнолингвистика деп аталган өзгөчө тармак пайда болгон. Ал тилдердин келип чыгуу маселелерин, алардын тектик жана контакттык

байланыштарын, элдердин этногенезин этникалык процесстер менен айкалыштыра изилдейт.

Акыркы мезгилдерде коомдук илимдерде конкреттүү-социологиялык изилдөө ыкмаларынын активдүү колдонулушу, изилденүүчү структуранын этникалык спецификасын чагылдырган белгилүү социалдык закон ченемдүүлүктөрдүн боло тургандыгын айгинеледи. Бул өзгөчө бир улуттуу (моноэтникалык) же көп улуттуу (полиэтникалык) ири региондорду социологиялык жактан салыштырып иликтөөдө айкын байкалууда.

Ушуга байланыштуу *этносоциология* деп аталган өз алдынча жаңы багыттын пайда болушу табигый көрүнүш. Мына ушундай эле жол менен жалпы психология илиминен этнопсихология, б. а. этникалык категориялардын адамдын же адамдар коллективинин психикалык ишмердигине тийгизген таасирин изилдөөчү тармак бөлүнүп чыкты.

Этнография илими, өзгөчө орус этнографиясы *география* илиминин курамында пайда болуп, торолуп, түптөлгөнүн айтканбыз. Калкты, анын жер жүзүндө жайгашышын жана табиятка тийгизген таасирин изилдеген география илими азыркыга чейин этнография менен тыгыз байланышын үзө элек. Географиянын этнография менен канатташ тармактары – демография, статистика жана атайын дисциплиналар: булардын айкалышып-тогошуусунун натыйжасында пайда болгон илимдин жаңы тармактары - этнодемография, этностатистика, этникалык картография, этногеография ж. б.

Өсүмдүктөрдүн жана үй жаныбарларынын жашоосун жана өнүгүүсүн изилдеген *ботаника жана зоология* сыяктуу нукура табият таануу илимдеринин айрым тармактары этникалык тарых үчүн да кызыктуу

материалдарды бере алат. Анткени, жапайы өсүмдүктөрдү жана айбанаттарды колго үйрөтүү, адам баласы өзү түзгөн жаңы түрлөрдүн таркалышы аркылуу этникалык контакттарды этноботаника, этнозоология илимдеринин жардамы менен изилдөөгө болот.

Мына ошентип, этнография илими менен башка коомдук же табият таануу илимдеринин тогошкон жерлеринде илимдин жаңы тармактары пайда боло берерине күбө болдук. Бул, албетте, этностордун социалдык жана табият чөйрөлөрүндө активдүү кайра түзүп-өзгөртүүчү ишмердигинин натыйжасы.

Ушул сыяктуу ар түрдү илимдердин чектешип-тогошкон абалында илимдин жаңы тармактарынын пайда болуусу, азыркы учурдагы дүйнө таануунун кеңири тараган тенденциясы.

## 3.2.0. Этнографиядагы этносторду классификациялоо түрлөрү

Этнографияда белгилүү болгон, тагыраак айтканда тигил же бул деңгээлде изилденген этникалык жалпылыктардын саны 3,0 - 4,0 миңдей[78] . Ар бир этнос илимий-изилдөө об¢ектиси болуп саналгандыктан, этнография ошол изилденүүчү материалдарды биринчи баскычтын деңгээлинде же деталдаштырылган түрдө топторго бөлүү системасын иштеп чыгуусу керек болчу.

[78] 1990- жылдарга чейинки маалыматтарда этностордун саны 2,2 – 2,4 миң деп берилип жүргөн. Биз акыркыларына таяндык. (Караңыз: Весь мир: расы, народы, нации и народности. – Мн.: Харвест, - М.: ООО «Изд-во АСТ», 2000, с. 3.

Башкача айтканда, бир типтеги массалык булактар менен иш алып барган башка илимдер сыяктуу эле, этнография да этносторду илимий негизде классификациялоого муктаж болгон.

Жалпы көрүнүштөн өзгөчөнү бөлүп алып, аны дагы башка нерсеге салыштыруу же карама–каршы коюу керек болгондо, ар кандай об¢ектилерди же алардын кубулуштарын систематизациялоо аркылуу жүзөгө ашырылат.

Мындай аракеттер конкреттүү материалдарды об¢ективдүү, ар тараптан изилдеп жана анын ар бир деталын суб¢ективдүү караштырып чыгууга негизделет. Акыркысы, көпчүлүк учурда суб¢ективисттик, идеалисттик түшүндүрмөгө алып келет. Ал эми элдерди изилдөөдө ар кандай расисттик схемаларды түзүүгө негиз болот. Ушунун өзү, биринчи кезекте, табигый, об¢ективдүү деп сезилген «биз» жана «башкалар» деп карама-каршы коюуга алып келет. Өз этносун башка этноско каршы коюу менен адамдар өнүгүүнүн жалпы закон ченемдүүлүктөрү жана алардын өзгөчө көрүнүштөрүнүн үстүнөн анчейин ой жүгүртө беришпейт. Көпчүлүк учурларда мындай карама-каршы коюуга суб¢ективдүү түрдө баалоо критерийи коюлат да өз этносунун турмуш образы, иштери жакшы же оң бааланып, башкалардыкы болсо терс бааланат же кабыл алынат.

Байыркы (антикалык) замандан эле мисал келтире турган болсок, мына ушундай көз-караш менен куралданган гректер менен римдиктер өзүлөрүн «маданияттуу» эл деп санашкан да калган элдерди «маданиятсыз», «варвар» деп эсептешкен. Ошентип, элдерди «маданияттуу» жана «маданиятсыз», «жапайы», «варвар», андан соң «цивилизацияланган» жана «алгачкы общиналык», ошондой эле «тарыхый» жана «тарыхый

эмес» деп бөлүүнүн илгерки традициялары бар жана ал үстүртөн субъективдүү түшүнүк берүүнүн натыйжасы. Ушул сыяктуу корутундудан кийин элдерди ачык расисттик түрдө «жогорку» жана «төмөнкү» расадагы, же болбосом бир аз жылмаланган түрдөгү «маданиятты жараткан элдер» жана «маданиятты керектөөчү» элдер деп бөлүүгө жол ачылган.

Элдерди өзүнө мүнөздүү темпераменти же жүрүш-түрүш стереотиби боюнча жиктештирип классификациялоо да кийинки мезигилдерде эле пайда болгону менен жылмаланбаган расисттик бөлүүлөрдөн анча алыс эмес. Алар да этнорасалык обочолонууга негизделип, турмуштук расизмдин тамыр жайышына өбөлгө түзөт.

Этникалык жалпылыктарды систематизациялоо үчүн айрым алынган же тыкандык менен, жакшылап тандалбаган критерийлерге негизделген классификациянын катарына материалдык же рухий маданияттын сырткы гана көрүнүштөрүнө таянган классификацияларды кошууга болот. Мисалга, дүйнө элдерин алардын тутунган диндерине карата классификациялоо, б. а. уруулук диндери бар элдер, улуттук (полистик) же дүйнөлүк диндерди тутунган элдер ж. б. Дүйнөлүк диндердин ар түрдүү этникалык чөйрөлөрдө кеңири таркалышы менен эле бирге, тап пайда болгонго чейинки коомдун диндеринин же алардын калдыктарынын көп маанилүүлүгүн, ал эми полистик диндердин тар мааниде экенин эске ала турган болсок, мындай классификациялар карама–каршылыктуу болуп, жалпы закон ченемдүүлүктөрдү айгинелей албай турганына ынанабыз. Мисалга алсак, үстүртөн гана бири-биринен диндик белгилери боюнча айырмаланган Кытайдагы буддист эмес чжуандар жана Таиланддагы буддист тайлар түпкү чыгыш

теги жана тили боюнча бир этникалык топто турушат. Алардын айырмасы тутунган дининде гана.

Этнографиялык маалыматтардын жетишсиз кезинде жана тандап алуу критерийлеринин кокусунан болуусунун натыйжасында Л.Г.Морган тарабынан түзүлүп сунушталган классификациядан да кийинчерээк баш тартууга туура келди. Морган өз учурунда элдерди алар колдонгон эмгек куралдарынын типтери, материалдык маданиятты түзгөн буюмдарды жасоо технологиялары жана үй–бүлөсүнүн формалары боюнча баскычтарга (стадия), топторго бөлгөн эле. Алар: үч баскычтан турган жапайычылык (дикость), үч баскычтуу варварчылык жана цивилизация.

Жогоруда аталган схемалар, адатта, аныктоочу белги катары этностун конкреттүү физико–географиялык чөйрөдөгү өндүрүштүк жана маданий ишмердүүлүгүнүн натыйжасын алышкандыктан, этностор традициялык түрдө «биз» жана «башкалар» болуп бири–бирине карама–каршы коюлуп калышкан. Ушунун өзү этностордун биримдигин, жалпылыгын байкабай аны тануууга алып келген.

Аталган классификациялар үстүртөн караганда нукура этнографиялык критерийлерден чыкканы менен, алар эркин алынганы байкалбай койбойт. Критерийлердин эркин, суб¢ективдүү тандалып алынышы, ал классификациялардын баалуулугун төмөндөтүп, өзүн да жокко чыгарды.

Канатташ илимдердин маалыматтарына, субъективдүү түшүндүрмөгө жол бербей турган об¢ективдүү фактыларга таянып, этнография элдерди классификациялоонун бир нече тибин иштеп чыгууга жетишти. Азыркы кезде ар кандай максаттар үчүн дүйнө элдеринин этникалык

составын ар түрдүү деңгээлде чагылдыруу үчүн классификациялоонун төрт тибин (*лингвистикалык же тилдик, географиялык, антропологиялык жана чарбачылык–маданият*) колдонуп келүүдө.

### 3.2.1. Лингвистикалык классификация

Тил таануу илими дүйнө элдеринин тилдерин классификациялоонун эки түрүн иштеп чыгып колдонуп келүүдө. Алар *морфологиялык (же типологиялык) жана генеалогиялык (же генетикалык).*

*Морфологиялык* классификация тилдердин тектик жакындыгына анчейин көңүл бурбастан, аларды структуралык жактан салыштыруу ыкмасына негизделип, тилдер морфологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча топторго бөлүштүрүлөт.

*Генеалогиялык* классификацияда болсо тилдер келип чыгышы жана тектик жакындыгы, тарыхый өнүгүү өзгөчөлүктөрү боюнча салыштырылып, бир катар топторго бөлүштүрүлөт. Тилдердин тектик окшоштугу ошол тилди колдонгон элдин (этностун) да тектик жакындыгы жөнүндө маалымат бергендиктен, этнографтар өз изилдөөлөрүндө көбүнчө генеалогиялык классиикацияны колдонушат. Тилдердин арасындагы тектик окшоштук төмөндөгү схема боюнча түзүлөт: тил уясы – тилдердин бутагы – тил топтору – конкреттүү тил. Дүйнө элдери колдонуп келген үч миңден ашуун тилдердин үч миңге жакыны изилденип, классификацияланган.

Айрым тилдер башка тилдер менен эч кандай тектик байланышта болбогондугу айгине болсо, алар *обочолонгон*

*же өз алдынча тил* катары классификацияланат. Алардын катарына Испания, Франция, Америкадагы баск; Андаман аралдарындагы - андаман, Индиядагы - буришк, Россиядагы - кет, Япониядагы - айн тилдерин, ошондой эле корей жана япон тилдерин кошууга болот.

Лингвисттер тарабынан төмөндөгү тил уялары сунуш кылынган: *индоевропа, семит-хамит, урал, алтай, мон-кхмер (же австроазия), тибет-кытай (же син-тибет), тай (же чжуан-дун), малай-полинезия (же австронезия), дравид, банту, кавказ (же яфет), палеоазия, эскимос-алеут, койсан*. Айрым тилдердин тектик жакындыгы анчейин такталбаганына карабастан, бир катар тил топторуна бириктирилип берилген. Алар папуас, австралия, судан, америка индейлеринин жана тропикалык Африка элдеринин тилдери.

Лингвистикалык классификацияны колдонгонубузда ааламдын этникалык картасы көпчүлүк учурда лингвистикалык карта менен дал келип тургандыгын айгинелейт. Бирок бул жерде абсолюттук дал келүү болбойт жана болушу да мүмкүн эмес. Анткени бир тилдик жалпылыктын негизинде бир нече ар түркүн этникалык жалпылык пайда болуп калыптанышы мүмкүн.

### 3.2.2. Географиялык классификация

Бул классификация, этностор ойкуменанын белгилүү бөлүктөрүндө жайгашышкан жана алардын жайгашуу зоналары география илиминде белгилүү болгон региондордун чегинде деген об¢ективдүү, талашсыз фактыга негизделген. География илиминин ар түрдүү

тармактарынын материалдарын колдонуу менен чоң региондордун чегинде, этносторду белгилүү климаттык же ландшафттык областтарда карап чыгып, алардын физико–географиялык жашоо чөйрөсү жөнүндө түшүнүк алсак болот. Бул жагдай өз алдынча баалуу болуу менен бирге этносторго мүнөздөмө берүүдө жалпы жана өз алдынча бир–бирден өзгөчөлүктөрүн чагылдырып көрсөткөнү менен ал алгачкы гана схема боло алат.

Ушуга байланыштуу географиялык классификация ааламдын жалпы этникалык көрүнүшүн изилдеп үйрөнө баштаганда гана ыңгайлуу болуп, калган учурларда башка классификациялар менен толукталышы керек. Анткени, ландшафты жана климаты окшош эле болгон Эски жана Жаңы дүйнөнүн областтарында ар башка этностор жашайт деген суроого жооп бере албайт же болбосом, эмне үчүн, Азия, Америка, Африка сыяктуу чоң региондор көп этностуу жана мындай көп түрдүүлүктө алардын ичинен тектеш жана тектеш эмес этносторду кантип ажыратып берүүгө, б. а. кантип системалаштырууга болот? Ошентсе да этнография географиялык классификацияны кеңири колдонот. Аны 13 китепке бириктирилип, 18 томдон турган «Народы мира»[79] аттуу сериядан (1954-1966-жж.) көрүүгө болот. Анын ар бир тому географиялык принципте «Народы Африки», «Народы Америки», «Народы Сибири»,

[79] Народы мира: Этнографические очерки. – М., 1954-1966; (Народы Африки. – М., 1954; Народы Австралии и Океании. – М., 1956; Народы Сибири. – М.-Л., 1956; Народы Передней Азии. – М., 1957; Народы Америки. Тт. 1-2, – М., 1959; Народы Кавказа. Т. 1, - М., 1960; Т. 2, - М., 1962; Численность и расселение народов мира. – М., 1962; Народы Южной Азии. – М., 1963; Народы Европейской части СССР. Тт. 1-2, – М., 1964; Народы зарубежной Европы. Т. 1, - М., 1964; Т. 2, - М., 1965; Народы Восточной Азии. – М.-Л., 1965; Народы Юго-Восточной Азии. – М., 1966).

«Народы Кавказа», «Народы Средней Азии и Казахстана», «Народы Восточной Азии» ж. б. деп аталган.

### 3.2.3. Антропологиялык классификация

Адамзат расалары – келип чыгыш теги жагынан бир жалпылыкта болуп, тарыхый кырдаалда калыптанган элдердин топтору. Топтордун арасындагы айырмачылыктар тукум куучулук менен берилип турган жалпы морфологиялык жана физиологиялык белгилерден байкалып турат жана ал белгилүү чөйрөнүн чегинде болгон. Башкача айтканда, бул сырткы кебете-кешпири, өңү-түсү, дене түзүлүшү, чачы, түктүүлүк белгилери, көзү жана түпкү чыгыш теги ж. б. жагынан бир жалпылыкта болгон адамдардын антропологиялык тобу.

Көпчүлүк окумуштуулар моноцентризм теориясын колдошот. Анын негизинде төмөндөгүдөй гипотеза турат. Азыркы кебете-кешпирдеги адамдар калыптанган соң бир эле борбордо, болжол менен Түштүк-Батыш Азияда жана ага коңшулаш жайгашкан Түштүк Европа, Түндүк жана Чыгыш Африка аймактарында расалар арасындагы дифференциация болуп өткөн. Палеолит доорунун аягында расалардын калыптанып түзүлүүсүнүн эки борбору болгондугу божомолдонот. Алар батыш (Африканын түндүк-чыгышы жана Азиянын түштүк-батышы) жана чыгыш (Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия) борборлору. Кийинчерээк, жер шарынын башка аймактарын дагы адамдар өздөштүрүп жана бири-бири менен аралашуунун натыйжасында азыркы расалар калыптанган.

Антропологияда расаларга бөлүштүрүү өзгөчө иерархиялык тартипте, б. а. биринчи баскычтагы расалар жана анын туундусу катары экинчи баскычтагы, ошондой эле эки арадагы (промежуточная) же контакттык муундарга бөлүштүрүү менен жүргүзүлгөнүнө карабастан, биз адамзатынын эң негизги расалары же биринчи баскычтагы расалары менен таанышып чыкканыбыз талапка ылайыктуу болот. Расалардын калыптанышы жогорку палеолит мезгилинде (мындан 40 – 10 миң жыл илгери) аяктап, бул процессте тирүү организмдин курчап турган географиялык чөйрөгө ылайыктануусу (адаптация) чечүүчү ролду ойногон.

Анын натыйжасында жалпы эле адамзаты жөнөкөй, же элдик тил менен айтканда «ак», «кара» жана «сары» түстөгү сырткы расалык белгилерге ээ болду. Илимий тилде бул азыркы үч чоң расага дал келет: европеоиддик, экваториалдык (же негро-австралоиддик) жана монголоиддик. Акыркы кездерде кээ бир адис-антропологдор жогоруда көрсөтүлгөн үч расанын курамынан ошол эле деңгээлде дагы эки расаны бөлүп кароо туура болорун сунуш кылышат. Алар: монголоид расасынын ичинен американоид расасын, ал эми негро-австралоид же экваториалдык расадан австралоид расасын бөлүп кароо. Окумуштуурардын дагы бир тобу адамзаты негизги эки расадан – афро-европа жана афро-азия расаларынан тараган деген пикирди колдошот.

Чоң расалар өз кезегинде расалык топторго, топтор болсо майда расаларга же расалык типтерге бөлүнүшөт.

*Негроид* расасынын өкүлдөрүнүн денесинин түктүүлүгү билинер-билинбестен орточого чейин, бет сөөгү, жаактары алдыга (оркоюп) чыгып турат, мурдунун таноолору дардагай (балпак),  эриндери калың (түйрүк),

прогнатизм[80], чачы кара-күрөң, спираль түрүндө тармалданган, тулку боюнун тери пигментациясы күчтүү, кой көз. Бул раса Африка континентинин Сахарадан түштүктү карай жайгашкан аймактарында калыптанып таркаган.

*Европеоид* расасынын өкүлдөрүнүн терисинин түсү салыштырмалуу агыш, чачы жумшак, түз же бир аз тармал (волнистый), сакал-мурутунун (эркектерде) түктүүлүгү орточо же ортодон жогору, көзүнүн түсү асман көк, агыш көгүлтүрдөн кой көзгө чейин, эриндери жука же орточо калыңдыкта, мурду кууш, узунураак. Бул расанын алгачкы кезде калыптанып таркаган аймактары – Европа, Түндүк Африка, Батыш Азия жана Түндүк Индия.

*Монголоид* расасынын өкүлдөрүнүн терисинин түсү кара-торудан сары-чийкилге чейин, көзү кара-сур, бети тегерек, мурун сөөгү жапыз, эрини орточо калыңдыкта, чачы түз, кара, кайраттуу, көздөрүнүн ички жаш чыкчуу тарабында кабакты жаап турчу өзгөчө бырышчалары (эпикантус) бар. Бул раса алгачкы мезгилдерде Борбордук жана Чыгыш Азия, Сибирь, Америка, Индонезия аймактарында калыптанып таркаган.

*Австралоид* расасынын өкүлдөрүнүн терисинин түсү каралжын, мурду балпагай, эриндери калың, бирок негроиддерден чачынын толкун сымалдуулугу, денесинин түктүүлүгүнүн жогору болушу жана пигментациясынын төмүндүгү менен айырмаланат.

---

[80] Прогнатизм (грек. pro – алдыга; gnathos - жаак) – жаагы алдыга чыгып турат.

### 3.2.4. Чарба-маданият классификациясы

Ааламдын азыркы учурдагы этникалык көрүнүшү өтө татаал жана ар түрдүү: болжол менен эки жүздөн ашуун өз алдынча мамлекеттерде үч – төрт миңдей этностор жана этникалык топтор жашайт дебедикпи. Ушундай этникалык көп түрдүүлүктө (многообразие) коңшулаш жашаган элдердин маданиятынын окшош экендиги өзүнө көңүл бурбай койбойт. Ушунун өзү дүйнө элдерин классификациялоонун дагы бир түрүнө - чарба-маданият классификациясына негиз болду.

Чарба-маданият классификациясынын авторлору чарбачылык ыкмаларынын окшоштугун жана маданият көрүнүштөрүндөгү жакындыктарды географиялык чөйрөнүн бирдейлиги менен байланыштырышып, этникалык топтордун ошол чөйрөнүн шартына ылайыкталышы деп эсептешип, аны чарба-маданият тиби деп аташкан.

Дүйнө элдеринин чарба-маданият классификациясынын негиздери байыркы (антикалык) замандан эле иштелип чыга баштаган. Ал мезгилде коомдук өнүгүүнүн этаптары чарбачылык жана маданият процессинин белгилүү баскычтары (стадия) менен байланыштырылып, чарбачылыктагы өнүгүүнүн үч стадиясын бөлүп беришкен: *жыйноочулук жана аңчылык, жайыт мал-чарбачылыгы (пастушество), дыйканчылык.* Бул болсо, жапайычылыктан варварствого, андан цивилизацияга өтүү баскычтарына туура келген. Мындай бөлүштүрүү эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн улам барган сайын жогорулоодо болгондугун эске алса керек.

1. Чарбада аңчылыктын, жыйноочулуктун, жана айрым учурда балык улоочулуктун үстөмдүк кылуусу;

2. Кетменди пайдалануу менен жүргүзүлгөн кол дыйканчылыгы жана жайыт мал-чарбачылыгы;

3. Малдын күчүн пайдаланып, жерди айдап иштетүү.

Чарба-маданият классификациясынын концепциясы биздин өлкөдө иштелип чыккан. Ал элдердин этногенезин, этникалык тарыхын, чарбачылыктын, материалдык жана рухий маданияттын тарыхын изилдөөдө ийгиликтүү колдонулуп келүүдө. Чарба-маданият тибинин аныктоочу белгилери - элдердин чарбасынын жана чарба ишмердигинин мүнөзү, түзүлүшү (облик) жана өнүгүү деңгээли.

Маданияттын көрүнүшү (облик) менен мүнөзү маанилүү болгону менен чечүүчү мүнөзгө ээ эмес. Чарба-маданият типтери саналуу гана, алар коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн этаптары менен тыгыз байланышта. Чарба-маданият типтери боюнча элдерди (этносторду) классификациялоодо салттык маданият гана эске алынып, мында орто кылымдардан кийинки мезгилдерге колдонулбайт.

Алгачкы жамаатчылык коом үчүн чарба-маданият типтеринин ыйгарып алуучу түрлөрүнүн үстөмдүк кылышы мүнөздүү. Алар тентип жүрүүчү (бродячие) аңчылар жана жыйноочулар; тропиктердеги адистештирилген аңчылык жана жыйноочулук; мээлүүн алкактардагы аңчылык, балык улоочулук жана жыйноочулук; тайгадагы жөө аңчылык; Арктикадагы деңиз жаныбарларына аңчылык; бугу аңчылыгы; дыйканчылык жана мал чарбачылыгынын (зачатки) менен байланышкан аңчылык; балык улоочулук жана жыйноочулук.

Андан соң чарба-маданият типтеринин алгачкы өндүргүч белгилери бар топтор пайда боло баштайт. Мында жерди кол менен иштеткен дыйканчылык менен мал чарбачылыгы акырындык менен негизги орунду ээлей баштайт. Булар: субтропиктердин жерди кол менен иштеткен алгачкы комплекстүү чарбасы; байыркы доордогу мээлүүн алкактардагы жерди кол менен иштетүүчү дыйканчылык жана мал чарбасы; тропиктердеги жерди кол менен иштетүүчү чарба.

Кийинчерээк чарба-маданият типтеринин өнүгүп калган өндүргүч топтору пайда болуп, алар Чыгыш цивилизациясы менен байланышкан. Булар: жайыт мал чарбачылыгы, көчмөн мал чарбачылыгы, жана жерди мал күчү менен айдап иштетүү.

Бул классификация, албетте, коомдун өнүгүүсүнүн алгачкы баскычтарына гана пайдаланууга жарап, аны колдонуунун чектери бар. ЧМТ классификациясын колдонгондо айрым этностор бөлөк-бөлөк чарбаларга бөлүнүп калышы мүмкүн. Мисалга, чукчалардын айрымдары бугу багуучулар болушса, экинчилери деңиз жаныбарларына аңчылык кылуу менен күн көрүшөт.

Чарба-маданият классификациясынын бөтөнчөлүгү - бул чарба-маданий типологиянын географиялык чөйрөнүн, жана этностордун чарба ишмердүүлүгүнүн шарттарына көз каранды (байланыштуу) экендигине таянуу болуп саналат. Ошону менен бирге, этникалык топтордун маданиятынын жалпылыгы, элдердин тарыхый тагдырынын бирдейлик маселеси кийинки планга калтырылат.

Элдердин маданиятын жана турмуш-тиричилигин синхрондук деңгээлде изилдөөдө чарба-маданият классификациясын колдонуу жакшы натыйжа берет. Ал эми этногенезди изилдөөдө бул ыкма кем колдонулат.

Анткени, чыгыш теги ар башка болгон элдер жашаган аймагы боюнча бир топко бириктирилип, так эмес натыйжа берип калышы ыктымал. Этногенетикалык изилдөөлөрдүн акыркы этабында чарба-маданият классификациясы өзгөчө мааниге ээ болот. Анткени, мында адамзатынын тарыхый жана географиялык жактан дифференциацияда болушунун бир аспекти чагылдырылат.

Ушуга байланыштуу бир катар окумуштуулар классификациянын чарбачылык боюнча критерийлерин белгилүү маданият критерийлери менен толуктап бир кароону сунуш кылышкан.

## 3.3. Тарыхый-этнографиялык областтар

Жогорудагы идеялардын негизинде тарыхый-этнографиялык (же тарыхый-маданий) областтар жөнүндө концепция иштелип чыккан. Анын негизинде узак мезгилди камтыган социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жалпылыгынын, бири-бири менен байланыштардын жана таасир этүүлөрдүн натыйжасында маданий-турмуш-тиричиликтик же этнографиялык окшоштуктар жана өзгөчөлүктөр пайда болот деген түшүнүк жатат. Мындай окшоштуктар материалдык маданиятта өзгөчө ачык көрүнүп, чарбачылык жана турмуш-тиричилик менен байланышкан рухий маданияттын айрым тармактарында да орун алган.

Мына ушундай методологиялык негизге таянып, ар түрдүү деңгээлдеги тарыхый-этнографиялык областтар бөлүнүп берилген: тарыхый-этнографиялык провинциялар, областтар жана жергиликтүү райондор.

Мурунку СССРдин аймагында, маселен, төрт ири тарыхый-этнографиялык провинциялар болгон: Европа бөлүгү, Кавказ, Сибирь, Орто Азия жана Казакстан. Мындай ири тарыхый-этнографиялык провинциялар өз кезегинде бир нече областтарды камтышы мүмкүн. Сибирь тарыхый-этнографиялык провинциясын Ямал-Таймыр, Батыш Сибирь, Чыгыш Сибирь, Камчатка-Чукотка, Амур-Сахалин сыяктуу тарыхый-этнографиялык областтарга бөлүүгө болот. Бөлүштүрүүнүн мындай структурасы, адатта, этностордун топторун илимий негизде этнографиялык жактан сүрөттөөгө мүмкүнчүлүк берет. Мисалы: «Поволжье жана Прикамье элдери» «Түндүк Кавказ элдери», «Сибирь жана Ыраакы Чыгыш элдери» ж. б.

Элдерди тарыхый–маданий областтарга бөлүштүрүп кароо, көпчүлүк учурларда, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында гана колдонулат да, ал этнографиялык материалдарды алдын-ала топторго бөлүүнүн, классификациялоонун об¢ективдүү ыңгайлуу формасы катары каралат.

### 4.0. Этнография илиминин түшүнүк аппараты

Этнографиялык журналдарды же басылмаларды окуп жатып, биз күндөлүк турмуштагыдан бир аз айырмаланып, же башкачараак, бөтөнчөрөөк мааниге ээ болгон сөздөрдү, терминдерди же түшүнүктөрдү жолуктурушубуз мүмкүн. Этнографияда колдонулган бул терминдер жана сөздөр адистердин өз оюн тагыраак ачып берүүгө жардам берет. Ар түрдүү илимдердин дифференциациялашуу жана интеграцияга өтүү доорунда терминология маселелери,

албетте, олуттуу маселелердин бирине айланбай койбойт. Анткени, бир эле терминдин же сөздүн башка илимдеги же илимдин бөлөк тармагындагы мааниси, анын баштапкы маанисинен же көнүмүш болгон түшүнүктөн башкачараак болушу да мүмкүн, кез-кезде, деги эле башкача да түшүнүк берип калат.

Адамдардын жалпы маданий деңгээлинин жогорулашы, алардын көпчүлүгүнүн илимдердин бир нече тармактары менен арзырлык (кээде терең, айрым учурда - үстүртөн) тааныш болушу билермандык («көптү билүүчүлүк») иллюзиясын пайда кылышы да ыктымал. Ушунун өзү да кандайдыр бир этнографиялык проблемага мүнөздөмө берүүдө тигил же бул терминдин орунсуз колдонулушуна алып келүүсү мүмкүн. Мына ошондуктан этнографтар колдонуп келе жаткан терминдерге, б. а. этнография илиминин түшүнүк аппаратына атайын токтолуп, бир катар сөздөрдүн жана терминдердин бул илимдеги өзгөчө маанисин ачып берүүнү туура көрдүк. Бул туюнтмалардын басымдуу көпчүлүгү бизде гана эмес, чет өлкөлүк этнографтар тарабынан да биздегидей эле мааниде колдонулат.

Этнографиянын түшүнүк аппараты адамзат коомунун турмушунун бардык сферасын, б. а. анын социалдык уюмун, үй-бүлө жана нике мамилелерин, материалдык жана рухий маданиятын ж. б. камтыйт [81].

---

[81] Советтик жана Чыгыш Германия этнографтарынын демилгеси менен 1986-жылдан бери «Этнографиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин топтому» (свод) аттуу сөздүктүн алгачкы материалдарын жарыялоо башталган эле. 1986-жылы Москвадагы «Наука» басмасынан анын «Социально-экономические отношения и социо-нормативная культура» деген биринчи тому, 1988-жылы «Этнография и смежные дисциплины; этнографические субдисциплины; школы и направления» деген

## 4.1. Жалпы илимдик терминдер

Этнографиялык терминдердин бир кыйласы жалпы илимдик мааниге ээ, андыктан аларды өзүнчө талдаганыбыз оң.

Этнографтар өз эмгектеринде тарых, антропология, лингвистика, философия, география сыяктуу илимдерден алынган, ошондой эле байыркы антикалык авторлордун эмгектеринен келип кирген жана учурдагы саясий прессада кеңири колдонулган терминдерди жана түшүнүктөрдү пайдаланып колдонушат. Мындай түшүнүктөрдүн катарына жалпы илимдик терминдер тобун түзүп турган өзгөчө сөздөр жана түшүнүктөр кирет. Алардын ичинен этнографияда кеңири колдонулуп жүргөндөрүнүн кээ бирлери төмөнкүлөр:

*Раса* (фр. race < ит. razza) - бул, түпкү келип чыгышы боюнча тектик жалпылыкка ээ болгон, сырткы кебете-кешпиринде да жалпы окшоштуктарга, ошондой эле байыркы жана азыркы жашаган аймактарынын бир жалпылыгын түзгөн элдердин тобунун аталышы[82].

Негизги расалардын жана аларды бири-биринен өзгөчөлөнтүп туруучу белгилеринин калыптанышын адамзатынын биологиялык же табигый өнүгүүсүнүн

---

аталыш менен экинчи тому; 1989-жылы «Материальная культура» деген үчүнчү тому жарык көрдү. Аталган басылмаларды бул окуу китебине кошумча катары колдонуу сунуш этилет.

[82] Кеңирирээк маалыматты «Антропологиялык классификация» деген бөлүмдөн караңыз.

натыйжасы катары карашыбыз керек жана ал адам баласынын жер жүзүндө таркашы менен байланыштуу. Мындай учурда, албетте, социалдык-тарыхый аспект да биротоло четке кагылбайт, ошентсе да адамзаты жаралган алгачкы мезгилдерде социалдык-тарыхый шарттардын ролу анчейин таасирлүү болгон эмес.

Раса түзүлүү процесстери, б. а. адамдардын чоң топторуна мүнөздүү болгон укум-тукумга өтүүчү сырткы кебете-кешпир белгилеринин же сырткы физикалык белгилеринин өзгөрүүлөрү азыркы кезде деле улануууда. Бирок азыркы доордо мурдагыдай сырткы географиялык чөйрөгө ыңгайланышуу негизги ролду ойнобостон, кандайдыр бир деңгээлде социалдык-тарыхый процесстер көбүрөөк таасирин тийгизет.

Мындай процесстердин катарына биз адамзатынын чарба ишмердигинин өзгөрүүсүн, бир-бири менен аралашууга (метистешүүгө) алып келүүчү этникалык контакттардын күчөшүн ж. б. кошсок болот. Этнография тек гана расанын өзүн изилдебестен, көбүн эсе ошол расалык белгинин ээси болгон элдердин тобун изилдеп иликтейт, ошолор менен иш жүргүзөт. Ал эми элдердин сырткы кебете-кешпириндеги өзгөчөлүктөр болсо ар кыл расалардын же алардын топторунун тарыхый контакттарынын натыйжасы катары саналат. Адамдардын мындай топторун илимий тилде антропологиялык тип деп аташат.

*Маданият* (lat. cultura - культура) – бул термин этнографияда жана ага тектеш илимдерде эң кеңири колдонулган түшүнүктүн катарына кирет. Өзүнүн колдонулуу чөйрөсүнө жараша анын түшүндүрмөсү да, мааниси да ар кыл же көп түрдүү. Философияда бул терминге жалпы жонунан төмөндөгүдөй аныктама берилип жүрөт. «Жаратылыш өзү жаратып түзгөн нерселерден

айырмаланып, адам баласынын атайын ишмердигинин натыйжасында жаралган нерселердин жана көрүнүштөрдүн жыйындысы». Мындай түшүндүрмө бул терминдин латынчадан которгондогу (жаратуу, иштетүү) маанисине жакын.

Мезгилдердин оошу менен техникадагы жетишкендиктердин белгилүү бир деңгээлин, социалдык түзүлүштүн кандайдыр бир баскычын же болбосом жазма адабияттын жана искусствонун өнүгүү деңгээлин, ж. б. у. с. да жалпы жонунан маданият деген термин менен туюнтуп калышты.

Мына ушундай бөлүштүрүүлөрдүн натыйжасында Батыш Европа элдери Байыркы Рим менен Грециянын алдыңкы жетишкендиктеринин мураскору катары «маданияттуу» эл болуп, калган бардык элдер «маданиятсыз», «маданий жактан артта калган» же «жапайы» элдер болуп таанылды.

Этнографияда деле бизге тааныш болгон жалпы философиялык «маданият» термини колдонулат. Бирок, ага бул предметке мүнөздүү тактык киргизилет, б. а. адамдардын коллективинин (элдердин) бир багыттуу маданий-жаратуучулук же түзүүчүлүк ишмердиги, белгилүү бир тарыхый доордо, конкреттүү физикалык-географиялык шартта болору эске алынат.

Тарыхый өнүгүштүн жүрүшүндө адамзаты (адам коому же белгилүү бир этнос) иштеп чыккан жана өөрчүткөн материалдык жана рухий байлыктардын, тиричилик жана иш-аракет формаларынын жана көрүнүштөрүнүн жыйындысы маданият деп аталат да, ал ошол этностун тилинде чагылдырылат, ошондой эле бир этносту башка этностордон өзгөчөлөнтүп туруучу белгилерге ээ болот. Маданиятка мындай түшүндүрмө берүүнүн өзү андагы

иерархиялык баскычтарды жокко чыгарып, бир этносту экинчи бир этноско карама-каршы коюучу расисттик көз караштарга бөгөт болот.

Жалпы эле маданият, өз кезегинде, этнографтар тарабынан эки түргө – *материалдык* жана *рухий* маданият, - деп бөлүнүп берилет. *Материалдык маданият* дегенибиз - доордун кандайдыр бир мезгилинде белгилүү мейкиндикте материалдык түрдө жашап келген об¢екттерди (буюм-заттарды, нерселерди ж. б.) туюнтуучу термин. Анын курамына эмгек куралдары, турак-жай жана чарба курулуштары, тамак-аш (ушулардын катарында үй жаныбарлары жана өсүмдүктөр да бар), кийим-кече жана кооздук-асемдик буюмдары, транспорт жана байланыш каражаттары кирет.

Ал эми *рухий маданият* дегенибиз - адамдардын (элдердин) коллективдүү аң-сезими тарабынан иштелип чыккан өндүрүш ыкмаларынын, элдик билимдин, каада–салт, үрп-адат, ар түркүн искусство жана элдик чыгармачылыктын, диний ишенимдердин жалпы системасы. Ал жалпыга милдеттүү маалымат (информация) катары муундан-муунга, укумдан–тукумга тарбиялоонун салттык түрлөрү - аңгеме, сөз, жасап көрсөтүү аркылуу берилип келген.

*Генезис* (бай. грек. genesis – жаралуу, туулуу, пайда болуу, келип чыгуу, тек, башат) - этнографияда көбүнчө этностун өзүнүн жана маданиятынын түпкү тегин, пайда болушун, келип чыгышын, башатын туюнтуу үчүн колдонулуп келе жатат. Маселен, этнографиялык практикада, эгер кандайдыр бир элдин, этностун келип чыгышын туюнтуу керек болсо этногенез термини, ал эми эмгек куралдарынын же турак-жайдын, кандайдыр бир каада-салттын же диний ишенимдин ж. б. у. с. түпкү тегин

туюнтуу керек болсо генезис термининин колдонулушу азыр эч кимди таң калтырбайт.

*Тил уясы же тил бүлөсү* (языковая семья) – бул термин этнографияга лингвистикадан келип кирген жана ааламдагы элдерди этнографиялык классификациялоодо маанилүү роль ойнойт. Ал келип чыгыш теги бир, жалпы башатка ээ болгон тилдердин жалпылыгын туюнтат.

*Автохтон*, автохтондуу (бай. грек. autos + chthon - жергиликтүү, түпкүлүктүү, эң башатындагы) – белгилүү бир аймактын (регион) жергиликтүү калкын, башка жактан көчүп келбеген түпкүлүктүү элди туюнтуучу термин. Байыркы грек жазма эстеликтеринде автохтон деп белгилүү бир өлкөнүн алгачкы тургундарын, же бир өлкөнүн (аймактын, жердин) эң байыркы калкын түшүнүшкөн.

Автохтон деген грек терминине Байыркы Римдин «*абориген*» (лат. aborigines < ab origine - баштатан) түшүнүгү туура келет, б. а. абориген – белгилүү бир өлкөнүн жергиликтүү, баштатан бери жашап келе жаткан, башка жактан көчүп келбеген, түпкүлүктүү элин туюнтуучу латын термини. Чет өлкө этнографиясында бул эки түшүнүк тең кеңири колдонулат, бирок мааниси жагынан булар бир-биринен бир аз айырмаланып турат. Мисалга, автохтон термини сын атооч катары маданият көрүнүштөрү же этнос менен бирге («автохтондуу калк», «автохтондуу үрп-адат» ж. б.) колдонулса, абориген термини өзүнүн түпкү маанисинен («жергиликтүү, түпкүлүктүү эл») алыстай элек жана негизинен элге (этнос) байланыштуу колдонулат.

Советтик этнографияда «абориген», жана анын негизинде келип чыккан туунду терминдер сейрек кездешет. Анткени революцияга чейинки адабияттарда бул

термин кемсинтүүчү мааниге ээ болгон орустун «туземец» («жергиликтүү адам», «ошол жердин тургуну») деген сөзү менен шайкеш каралып келген.

Элдердин теңсиздиги өкүм сүргөн таптык-антагонисттик коомдо кемсинтүүчүлүк маани берген «инородец» («теги башка адам») же «иногородний» («башка жактан келген, жергиликтүү эмес адам») сыяктуу терминдериндей эле «туземец» да бир багыттуу мааниде колдонулуп келди. Бул сөздөр, алгачкы учурларда өз элин башка элден өзгөчөлөнтүп көрсөтүү үчүн, кийинчерээк элдерди бири-бирине карама-каршы коюп колдонулуп отуруп, акырында жек көргөн, кемсинткен мамилени туюнтуп калды.

Ошентип, коомдук турмушта аталган терминдер мурунку мезгилдердин кемсинтүүчүлүк саркынды катмарларынан арыла албагандыктан, советтик этнографтар бул аталыштарды өтө сейрек колдонушат. Алардын ордуна «жергиликтүү», же «түпкүлүктүү», «келгин», же «башка жактан келген» сыяктуу баяндоо түшүнүктөрү пайдаланылып жүрөт.

«*Турмуш - тиричилик*» деген түшүнүктү философтор коомдук турмуштун эң маанилүү сфераларынын бири катары аныкташат. Ал адамдардын өндүрүштүк жана коомдук–саясий ишмердигинен тышкаркы бардык кыймыл–аракетин, жашоо–тиричилигин өзүнө камтып турат. Философтор аны материалдык жана маданий чөйрө катары эсептешип, чынында эле ал чөйрөдө адамдардын турак-жай, тамак-аш, кийим-кече, эс алып көңүл ачуу, ден соолук, ал–ахыбалын нормалдуу кармоо ж. б. у. с. болгон таламдары, муктаждыктары канааттандырылат. Мына ушундай өтө жалпылаштырылган мүнөздөмөдөн деле этнография үчүн турмуш–тиричилик деген түшүнүктүн кандай деңгээлде маанилүү экендиги жана ушуга байланыштуу бул түшүнүккө атайын этнографиялык

аспекттеги аныктама берүүнүн зор мааниси ачык көрүнүп турат.

Советтик этнографтар - жубайлар Н.Н. жана И.А.Чебоксаровдор «турмуш-тиричилик» деген терминге мындай туюнтма беришкен: «*… адамдардын күндөлүк турмушундагы жүрүш-туруштун спецификалык формалары (б. а. күн бою, жыл бою, же өмүр бою кайталануучу кырдаалдарда такай, ар дайым болуп туруучу жүрүш–туруш өнөкөттөрү), ошондой эле ушул кырдаалдар түзүлгөн мезгилдерде, адамдардын ортосунда түзүлгөн өз-ара мамилелер, алардын материалдык жана рухий таламдарын камсыз кылуучу буюм-заттарды колдонуу ыкмалары.* Ошентип, этнографияда турмуш-тиричиликтин төмөндөгүдөй түрлөрү айырмаланып каралат: өндүрүштүк, коомдук, үй-бүлөлүк, күндөлүк турмуш-тиричиликтик, жеке чарбалык ж. б.

Турмуш-тиричилик адамдардын конкреттүү топторунун чегинде болуп турган себептүү, ал сөзсүз этникалык өзгөчөлүккө (специфика) ээ. Андыктан ал этнографиялык изилдөөлөрдүн негизги об¢ектилеринен болуп эсептелет.

XX кылымдын 50-жылдарында ааламда жашаган калктын этникалык составын териштире изилдөө, андагы жалпы жана жеке өзгөчөлүктөрдү тактоо зарылчылыгы келип чыккан кезде окумуштуулар М.Г.Левин жана Н.Н.Чебоксаровдор тарабынан кийин кеңири колдоого алынган төмөндөгү эки түшүнүк киргизилген: «чарба-маданият тиби» жана «тарыхый-маданий (же тарыхый-этнографиялык) область».

*Чарба–маданият тиби* дегенибиз - бул социалдык–экономикалык өнүгүсүү бир деңгээлде туруп, бирдей табигый–географиялык шартта жашаган ар түрдүү элдерде калыптанган чарба жана маданият өзгөчөлүктөрүнүн

белгилүү бир комплекси. Бир эле чарба-маданият тибине келип чыгыш теги ар башка элдер кириши мүмкүн, ошол эле учурда, тектеш элдер ар башка чарба-маданият типтеринин өкүлдөрү болушу мүмкүн.

Илимде чарба-маданият типтерин айырмалап бөлүп чыгаруу этнографиялык об¢ективдүү маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн. Ал адамзатынын чарбасынын жана маданиятынын өнүгүүсүндөгү тарыхый закон ченемдүүлүктөрдү туура аныктоого мүмкүндүк берет.

*Тарыхый-этнографиялык (же тарыхый-маданий) область*[83] - социалдык–экономикалык жалпылыктын, узак мөөнөткө созулган байланыштардын жана бири-бирине таасир этүүлөрдүн натыйжасында элдердин ортосунда окшош маданий жана турмуш-тиричилик (этнографиялык) өзгөчөлүктөрү пайда болгон аймакты туюнтат.

Этнографиянын негизги изилдөө об¢ектиси этностор же этникалык жалпылыктар болгондуктан жана ал жалпылыктар тарыхый өнүгүүнүн ар кайсы доорлорунда ар кандай мүнөзгө ээ болгондуктан, бул илим ошол жалпылыктардын бир типтен экинчисине жана андан ары өнүгүүсүнүн тарыхый-эволюциялык жолун ачып көрсөтө алды. Изилдөөлөрдүн натыйжасында, тарыхый өнүгүүнүн ар бир белгилүү этаптарына этникалык жалпылыктардын өз алдынча түрлөрү мүнөздүү экени белгилүү болуп, аларга өзгөчө аталыштар берилген.

Азыркы кезде кеңири колдонууга ээ болуп, илимде таанылган этникалык жалпылыктардын аталыштары төмөнкүлөр: *уруу, эл (народность, народ), улут,*

---

[83] Ушул аталыштагы тийиштүү бөлүмдөн кеңирирээк маалымат алгыла.

*этнографиялык топ, майда улут (национальное меньшинство)*.

*Уруу* – бул таптык коом өкүм сүргөнгө чейинки доордо «алгачкы адамдар тобу» мезгилинен (эпоха) кийин пайда болгон адамзат тарыхындагы эң биринчи табигый–тарыхый этникалык жалпылык. Ал өзүнүн абдан туруктуулугу, мүчөлөрүнүн келип чыгыш теги, маданияты, тили жана тарыхый тагдыры боюнча айкын биримдиги менен өзгөчөлөнөт.

*Эл* (народность) - бул келип чыгыш теги жагынан гана эмес, аймактык-коңшулук негизинде да аралашкан жана кошулушкан, ар түрдүү уруулардан турган, таптык коомго мүнөздүү болгон эң биринчи этникалык жалпылык.

Адамдардын эл болуп биригишинде чарба-маданий мамилелери чечүүчү ролду ойнойт. Ал эми таптык-антагонисттик коомдо – азчылыкты түзгөн үстөмдүк кылуучу таптын, калктын көпчүлүк бөлүгүн эксплуатациялоонун бардык системасы (анын ичинде мамлекеттик структуралар да бар) негизги ролдо.

Советтик тарыхый-этнографиялык адабияттарда эл (народность) деген түшүнүк XX кылымдын 40-жылдарында пайда болгон жана анын чет өлкөлүк авторлордо түздөн–түз аналогу жок. Аларда таптык коомго мүнөздүү болгон этникалык жалпылык адатта эл (народ) деп аталат.

Акыркы жылдары совет этнографиясында (В.И.Козлов) таптык коомго мүнөздүү этникалык жалпылыкка аныктама берүүдө, көптөн бери тарыхый тенденциясы бар катары, эл (народность) терминин эл (народ) деген сөз менен алмаштыруу пикири айтылып келе жатат.

Эл (народность, народ) – бул таптык коомдун бардык мезгилдеринде жер шарынын ар кандай аймактарында башка этникалык жалпылыктар менен бир катарда жашап келе жаткан тарыхый жалпылык.

Советтик илимде социализм дооруна мүнөздүү болгон этникалык жалпылыктарды туюнтуу үчүн «социалисттик эл» (народ, народность) деген түшүнүк да колдонулуп келген. Элди туюнткан «народность» жана «народ» терминдеринин бир эле мезгилде жашап колдонууда болушу, бул жалпылыктарда кандайдыр бир иерархиялык айырмачылыктар бар деген түшүнүккө алып келиши мүмкүн, жана ал бул туюнтмалардын ортосунда теңсиздик бар деген пикирди да пайда кылышы ыктымал.

*Улут* – азыркы кезде бул тектеш жана тектеш эмес этникалык жалпылыктардын (уруулардын, элдердин) баштапкы формаларынын биригип кошулуусунун негизинде капитализм (же социализм) доорунда калыптанган адамдардын этникалык жалпылыктарынын эң жогорку формасы катары мүнөздөлөт.

Улут маселесинин тегерегинде 1950-80-жылдары болуп өткөн илимий талкуулардын (дискуссия) натыйжасы төмөндөгүдөй: жашаган аймагы, экономикалык турмушу, тили, маданияты, күлк-мүнөзүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрүнүн жана белгилеринин биримдигинин негизинде тарыхый калыптанган адамдардын туруктуу этникалык жалпылыгынын эң жогорку формасы.

Этникалык жалпылыктардын тарыхый өнүгүүсү мындайча нукта жүргөн: эгерде адамзат тарыхынын алгачкы мезгилдеринде адамдардын коллективдери бөлүнүп-жарылып, өз алдынча урууларды түзүү багытында өнүксө, кийинчерээк чарбачылыктын өнүгүүсүнүн жана анын натыйжасында этностор аралык

тыгыз карым–катнаштардын (контакт) бекемделип орношунун шартында кайра тетирисинче ири этникалык бирикмелерди түзүү тенденциясы пайда болот. Мунун натыйжасында бир тектүү жана ар башка тектүү этникалык элементтердин кошулушу жана консолидация процесстери жүрөт. Акыркы жылдары мындай тенденция эң негизги деп таанылып, ал өзгөчө совет өлкөсүнө мүнөздүү деп эсептелип келди. Бул ойду жетекчиликке алуу менен элдердин өз алдынча өнүгүүсү менен эсептешпей эле аларды күч менен кошуу, бириктирүү, ирилештирүүгө түрткү берүү тенденциясы өкүм сүргөн.

Эгерде элдердин этникалык тарыхына көз жүгүртсөк, төмөндөгүдөй процесстерге да күбө боло албай койбойбуз. Кандайдыр бир этнос (этникалык жалпылык) же анын бир бөлүгү башка бир жерге көчүүнүн же болбосом башка этникалык топко аралашып жашоонун натыйжасында өзүнө тектеш негизги топтон бөлүнүп, ажырап калган учурлар кездешет. Мындай топтор бир кыйла мезгил өз алдынча өнүгүп, ал гана эмес өзүлөрүнүн этникалык биримдигин, сактай алышат. Мына ушул сыяктуу өзүлөрүн курчап турган элдердин жана улуттардын этникалык массивдеринен айырмаланып, маданияты, келип чыгыш теги боюнча өзгөчөлөнүп, обочолонуп, бөлүнүп турган этникалык жалпылыктарды «*этнографиялык топтор*» дейбиз. Аларды Ю.В. Бромлей «*этникос*» деп атоону сунуш кылган.

Демек, *этнографиялык топ* дагы өзүнчө бир спецификалык этникалык жалпылык. Буга мисал катары Болгариядагы түрк тилдүү гагауздарды, Өзбекстандагы иран тилдүү иронилерди (же фарсилерди), Сахалиндеги манчжур тилдүү орокторду атап кетсек болот.

Этнографиялык топ менен улуттун майда бөлүгүн чаташтырбоо керек.

*Улуттун майда бөлүгү* (национальное меньшинство) - кандайдыр бир улуттун (этностун) негизги жашаган аймагынан тышкары башка жерде жашаган азыраак бөлүгү. Жогоруда аталган этникалык жалпылыктар – эң негизгилери. Алардын типтеринин арасында кандайдыр бир өтмө типтери да болушу ыктымал.

Этникалык жалпылыктардын жогоруда көрсөтүлгөн өтмө типтери боюнча С.А.Токаревдин ачык–айкын ою бар. Мисалга, ал кул ээлөөчүлүк формациясынын мезгилиндеги этникалык жалпылыкты белгилөө үчүн «*демос*» деген терминди колдонууну сунуштаган. Демоско кул ээлөөчү аристократтар жана аларга тектеш, бирок жакыр (колунда жок) эркин адамдар кирген, башкача айтканда, антикалык мезгилдеги демостун өзү. Бул термин аркылуу туюнтулган жалпылыкка кулдар кирген эмес, анткени алардын басымдуу көпчүлүгүнүн теги башка (бөлөк элдерден) болгон.

Феодалдык доордун этникалык жалпылыгын С.А.Токарев негизинен эл (народность) деген термин менен туюнткан. Бирок анын курамына ал үстөмдүк кылуучу тапты киргизген эмес. Алар, анын ою боюнча, негизги калктан бир кыйла обочолонуп, өзүнчө турган.

*Номдук жалпылык* (номовая обїность) деген түшүнүк да С.А.Токаревге таандык. Ном – грек тилинен которгондо область, округ, провинция деген маанилерди берет. Номдук жалпылык термини аркылуу тектик жалпылыкка караганда аймактык жалпылыктын мааниси жогорулаган, таптык коомго чейинки мезгилден, таптык коом үстөмдүк кылган доорго чейинки мезгилдеги өткөөл этникалык жалпылыкты туюнтушкан.

Жогорудагыга жакыныраак, бирок таптык коомго чейинки мезгилге мүнөздүү этникалык жалпылыктын

болуу керектигин Н.Н.Чебоксаров да белгилеп кетет. Анын пикири боюнча уруктук түзүлүш (родовой строй) мезгилинде негизги этностор болуп уруулар (племя) эмес, тектеш уруктардын топтору саналышкан.

Өз тыянагын бышыктоо иретинде ал тап пайда болгонго чейинки коом бузулуу мезгилинде түзүлгөн жана тарыхта айкын белгилүү болгон ирокездердин, криктердин жана башка элдердин уруу бирикмелерин (союз, об¢единение) мисал катары көрсөткөн.

Териштире карап көргөндө Н.Н.Чебоксаровдун таптык коомго чейинки доорго мүнөздүү деген негизги этносу С.А.Токаревдин өткөөл мезгил үчүн сунуш кылган номдук жалпыгы менен дал келет десек жаңылыштык болбос.

Адамдардын коллективдери жалаң гана этникалык белгилери боюнча калыптанып түзүлбөстөн, ишмердигинин түрү, кандайдыр бир таптын өкүлү болушу, мамлекеттик бирдиктери боюнча да түзүлөт. Башкача айтканда, элдердин жалпылыгынын экономикалык, таптык, саясий ж. б. түрлөрү бар жана болушу мүмкүн. Коомдун өнүгүшү менен этникалык түзүлүштөр ошол коомдогу социалдык структуралар менен ар түрдүү байланыштарды, карым–катнашты колдоп, кармап келет. Мунун өзү этникалык жана социалдык жалпылыктардын кандайдыр бир кошундусунун, бирикмесинин жаралышына алып келет.

Этникалык жалпылыктарды типтерге бөлүүдө кээ бир советтик окумуштуулар (мис., Ю.В.Бромлей) жаңы түшүнүктөрдү бөлүп көрсөтүүнү сунуш кылышат.

1) Этнос деген түшүнүктүн тар мааниси – этникос.

Аны грек тилинен которгондо «элдик», «эл тарабынан түзүлгөн, жаралган» сыяктуу маанилерди берет.

*Этникос* – бул этностордун бөлүктөрүнө, мейли алар ар башка социалдык чөйрөлөрдө жашашпасын, алардын ар бирине таандык жана мүнөздүү болгон туруктуу субстанция. Мисалы үчүн, Канадада жана Украинада жашап турушкан украиндердин ортосунда бир катар маданий, тилдик, турмуш-тиричилик жалпылыктар, окшоштуктар бар. Андыктан алар бирдиктүү бир этникос.

2) *Этносоциалдык же этносаясий жалпылык* (этносоциалдык организм -ЭСО). Анын мүнөздүү белгиси - мамлекет менен бир кошто, бир биримдикте болушу. Ю.В.Бромлейдин пикири боюнча ЭСО ар дайым таптык коом үчүн мүнөздүү болгон жалпылык, ал эми этникос болсо таптык коомго чейин да, таптык коомдо да болуп келген. Ал ар кандай мамлекеттик-саясий бирикмелерде болушу мүмкүн.

Мына ушул жана ушулар сыяктуу жаңы терминдердин киргизилиши менен эле этникалык процесстердин татаалдыгын түшүнүү, таанып–билүү жеңилдейт деп айтуу кыйын. Бир жагынан алып караганда этнос менен этникостун ортосундагы, экинчи жагынан болсо - ЭСО, этносаясий жалпылык менен интернационалдык же социалдык-саясий жалпылыктардын ортолорунда логикалык айырмачылык бар экендигин туюу мүмкүнчүлүгү азыраак.

Жаңы терминдерди киргизүү, конструкциялоо, мүмкүн, об¢ективдүү тарыхый кырдаалдын зарылдыгынан келип чыккандыр. Анткени этникалык тарыхта уруулар - элди, элдер - улутту, улуттар – супер улутту түзгөн деген, же болбосом аталган табигый–тарыхый жалпылыктар биринен экинчисине түздөн–түз өтүшкөн деген сыяктуу теориялык жоболорго ачык мисалдар жок. Этникалык тарых кандайдыр бир эки арадагы өткөөл, болгондо да этносоциалдык, этносаясий бирикмелердин болгондугун

божомолдойт. Мындай бирикмелер ЭСОдон айырмаланып, өзүнүн туруктуулугу, аягына чейин калыптанып бүткөндүгү менен өзгөчөлөнгөн жаңы этникалык жалпылыктардын пайда болушуна шарт түзгөн.

Адамдардын топторунун эки арадагы, ортолук ар кандай бирикмелери, мейли алар таптык коомго чейинки, же таптык коомдун, же тапсыз коомго өтүүчү өткөөл мезгилдерге тиешелүү болбосун, алар этникалык жалпылыктардын белгилүү бир өз алдынча типтери катары каралышы мүмкүн эмес, жана алар салттык болуп эсептелген – уруу, эл, улут деген үчилтикти (триада) алмаштыра алышпайт.

Адабияттарда этникалык топ (этническая группа) деген термин да кездешет. Ал кээде этникалык жалпылыктын кандайдыр бир өткөөл формасы катары да каралат. Бул термин аркылуу келип чыгыш теги, тили жана маданияты бир жалпылыкта турган адамдардын тобун туюнткан илимий методикалык түшүнүктү аңдап билгенибиз туура болот. Бул жагынан алганда этникалык топту «уруу», «эл» (народность) деген түшүнүктөр менен теңдештирсек болот. Бирок, тийиштүү материалдардын жетишсиздигине байланыштуу этникалык өнүгүүнүн кандайдыр бир этабындагы жалпылыкка так аныктама бере албаган учурда да ушул терминди колдонсо болот. Көпчүлүк учурларда бул термин тарыхый аренадан өтүп кеткен этникалык жалпылыктарга мүнөздөмө берүүдө колдонулат. Жалпы илимдик терминдердин бир кыйласы этнографияда этникалык тарых жана дүйнөлүк маданият тарыхынын маселелерине мүнөздөмө берүүдө колдонулат. Алардын көпчүлүгү биология, социология илимдеринен алынган.

*Ойкумена* – (бай. грек. oikumenë < oike¼ - жашоо тиричилиги бар жер; жер; аалам), б. а. жер шарынын адамзаты жашаган же жашай ала турган аймактары.

*Этникалык аймак* (этническая территория) – белгилүү бир этностун калыптанган аймагы же анын негизги бөлүгүнүн жашаган жери (зона). Көпчүлүк учурларда этникалык аймак менен мамлекеттик чек (мамлекеттин чек арасы) дал келе бербейт. Жер шарынын бир катар райондорунда мамлекеттик чек ара этникалык аймакты бөлүп, кесип өткөн учурлар кездешет. Мунун өзү эле эң курч мүнөздөгү улуттар аралык маселелердин сакталып, курчуп тура беришине өбөлгө түзөт. Мисалга алып карасак, күрттөрдүн этникалык аймагы ири 4 мамлекеттин (Турция, Иран, Ирак жана Сирия) чегаралары тогошкон жерде жайгашкан. Аталган мамлекеттердин ар биринде күрттөр жалпы калктын 6 – 20%ке чейинки үлүшүн түзүшөт.

*Миграция* (лат. migratio - көчүү) – этникалык топтордун бир эле этникалык аймактын чегинде же андан тышкары башка жерлерге көчүп жүрүүсү. Чет өлкө этнографиясында «миграция» термини маданиятка байланыштуу көбүрөөк колдонулат. Мындай учурларда миграция процесстери элдин же маданияттын башка бир бөтөн этникалык же маданий чөйрөгө көчүп барышын, басып киришин туюнтушу мүмкүн.

Этникалык процесстердин мүнөзүн аныктоо үчүн кеңири колдонулуп келе жаткан «интеграция», «консолидация», «ассимиляция» деген түшүнүктөр кандайдыр бир деңгээлде ошол процесстердин өнүгүүсүнүн ырааттуу баскычтарын (стадия) ачып көрсөтөт. Бул терминдердин бардыгы латын тилинен алынган.

*Интеграция* (лат. integratio - кандайдыр бир бөлүктөрдүн бир бүтүнгө биригиши, бир бүтүн болушу) - бир социалдык-саясий жалпылыктын чегинде жашап турган ар түрдүү этностордун арасында этникалык маданий карым–катнаштын (контакт) калыптанып, орноо

процесси. Мисалы, СССР убагында ар түрдүү этностордун арасында советтик турмуш–тиричилик, каада-салттардын түзүлүшүн айтсак болот.

*Консолидация* (лат. consolidatios – бекемдөө, тыгыздоо) – адатта тили жана маданияты жагынан тектеш, салыштырмалуу өз алдынча элдердин же алардын ири бөлүктөрүнүн бир этникалык жалпылыкка биригип кошулуу процесси (В.И.Козлов). Алсак теленгит, челкан, куманды, телеут ж. б. уруулар (этностор) биригишип алтай элин түзүшкөн.

*Ассимиляция* (лат. assimilatio – бири-бирине салыштыра окшоштуруу) - келип чыгыш теги, маданияты жана тили жагынан бири-биринен бир кыйла айырмаланып, өз алдынча калыптанып калган этностордун бир аймакта жашап, өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжасында, алардын биринин өз тилин, маданиятын, улуттук аң-сезимин (өзүн-өзү таануусун) жоготуусунан улам, бир элдин экинчи бир элге сиңип кетүүсү, кошулуусу, аралашуусу (В.И.Козлов).

Ассимиляциянын эки түрү (табыгый же ыктыярдуу жана зордук-зомбулук жолу менен) белгилүү. Зордук-зомбулук жолу менен жүргүзүлгөн ассимиляцияда бир элди экинчи эл улуттук эзүүгө дуушар кылат, ошол максатта атайын «ассимиляция саясаты» жүргүзүлөт.

Чет өлкөлөрдө, өзгөчө Америка этнографиясында, түпкүрдөгү этникалык процесстер, айрым учурларда, маданияттын ар кандай даражалардагы контакттары катары гана изилденет. Ал эми маданият болсо, алардын ою боюнча, бул социалдык–экономикалык турмушка көз–каранды болбогон көрүнүш. Андыктан, ал элдердин турмушунда суб¢ект катарындагы гана ролду ойнойт. Ушул себептүү жогоруда айтылган концепцияга төп келген

терминология пайда болгон. Ал терминдер советтик этнографиялык адабиятта да учурайт. Алар да негизинен латын тилинен алынган.

*Аккомодация же адаптация* (лат. accomodatio, же adaptation < adaptare - ылайыкташуу, ыңгайлашуу) - адамдардын (элдердин) жаңы этникалык чөйрөдөгү турмушка ылайыктанышынын, же ошол чөйрөнү өзүлөрүнө ылайыктуу кылып өзгөртүп түзүп, экономикалык жана социалдык жактан жаңы шартка көнүгүү, өздөштүрүү процесси. Бул эки термин тең биология илимдеринде кеңири колдонулат.

*Аккультурация* (англ. acculturation – жаңыланып түзүлүү, жаңыча өнүгүү) – элдердин маданияттарынын бири-бирине өтүшүп сиңишүүсүнүн натыйжасында ошол маданияттардын алгачкы же баштапкы үлгүлөрүнүн (модель) өзгөрүү процесси. Чет өлкөлөр этнографиясында аккультурация түшүнүгү көбүнесе европеизация түшүнүгүнүн синоними катары туюнтулат, б. а. Азия, Африка, Америка жана Океания элдеринде маданияттын, чарба жүргүзүү формаларынын, социалдык институттардын европа элдерине мүнөздүү элементтеринин таркалуу процессин түшүндүрөт.

*Урбанизация* (лат. urbanus - шаардык) - өнөр жай ишканаларынын жана калктын ири шаарларда топтолуу тенденциясы. Бул термин Батыш Европа социологиясынан жана этнологиясынан келип кирген. Азыркы этнографиялык адабияттарда урбанизация деген түшүнүк бардык жерде стандарттуу типтеги шаар маданиятынын таркап жайылышынын натыйжасында шаар менен айылдын ортосундагы маданий айырмачылыктардын жоюлуп, жокко чыгуу процессин туюнтат.

*Трайбализм, трейбализм* (англ. Tribe - уруу) термини этнографияга соңку жылдардагы саясат-маалымат каражаттарынан келип кирди. Бул түшүнүк Азия, Африка өлкөлөрүнүн жаш мамлекеттериндеги колониалдык режим үстөмдүк кылган мезгилден ушул кезге чейин сакталып келе жаткан урууларга бөлүштүрүү, уруулук өз алдынчалык, уруулар аралык карама-каршылыктар сыяктуу этникалык кырдаалга мүнөздөмө берүүдө колдонулат. Уруулук системанын өз күчүнөн тайбашы, албетте, консолидация процесстеринин жүрүшүнө бөгөт болуп, уруулар аралык карама-каршылыктардын курчушуна шарт болууда. Саясат-маалымат каражаттарында трайбализм улутчулдуктун (национализм) синоними катары да колдонулуп келүүдө.

*Стереотип* (грек. stereos + typos - «бекем из», «туруктуу белги») термини социалдык психологияда кеңири колдонулууда. Кандайдыр бир этникалык жалпылык жашап турган аймакта калыптанып калган, туруктуу, муундан-муунга өткөрѝлүп, күндөлүк турмушта көнүмүш колдонулган жүрүш-туруш нормалары. Адатта, «этникалык стереотип», «маданий стереотип» сыяктуу сөз айкалыштары учурайт.

Этнография материалдык жана рухий маданияттын элементтерин изилдөөнүн натыйжасында адамдардын коллективдеринин өткөндөгү же басып өткөн тарыхын кайра калыбына келтирип көрсөтө алганга жөндөмдүү. Мындай учурларда ал «ырым-жырым» (обряд) «каада», «адат», «салт-санаа» (обычай), «эскинин калдыгы» (пережиток) «традиция» сыяктуу кеңири белгилүү түшүнүктөрдү колдонуп, аларга атайын адистештирилген маани-мазмун берип кетишет.

*Ырым-жырым* (обряд) - этностун социалдык, үй-бүлөлүк жана рухий (анын ичинде диний да) турмушунун

маанилүү окуяларына байланышкан кыймыл аракетти (церомония) жөнгө салуу, тартиптештирүү (регламентация) жыйынтыгынын ачык көрүнүшү.

*Каада, адат, салт-санаа* (обычай) - белгилүү бир этникалык жалпылыктын чөйрөсүндөгү сакталып келе жаткан туруктуу, өнөкөттүү жүрүм-турум, кылык-жорук, кыймыл-аракет эрежелери. Этнографиялык адабияттарда «сөөк коюу же көмүү салты» (похоронный обряд), «үйлөнүү салты» (свадебный обряд) сыяктуу сөз айкалыштары колдонулат. Ошол эле кезде «конок күтүү каадасы» (обычай гостеприимства), «бала асырап алуу каадасы» (обычай усыновления) деген сөз айкалыштары турмушта кездешет.

*Эскинин калдыгы, саркындысы* (пережиток) - өткөн доорлорго мүнөздүү болуп, азыркы учурларда айрым бир этникалык жалпылыктардын турмушунда көнүмүш адат же эскинин саркындысы катары сакталып келе жаткан, өткөн замандын коомдук жана маданий турмушунда маанилүү роль ойногон каада-салт жана үрп-адаттардын айрым саркынды элементтери, азыркы коомдун турмушуна жат болгон көрүнүштөрдүн этнографиядагы аталышы.

*Традиция* (лат. traditio - өткөрүп берүү, баяндап түшүндүрүү) - этностун өөрчүп-өнүгүүсүн, жашоо турмушун колдоп туруу үчүн материалдык же рухий маданияттын, социалдык же үй-бүлө турмушунун көрүнүштөрүн, үрп-адат, каада-салттарын муундан-муунга атайылап, аң сезимдүүлүк менен өткөрүп туруу.

*Инновация* (лат. in + novatio – жаңылануу, өзгөрүлүү) - адамдардын бир багыттуу иш- аракеттеринин натыйжасында белгилүү бир этностун чегинде атайын сакталып жана муундан муунга өткөрүлүп келе жаткан социалдык организмдердин маданиятынын жаңы

элементтери. Инновация көп мезгил бою туруктуу сактала берсе, ал традицияга айланышы мүмкүн.

Адамзат тарыхынын эң байыркы мезгилдеринде традициялар абдан туруктуу болгон. Ал эми инновациялардын пайда болушу чарбачылык ишмердигинин өнүгүшүнүн төмөнкү деңгээлде болгондугуна байланыштуу өтө чектелүү эле. Азыркы кезде кырдаал кескин өзгөрдү, турмуш тиричиликтин жаңыланышы өз кызматын өтөп бүтүп эскинин калдыгы болуп калган традициялардын гана эмес, адамзат тарыхында миңдеген жылдар бою ак кызмат кылып келе жаткан кээ бир прогрессивдүү традициялардын да кыйрап, бузулуп жоголушуна күбө болуудабыз.

Этнографиялык адабияттарда колдонулуп жүргөн жалпы илимдик терминдердин тизмесин чексиз уланта берсе болот. Бирок бул окуу китебинин негизги максаты терминологиялык сөздүктүн ордун алмаштыруу эмес. Мына ошондуктан этнографиялык изилдөөлөрдүн конкреттүү тармактары менен байланышкан түшүнүктөр менен таанышууга өтөйлүк. Мындан ары же өтө кеңири колдонулуп жүргөн, же болбосом этнографиянын атайын адистик тармактарындагы кээ бир спецификалык терминдердин түшүндүрмөлөрү берилмекчи.

## 4.2. Социалдык турмушка тиешелүү терминдер

XX кылымдын экинчи жарымында тап пайда болгонго чейинки коомдун тарыхынын орчундуу маселелери боюнча дискуссиялар болуп өттү. Анда бул коомду мезгилдерге бөлүштүрүү (периодизация) маселелери, анын социалдык

уюмдары, ошол кездеги матриархаттын (же энелик уруктун (уруунун) орду, тапсыз коомдон таптык коомго өтүүдөгү өткөөл мезгил д. б. у. с. талаш-тартыш маселелер талкууланды. Дискуссияга С.П.Толстов, Ю.В.Бромлей, Д.А.Ольдерогге, М.О.Косвен, Н.А.Бутинов, Ю.И.Семенов, Ю.П.Аверкиева, А.И.Першиц, Л.П.Потапов, Н.Н.Чебоксаров, В.Р.Кабо, Л.А.Файнберг, М.В.Крюков ж. б. окумуштуулар катышышты.

Мындай дискуссиядан кийин тактык жаралды, чындык жеңди деп ачык кесе айтуу кыйын, ошондой болсо да талкууланган маселелер боюнча позициялар аныгыраак болуп калды.

Мурун колдонулуп келген илимий жоболорду, өзгөчө Л.Морган тарабынан сунуш кылынган тап пайда болгонго чейинки коомдун тарыхын мезгилдерге бөлүнүшүн (жапайычылык, варварство жана цивилизация) кайрадан карап чыгуу зарылчылыгы келип чыккан. Л.Моргандын мезгилдерге бөлүштүрүүсү материалдык маданияттын курамына кирген бир катар белгилүү буюм-заттардын жана үй-бүлөнүн өнүгүү баскыч-деңгээлине негизделген болчу. Ал эми жаңы этнографиялык маалыматтар Моргандын схемасына туура келген эмес, аны өз кезегинде Ф.Энгельс да алдын-ала көрө билген. Матриархат же аялдардын социалдык-саясий үстөмдүк кылган мезгили жөнүндөгү түшүнүк реалдуу фактылар менен далилдене албаган.

Өз уругунун чөйрөсүнөн тышкары никеге туруу жана аялынын же күйөөсүнүн уругунда жашоонун сөзсүз милдеттүү болушу да иш жүзүндө бир уруктун мүчөлөрүнүн биргелешип чарба жүргүзө албай тургандыгынын далили болгон. Жубайлардын өз алдынча же ар кимиси өз уругунда жашап тиричилик кылышы далилдүү фактылар менен толукталбай эле гипотеза катары сунушталган. Мына ошондуктан таптык

формациялардын аныктоочу көрүнүштөрүнүн структурасына жакыныраак же окшош, тап пайда болгонго чейинки коомдун кандайдыр бир өзүнчө социалдык–экономикалык ячейкасын табуу зарылчылыгы келип чыккан. Адамзат коомунун тарыхынын эң алгачкы этаптары катары эсептелип, эталон болуп келген, маданий өнүгүүсү жагынан артта калган коомдордо, (м.: Австралия аборигендеринде, Калифорния индейлеринде ж. б.) патриархалдык элементтердин үстөмдүк кылышы, энелик уруктун эң баштапкы биринчи баскыч экендигине, жана анын глобалдуу таркагандыгына шек туудурду. Ошондой эле, айрым учурларда энелик урук менен матриархатты чаташтырып да келишкен.

Мындан тышкары патриархат мезгилинде өз алдынча таптык коомго чейинки доордун болушу жана ал доордо алгачкы таптык коомдун элементтеринин пайда болушу, жалпы адамзат тарыхынын мезгилдер системасында аталган доордун ордун аныктоо зарылдыгы келип чыкты.

Мына ушул маселелерге байланыштуу таптар пайда болгонго чейинки коомдун кээ бир талаш–тартыштуу туюнтмаларын дагы бир жолу чечмелеп, аларга ар тараптуу мүнөздөмөлөрдү кайра-кайра кайталап олтурбастан, ушул эле жерде жалпылоочу пикирлерди айта кетейли. Дискуссия учурунда Ф.Энгельстин эң маанилүү байкоосуна негедир анчалык көңүл бурулбай келди. Анда ал өндүрүштүн эки түрү жөнүндө тыянак чыгарган болчу: «Бир жагынан алып караганда - бул жашоо-тиричиликке керектүү каражаттарды (тамак-аш, кийим-кече, турак-жай жана ушуларга керектүү эмгек куралдары) өндүрүү болсо, экинчи жагынан – адамдын өзүн өндүрүп жаратуу, тукумду улоо…Эмгектин өзү канчалык начар өнүксө, анын негизинде өндүрүлгөн буюмдардын саны чектелүү болуп,коомдун байлыгы да

аз болсо,ошол коомдук түзүлүштүн уруктук байланыштарга көз карандылыгы ошончолук күчтүү болот[84].

Таптар пайда болгонго чейинки коомдун өндүрүшүнүн деңгээли өтө төмөн болгондуктан, адам өзү өндүргүч күчтөрдүн бир бөлүкчөсү катары эң жогорку баалуулукту түзгөн. Андыктан өндүрүштүн экинчи түрү - адамдын өзүн–өзү өндүрүүсү же тукум улантуу өндүрүшү - өндүрүштүн биринчи түрү менен бирдей эле же андан да жогору мааниде турган. Ал доордо материалдык байлыктарды өндүрүү үчүн, ар бир адам, кандайдыр бир коллективдин мүчөсү болушу зарыл болгон. Анткени эмгек да, өндүрүш каражаттарына болгон менчик да, өндүрүлгөн продукт да жалпыга тең болгон. Коллективге көз каранды болгон ар бир индивидуум бул көз карандылыкты табигый абал, табигый көрүнүш катары карап, анын түпкү маңызы жөнүндө ойлонуп да койгон эмес.

Мына ушундай жалпы менчикке ээлик кылган коллективди эмне бириктирип турган? Жалпы бир аймакпы? Албетте. Анткени ошол адамдар кандайдыр бир ээсиз, белгисиз чөйрөдө же абасыз мейкиндикте жашабаган да. Биргелешкен эмгекпи? Сөзсүз. Бул да адамдардын өндүрүш ишмердигинин натыйжасынан келип чыгат эмеспи. Таптар, сословиелер ошондой эле таптык-сословиелик теңсиздик келип чыга элек шартта жашаган коллективдер жогоруда көрсөтүлгөн табигый белгилер аркылуу гана, б. а. тектик же кандаш туугандык белгилер аркылуу гана биригип, тиричилик өткөрө алышкан.

Жогоруда айтылгандардын туюнтмасы катары урук эсептелип, ал кандаш-туугандык байланышта турган адамдардын ортосундагы жыныстык мамилени жөнгө салуу менен коллектив ичиндеги көпчүлүктүн арасында

---

[84] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2-е изд. т. 21, с.26.

коомдук тартиптин кыйшаюусуз аткарылышынын негизин түзүп турган. Эреже же закон ченемдүү көрүнүш болуп калган бул жыйынтык бир катар обочолонгон (изолированный), алардын ичинде Австралия аборигендерине, Калифорния индейлерине тиешеси жок болсо керек. Анткени, таптык коом пайда болгонго чейинки Эски жана Жаңы ааламдагы элдердин арасында, аталган обочолонгон элдердин социалдык өнүгүүсү адамзат тарыхынын чыйыр жолунан башкача жолдо, өзүнчө өнүккөн болуу керек. Мына ошентип, урук дегенибиз - тап пайда болгонго чейинки коомдун социалдык ячейкасынын негизин түзөт жана ал адамдардын коллективдеринин биримдигин кармап, алардын биргелешкен эмгегин, жалпы менчигин аныктап турат.

Урук структурасында биринчи орунда туугандык–тектик мамилелер туруп, мунун өзү бири-бирине урук-туугандык каралашуу жана уруктун чегинде гана мураска калтыруу сыяктуу эң маанилүү экономикалык функцияларынын болушуна карабастан, аны өзүнчө социалдык-экономикалык ячейка катары түшүнүү бир кыйла татаал. Ф.Энгельс, урукту тап пайда болгонго чейинки коомдун социалдык ячейкасы катары карап, «коммунисттик үй чарбасынын» жана «бир үй-бүлө общинасынын» да өкүм сүрүп келгенине көңүл буруп, ошол эле мезгилде К.Маркс тарабынан таптык коомго чейинки «архаикалык общинанын» өзүнчө бөлүнүп каралганына да көзү жетип, туюп-билген. Ошону менен бирге Ф.Энгельс экзогамия принцибинин уруктун чегинде сакталышында уруктун ролу маанилүү болгондугун баса көрсөтүп келип, урук - бул коомдун негизги социалдык уюштуруучу системасы жана анын өзүнө энчилүү өзгөчө артыкчылык укугу (прерогатива) эч качан общинага берилбесин белгилеп кеткен. Бир уруктун мүчөлөрүн камтып турган коллективдин чарба ишмердигинде нике

байланышынын натыйжасында кошулуп калган башка уруктун адамдары да катышуусу табигый көрүнүш экенин эстен чыгарбоо керек. Бул жобону кайра карап чыгууга практикалык жактан да теориялык жактан да негиз жоктой.

Иш жүзүнө келгенде, обїинанын ар бир мүчөсү, биринчи кезекте, кандайдыр бир уруктун мүчөсү болууга тийиш болгон. Нике мамилелерин, анын негизинде келип чыгуучу карым-катнаштарын жөнгө салуу менен урук өзү кимдир бирөөнү обїинанын катарына киргизген, башкаларын (тектик же нике байланышы болбогондорду) мүчө катары санабаган. Ал гана эмес, бир уруктун мүчөсүнүн мурастык укугу, ошондой эле бири-бирине урук-тууганлык жардамга келүү укугу да сөзсүз түрдө тектик, тууганлык байланыштын натыйжасында жүргүзүлгөн. Бул жерде уруктун мүчөсүнүн жалпы чарбага кошкон реалдуу салымы биринчи орунга коюлган эмес, анткени эгер экзогамия принциби эске алына турган болсо, ал адам башка уруктун чөйрөсүндө деле чарба жүргүзө алат эмеспи. Мына ошентип, таптар пайда болгонго чейинки коомдо, ошол коомдун өзүнүн жашап, өнүгүүсүн шарттап турган уруктун структуралык ролунун чечүүчү кызматын аныктап турган кырдаал түзүлгөн. Обїина же  ага жакын башка структуралар  – тек гана урук-тууганлык белгилери боюнча калыптанып түзүлгөн коллективдердин чарба жүргүзүү формасы болушкан. Ал эми уруктун өзү болсо өз алдынча экономикалык статуска ээ болбогон жуп үй–бүлөлөрдөн турган.

Ф.Энгельстин образдуу сөзү боюнча «үй-бүлө урукка каршы көтөрүлүп чыкканда, б. а. ал моногамдуу болуп, социалдык жана экономикалык жактан күнкорсуз, көз каранды эмес болгон мезгилде гана мындай үй-бүлө уруктук системаны жарып чыгып, башка бир, сапаттык

жаңы мамилелерге, таптык мамилелерге мейкиндик ачып берди»[85].

Мына ушундай табигый жол менен түптөлгөн коомдо урук–туугандык мамилелер кандай багыттар боюнча түзүлүш керек эле? Мындай багыттар болгону экөө: энелик же аталык, б. а. эгер адамдын жаралуу керемет сырын эске ала турган болсок, урук-туугандык санжыра аялдын же эркектин теги боюнча эсепке алынган.

Таптар пайда болгонго чейинки коомдун миңдеген жылдарды камтыган тарыхынын үй-бүлө-нике мамилелеринде реалдуу туюлган байланыш жолу же багыты - бул эне жагынан жүргүзүлгөн тектик байланыш. Мында тууган-уруктук мамилелер да ушул багытта куралып, табигый, эң алгачкы ячейка катары да эне тарабынан туугандыкты таанууга негизделген урук, б. а. энелик урук эсептелген.

Анда эмесе кандай себептерге байланыштуу тууган-уруктук байланыштарды санжыралоодо энелик багыттагы эсептен аталык багыттагы эсепке өтүү зарылчылыгы келип чыкты? Аталардын өз балдарына болгон укугун бекемдөөгө байланыштуу альтруисттик каалоолор десек анчалык далилдүү болбос.

Албетте, санжыранын негизин түзгөн эсептөө багытын алмаштыруу үчүн кандайдыр бир экономикалык негиз болуш керек эле. Башкача айтканда бирдей мүмкүнчүлүккө жана тең укукка ээ болгон урук мүчөлөрүнүн ичинен атасынын мүлкүнө же анын дагы башка социалдык–экономикалык артыкчылыктарына ээ болууга өзүнчө шарт түзүүчү укук берген экономикалык

[85] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2-е изд. т.19, сс. 400-421; т. 21, сс. 69, 162.

мүмкүнчүлүктү иштеп чыгып, аны өз балдарына ыйгаруу керек эле. Кыскасын айтканда, мурун тең укуктуу болгон коомдун мүчөлөрүнүн арасында теңсиздикти пайда кыла турган коомдун өнүгүүсүндөгү өзгөчө бир этапты жаратуу, түзүү керек болгон. Ушундай өнүгүүнүн натыжасында тап жаралганга чейинки доор аяктап, таптык коомдун тарыхы башталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн уруктун эң негизги функциялары ар бир эле таптык формацияларда түздөн-түз параллелдерге ээ эмес. Андыктан, алгачкы коомдун формациясын кийинки таптык коомдун формациялары менен салыштырууга мүмкүн эмес экендигин айрым окумуштуулар теориялык жактан далилдешет жана өзүнүн өнүгүүсүндө эң узак мөөнөттү камтуусу боюнча да, өндүрүштүк мамилелерининин мүнөзү боюнча да тап пайда болгонго чейинки коом кийинки таптык коомдор (кул ээлөөчүлүк, феодализм же капитализм) менен салыштырыла албайт.

Тап пайда болгонго чейинки коомдун келечектеги параллели катары, адамзат коомунун өнүгүүсүнүн эң жогорку баскычындагы тапсыз доор - коммунизм болорун теория катары айта кетишкен. Тап пайда болгонго чейинки коомду В.И.Ленин бекеринен «алгачкы коомдун коммунизми» деп атабагандыр. Ал эми Ф.Энгельс болсо өзүнүн «Үй- бүлө, жеке менчик жана мамлекеттин пайда болушу» деген изилдөөсүн капитализмдин ордуна келүүчү коом «кайра жаралуу коому болот, болгондо да анын эң жогорку формасында, б. а. байыркы уруулардын эркиндигинин, теңдигинин жана бир туугандыгынын кайра жаралуусу болот», - деп Л.Моргандан цитата келтирип кеткен.

Социалдык турмушту чагылдырган терминдерге жана түшүнүктөргө берилген алдын-ала түшүндүрмөлөр мына ушулар.

*Матриархат* (бай. грек. mater > matris + arche - «эне бийлиги», «аялдардын үстөмдүгү») – таптык коомго чейинки адамзат тарыхында социалдык структуранын чокусунда аялдар туруп, алардын арасынан жол башчылар шайланган мезгил, же болбосом аялдардын бийлик үстөмдүгү өкүм сүргөн доор.

Ал учурда адамдардын коомдогу мааниси, орду жана укуктары алардын эне тарабынан туугандыгы, тектештиги боюнча аныкталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн түшүнүк байыркы мезгилдерде антикалык авторлор кабарлаган амазонкалар жөнүндөгү легендаларды эске албаганда, башка этнографиялык маалыматтар менен тастыкталбайт.

Соңку кездердеги этнографияда матриархат деген термин аркылуу энелик уруктун үстөмдүк кылган доорун туюнтушат. Көпчүлүк учурларда бийликти аткаруучулардын катарында эне жагынан тектик байланышта турган эркектер болушкан, б. а. бийлик ээси аял, ал эми бийликти иш жүзүнө ашырып, аткаргандар эркектер болушса керек.

*Патриархат* (бай. грек. pater > patros + arche – ата бийлиги) – эркектердин үстөмдүк бийлиги деген түшүнүктү берет. Адамзат тарыхынын бир доорунда социалдык структуранын чокусунда эркектер туруп, алардын катарынан жол башчылар, бийлик ээлери шайланып турган мезгил. Ал заманда үй-бүлөдө да, коомдук турмушта да эркектин үстөмдүк, артыкчылык абалы талашсыз болчу.

Этнографияда – бул тап пайда болгонго чейинки доордон таптык коомго өтүү мезгили. Анын өзгөчө мүнөздүү белгиси - матриархаттын же энелик уруктун калдыктарынын сакталуусу менен эле бирге, ата багытында туугандык эсепке өтүүнү наркташтыруу болуп саналат. Хронологиялык жактан патриархаттын пайда болушу көпчүлүк элдер үчүн дыйканчылыктан мал чарбачылыгынын бөлүнүп чыгуу мезгилине туура келет. Ошону менен эле бирге, эгер элдердин чарбачылыгынын ар түрдүүлүгүн эске ала турган болсок, патриархаттын пайда болуу мезгили – бул коомдун өзүнүн туугандыкты энелик сызык боюнча эсептебестен аталык сызык боюнча эсептөөгө өтүүнүн экономикалык зарылчылыгынан келип чыккан десек туура болот. Ошентип, патриархат дагы башка ар кандай өткөөл форма сыяктуу эле таптар жаралганга чейинки коомдун акыркы стадиясы жана таптык коомдун алгачкы баскычы катары каралышы мүмкүн.

*Урук* (род) – таптар пайда болгонго чейинки коомдун негизги социалдык бирдиги, уясы (ячейка); жалпы бир атадан, бир тектен тараган кандаш туугандардын союзу. Антикалык доордо биздин түшүнүгүбүздөгү урукту «генс» деген термин менен туюнтушкан. Мисалга, гентилдик – уруктук; гентильная организация – уруктук уюм.

*Энелик урук* – (материнский род) – эне жагынан байланышта турган кандаш туугандардын союзу.

*Аталык урук* – (отцовский род) - ата жагынан байланышта турган кандаш туугандардын союзу.

Батыш Европа адабиятында аталык уруктун (уруу) синоними катары «*клан*» (кельт. clann) деген термин колдонулат. Шотланддарда жана ирланддарда ата уругунан турган уюм дал ушундай аталган.

*Экзогамия* (грек. ex¼ - сырттан, тышкарыдан + gamos – нике) - бир уруктун (род) чөйрөсүнөн тышкары никени туюндуруучу термин. Уруктун маанилүү белгилеринин бири. Эгзогамия принциптеринин кыйшаюусуз сакталышы жана аткарылышы ошол уруктун мүчөлөрүнүн чарбасында жана үй-бүлө, никеге байланыштуу турмушунда маанилүү, прогрессивдүү ролду ойногон.

*Эндогамия* (грек. endon – ичкери, ичинде; + gamos – нике)- уруунун (племя) же кастанын чегинде, бирок ар башка уруктардын арасында никеге туруууга жол берүүнү туюндурган байыркы грек термини (ич-ара нике).

Эндогамия – эң биринчи этникалык жалпылык катары саналган уруунун маанилүү белгиси катары гана эсептелбестен, тап пайда болгонго чейинки коомдун социалдык уюмунун эң жогорку формасы болгон уруунун белгиси катары саналат.

Экзогамия пайда болгонго чейин никенин дагы бир көнүмүш, салттык түрү - *эпигамия* (аралаш нике) болгон деген оригиналдуу ойду Д.А.Ольдерогге айта кеткен. Анын пикири боюнча, эпигамия өз–ара жардамдашуу жана бири-бирин колдоп-коргоо мамилелерин орноткон. Ошондой эле алгачкы коомдогу эки топтун ортосунда өз-ара никеге туруу милдеттерин киргизип, анын табигый натыйжасы катары, бир жагынан алганда экзогамия (өз тобунун ичинде никеге тыюу салуу), экинчи жагынан – эндогамия (эки же андан көп өз-ара мамиледеги топтордун чегинде никеге туруу милдеттери) тартиби орнотулган.

*Уруу* (племя) - алгачкы коомдун этникалык жана социалдык жалпылыгынын бир тиби; бир нече тектеш уруктарды (микроструктура) өз ичине камтыган, таптык коомго чейинки доордун эң жогорку макроструктурасынын аталышы.

*Фратрия* (бай. грек. phratria – уруунун бөлүкчөсү) – бул эң алдын, көпчүлүк учурда бир уруктан келип чыгып, бир нече ич-ара нике байланышында турган уруктарды бириктирип турган уруунун бир бөлүгүнүн аталышы. Уруунун эң алгачкы формасы - болбоду дегенде, эки уруктун бирикмеси. Айрым учурларда, «фратрия» деген термин, жаңылыш түрдө, уруктун аналогу катары колдонулуп келүүдө. Н.А.Бутинов уруктун ичинде «уруктун өзөгү» (ядро рода) деген өзгөчө макроструктураны бөлүп кароону сунуш кылган. Мындай ядро кандаш туугандардын бири-бири менен тыгыз байланышкан тобунан туруп, урукка нике байланышы аркылуу келип калган башка мүчөлөргө карама-каршы коюлган.

Никенин натыйжасында уруктун мүчөлөрүнүн бир бөлүгү урук чөйрөсүнөн тышкары болгондуктан, урук өзүнүн чарба ишмердигин чарба жүргүзүүнүн өзгөчө формасы болуп эсептелген *община* аркылуу ишке ашырат. Тап пайда болгонго чейинки доордо келип чыккан чарба жүргүзүүнүн бул коллективдүү формасы өз өнүгүүсүндө адамзат коомунун тарыхына мүнөздүү болгондой эле өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Общинанын бул формасын К.Маркс «алгачкы коомдук» же «архаикалык» обїина деп атаган. Ага тап пайда болгонго чейинки коомго мүнөздүү болгон коллективдүү өндүрүш, ошондой эле, өндүрүш каражаттарына жана өндүрүлгөн эмгек продуктусуна коллективдүү менчик мүнөздүү.

Мындай община туугандык (кандаш же никелеш) белгилер боюнча куралып, этнографияда аны уруктук обїина деп да аташкан. Мүлктүк теңсиздиктин пайда болушу, кандаш-туугандык байланыштардын өзгөчө ролунун төмөндөшү жана булардын ордуна аймактык байланыштардын калыптанышы, уруктук общинанын

айылдык же дыйканчылык общинасына өзгөрүлүп өтүшүнө (К.Маркс боюнча) алып келди. Мындай общинага дуалисттик менчик мүнөздүү, б. а. айдоо жер (угодья), жайыт, шалбаа ж. б. – коллективдүү менчикте, ал эми бардык өндүрүш каражаттары ар бир үй-бүлөнүн жеке менчигинде. Үй-бүлөлөр община тарабынан бөлүнүп берилген айдоо жер, шалбаа, жайыттарга ээлик кылышып, өндүрүлгөн продуктыларга да өзүлөрү ээ болушкан.

Таптык коомдун эң алгачкы учурунда пайда болгон *айылдык община* ушул калыбында айрым өлкөлөрдө биздин күндөргө чейин жашап келди. Айылдык общинанын традициялары революцияга чейинки орус айыл-кыштактарына да мүнөздүү болгон[86]. Айылдык обїинага окшош социалдык структуралар жалаң гана дыйкандарда же айыл–кыштак тургундарында гана эмес, чын-чынында ааламдагы бардык элдерде болгондуктан, этнографияда «айылдык общинага» аналогия боло ала турган «коңшулаштар общинасы» (бул жерде аймактык байланышка басым көрсөтүлүүдө), «көчмөндөр общинасы» (мал чарбадарлар үчүн), «кыштактык община», «аулдук община» (кыштак, айыл, аул сыяктуу жайгашуу тибине жараша) сыяктуу терминдер пайда болду.

Тап пайда болгонго чейинки коомдон таптык коомго алып баруучу өткөөл мезгилдин коомдук өнүгүү шартынын татаалдыгы жана бирдей эместиги, албетте, общинанын кандайдыр бир өзгөчө, эки аралык формаларын жаратышы мүмкүн эле. Өзүнүн негизги мазмуну боюнча анча айырмаланбаган мындай общиналарда, б. а. менчик дуалисттик формада болгону менен, общинанын структурасында тууган-уруктук байланыштар аймактык байланышка караганда күчтүүрөөк болгон. Аларды биз үй-

[86] Маркс К. , Энгельс Ф. Соч. 2-е изд. т. 19, сс. 400-421.

бүлө-тууган уруктук, коңшу чоң үй-бүлөлүк ж. б. у. с. община деп атайбыз.

Таптык коомдун айрым социалдык структураларынын калыптанышына тууган-уруктук байланыштардын узак мөөнөткө сакталып кала бериши да таасирин тийгизбей койгон жок. Алардын маанилүү белгиси катары уруктан бөлүнүп чыккан тектеш–тууган үй-бүлөлөрдүн обочо топторго бөлүнүүсүн көрсөтсөк болот. Буга мисал катары чоң үй-бүлөнү айтсак болот. Чоң үй-бүлөнүн курамы бир нече муундун өкүлдөрүнөн туруп, өзүнүн башчысы (аксакал) аркылуу башкарылган тектеш-туугандык топ. Алар жалпы чарба күтүшөт.

1931-жылы М.О.Косвен «*патронимия*» (грек. patër > patros – ата; onyma - аты, ысымы) деген терминди сунуш кылган. Ал бир патриархалдык үй-бүлөлүк общинанын мүчөлөрүнүн табигый өсүшүнүн, көбөйүшүнүн натыйжасында общинанын курамынан чоң же кичине үй-бүлөлүк топтордун обочолонуп бөлүнүп чыгышы деп түшүндүрүлгөн.

Патронимия кандайдыр бир деңгээлде же формада чарбалык, коомдук жана идеологиялык биримдигин сактап, жалпы патронимиялык аталышка ээ болгон. Ал, адатта, ошол бөлүнгөн үй-бүлөнүн башчысынын өз аты менен аталган. Патронимияда да урук сыяктуу эле экзогамиялык тартип сакталган. Чет өлкөлөр этнографиясында патронимиянын синоними катары *линедж* термини колдонулат (анг. lineage - тектик байланыш, туугандык).

*Уруулар союзу* - негизинен душмандын кол салуусуна каршы туруу максатында тектеш, туугандаш же коңшулаш уруулардын убактылуу биримдикке өтүүсү. Айрым учурларда уруулар союзу душмандан коргонуу максатында

түзүлгөнү менен, кийинки тынчтык мезгилинде деле жашай берген. Мында, ошол союзга кирген уруулардын жекече социалдык-экономикалык кызыкчылыктары сакталган (мис., ирокездердин лигасы, криктердин конфедерациясы ж. б.). Адатта, душмандын кол салуу коркунучу өтүп кеткенден кийин уруулар союзу бытыроого учураган, ага кирген уруулар өз алдынча болушкан. Уруулар союзу таптык коомго өтүү дооруна мүнөздүү. Бул доорду биз *согуштук демократия* деп да атайбыз. Мында кадимки шайлануучу башчы менен катар эле аскер башчынын социалдык ролу жогорулаган. Аскер башчысы да уруу мүчөлөрү же уруулар кеңеши тарабынан демократиялык жол менен шайланган. Мына ушундай уруулар союздарын мамлекеттин алгачкы үлгүсү, ал эми аскер башчыларын болсо болочок королдук же княздык бийликтин прообразы катары карасак болот. Урук да, уруу да өз-өзүнчө социалдык организм катары өзгөчө башкарууну талап кылган. Алардын функциялары да бөлөк-бөлөк болгондуктан уруктун жана уруунун башкаруучуларын атоо үчүн ар башка терминдер колдонулат.

XIX кылымдын аягында илимде *потестардык* этнография (лат. potestas - бийлик) деген өзгөчө багыт пайда болду. Бул тап пайда болгонго чейинки жана эрте таптык коомдордогу салттык башкаруу, бийлик жүргүзүү мамилелерин изилдөөчү тармак. Чет өлкөлөр илиминде бул субдисциплинанын аналогу катары саясий этнография эсептелип, ал урук түзүлүшүнөн берки башкаруу, бийлик жүргүзүү институттарынын бардыгын изилдейт.

*Урук аксакалы* (старейшина) – диний жана коомдук (граждандык) милдеттерди көбүнесе айкалыштыра аткарган бир уруктун шайлануучу башчысы. Ал өз уругунун чөйрөсүндө каада-салт, үрп-адаттардын

кыйшаюусуз аткарылышына көзөмөл жүргүзүп, урууда өз уругунун кызыкчылыгын жактайт.

*Аксакал* (старец) – бир уруктун чөйрөсүндө анын каада-салттарын сактап, маанисин түшүндүрүү кызматын ж. б. аткарган улуу муундагы өзгөчө ардактуу адам.

*Жол башчы* (вождь) – урууда же уруулар союзундагы эң жогорку шайлануучу адам; анын кызматы (функция) – чарба иштерин жетектөө, уруктар ортосундагы талаш-тартыштарды чечүү, башка жерлерде уруунун курамындагы уруктардын кызыкчылык–таламдарын коргоо, аскер иштерин жетектөө ж. б. Согуштук демократия доорунда уруу башчысынын коомдук жана аскердик функциялары, адатта, шайланган, тең укуктуу эки башчынын (уруу башчысы жана аскер башчысы) ортосунда чектелип бөлүнгөн. Уруу башчысынын колунда коомдук бийлик, ал эми урук аксакалында болсо коомдук да, диний да бийлик болгонун дагы бир жолу баса көрсөткөнүбүз оң. Бирок диний бийлик урук коллективинде жрецтер сословиеси же шамандардын өзгөчө таасири жана бийлиги орногонго чейин гана урук аксакалынын колунда болгон.

Таптык коомго чейинки заманда ар кандай ишенимдерге байланышкан культтар уруулук эмес, көбүнесе, уруктук мүнөздө эле.

Потестардык этнографияда ушул күнгө чейин маанилүүлүгүн жоготпой келе жаткан маселелердин бири - бийлик маселеси, же анын эки түрдүүлүгү. Биринчисинде бийлик коллектив тарабынан дайындалып берилет, экинчисинде болсо коллективдин атынан ошол коллективди башкаруу үчүн өз алдынча ыйгарып алат. Бул жагынан алганда Л.Е.Куббель *лидер* менен *башчынын*

(вождь) ортосунда айырмачылык бар экендигине көңүл бурган.

*Лидер,* албетте, коллективден өзүнүн жеке жөндөмү, тажрыйбасы аркылуу бөлүнүп чыгат. Бара-бара ал уруу башчылыгына өсүп жетиши мүмкүн.

*Урук кеңеши* (совет рода) – уруктун маанилүү маселелерин талкуулап чечүү үчүн чогулган уруктун толук укуктуу мүчөлөрүнүн же аксакалдарынын жыйыны.

*Уруу кеңеши* (совет племени) – чарба маселелерин же уруктар арасындагы мамилелерди, ошондой эле уруунун маанилүү маселелерин талкуулап чечүү үчүн урук аксакалдарынын жана уруунун толук укуктуу мүчөлөрүнүн жыйыны. Буга уруунун толук укуктуу мүчөлөрүнүн өзгөчө кырдаал (согуш, көчүү, табигый кырсыктар ж. б.) боюнча жалпы жыйынын да кошсо болот.

Тап пайда болгонго чейинки коомдун турмушунда *инициация* (лат. initiatio – купуя же сыйкырдуу иш-аракет, арнап-багыштоо) маанилүү орунду ээлеген. Бул өспүрүмдөрдү (уул-кыздарды) турмушка даярдап, аларды уруктун толук укуктуу мүчөлүгүнө кабыл алуу, жаштын бир курагынан экинчисине (адатта 12-15 жашта) өткөрүү, улуулардын катарына кошуп алууга байланышкан үрп-адаттар. Мында айрым элдерде инициациядан өтүүчүлөр өз канын төгүүгө чейин барышкан. Ар түрдүү элдерде инициациянын формалары ар башка болгону менен, анын коомдук-социалдык мааниси бир эле. Иудейлерде инициация «барницве» деп аталат, индус брахмандарында болсо ошол кастанын символу болуп эсептелген, эшилген ак сызманы (жип) алган күн экинчи жолу төрөлүүнү, кайра жаралууну туюндурган. Мусулман элдеринде балакатка толуунун өзгөчө регламентациясы ачык

байкалбаганы менен, рамазан айында орозо тутуу ыйык милдет катары саналат. Азыркы диндер инициацияга байланыштуу айрым үрп-адаттарды кабыл алышкан, мисалга, христиандардагы конфирмация, причастие ж. б.

Өткөн замандардын социалдык институттарынын ишмердиги *адатка* (обычное право) негизделген. Адат - бул конкреттүү этникалык жалпылыкта (коллективде) адам жана коомдун ортосундагы мамилелерди жөнгө салып турган тартип, салтык, элдик укук нормалары.

Айрым элдердин бөтөнчө социалдык институту катары *жашыруун уюмдар* (тайные союзы) болгон. Ал алгач уруктар аралык диний секта, кийинчерээк этностор аралык секта милдетин аткарса, бара-бара уруунун же башка официалдуу бийликтин каршысы боло ала турган социалдык–саясий максатты көздөгөн уюмга айланган.

Мына ушундай эле функциядагы *эркектер үйү* (мужские дома) да эң алгач уруктун чөйрөсүнө нике аркылуу келген эркектердин чогулуп жашоочу жайы катары кызмат кылса, бара-бара өз аялдарынын уругунда башка уруктардан келишкен эркектердин кызыкчылык–таламдарын коргоочу коомдук структурага айланган.

Жогоруда аталган терминдерден тышкары, этнографияда төмөнкү түшүнүктөр да кеңири колдонулат.

*Жаш-курак* - жыныстык бөлүнүүлөр – адамдар коллективинин чарба жана социалдык турмушундагы жынысы жана жаш-курагы боюнча эң алгачкы коомдук бөлүнүүсүн чагылдырат.

*Сословие* – жалпы уруктук же атадан балага мурас катары өтүүчү кесипке ээ болуп жана коомдо өзгөчө, көбүнесе укуктук жактан корголгон абалда турган

адамдардын тобу; *каста* (порт. kasta – урук, муун) – өзүлөрүнүн жалпы бир тектен келип чыкканын таанып, муундан-муунга өтүп келе жаткан мурастык кесибине, ошого байланыштуу каада–салт, үрп-адаттарына ээ болгон туюк эндогамиялык коомдук топ. Кастанын келип чыгуу теги али күнгө чейин так аныктала элек. Анын көпчүлүк маанилүү белгилери, анын ичинде аталыштары, өзгөчө каста системасы классикалык түрдө өнүккөн Индия сыяктуу өлкөдө, касталардын байыркы уруулардан келип чыкканына күбө болот.

*Менчик эни* (знак собственности) же тамга (орус тилине түрк тилдеринен кирип калган) – бир урукка же анын бир мүчөсүнө таандык болгон кандайдыр бир буюмдарга (же малга) коюлуучу атайын белги.

## 4.3. Үй-бүлө жана нике мамилелери боюнча терминдер

Бул бөлүмдө үй-бүлө жана нике мамилелерине байланыштуу терминдер каралып, алардын азыркы илимде колдонулуш өзгөчөлүктөрү такталат, анткени, ушул түшүнүктөр аркылуу аныкталган көрүнүштөрдүн адамзат тарыхында болгондугу эч кимди шек санатпайт.

*Үй-бүлө жана нике мамилелери* – бул никенин жана үй-бүлөнүн формаларын чагылдырган үрп-адат жана каада-салттардын комплекси.

*Нике* (брак) – тарыхый жактан шартталып, коом тарабынан санкцияланып жана жөнгө салынып, жубайлардын бири-бирине жана балдарына карата

укуктары менен милдеттерин аныктаган эр-катын арасындагы мамилелердин формасы.

*Үй-бүлө* (семья) – никеде турган жубайлардын өзүлөрү сыяктуу урпактарды жаратуу үчүн биргелешип жашоосунун формасы; таптык коомдо болсо – эң кеңири тараган моногамиялык үй-бүлө - өз алдынча социалдык–экономикалык ячейка.

*Нике нормалары* (брачные нормы) – никеге туруучу аял–эркектин биргелешип, кошулуп жашоосун жөнгө салуучу, салт же закон тарабынан киргизилген тартип.

*Нике формалары* (формы брака) – никеге турган жубайлардын туташуу, кошулуп жашоо мүнөзү.

Этнографияда никенин төмөндөгү формалары белгилүү. *Ала качуу* (умыкание) - кызды (келинди) анын өзүнүн же тууган–уругунун макулдугу менен (же уруксатсыз эле) ала качып кетип, аны менен никеге турушу. *Калың берип никелешүү* (брак выкупом, калымный брак) – келин үчүн анын үй–бүлөсүнө же тууганларына акчалай, натуралдык же товар түрүндө акы төлөө; *Иштеп берүү никеси же күч күйөө* (брак отработкой) - күйөө (күйөө бала) белгилүү бир мөөнөткө чейин келининин ата энесинин (б. а. өзүнүн кайын ата, кайын энесинин) чарбасында иштеп берип, ошондон кийин гана үйлөнүүгө (никелешүүгө) укук алышы; никенин бул формасынан калың никенин мүнөзүн байкоого болот. Андыктан никенин ушул эки формасы аталык урук дооруна байланыштуу жана ошол доордо пайда болгон деген көз караштагы окумуштуулардын пикиринин туура экендигине кошулууга болот. Бул жерде калың берүү да, иштеп берүү да аталык урук жамаатынын энелик уруктун мурунку укуктарынан ажырап калышына кандайдыр бир деңгээлде акы төлөө, айып тартуу (искупление) катары көңүлүн алуу болушу мүмкүн.

Анткени бул доордо аял төрөгөн бала мурункудай энелик урукка таандык болбостон, аталык урукка таандык болуп жатпайбы. Ал эми ала качуу болсо азапка салган калыңга каршы реакция болушу мүмкүн деген да логикалуу көз караш бар.

*Келип–кетүү никеси* - жубайлардын ар кими өз уругунда жашап, күйөөсүнүн аялынын үйүндө эмес, башка, атайын эркектер үйүндө жашап, турмуш күтүүсү;

*Конок нике* (гостевой брак) – мында үй ээси менен уругу тектеш, жашташ болгон конок, кожоюндун аялына да кандайдыр бир укуктуу болгон. Бул да болсо топ никенин варианттык бир формасы.

Албетте, никенин формаларынын башка да түрлөрү бар. Бирок тап пайда болгонго чейинки доордун бардык мезгилдерине мүнөздүү болгон никенин бири - *топ нике*. Бул - бир курактагы аял–эркектердин экзогамия принциптерин сөзсүз тутунуу аркылуу туруктуу же убактылуу, тартипке салынбаган жыныстык катнашуууда болушу.

Тап пайда болгонго чейинки коомго мүнөздүү никенин формасы катары дал ушул топ никенин эң көп убакыт өкүм сүрүшү, анын калдыктарынын эрте таптык, байыркы (антикалык) коомдордо, ошондой эле азыркы кездеги бир топ Азия, Африка, Океания элдеринде сакталып калышы менен далилденет. Топ никенин мүнөздүү калдыгы катары байыркы Римдеги *сатурналияны* (лат. saturnalia) айтсак болот.

Сатурндун (күн кудайы) урматына арналган бул майрам талаа (жыйым-терим) жумуштары аяктаган мезгилде өткөрүлүп, анда ар башка уруктардын

өкүлдөрүнүн ортосундагы жыныстык катнашууга жол гана берилбестен, анын сөзсүз түрдө болушуна шарт түзүлгөн.

Азиядагы азыркы мяо-яо элинин *айлуу түн бийлери* (лунные танцы) да ушундай эле мүнөздө. Кыргыздардагы *ак чөлмөктүн* башаты да топ никеге барып такалса керек. *Гетеризмди* (бай. грек. hetaira - курбу, ойнош, көңүлдөш)[87] да топ никенин калдыгы катары кароого негиз бар. Анткени Ф.Энгельс аныктагандай, эгер тап пайда болгонго чейинки коомдо аял бардык эркектердин энчиси болгон болсо, таптык коомдо ал бир эркекке гана тиешелүү болуп калган.

*Жаштар үйү* (дома молодежи) - Түштүк-Чыгыш Азиядагы айрым элдерде кездешкен өзгөчө турак жайлар. Ал жерде ар башка уруктун балакатка толгон кыз-жигиттери ээн-эркин жолугушуп, бош убактысын өткөрүшкөн. Бул да болсо топ никенин калдыктарынан.

Таптык коомго мүнөздүү болгон никенин формасы - *моногамиялык нике* (бай. грек. monos – бир, жалгыз; + gamos – нике, б. а. бир аял менен бир эркектин ортосундагы нике байланышы). Ушуну менен эле бирге *полигамия*, *полиандрия* да учурабай койбойт. *Полигамия* (бай. грек. poly – көп, бир нече; + gamos – нике) – көп аялдуу болууну (м., гарем), *полиандрия* (бай. грек. – poly - көп, бир нече; + aner > andros – эр, эркек) – бир эле мезгилде бир нече (көп) эрлүү болууну туюнтат. Полиандрия Тибетте кездешет.

Никенин башка формаларына караганда ылайыктуу же салттык деп эсептелгендерине да токтололу:

---

[87] Байыркы Грециядагы жалгыз бой, билимдүү, эч кимге көз каранды эмес, өзүн эркин алып жүргөн аял. Ал кезде гетера деп сойкуларды да аташкан.

*Ортокузендик нике* (грек. orthos - түз, туура; + франц. cousin, cousine - аталаш ага-ини же эже-сиңди) – аталаш туугандардын (эки-үч муундан кийинки ага-карындаштардын) ортосундагы нике байланышы;

*Кросскузендик* (англ. cross - кесилишкен, кайчылаш; + франц. cousin, cousine - аталаш ага-ини же эже-сиңди) же кайчы нике – эки уруктун бир куракатагы жаштарынын ортосундагы, же аталаш же энелештердин ортосундагы кайчы нике;

*Сорорат* (лат. soror – эже, сиңди) – бир тууган (же туугандык жакындыгы бар) эже-сиңдилер менен бир учурда никелик байланышта болуу, же болбосом курман болгон (өлгөн) аялынын сиңдисине (кээде эжесине) баш кошуу укугу;

*Левират* (лат. levir – кайнага же кайын ини, б. а. күйөөсүнүн улуу же кичүү тууганы) – жесир калган кайын эжеси же келини (инисинин аялы) менен никеге туруу; жесир аялдын курман болгон (өлгөн) күйөөсүнүн агасына же инисине турмушка чыгуу укугу же милдети;

*Промискуитет* (лат. promiscuus – аралаш, башаламан, жалпы) - тартипке салынбаган, башаламан жыныстык катнашуу. Никенин бул формасы XIX кылымдын классикалык этнографиялык эмгектеринен белгилүү болгону менен, азыркы этнографияда адамзат тарыхынын эң алгачкы этаптарындагы (б. а. алгачкы үйүр доорундагы) никенин өзгөчө формасы катары таанылбайт. Анткени бул сыяктуу көрүнүштөр жогорку класстагы айбанаттарга да мүнөздүү эмес.

*Үй-бүлө формалары* (формы семьи) – никелешкен жубайлардын биригип жашоосунун тартибин аныктоочу өзгөчө нормалар.

XIX кылымдан бери этнографияда, анын ичинде Ф.Энгельстин эмгектеринде да, тап пайда болгонго чейинки коомго мүнөздүү болгон кандаш же урук-тектеш (м., туран-ганован, малай (гавай же пуналуа) үй-бүлө формалары белгилүү болгону менен, жуп үй-бүлө (парная семья), азыркы кезде, акыркылардан болуп таанылды.

«Туран-ганован» жана «малай» («гавай») үй-бүлөлөрү сыяктуу терминдер тереңдеп байкап келгенде үй-бүлө формасы менен байланыштуу болбостон, башка үй-бүлөлөрдүн ич арасындагы уруктук–тектик мамилелердин мүнөзү менен байланыштуу болгону байкалат. Ал эми «пуналуа үй-бүлөсү» деген терминди Ф.Энгельс өзүнүн «Үй-бүлө, жеке менчик жана мамлекеттин келип чыгышы» деген эмгегинин акыркы басылышында «топ нике» деген түшүнүк менен алмаштырган. Промискуитетке тектеш болуп эсептелген кандаш, урук-тектеш үй-бүлөнүн болгондугу азыр күмөн туудуруп, промискуитет өзү да болбосо керек деген пикирлер айтылууда.

*Жуп үй-бүлө* (парная семья) – бир эркек менен бир зайыптын никесине жана жыныстык мамилесине гана жол койгон үй-бүлө формаларынын бири; бул мезгилде адамдардын эмгек жана үй-тиричилик боюнча жалпылыгынын башкы түрү урук болгон.

*Индивидуалдык* (чакан) үй-бүлө (индивидуальная или малая семья) – урук уюмуна социалдык жактан карама-каршы туруу мүнөзүнө ээ болгон, аталык урук мезгилиндеги бир кыйла стабилдүү үй-бүлө формасы.

*Моногамиялык* үй-бүлө – таптык коомдун социалдык–экономикалык ячейкасы; буржуазиялык этнографияда үй-бүлөнүн социалдык институт катары түбөлүктүүлүгү жөнүндө сөз болгондо, дал ушул моногамиялык үй-бүлөнү мисал катары айтышат.

Үй- бүлө жана нике мамилелери байыркы өткөн замандарда энелик уруктан аталык урукка өткөндүгү тууралуу бир катар мисалдарды бере алат. Мындай көрүнүштөр этнографиядагы төмөнкү түшүнүктөрдө чагылдырылган:

*Кувада* (франц. couvade – жумуртка басып чыгаруу) - баласына карата табыгый укугун ырастоо, бекемдөө максатында эркектин төрөгөн аялга мүнөздүү кыймыл-аракеттерди (толгоо, төшөктө жатуу ж. б.) жасашы, төрөгөн аялды туурашы;

*Травестизм* (франц. – travesty, travestir - кайрадан башкача кийинтүү) - өз жынысынан баш тартып, карама-каршы жыныска мүнөздүү кыймыл-аракет жасоосу; мисалы, эркек өз жынысын танып, аялдарча кийинип, аялдардын ишин ж. б. аткарат, же тетирисинче, аял киши өз жынысынан баш тартып, эркектерче болууну каалайт.

*Авункулат* (лат. avunculus – таяке, тага) - таяке–жээндердин ортосундагы укуктар менен милдеттерди аныктап, таякенин жээнинин тагдырына карата өзгөчө жоопкерчилигин туюнткан салт; патриархат учурунда балдардын энесинин төркүнү менен байланышын сактап коргогон;

*Аталык* (түрк. – тарбиячы; орусча - аталычество) - баланы башка үй-бүлөдө тарбиялоо; авункулаттын өзгөчө бир түрү.

Жогоруда аталган каада-салттар патриархалдык коомдо өкүм сүрүп, азыркы кезде да өз маанисин жогото элек.

Үй-бүлө-нике мамилелерине байланышкан терминдерден бул бөлүмдө дагы төмөнкүлөргө токтолуп кеткибиз келет: *туугандашуу же ага–ини болуу*

(побратимство). Келип чыгыш теги ар башка (кандаш эмес) болгон эки же бир нече эркектин (же аялдын) бири-бирине өз ара жардамдашуу, туугандашуу максатында сүт же кан ичишип мамиле түзүшү;

*Асырап алуу, асыранды бала, бакма бала* (усыновление, удочерение) - келип чыгыш теги башка (кандаш эмес) баланы (же кызды) өз уругуна же үй-бүлөгө кабыл алып, ага кандаш туугандык укугун берүү салты;

*Урук–туугандык системасы* (система родства) – адамдардын ортосундагы келип чыгыш теги, туугандыгы боюнча байланыш;

*Жек-жаат системасы* (система свойства) – нике аркылуу тууган болгондордун ортосундагы мамиле.

*Филиация* (лат. Filiation, filialis – байланыш, үзгүлтүксүз улануучулук (преемственность, линейность) – келип чыгыш тегин санжыралап эсепке алып тактоо максатында этнографияда колдонулган эсеп системасы (ата теги, эне теги ж. б. боюнча); буга байланыштуу терминдер төмөнкүлөр:

*Матрилинейность* – келип чыгыш тегин, туугандык линияны эне жагынан эсепке алуу;

*Патрилинейность* – келип чыгыш тегин, туугандык линияны ата жагынан эсепке алуу;

*Билинейность* – келип чыгыш тегин, туугандык линияны ата жана эне жагынан бирдей эсепке алуу;

*Локальность* – никелешкен жубайлардын жайгашуу өзгөчөлүгүн (энелик, аталык ж. б. урукта) туюндуруучу

этнографиялык термин. Буга байланыштуу дагы бир нече терминдер бар:

*Матрилокальность* – никелешкен жубайлардын энелик урукта жайгашуусу;

*Патрилокальность* – жубайлардын аталык урукта жайгашуусу;

*Билокальность* – жубайлардын аталык жана энелик уруктарда кезектеше жашоосу;

*Авункулолокальность* – келиндин күйөөсүнүн таякесинин уругунда (б. а. келиндин кайын энесинин агасынын же инисинин уругунда) жайгашуусу;

*Неолокальность* – жубайлардын ата-энесинен бөлөк, өз алдынча жашоосу;

*Дислокальность* – жубайлардын ар кимисинин өз уругунда жайгашуусу; б. а. аялы да, эри да өз-өз уругунда жашашкан. Мындай көрүнүш гипотеза катары гана болушу мүмкүн.

*Үч уруктан турган союз* (трехродовый союз) - үч уруктун ортосундагы союз; алар нике байланыштарын алкак түрүндөгү ырааттуулукта жүргүзүшкөн. Мында А уругу өз эркектерин В уругуна беришсе, В уругу – С уругуна, С уругу – А уругуна беришкен.

*Ат, ысым* (имя) – уруктун мүчөсүнүн атына жалгаша айтылуучу ысым же уруктун аты; ал социалдык-укуктук мааниге ээ жана муундан-муунга өтүп турат:

*Фамилия* - үй-бүлөлүк же тектик аталыш; азыркы маанисинде фамилия Россияда мындан үч жүз жылдай мурун пайда болгон.

Жогоруда аталган топто урук-туугандык системасына өзгөчө көңүл буруу зарыл. Аны изилдөөгө өз кезегинде Л.Г.Морган зор маани берген. Ал урук–туугандык системасынын терминологиясы туугандардын социалдык позициясын чагылдырып, бул система өзү тейлеген коомго караганда байыркыраак экенине да көңүл бурган. Бул тыянак этнографтарга үй-бүлө - нике мамилелеринин жана социалдык структуралардын азыр кездешпеген формаларын реконструкциялоо үчүн ишеничтүү булак болуп берди.

Урук–туугандык системасы үч этапты басып өтүп, алардын ар бири адамзат тарыхынын үч чоң доорун чагылдырганын Д.А.Ольдерогге баса көрсөткөн. Алар: алгачкы уруулук коом (буга туран-ганован системасы туура келет); таптык коомго алып баруучу өткөөл мезгилге туура келген патриархат доору жана эрте таптык коом (буга малай системасы туура келет); таптык коом (буга кичи жана моногамиялык үй-бүлөлөрдүн үстөмдүк кылуусун чагылдырган системалар туура келет). Урук-туугандык системаларын жогорудагыдай бөлүштүрүүлөрдөн тышкары алгачкы уруулук коомго дал келүүчү классификациялык система жана таптык коом менен байланыштуу болгон жазма (описательная) системалар колдонулуп келүүдө. Мындай бөлүштүрүүлөр, М.В.Крюков (1972-ж.) жетиштүү деңгээлде ачык көрсөтө алгандай, жаңылыштуу деп табылууда. Анткени алар салыштырууга мүмкүн болбогон элементтердин негизинде конструкцияланган.

Урук-туугандык системаларын өз этникалык аталыштары боюнча айырмалап, алардын ичинен көпчүлүк этносторго мүнөздүү болгондорун бөлүп кароо керектигин М.В.Крюков сунуш кылат.

## 4.4. Материалдык маданиятты чагылдырган терминдер

Этнографияда элдин (этностун) чарба ишмердиги анын жашоо турмушунун башкы көрөңгөсү болуп эсептелет, анткени, элдин маданиятынын жана социалдык турмушунун ар тараптан калыптанышы, дал ушул чарбанын мүнөзүнө көз каранды. Ушуга байланыштуу этнографтар жалпы эле чарбачылыкты экиге бөлүшөт: негизги жана көмөкчү чарба. *Негизги чарба* - бул этникалык жалпылыктын турмуш–тиричилигин, жашоосун камсыз кылуучу чарба. *Көмөкчү чарба* – бул этностун кандайдыр бир тобунун эмгек ишмердиги, б. а. негизги чарбадан бош мезгилде эмгектенүү, мисалга, ар түрдүү кол өнөрчүлүк же ишмердик, кийим–кече, идиш-аяк, үй-эмеректерин, эмгек куралдарын жасоо ж. б.

Тарыхый өнүгүүнүн алгачкы этаптарында жыйноочулук, аңчылык жана балык улоочулук адам баласынын негизги чарбасы катары кызмат кылган. Андан кийинки доорлордо – дыйканчылык, мал чарбачылыгы, жана кээде, Индия, Кытай, Америка, Африка, жана Кавказ сыяктуу өлкөлөрдүн айрым этностору үчүн кол өнөрчүлүк негизги чарба болуп калды. Азыркы коомдун чарбасынын өзөгүн өнөр жай өндүрүшү түзөт.

Чарбачылыктын негизги түрлөрүнүн эң алгачкы формалары болгон жыйноочулук, аңчылык жана балык улоочулук азыркы учурларга чейин көмөкчү чарба катары айрым этностордо сакталып келүүдө.

Жер кыртышын бузуп, иштетүү ыкмасына ылайык, дыйканчылыктын төмөндөгүдөй түрлөрү белгилүү: *кыркып-күйгүзүп (өрттөп) иштетүү* (подсечно-огневое) –

иштетиле турган жердеги токой–бадалдарды кыркып, аларды өрттөп, күл менен кыртышты семиртүү аркылуу дыйканчылык жүргүзүү.

*Которуштуруп айдоо* - жер кыртышын иштетүүнүн биринчи тибинин башкача аталышы; мурун иштетилип жүргөн жер аянтына убактылуу тыныгуу берип, башка жаңы жерди иштетүү.

*Жер кыртышын кол менен* (ручное земледелие) иштетүү. Дыйканчылыктын бул ыкмасы эң жөнөкөй эмгек куралдары – жер чукугуч таяк, мүйүз же сөөк, теше ж. б. менен жүргүзүлгөн.

*Кыртышты кетмен* (мотыжное земледелие) менен иштетүү. Бул да кол менен иштетүүнүн бир варианты, мында да жөнөкөй эле эмгек шайманы – кетмен колдонулат.

Этнографияда кыртышты иштетүүнүн аңтарып айдоо (плужное) жана чиймелеп жумшартуу (пашенное) ыкмалары да белгилүү.

*Кыртышты нымдоо, сугаруу ыкмасы* боюнча сугат (орошаемое), жайпатып сугаруу (поливное), көөмп бастыруу (заливное) жана кайрак (богарное) дыйканчылык белгилүү. Шалы өстүргөн өлкөлөр үчүн кыртышты көмдүрүп сугаруу мүнөздүү болсо, суу тартыш өлкөлөрдө кайрак дыйканчылык (мында негизинен жамгырдын суусу менен сугарылат) кеңири тараган.

*Мал чарбачылыгында* өзгөчө каралуучу тармактар – бул жылкы, төө жана бугу чарбалары. Булар да бир катар этностордун жашоо–тиричилигинин негизги каражаты болушкан.

*Кол өнөрчүлүк* тармактарынын ичинен темир устачылык ыйык, касиеттүү, кудурети күчтүү от менен байланышкан кесип катары өзгөчө социалдык мааниге ээ болгон. Африканын айрым элдеринде жана башка этностордо темир усталар, жалпы коллектив алардын кызматынан пайдаланганына карабастан, өзүлөрү жамааттан (коллектив) тышкары, өзүнчө тиричилик кылышкан, өзүлөрүн обочо кармашкан.

*Үй өндүрүшү* (промысел) – чарбанын же кол өнөрчүлүктүн негизги түрүнөн тышкары, калктын бош убакытында аткаруучу иши же кошумча өндүрүшү. Мисалга, ааламдын циркумполярдык региондорунда кеңири тараган аң–тери өндүрүшү, ал аймактарда акча–товар мамилелеринин кириши менен гана Түндүк элдеринин негизги чарбасына айланды. Ага чейин алардын негизги чарбасы эт багытындагы ири жаныбарларга аңчылык кылуу же бугу чарбасы болгон.

*Айыл–кыштак* (поселение) – этностун же анын бир бөлүгүнүн чектелген аймакта атайын ыңгайлаштырылган турак–жайларда жашап жайгашуусу. Айылдык тургун жайлар туруктуу же убактылуу, элеттик же шаардык болушу мүмкүн. Турак–жай (жилиїе) – табигый кырсыктардан сактануу жана адам жашоо үчүн ыңгайлаштырылган атайын курулуш, имарат ж. б.

Жылдын ар кандай мезгилдеринде жашоо үчүн ыңгайлаштырылышына карата турак–жайларды сезондук (кышкы, жайкы б. а. кыштоо үй, жайлоо үй); убактылуу же өндүрүштүк (кепе, чатыр, жолум үй); которулма же көчүрүлмө (көчмөн элдерде кеңири тараган боз үй, чатыр, чум, вигвам, кепе ж. б.) жана туруктуу же стационардуу (үй, изба, сакля ж. б.) болуп бөлүштүрүү этнографияда кабыл алынган. Жер бетинде (үй, чатыр, боз үй, чум, яранга, ж. б.), жерге киргизиле (үңкүр, оро, жертөлө,

жарым жертөлө ж. б.), жерден же суудан көтөрүлө (свайные, б. а. казык же сваянын үстүндө курулган үйлөр) жана асмандата (воздушные) б. а. дарак-жыгачтардын бутагына курулган үйлөр да ар түрдүү элдерде болгондугу белгилүү.

Этнографиялык жактан сүрөттөөдө турак-жайлар конструктивдик өзгөчөлүктөрү (чатыр тибинде жабылган, каркастык ж. б.), курулган материалы (кам кыш, бышырылган кыш, таш, жыгач ж. б.) боюнча да айырмаланышат.

*Тамак-аш* - бул ар бир этностун даам сызып тамактануу негизи. Тамак–аштын составы (эт, балык, сүт же өсүмдүк) чарба маданий спецификага ээ, ал эми тамактануу тартиби (күндүн белгилүү убакыттарында тамак–аштын кезеги ж. б.) белгилүү бир этносто кабыл алынып, өнөкөт болуп калган эрежелерге баш ийет. Тамак-ашты этнографтар ритуалдык, салттык, күндөлүк, - деп бир нече түрлөргө бөлүшөт. Ритуалдык тамак-аш - бул диний ырым–жырымдарды өткөрүү менен тыгыз байланышып, атайын даярдалат. Салттык же традициялык тамак–аш да аш-тойлордо, майрамдарда, б. а. адам турмушунун маанилүү мезгилдеринде даярдалып, аны кээде майрамдык деп да аташат.

*Тыюу салынган* (запретные, б. а. арам деп саналган) тамактар - бул диний же башка мотивдерге байланыштуу кандайдыр бир тамакты жегенге же продуктуну пайдаланганга убактылуу же туруктуу тыюу салуу, аны арам катары кабыл алуу.

*Идиш-аяк* - тамак–аш бышырып даярдоо жана тамактануу үчүн колдонулуучу атайын эмерек-буюмдар.Ал чопо (сапал), тери, жыгач, металл, айнек ж. б. жасалышы мүмкүн.Этнографияда көмүү салтында колдонулуучу

идиш–аяктарга өзгөчө маани берилет. Алар же өлүк менен кошо гөргө көмүлгөн же күмбөзгө коюлган. Мындай каада–салтты жасоочулардын түшүнүгүндө, ал идиш–аяктарды өлгөн адам тиги дүйнөдө колдонгон.

Материалдык маданиятты сүрөттөп жазууда, өзгөчө, эгер этногенетикалык маселелерди изилдөө максаты коюлган болсо, анда кийим–кечени изилдөөгө өзгөчө көңүл бурулат. Анткени алардын салттык составында, материалында, бычылып–тигилишинде этникалык өзгөчөлүктөр чагылдырылбай койбойт. *Кийим-кече* - бул биринчи кезекте, адамдын денесин сырткы чөйрөнүн жагымсыз таасиринен сактоочу атайын каражат. Ал утурумдук же күнүмдүк (повседневная), майрамдык (праздничная) жана салттык (обрядовая) сыяктуу түрлөргө бөлүнөт. Салттык кийим-кече - бул диний ырым–жырымдарды, каада-салтка байланыштуу кыймыл-аракеттерди аткарууда кийилүүчү атайын кийим.

Жалпы сырткы көрүнүшү боюнча кийим-кече туюк (глухая) жана ачык (распашная) болуп бөлүнөт. Туюк кийимдин алды жабык болуп, адамдын баш жагынан кийгизилет. Мындай кийим түндүк элдерине мүнөздүү. Ал эми эң кеңири тараган кийим – бул ачык кийим–кече. Адамдын тулку-боюнда жайгашышы боюнча кийим–кечени этнографтар ич кийим (нательная) - ал жалаң денеге кийилет; сырт кийим (верхняя) - ич кийимдин үстүнөн кийилет; желке кийим (плечевая) - ал адамдын желкесине илинет (мис.: халат, куртка ж. б.); бел кийим (поясная) - ал белге байланат же бүчүлөнөт (мис.: ыштан, юбка, белдемчи ж. б.) жана куймулчак (набедренная) кийим сыяктуу түрлөргө бөлүшөт. Кийим–кеченин акыркы түрү тропика өлкөлөрүнүн элдери үчүн мүнөздүү бирден–бир кийим формасы болуп эсептелет. Ага мисал катары,

алжапкыч, «уят жапкыч» (пояса стыдливости), набедренная повязка ж. б. айтсак болот.

Кийимдин бычымы ага керектелчү материалга, ал эми кийим кездемеден тигилсе, ошол кездеменин энине жараша болот. Бычымы боюнча кийим–кече үч типке бөлүнөт: эндей бычым (цельнокроенная) – бир бүтүн аң–териден же бир эндей кездемеден; туник сымал (туникообразная) - энсиз, эки желкени эндеген кездеме желкеден арта салынып, эки ийинден жеңи тигилет; жана кимоно сымал (кимонообразная) – эндүү материалдан жеңдери толук же чолок жеңдүү кылынып бычылган кийим. Кийимдин оң же сол тарапка бүчүлөнүшү да этникалык спецификага ээ.

Кийим – адам денесин сактоочу каражат. Ал эми таптык коомго чейинки адамдардын түшүнүгү боюнча, дене ырайымсыз жин–шайтандардан (злой дух) корголгон болуш керек экендигин эске ала турган болсок, анда кийим–кече темасын изилдеп үйрөнүүдө, этнография, аны менен бирге денедеги ар кандай кооздуктарды кийим–кеченин кооздук-асем буюмдарын, ошондой эле чач жасалгаларын (прическа) да изилдейт. Жасалга-кооздуктарга жасалма кал коюу (фр. tatouer - татуировка), моюн (гривна, моюн шакек, ожерелье, мончоктор ж. б.), кол (шакек, билерик ж. б.), бут (бут шакек, аяк билерик ж. б.) кооздуктары кирет.

Материалдык маданият бөлүмүндө этнографтар салттык *транспорт жана байланыш каражаттарын* да изилдеп үйрөнүшөт. Транспорт демекчи - бул адамдарды жана жүктү ташуу каражаттары. Алардын катарына ар түрдүү дөңгөлөктүү конструкциялар, же чийне, бакан, паланкин, корзина, носилка ж. б. салттуу эмеректер кирет.

*Байланыш каражаттары* (связь) дегенибиз – ар кандай сигналдарды жана кабарларды бир жерден экинчи жерге

жеткирүүчү каражаттар. Ар түрдүү шашылыш (душмандын кол салуу коркунучу, стихиялык кырдаал, эпидемия ж. б.) жана жөнөкөй күнүмдүк (муундардын эсеби, коомдук кызматты тастыктоо, жазгы жумуштарды баштоо ж. б. у. с.) кабарларды берүү. Мындай салттык байланыш каражаттары катары от, түйүлгөн жип, таякча же башка буюмдардагы кесик-кертиктер, ошондой эле ымдоо (жест), пиктография ж. б. колдонулган.

## 4.5. Рухий маданиятты туюнткан негизги терминдер

Элдин рухий турмушунун жалпы чөйрөсү байыртадан эле илимдин ар түрдүү тармактарында эмгектенген изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келген. Андыктан, алардын эмгектеринде маданияттын белгилүү көрүнүштөрүнө, мисалга, кандайдыр бир диний үрп-адатка же элдик чыгармачылыкка мүнөздөмө берүү үчүн колдонулган атайын терминдердин саны ушунчалык арбын жана көп мааниде экендигин эске алсак, бул окуу китебинде ошол терминдердин ичинен эң көп колдонулган жана жалпы мүнөзгө ээ болгондоруна токтолуп, алардын этнографиялык өзгөчөлүктөрүн ачып, бир аз түшүндүрмө берип кеткенибиз талапка ылайыктуу болоор. Эгерде акыркы мезгилдерде бизде да, чет өлкөлөрдө да ар кандай энциклопедиялык, философиялык, дин, адабият искусство таануу боюнча сөздүктөр жарык көргөнүн эске ала турган болсок, биздин ушул жагдайда терминдердин этнографиялык маанисин ачып берүүгө далалат кылышыбыз жүйөөлүү болуп чыгат.

Элдин рухий турмушун тарыхый өнүгүү кырдаалында изилдеп үйрөнүүдө, этнограф, албетте, элдердин өзүлөрүн

курчап турган табиятка, адамдарга жана коомго болгон ар кандай системадагы иррационалдык, фантастикалык, мистикалык көз караштары менен таанышууга мажбур болот. Ошол көз караштарды сүрөттөп жазууда, ал, кааласа да, каалабаса да белгилүү терминдерди колдонот. Терминдер болсо, көбүнесе буга чейин эле иштелип чыгып, колдонулуп, айрым учурларда, өзгөчө азыркы кезде, жаңы мазмунга, мааниге ээ болуп калган. Төмөндө биз айрым түшүнүктөргө токтолуп, алардын этнографиялык маанисин ачып берүүгө аракет кылабыз.

*Ишенимдер* (верования) – табияттан тышкары тигил же бул күчтөрдүн бар экендигине ишенүүгө негизделген дүйнөгө көз караш жана дүйнөнү туюу, ошондой эле ага ылайык жүрүм-турум, спецификалык аракет. Байыркы адамдар мындай күчтөрдүн айрым адамга жана ага жакындыгы бар башка адамдардын тагдырына таасирин тийгизет деп ишенишкен жана мындай ишенимдер кандайдыр бир деңгээлде системага салынган болгон.

*Дин* (религия) – алгачкы адамдын ага түшүнүксүз жана аны басынткан жаратылыш стихияларынын жана социалдык күчтөрдүн алдында өзүнүн алсыздыгын баса көрсөткөн коомдук аң-сезимдин бир формасы, - деп аталган белгилүү классикалык аныктамадан тышкары, илимий көз–карашка карама-каршы келүүчү, табияттан тышкаркы күч (кудай) бар деген ишенимге негизделген идеялардын аздыр же көптүр ырааттуу системасы. Ал өзүн сыртынан атайын атрибуттар, имараттар аркылуу көрсөтөт. К.Маркстын ою боюнча Л.Фейербахтын дин дүйнөсү анын күндөлүк жашоо турмуштук негизи бар дегенин эске ала турган болсок, анда, бизге белгилүү болгон бардык дин системаларынын кудайлар дүйнөсүндө адамзаты жашаган дүйнөдөгүдөй эле социалдык иерархия жана теңсиздик бар экенин байкайбыз. Демек, бул

жалганды асмандагы же жер астындагы падышачылыкка (жашоого) проекциялоо, адам коомунун калыптанып калган социалдык институттарынын мезгилинде болушу мүмкүн экендигине ынанууга негиз бар. Башкача айтканда диндин пайда болуу мезгили - табияттан тышкаркы күч бар экендигине негизделген ар кандай ишенимдердин чагылуусу гана эмес, негизги маңызы иерархиялык болгон, атайын көз-караш, идеялардын ырааттуу системасы. Ал адамдар коллективинде социалдык теңсиздиктин пайда болушу менен байланыштуу болуш керек. Мына ошондуктан, тап пайда болгонго чейинки жана таптык коомдогу адамдардын ишеним, көз-караш, дүйнө таанымдарын айырмалап берүү максатында, этнографтар, тап пайда болгонго чейинки дүйнө таанымды «ишенимдер» деп атап, таптык коом үчүн «дин» деген терминди колдонушат. Акыркысында дүйнөлүк жана полистик диндердин ортосундагы этно-социалдык айырмачылыктар да баса көрсөтүлөт.

«*Дүйнөлүк диндер*» деген түшүнүк азыркы мезгилде кеңири колдонулат. С.А.Токарев (анын «Религия в истории народов мира» деген кызыктуу изилдөөсүндө элдердин рухий турмушун ар тараптан чагылдырган бир катар аныктамалар жана терминологиялык түшүндүрмөлөр берилет) баса көрсөткөндөй, бул түшүнүк үч гана дин үчүн (*христиан, ислам, буддизм*) колдонулат. Аталаган диндер өз тутунгандарын тек гана ойдогудай жашоо бул жалганда эмес, аркы дүйнөдө болот деген иллюзиялык үмүт менен сугарбастан, аларды жашоо-турмушту оңдоп-жаратуу үчүн активдүү күрөшкө да чакырат, ал гана эмес, ошол диндердин бирин тутунгандардын кудай астында жок дегенде формалдуу түрдө социалдык жана улуттук теңдигин жарыялайт.

Рухий маданиятты изилдеп, окуп үйрөнүүдө ар кандай этникалык топтун өкүлү христиан, буддист же мусулман боло алышын баса көрсөтүү зарыл.

Мына ошондуктан ушул дүйнөлүк диндер ааламдын бардык булуң-бурчтарында, ар кандай этникалык чөйрөдө кеңири таркаган.

Ал эми башка диндер болсо (аларды тутунгандардын санына карабастан), мисалга иудаизм, индуизм, синтоизм, даосизм, Байыркы Египет диндери, Борбордук жана Түштүк Американын Колумб мезгилине чейинки диндери, джайнизм, сикхизм ж. б., тетирисинче, ачык байкалган этникалык окраскага ээ болуп, конкреттүү этностун чөрөсүндө таркаган. Мындай диндер этностун саясий бийлик аркылуу жогорулашы менен гана башка диндерге салыштырмалуу жогорулап, өзгөчө орунга ээ болот. Мисалга, ацтектердин күч-кубаттанып жогорулашы, өз державасынын түзүлүшү, алардын кудайларынын да үстөмдүк абалына алып келди, ацтектерге баш ийип, көз каранды болгон этностордун кудайларынын ролу төмөндөдү. Ошол эле учурда этностордун өз чөйрөлөрүндө адамдар ацтектердин кудайларына эмес, өз кудайларына сыйынуусун улантышкан.

Таптык коомдун калыптана баштоо доорунда мурунку уруулук ишенимдердин базасында пайда болгон мына ушул сыяктуу диндер полистик диндер деп аталат. Адатта андай диндерди тегинен, б. а. төрөлгөндөн эле тутунуп калышат. Буга мисал катары ушул күнгө чейин сакталып келе жаткан сионисттик принципти – иудей аялдан төрөлгөн бала гана иудей боло алат, - айтууга болот.

Диндердин системасында байкалган эки типтин ортосундагы жогоруда көрсөтүлгөн айырмачылыктар, албетте, дүйнөлүк диндерди биринчи кезекте дин

таануучулар, ал эми полистик диндерди этнографтар изилдегени ылайыктуу болот деген тыянакка алып келери бышык.

*Динге чейинки ишенимдер* - жогоруда көрсөтүлгөн ишенимдер менен диндердин ортосундагы айырмачылыктарды эске алуу менен этникалык топтун чөйрөсүндө дүйнөлүк диндер тамыр жайганга чейин үстөмдүк кылып келген иррационалдык көз-караштардын комплексине мүнөздөмө берүү үчүн бир катар этнографиялык эмгектерде колдонулуп келген түшүнүк. Ушуга байланыштуу христиан динине чейинки, ислам динине чейинки, будда динине чейинки ишенимдер деген түшүнүктөр колдонулат.

Ушул эле категорияга *адат жана шариатты* да кошууга болот. Адат - ислам дини тарабынан таанылган элдин турмуш-тиричилик, жашоо укугу; шариат болсо - куранга негизделген диндик, турмуштук, кылмыштык жана граждандык закондордун жыйнагы.

Тап пайда болгонго чейинки доорго мүнөздүү болгон ишенимдерге мүнөздөмө берүү үчүн төмөндөгү терминдер колдонулат:

*Тотемизм*[88] – адамдардын белгилүү тобу менен айбандардын, өсүмдүктөрдүн, буюм-заттардын ортосунда касиеттүү, тектик байланыш бар, - деген ишенимге негизделген түшүнүктөрдүн, үрп-адат, салттардын комплекси. Кээде бир уруунун же уруктун түпкү теги, колдоочуусу, ошондой эле, көпчүлүк учурларда, герби.

---

[88] Англ. totem - Түндүк Америка индейлеринин оджибве уруусунун «тотем» деген сөзүнөн алынып, «анын уругу» деген маанини берет.

Этнографияда тотемизмдин энелик урук доору менен байланышы бар жана ал уруунун дини деген көз караш (Н.Н.Чебоксаров, И.А.Чебоксарова) да бар. Тотемизмдин негизги элементтери – магия, фетишизм жана анимизм, - деп санашат Чебоксаровдор.

*Магия* (лат. magia – сыйкырлоо, көз боёо) – башка адамдарга, жан-жаныбарларга, табият кубулуштарына, ошондой эле ойдон чыгарылган духтарга жана кудайларга касиеттүү күч, б. а. сыйкырлоо, көз боёо аркылуу таасир берүү жөндөмүнө ишенүүгө байланышкан үрп-адаттардын же ишенимдердин аталышы. Өзүнүн функционалдык милдети боюнча магия бир топ түрлөргө бөлүнөт: аңчылык, өндүрүштүк, сүйүү, дарыгерлик, зыян келтиргич, төрөттө жардам бергич ж. б.

Жалпы багытталышы боюнча магияны, өз кезегинде, зыян келтиргич, б. а. «кара», жана сактап коргогуч же «ак» магия деп экиге бөлүшөт. Кара магдар өзүнүн таасир этүү об¢ектин өзү каалаган кыймыл аракетти жасатууга же өзү каалаган абалга алып келүүгө аракеттенет жана об¢ектти ошого мажбурлайт. Ак магдар болсо өзүнүн таасир этүү об¢ектин кара магдардын терс таасиринен жана сырткы чөйрөнүн жагымсыз, зыяндуу күчтөрүнөн коргоп сактайт. Магиялык таасир этүү кыймыл аракеттердин мүнөзү боюнча ал жеке жана коллективдүү болушу мүмкүн.

*Фетишизм* – (франц. fetichisme; португ. abretas – амулет, б. а. тумар) – адамдарга тиешелүү сапаттарды жансыз буюмдарга (мис., бүркүттүн тырмагы, тумар, көз мончок ж. б.), материалдык нерселерге энчилеп, ал буюмдардын адам тагдырына таасирин тийгизет деген керемет күчкө ишенген көз-караштардын топтому. Фетишизмдин варианттарынын бири – идолго сыйынуу. Фетишке, б. а. материалдык предметке сыйынуу, алгачкы

мезгилдерде ал буюмда өзгөчө дух бар экендигине байланышкан эмес. Бара-бара фетиште өзгөчө жан бар, анын өз духу бар деген ишеним калыптанып, акырындык менен өзгөчө формадагы предметтер (таш, бутак, жан–жаныбарлардын органдары ж. б.) фетиш катары кызмат кылып калышкан.

*Анимизм* (лат. anima – жан) - бардык нерселерде, кубулуштарда катылып жаткан жана аларды «башкара» турган жаратылыштан тышкары фантастикалык күч, жан же дух бар деген ишенич. Мына ушундай мааниде анимистикалык көз–караштар кандайдыр бир деңгээлде алгачкы коомдун ишенимдеринде жана бардык эле диндерде кездешет. Бул түшүнүктү илимге XIX кылымда Э.Тэйлор киргизип, анын пикири боюнча, анимизм – бул «диндин минимуму», б. а. диндин башаты, диндин алгачкы стадиясы. Биздин этнографтар анимизмди Тейлордун көз карашы боюнча карабастан, Г.В.Плехановдун туюнтмасы боюнча карайт. Ал болсо анимизди диндин, жалпы эле диний көз караштардын эң зарыл, керектүү элементи катары санаган.

*Бакшылык* (шаманизм)[89] – айрым адамдардын (бакшы, б. а. шаман) өзгөчө ырым-жырым, кыймыл-аракет жасашы аркылуу ар кандай жин-перилер (дух), арбактар менен байланышып сүйлөшүүнүн натыйжасында оору-сыркоо адамдарга же чарба иштеринин (аңчылык, дыйканчылык, балык улоочулук ж. б.) ийгиликтүү жүрүшүнө жардам бере алат деген ишеним, түшүнүккө негизделген. Тап пайда болгонго чейинки коомго мүнөздүү болгон ишенимдердин бир формасы. Бакшылык Сибирь жана Түндүк элдеринде кеңири таркаган.

---

[89] Тунгус-манчжур элдериндеги өзгөчө культтук кызматкерди туюнткан «самань» деген сөздөн.

Археологиялык жана байыркы жазма эстеликтердеги маалыматтарга таянчу болсок, бакшылык кечки палеолит, неолит доорлорунда, ошондой эле таптык коомдун калыптана баштоо мезгилдеринде Эски Дүйнөнүн (Старый Свет) көпчүлүк элдерине мүнөздүү болгон. Бул ишенимди өзүнө мүнөздүү, бир кыйла калыптанып калган, көпчүлүк элдерде окшош социалдык ролго ээ болгон диний көз караштардын системасы катары да карашат. Азыркы убакта айрым окумуштуулар бакшылыкты дүйнө элдерине глобалдуу таркаган, таптык коом пайда болгон доорго мүнөздүү болгон, диндин эң алгачкы формасы катары санашса, башкалары аны таптык коом калыптана баштаган мезгилге мүнөздүү болгон диндин формасы, жана ал негизинен Сибирь жана Түндүк элдерине гана мүнөздүү болгон деп эсептешет.

*Бакшы оюн* (камлание) – бакшылык сеанс; ал өзүнүн жин–перилерин чакырып, алардын жардамы менен жабыр тарткан адамга жардам берүүгө аракеттенет.

*Кудай* (бог) – адамдардын тагдырына таасир эте алат деген ишенимге негизделген бардык таптык коомдун диндериндеги эң жогорку эгем (верховное сушество), ишенимдин иллюзордук объектиси. Анын касиеттүү дарамети ишенүүчүлөргө жакшылык алып келип же тетирисинче зыян кылышы да мүмкүн. Кудайга ишенгендердин аң-сезиминде, кудай адатта, жакшылыгы, кечиримдүүлүгү менен белгилүү. Бирок кудайдын эркин ишке ашыруучу  духтар кайрымдуу (добрые) жана ырайымсыз (злой) деп экиге бөлүнөт.

*Ыйык жайлар жана объектилер* – ыйык ата–бабалардын сөөгү коюлуп же алардын арбактарынын таасир этүү чөйрөсү менен байланышып, белгилүү бир этнос тарабынан касиеттүү, ыйык деп эсептелинген жерлер же ал жердеги материалдык объектилер. Мындай

жайлардын же объектилердин өзгөчөлөнүп каралышы, ыйык тутулушу, албетте, анимистикалык, тотемисттик ишенимдер, ошондой эле арбактардын культу менен байланыштуу.

*Гөр, мүрзө же бейит* (могила) – өлгөн адамды көмүү үчүн (кээде эки же андан көп, коллективдүү) атайын казылып даярдалган жай.

*Гөрүстөн* (могильник) – мүрзө-гөрлөрдүн системасы. Асыресе гөрүстөндөр этникалык спецификага ээ, анткени, ар бир этностун өзүнө тиешелүү гөрүстөнү болуп, ал жерге башка этностун мүчөлөрү коюлган эмес. *Коштоочу (кошо коюлуучу) буюмдар* (сопроводительный инвентарь) – гөргө сөөк менен кошо көмүлүүчү же мүрзөнүн үстүнө коюлуучу (мисалга, идиш-аяк, эмгек куралдары, кийим–кече, курал–жарак, тамак-аш ж. б. у. с.) буюмдар.

*Сөөк коюу (көмүү) салты* (погребальные обряды) – уруктун же бир үй-бүлөнүн мүчөсүн көмүү менен байланышып, туруктуу салттык мүнөзгө ээ болгон иш–аракеттердин бир бүтүмү, жыйындысы.

*Табу* (полинезия тилинен) – кандайдыр бир буюмдарды, сөз–аталыштарды, ысымдарды колдонууга, кээ бир кыймыл–аракеттерди жасоого салт тарабынан, диний кызматкерлер же бийлик ээлери тарабынан тыюу салууну туюндурган атайын термин. Табуну бузган адамды кудайлар же арбактар катуу жазалайт (айыкпас оору же өлүм менен), - деген ишеним өкүм сүргөн.

*Курмандык чалуу* (жертвоприношение) - үй-бүлө, урук же уруу ж. б. атынан кудайларга, ата–бабалардын арбактарына, пайгамбарларга ж. б. тартуу кылуу, кайыр кылып берүү ырым–жырымы.

Алгачкы таптык диндерде курмандык чалуу ырым-жырымын ишке ашыруу үчүн адамдардын өзгөчө тобу - жрецтер бөлүнүп чыгып, алар бара-бара маанилүү социалдык күчкө айланышкан.

Бизди курчап турган айлана-чөйрө системасы тууралуу бир катар пайдалуу билимдердин топтому да элдердин рухий маданияты менен тикеден-тике байланыштуу. Бул сыяктуу элдик билимдердин (алар астрономиялык, айыл–чарбалык, метеорологиялык, гидрографиялык, зоотехникалык ж. б.) бир бүтүмүн этнографияда элдик билимдер деп эсептешет.

*Элдик оюндар* – этнографияда буга тек гана көңүл ачып, чер жазуу үчүн жасалган кыймыл-аракеттер, - деген мүнөз бербестен, ага кошумча социалдык мааниси бар маданияттын тармагы деген баа берилет. Анткени оюн аркылуу ага катышуучулар өндүрүштүк, мекенчилдик, инициациялык, үй-бүлө - никелик, күч–кубаттуулук, чыдамкайлык ж. б. белгилери гана сыналбастан, ушул касиеттер башка көрүүчүлөргө да жеткирилип келген. Социалдык мааниси боюнча этнографтар тарабынан балдардын, өспүрүмдөрдүн, кыздардын, эр-жигит курактагылардын, ошондой эле салттык оюндар деген түрлөрү бөлүнүп берилет. Оюндар – асыресе маанилүү өндүрүштүк жана социалдык циклдер менен тыгыз байланышкан жалпы элдик майрамдардын, салттык көңүл ачып, чер жазуулардын составдуу бөлүгү болуп эсептелет.

Чет өлкөлөр этнографиясында «фольклор» деген түшүнүктүн ичине жалпы эле элдин искусствосу жана анын чыгармачылыгы, ошондой эле айрым учурларда бүтүндөй этнография да кирип кетет. Ата мекен этнографиясында фольклор бир аз кууш маанide – элдик оозэки чыгармачылык катары каралат. Ошол эле учурда анын ичинде музыкалык, ыр–бий фольклорлору кеңири

мааниде, өз алдынча каралып, мындан тышкары элдик живопись, скульптура, графика жана орнаменттер колдонмо (прикладдык) искусствонун курамына киргизилет. Орнаменттин типтериндеги негизгилери: геометриялык, өсүмдүк сымал, зоо–антропоморфтук (б. а. айбанаттардын жана адамдардын түспөлдөрү) ж. б.

Этнография илиминде колдонулуп келе жаткан терминдердин жана түшүнүктөрдүн бир чымчым гана тизмеси ушул. Алар ар тараптуу жана ар кыл, ар кандай маанилерге ээ: алардын турмуш-тиричиликтеги, илимдеги көп маанилүүлүгүн (мис., маданият, уруу, эл, дин сыяктуу түшүнүктөрдө) эстен чыгарбоо зарыл.

## 5.0. Чет өлкөлөр жана Ата Мекен (Россия, СССР) этнографиясы (негизги школалар жана багыттар)

Байыркы Египет жазмаларында учураган коңшу элдер жөнүндө эң алгачкы (байыркы) жазма маалыматтардан баштап ааламдын этникалык курамынын көп түрдүү экендиги жөнүндө фактылар көбөйүп топтоло баштады. Көптөгөн кылымдардан бери мындай материалдар көбөйүп отуруп, жер шары жана анын калкы жөнүндөгү билимдер дагы тездик менен өскөн, Улуу географиялык ачылыштары менен өзгөчөлөнгөн жаңы доордо топтолгон фактыларды систематизациялап, аларга аныктама берүү зарылчылыгы келип чыкты. XIX кылымдын орто ченинде этнографиянын элдер жана алардын маданияты менен турмуш-тиричилигинин спецификалык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү илим катары пайда болушу, дүйнөлүк

цивилизациянын тарыхына коомдук кызыгуунун закон ченемдүү натыйжасы, - деп кароого болот.

Кызыгуу кеңири жана ар тараптуу болуп, ага XIX кылымдын биринчи жарымында апогейге жеткен Улуу географиялык ачылыштардын масштабы да түрткү берди. 1492-жылы Американын ачылышынан кийинки дээрлик ар бир он жылдыктар бизди курчап турган дүйнө жана ааламдагы элдер жөнүндөгү билимибизди кеңейтип турганын эске сала кетүү абзел. Россияда да этнографияга болгон кызыгуу, материалдардын арбый бериши Сибирь, Кавказ жана башка региондордун өздөштүрүлүшүнөн башталды.

Аалам өзүнүн кеңдиги менен гана өзгөчөлөнбөстөн, анда көптөгөн ар түркүн элдердин жашагандыгы менен да өзгөчөлөнүп турат. XIX кылымдын баш ченинде бул түшүнүк айкын болуп калды. Жер шарынын бири-биринен алыс турган региондорунда баалуулук багыттары окшоштугу менен таң калтырган ар түркүн элдердин жашагандыгы жөнүндө топтолгон көптөгөн материалдар аларды Библиянын же казуистиканын негизинде түшүндүрүү менен чектелбестен, илимий деңгээлде түшүндүрүп, иштеп чыгууну талап кылды.

XIX кылымдын илими XVIII кылымда жашап, эмгектенип кетишкен М.В.Ломоносов, француз энциклопедисттери (Вольтер, Д.Дидро, Ж.Ж.Руссо ж. б.), К.Линней, Дж.Кук ж. б. көптөгөн ойчул титандардын эмгектеринин үрөнүнөн өсүп чыкканын эстен чыгарбоо зарыл.

1845-жылы Россияда География коому пайда болуп, анын курамында этнография бөлүмү бар эле. Ал эми 1859-жылы Ч.Дарвиндин түрлөрдүн келип чыгышы жөнүндөгү гениалдуу чыгармасы жарык көрөт. Ал антропология деп

аталган жаңы илимдин тармагынын жаралышына түрткү берет. Аталган илимдер - этнография жана антропология, - өзүлөрүнүн изилдөө объектиси катары элди жана элдерди тандап алышкан. Ушул жерде белгилей кетчү нерсе – эгерде орус этнографиясы географиялык принципке негизделген болсо (муну Россияга коңшулаш бир катар өлкөлөр кабыл алышкан), Англиянын этнографиясы биологиянын базасына негизделген эле. Англиялык традицияны да дүйнөнүн бир катар илимий борборлору колдоп чыгып, кабыл алышкан.

Жаңы ачылган жерлердин элдери жөнүндөгү илим катары пайда болгон орус этнографиясы алгач сүрөттөп жазуу мүнөзүндө болгондуктан бул илимде кандайдыр бир школанын же багыттын калыптануусу болгон жок. 1933-жылга чейин, б. а. этнография боюнча академиялык илим-изилдөө борбору түзүлгөнгө чейин Россия этнографиясы башка өлкөлөрдө өсүп-өнүгүп чыккан школалардын жана багыттардын таасири астында болгон. Ата мекен этнографиясынын бутуна туруп калыптануусунун маанилүү мезгили - бул XX кылымдын 40-жылдарынын башталышы. Ошол кезде тарыхты материалисттик негизде түшүнүү принцибине таянган өз алдынча советтик школа калыптанган. Ата мекен этнографиясы тарыхынын көпчүлүк мезгили, албетте, чет өлкөлөр илиминде дээрлик бир кылым мурун калыптанган школалардын жана багыттардын таасири астында өттү.

Советтик жана немецтик этнографтардын биргелешип даярдап басмадан чыгарышкан[90] энциклопедиялык басылмасында чет өлкөлөр этнографиясындагы негизги школалар жана багыттар анализделген. Андыктан биз алар

---

[90] Свод этнографических понятий и терминов: «Этнография, смежные дисциплины. Этнографические субдисциплины. Школы и направления. Методы». – М., 1988.

тууралуу негизги гана маалыматтарды берүү менен чектелебиз.

## 5.1. Эволюциялык школа

Өнүккөн цивилизациялар – бул алгачкы коом маданиятынын сандык өзгөрүүсү деген эволюционисттик идеялар, этнография өз алдынча илимий дисциплина катары өнүгө баштаган бардык өлкөлөрдө XIX кылымдын экинчи жарымында кеңири тарай баштады. Россияда болсо эволюционисттердин көз караштары үстөмдүк кыла албады. Анткени башка өлкөлөргө караганда Россияда мурунураак которулган К.Маркс жана Ф.Энгельстин негизги эмгектери жана алардын идеяларынын орус этнографиясына тийгизген таасири күчтүүрөөк болгон. Ал идеялар, негизинен кеңири илимий коомчулукка тамыр жайган.

Эволюциялык школанын негиз салуучусу катары көрүнүктүү окумуштуу Э.Б.Тэйлор[91] эсептелет. Англо–америка этнографиясына «Антропология» деген түшүнүктү да ошол киргизген. Тэйлор Кубада саякатта жүргөндө (1855-ж.) бир меценат–банкир менен таанышып калат. Ал Тэйлордун Борбордук Америкадагы археологиялык казууларын каржылап, анын белгисиз цивилизацияларга, башка элдердин европалыктар үчүн өзгөчө көрүнгөн маданиятына болгон кызыгуусун ойготот. Тэйлордун Мексикага жасаган саякаты анын кийинки өмүр жолун биротоло аныктайт. Эми ал өзүнүн бүт убакытын жана

[91] Тэйлор, (Tylor) Эдуард Бернетт (1832-1917) – англиялык антрополог (этнограф), алгачкы коом маданияты боюнча адис. Tylor E.B. Primitive Culture. Vol. 1-2. – L., 1871; Idem. Anthropology. – L., 1881;

күч-кубатын этнография боюнча эмгектерди жана ошол кезде бир кыйла кеңири болуп калган Европа музейлеринин этнографиялык коллекцияларын изилдөөгө жумшайт.

1865-жылы Тэйлордун илимий дараметин ачык көрсөткөн «Исследования в области древней истории человечества» аттуу китеби жарык көрөт. Ал эмгегинде Тэйлор төмөндөгүдөй тыянактарга келет:

а) Маданият өзүнүн алгачкы коомдогу абалынан азыркы деңгээлине чейин прогрессивдүү жол менен өнүгөт;

б) Элдердин ортосундагы айырмачылыктардын расалар ортосундагы айырмачылыктарга тиешеси жок, алар тек гана маданий өнүгүүнүн жетишилген деңгээлин чагылдырат;

в) Ар бир элдин маданиятынын бардык конкреттүү элементтери же өз алдынча ойлонуп табылган, же коңшу элдерден кабыл алынган, же мурунку доорлордон мурас катары калган. Коомдун прогрессивдүү багытта өнүгүүсүнө (арийне, капитализмдин эволюциялык өнүгүү рамкасында гана) ишенген, ошондой эле эволюционист катары жана буржуазиялык идеолог катары эсептелген Тэйлордун позициясы, анын «Алгачкы коом маданияты» деп аталган негизги изилдөөсүндө даана көрүнөт. Эң көп материалды камтып жана ага териштире анализ берилген бул эмгек 1869-жылы аяктап, 1871-жылы жарык көрүп, 1872-жылы орус тилине которулуп, кийинчерээк башка тилдерге да которулган. Ошентип, этнографияда Э.Тэйлор эң белгилүү авторитет болуп калды: 1871-жылы ал Королевалык коомго мүчө болуп шайланат; ал эми 1896-жылы Оксфорд университетинде биринчи жолу антропология кафедрасы уюштурулганда, кафедранын биринчи профессору болуп эмгектенет.

1881-жылы Тэйлордун экинчи капиталдык эмгеги – «Антропология (Введение в изучение человека и цивилизации)» жарык көрүп, ал да окумуштуунун жаңы изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы жана «Первобытная культура» деген эмгегинин өзүнчө бир уландысы катары кабыл алынат. Бардыгы болуп Тэйлор 250дөн ашуун илимий эмгектерди жазып калтырып, алар XIX кылымдын аягында - XX кылымдын башталышында этнографияда эволюционисттик багыттын бекемделишине таасирин тийгизген.

Эволюционизм багытынын өкүлдөрүнүн катарына Дж.Леббок[92], Г.Спенсер[93], Дж.Ф.Мак-Леннан[94],

---

[92] Леббок, (Lubbock) Джон (1834-1913) – англиялык археолог, антрополог (этнограф); чет элдик эволюционисттик школанын классиктеринин бири. Адамзат маданиятын изилдөөдө табигыйтарыхый салыштырма ыкманы колдонуунун демилгечиси. Өз монографиясында ал биринчилерден болуп археологиялык эстеликтерди мезгилдерге бөлүштүрүүнүн ыңгайлуу ыкмасын сунуштаган, б. а. таш доорун өз кезегинде дагы эки этапка – палеолит жана неолит, - деп бөлүштүрүп берген. Алгачкы коомдун тарыхын изилдөөдө, Леббок биринчилерден болуп археологиялык жана этнографиялык материалдарды айкалыштыра комплекстүү колдонгон. Леббоктун белгилүү эмгектери: Prehistoric times. - L., 1865; The origin of Civilization. - L., 1870.

[93] Спенсер, (Spenser) Герберт (1820-1903) – англиялык философ, социология илиминин негиздөөчүлөрүнүн бири, психолог, эволюционизм идеясынын башатында турган окумуштуу. Диний ишенимдер жана алардын өнүгүүсү боюнча өзүнүн теориясы бар.

[94] Мак-Леннан, (Mac’Lennan) Джон Фергюссон (1827-1881) – Шотландия этнографиясындагы эволюционисттик багыттын негиздөөчүлөрүнүн бири, этнограф, алгачкы коом тарыхчысы. Этнографияга «экзогамия», «эндогамия» түшүнүктөрүн киргизген. Ааламдагы бардык элдерде «тотемизм» ишеними

Дж.Дж.Фрэзер[95], америкалык улуу окумуштуу, эволюционизмден алгачкы коомдун тарыхын материалисттик түшүнүүгө чечкиндүү кадам жасаган Л.Г.Морган[96] сыяктуу окумуштууларды кошууга болот.

Этнографиядагы эволюциялык школа адамзаты жана анын маданиятынын өнүгүүсү боюнча эң биринчи бир кыйла ырааттуу концепцияны иштеп чыккан. Анын негизинде коомдук өнүгүүдөгү прогрессти таануу жатат.

Эволюционисттердин негизги идеялары төмөнкүлөр:

---

болуп келгендигин көптөгөн этнографиялык материалдар менен тастыктаган.

[95] Фрэзер, (Frazer) Джеймс Джордж (1854-1941) – англиялык окумуштуу, фольклорист, диндер тарыхчысы. Ал жыйнап, илимдин калбырына салган этнографиялык материалдар ушул күнгө чейин өз баалуулугун жогото элек.

[96] Морган, (Morgan) Льюис Генри (1818-1881) – америкалык этнограф, археолог, алгачкы коомдун тарыхы боюнча адис, коомдук ишмер, билими – юрист. Ал жаш кезинен эле индей-ирокездердин нукура турмуш-тиричилигин үйрөнүп-билүүгө далалаттанып, 1840-жылы «Ирокездердин Улуу орденин (союз)», (кийинчерээк ал «Ирокездердин жаңы союзу» деген аталышты алган) түзгөн. 1847- жылы ирокездердин сенека уруусу аны «Көпүрө болгондун дал өзү» («Тот, Кто является Мостом») деген лакап менен кирме (асыранды) уул кылып алышкан. Ал изилдеп, илимдин элегине салган «кандаш» жана «пуналуалдык» үй-бүлө деген түшүнүктөр азыркы кезде жаңылыштык деп табылууда. Аталык уруктун болгондугу дагы күмөн туудурат. Анын мезгилдерге бөлүштүрүү схемасы дагы бүгүнкү талапка жооп бербегендиктен, азыр жаңы, көбүрөөк далилдүү схеманы колдонууга өтүшкөн. Кандай дебейлик, Моргандын окуусунун маңызы эскире элек. Алардын катарында энелик уруктун универсалдуу экендиги, никенин эң алгачкы формасы топ нике болгондугу жөнүндөгү жоболор кийинки изилдөөлөр менен ырасталууда. (Morgan L.H. Ancient Society. – Cleveland-N.Y., 1863).

1) Коомдук жана маданий турмуштун көрүнүштөрү, эволюциялык процесстин үзгүлтүксүздүгүн, акырындык менен өзгөрүүнү, сан жагынан көбөйүүнү же азайууну туюнтат; бул жапайычылыктан баштап цивилизация жолунда бара жаткан бардык элдерге мүнөздүү;
2) Коомдун өнүгүүсү да табиятка, тагыраак айтканда, жашоо үчүн түрлөрдүн арасындагы күрөштү башынан такай кечирип турган айбанаттар дүйнөсүнө мүнөздүү болгон эволюциялык закондун негизинде болот. Маданияттын бир элементи башкасына капталганы же жаңысы эскисин сүрүп чыгарып салганы байкалат;
3) Моногамиялык үй-бүлө, мамлекет жана жеке менчик адамзатына баштатан эле мүнөздүү болгон көрүнүш экендигин жалпы теория тастыктайт. Акыркы жобо боюнча Тэйлор мынтип жазган: Аталык жана патриархалдык бийликтер эң примитивдүү мекемелер. Үй-бүлө алгачкы коомдун кандай бирдиги болсо, аталык бийлик да мамлекеттик бийликтин жана укуктун ошондой эле алгачкы үлгүсү[97].

К.Маркс менен Ф.Энгельстин көңүлүн дароо эле өзүнө бурган алгачкы коомдун тарыхын материалисттик түшүнүүнүн Л.Морган тарабынан өз алдынча ачылышы, эволюционисттер тарабынан цивилизациянын туу чокусу деп эсептелген капитализмдин кебелбестиги жөнүндөгү ишеничтерин жокко чыгарып, эволюционисттик түз багыттуу өнүгүү схемасын бузуп талкалады. Л.Моргандын мекени болгон АКШда анын “Древнее общество” деп аталган капиталдык эмгеги унуткарылып, ишмердигине да көңүл бурулбай калды. Бул окумуштуунун ысымы жана эмгектери Америка илимине жүз жылдай өткөн соң кайрадан кайрылып келди.

---

[97] Тэйлор Э. Первобытная культура. – М., 1939, с. XX-XXI.

Эволюциялык школанын өкүлдөрү өнүгүүнүн негизинде сандык өзгөрүүлөр жатат деп түшүнүшкөндүктөн, маданияттын пайда болуу тарыхын жана анын составдуу бөлүктөрүн түшүндүрө алышкан эмес жана ага аракет да кылбаган. Адамзат тарыхынын башатынан эле болочок көрүнүштөр эң жок дегенде түйүлдүк формасында орун алган деп божомолдошкон. Эволюционисттер, алардын ичинде эң биринчи кезекте Тэйлор өзү, XX кылымга карата жыйналган этнографиялык материалдарды жакшылап, жалпылап гана тим болбостон диндин келип чыгуу негизин түшүндүргөн анимистикалык теорияны, ошондой эле социалдык жана маданият тарыхынын өткөн этаптарын реконструкциялоо максатында эскинин калдыктарын изилдөөнүн методикасын иштеп чыгышкан.Бул ачылыштар эволюциялык школанын негизги концепцияларынан да көпкө жашап, илимде таасирлүү роль ойногон.

Тэйлор анимизмдин негизинде рухка ишенүү жатат деп түшүнүп, анимизмди “диндин алгачкы минимуму” деп аныктаган. Ал болсо алгачкы адамга жана анын ишенимдерине мүнөздүү болгон. Анимистикалык көз караштарды түш көрүү, өлүм, көлөкө, жаңырыктар менен байланыштырганы менен алгачкы жапайы адамдар жаратылыш кубулуштарын кандайча жана эмне үчүн туура эмес түшүндүрүшкөнүн Тэйлор туюнтуп бере алган эмес. Алгачкы адамдар жаратылыштан материалдык көз карандылыкта болорун туя албагандыктан, аларда фантастикалык, иррационалдык көз караштар тууларын түшүндүрө албаган.

Анимизмди рухка ишенүү, болгондо да денеси, тулку бою жок рухка ишенүү деп түшүнүп, Тэйлор өзүнүн схемасын, өз көз карашын ырастоо үчүн, айрым учурларда фактыларга да көз жумган. Ошол эле учурда ал алгачкы

коомдогу ишенимдерде жалгыз кудайды (монотеизм)[98] таба албастан, табияттын керемет күчтөрүнө ишенүүнү көп кудайга ишенүү (политеизм)[99] деп таап, аларды цивилизациянын өнүгүүсү менен бара-бара бир кудайга айландырган. Бул анимистикалык теориянын көз карашы, өзүнүн одоно эместигине карабастан клерикалдардын монотеисттик концепциясына карама-каршы тургандыктан, чиркөө тарабынан кескин сынга алынган. Тэйлордун анимистикалык теориясы бүгүнкү күндүн талабына жооп бербегенине карабастан, XIX кылымдын дин таануусунун туу чокусу болгондугу талашсыз. Анткени ошол кездин жаңы шартында диндин келип чыгуу маселелери боюнча айкын жана туура тарыхый–материалисттик көз караштардын жаралышына өбөлгө түзгөн.

Илим үчүн Тэйлордун "эскинин калдыктары теориясы" ("теория пережитков") чоң мааниге ээ. Анын маңызы төмөндөгүдөй: этностордун бүгүнкү турмушунда өткөн доорлордон саркынды катары калып калган маданияттын, социалдык түзүлүштүн, чарбачылык ишмердиктин эски калдыктары учурабай койбойт. Ошол эскинин калдыктары аркылуу тирүү организмдин рудименти сыяктуу эле биз өткөн доорлорго мүнөздүү болгон маданий жана социалдык көрүнүштөрдү изилдеп, реконструкцияласак болот. Тилекке каршы, тигил же бул эскинин калдыгынын сакталып калышын Тэйлор өз-өзүнчө кароону сунуштаган, б. а. социалдык же маданий байланыш–себептерге көңүл бурулбаган. Андыктан, ошол эскинин калдыктарынын сакталып калуу себептери бүдөмүк бойдон калган.

---

[98] Монотеизм (грек. mono – бир, жалгыз; + theos - кудай) – жалгыз бир кудайга ишенүү.

[99] Политеизм (бай. грек. poly – көп, бир нече; + theos – кудай) – көптөгөн кудайларга ишенүү.

Эволюциалык школага жалпы баа берүүдө, адамзат маданиятынын биримдигин, жана коомдук өнүгүүнүн прогрессивдүүлүгүн ырастап, бекемдеген XIX кылымдын эволюционисттери чет өлкөлөр этнографиясында гана эмес Ата мекен этнографиясынын да алдыңкы катардагы өкүлдөрү болушканын баса белгилеп кетүү керек. Эволюционисттерге өзгөчө атак-даңкты Л.Морган алып берген. Ал жөнүндө Ф.Энгельс мындай деп жазган: … Морган Америкада өз алдынча Маркс тарабынан кырк жыл мурун ачылган "тарыхты материалисттик түшүнүүнү" кайрадан ачып жана аны жетекчиликке алып, жапайычылык (варварство) менен цивилизацияны салыштырууда негизинен Маркс негиздеген тыянактарга келген[100].

Л.Моргандын бир катар жоболорун жана мезгилдерге бөлүү схемасын Ф.Энгельс ийгиликтүү пайдаланып, өзүнүн классикалык болуп эсептелген "Үй-бүлө, жеке менчик жана мамлекеттин пайда болушу" деген эмгегин жараткан. Бул эмгек этнографиядагы тарыхый–материалисттик багыттын өзгөчө башаты болуп калды.

Л.Моргандын ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө берип жатып, Ю.В.Бромлей мындай деп жазган: "эволюционисттик багыттагы окумуштуулардын арасында Л.Г.Морган өзгөчө орунда турат". Эволюционизмдин күчтүү жагы болуп эсептелген адамзатынын биримдиги жана прогрессивдүү өнүгүү идеясын өзүнө негизги жобо катары кабыл алып, Морган эволюционизмдин бир катар мажирөө жактарынан арылган.

Коомдук көрүнүштөрдү биологизациялоо, тарыхый–эволюциялык жолдун айрым этаптарындагы сапаттык өзгөчөлүктөрдүн маанисине баа бербөө жана эң негизгиси,

---

[100] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2-е изд. т. 21. С. 25.

коомдук–тарыхый процессте материалдык фактордун ролун түшүнбөө, эволюционизмдин мына ушул сыяктуу бир катар мажирөө белгилерин Л.Г.Морган негизинен өзүнөн алыстаткан. Көп жылдык талыкпас эмгектин натыйжасында бул окумуштуу стихиялык түрдө, өзү аңдап-сезбестен тарыхый материализмге жакындап келген[101].

### 5.2.0. Батыш Европа жана АКШнын антиэволюционисттери: маданий-тарыхый, социологиялык, тарыхый ж. б. школалар

Классикалык эволюциялык школанын өкүлдөрүнүн маданиятта жана коомдук турмушта сапаттык өзгөрүүлөрдүн себебин жана закон ченемдүүлүктөрүн түшүндүрө албашы, жана тарыхый-материалисттик идеяларды ачык эле каршы алышы, чет өлкөлөр этнографиясында идеалисттик багыттагы неоканттык жана агностикалык агымдарды пайда кылды. Алар адамзат тарыхынын жүрүшүндө об¢ективдүү закон ченемдүүлүктөр боло тургандыгын, коомдук өнүгүүнүн этаптарын жана себептерин аңдап, түшүнүп билүү мүмкүнчүлүгү бар экендигин танышкан. Биринчи дүйнөлүк согуш болоор алдында Батыш Европада, биринчи кезекте Германия жана Австрияда Фрейбург (же Баден) жана Марбург

[101] Бромлей Ю.В. Этнос и этнография. - М., 1973, с. 184.

школалары пайда болду. Алар Ф.Ратцелдин[102] “антропогеографиялык” методуна таянышкан эле. Ф.Ратцель болсо маданият көрүнүштөрү жалаң мейкиндикте таркалып жана ал тикеден-тике географиялык чөйрө менен тыгыз байланышта болот деп эсептеген.

Көрүнүктүү немец окумуштуусу Г.Риккерт[103] башында турган Фрейбург (же Баден) школасы - жаратылыш тарыхына  коомдун тарыхын карама–каршы коюу менен, коомдун тарыхы, - бул өз-өзүнчө, жалгыздан кездешүүчү окуялардын, болгондо да кайталанбай турган көрүнүштөрдүн топтому деп түшүндүргөн. Андыктан, негизги максат катары коомдун тарыхында бири–бирине көз карандысыз турган маданий баалуулуктарды бөлүп алып изилдөө керек дешкен.

Марбург школасынын өкүлдөрү болсо тарыхый көрүнүштөрдүн башатын жана аягын таанып, туюп-билүү мүмкүнчүлүгүн, б. а. өнүгүп–өөрчүү процессинин өзүн таанып–туюу мүмкүнчүлүгүн танышкан. Илимий

[102] Ратцель, (Ratzel) Фридрих (1844-1904) – немец географы жана этнографы. 1886-жылдан Лейпциг университетинин профессору. «Антропогеографиялык» школанын негиздөөчүлөрүнүн бири. Алар маданият көрүнүштөрүн ошол көрүнүштөр байкалган конкреттүү географиялык чөйрөнүн шарты менен бир байланышта изилдөөгө аракет кылышкан. Ратцелдин изилдөөлөрүнүн маңызы – адам менен жаратылыш-чөйрүнүн ортосундагы өз-ара байланыш маселелери. Жаратылыш-чөйрөнүн ар түрдүүлүгүнүн элдердин маданиятына тийгизген таасири, ушуга эле байланыштуу элдердин ортосундагы өз-ара байланыштардын (көчүү, басып алуу, товар ж. б. алмашуулар ж. б.) формалары.

[103] Риккерт, (Rickert) Генрих (1863-1936). – көрүнүктүү философ, В.Виндельбанд менен бирдикте жогоруда аталган неоканттык школаны негиздеген; Фрейбург (1894-жылдан) жана Гейдельберг (1916-жылдан) университеттеринин профессору.

изилдөөнүн негизги максаты – тарыхый көрүнүштөрдө анын айрым функцияларынын гана кызматын иликтөө болуп эсептелет.

Баден школасынын түпкүрүндө диффузионизм багытынын концепциялары ачык айкын байкалды. Диффузионисттер маданияттын тарыхын ошол маданияттын мейкиндик аркылуу таралышын маданият миграциясы жана тынымсыз өздөштүрүп, сиңирип алуулар менен түшүндүрүшкөн. Бул окуунун дагы бир өкүлү – У.Риверс[104]. Ал, өмүрүнүн акыркы жылдарында диффузионизм позициясынын жолуна түшүп, Океания элдеринин маданиятынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн бир катар ырааттуу миграциялык толкундардын натыйжасы катары түшүндүргөн.

Диффузионизм АКШда илимий багыт катары көрүнөөрлүк дэңгээлге өсүп жете албады. Ал, негизинен, жалпы маданияттарды изилдөө процессинин бир аспектиси катары каралып келди. Анын Америкада өнүгүшү, Ф.Боастын этнологиядагы эволюциялык теорияны сынга алуусу менен байланыштуу болсо керек.

XIX – XX кылымдын чегинде көпчүлүк америкалык этнологдор континенттеги индей урууларынын маданиятынын өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө айныкча көңүл бурушуп, бир катар талаа-этнографиялык иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн. Мындай ишмердиктин натыйжасында

104 Риверс, (Rivers) Уильям (1864-1922) – англиялык этнограф, диффузионист. 1898-жылы Торрес кысыгындагы аралдарда жашаган урууларды, 1905-жылы – Түштүк Индиядагы тода урууларын, 1908-жылы – Меланезиялыктарды изилдеп чыгып, илимде өчпөс из калтырган. Чыгармалары: Rivers W. The Todas. - L.- N.Y., 1906; Idem. The history of Melanesian Society. V. 1-2, - Camb., 1914.

«маданият областтары (ареалдары)» деген концепция жаралып, анын ырааттуу системага салынган кеңири жоболорун К.Уисслер[105] өзүнүн «Америкалык индей» (1917) аттуу китебинде ачып көрсөтө алган.

Түндүк Америка идейлеринин маданияттарынын тогошууларын жана маданият элементтеринин географиялык таркалышын иликтеп чыгып, К.Уисслер, маданият – бул адамдардын өз-өзүнчө топторунун белгилүү экологиялык чөйрөгө ылайыктануусу, - деген тыянакка келген. Эмгек куралдары, керамика, фольклордук сюжеттердин ж. б. таркалуусу боюнча көп сандаган материалдарды жалпылап чыгып, Уисслер, маданияттын материалдык жана рухий элементтери, ошондой эле адамдардын кебете-кешпир белгилери, айкын байкалган маданий областтардын ортосунда диффузия жолу менен таркалат, - деп далилдөөгө далалаттанган.

Ар кайсы өлкөлөрдө диффузионизмди жактоочулардын позициялары ар түркүн болгону менен, бул багыт үчүн мүнөздүү болгон жалпы идеялар төмөнкүлөр:

Алар, маданиятты белгилүү географиялык чөйрөдө жаралып жана өнүккөн тирүү организм катары элестетишет. Маданияттын ар бир элементи конкреттүү региондо калыптанып, ал жерден ааламдын башка булуң-бурчтарына таралат;

Маданияттын өнүгүшүнүн негизги факторлору: башка элдерден өздөштүрүп алуу, көчүрүп-жылдыруу, маданий

---

105 Уисслер, (Wissler Clark) Кларк (1870-1947) – көрүнүктүү америкалык илимпоз (антрополог, этнолог). Нью-Йорктогу тарых музейинин антропология бөлүмүнүн башчысы катары көп жылдар бою эмгектенген. Илимий изилдөөлөрү: The American Indian. – N. Y., 1917; 2-басылышы - 1922; 3-басылышы - 1938; Idem. Man and culture. – N. Y., 1923.

элементтерди алмаштыруу ж. б.; маданияттын көчүп-жылышы материалдык тиричилик предметтерине гана тиешелүү болбостон, рухий көрүнүштөрдү (мифтер, культтар, каада-салт, үрп-адаттар ж. б.) да камтый алат;

Ар бир маданияттын пайда болуп калыптануу жана таралуу борбору бар, анын түпкүрүнөн ошол борборлорду табуу – этнологдордун негизги милдети;

Маданияттарды изилдөөнүн негизги ыкмасы – маданий айлампаларды же маданият элементтеринин жайылып таркоо ареалдарын териштирип иликтөө болуп эсептелет;

Маданияттын ар бир элементи бир ирет гана пайда болот. Анын таркалуу картасын түзүп чыгуу аркылуу ар бир элементтин алгачкы жаралган ордун аныктаса болот.

Марбург школасынын базасында биринчи дүйнөлүк согуштан кийин калыптанган, чет өлкөлөр этнографиясында өзгөчө орунда турган функционалдык школа жаралды. Ал эми Баден школасынын диффузионисттик концепциясынын ичинде төмөндөгү багыттар өсүп чыкты: маданий–тарыхый багыт (Ф.Гребнер жана Венадагы ушул багыттын өкүлү, патер В.Шмидт) жана маданият айлампалары багыты (Л.Фробениус)[106].

[106] Фробениус, (Frobenius) Лео (1873-1938) – германиялык этнограф-африканист. 1904-жылдан дээрлик отуз жылдай Африка өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө 12 жолу талаа-этнографиялык экспедиция менен болуп, ал континенттин элдеринин тарыхын, археологиясын, этнографиясын чагылдырып бере ала турган баалуу материалдарды чогулткан. Анын «маданият морфологиясы» теориясы боюнча, ар бир элдин маданияты – өз алдынча жашаган тирүү организм, алардын ар биринин башатында мистикалык өз «жаны» (душа) бар. Элдер болсо – ошол маданиятты түзүүчүлөр эмес, аны алып жүрүүчүлөр болуп эсептелет.

Г.Риккерттин тарыхый көрүнүштөрдүн уникалдуулук, кайталанбастык идеясын андан ары өнүктүргөн Ф.Гребнер[107], "Этнография, - маданияттын көрүнүштөрүндө анын уникалдуу гана белгилерин изилдеши керек", - деген оюн ортого салган. Бул максатта Гребнер маданият буюмуна (предмет) тиешелүү болгон формалардын критерийлерин сунуш кылган, бирок анда ошол буюмду жасоо үчүн колдонулган материал же ал буюмдун колдонулуу функциясы эске алынган эмес эле. Дал ушул белгилерди, Гребнердин ою боюнча, уникалдуу деп эсептөө керек. Тилекке каршы, биринчиден, уникалдуу нерсени ачык-айкын ажырата билүү мүмкүн эмес, экинчиден, ошол уникалдуу деп эсептелген маданият көрүнүштөрү башка элдерде да кездешиши ыктымал. Анын дагы бир ою: ар башка элдердин маданиятындагы окшош көрүнүштөр, ошол элдердин бир кездерде бир борбордон, бир ареалдан тарагандыгынын белгиси. Жалпы эле маданияттын тарыхы – бул бир нече гана маданий комплекстердин (айлампалардын) аалам боюнча жылып жүрүшү жана алардын механикалык аралашып биригүүсү.

Мына ушул себептүү "маданият айлампалары" школасынын өкүлдөрү өзүлөрүнүн теориясына "маданияттын миграциясы" деген түшүнүктү киргизүүгө, ал эми формалардын критерийи түшүнүгүн сандык критерий (критерий количества) менен толуктап, маданияттын таркалуу чөйрөсүн (муну алар алкак, тегерек, айлампа түрүндө элестетишкен), б. а. "маданият айлампаларын" түзүп изилдөөгө жетишишти. Ошентип, иш жүзүндө, алар Л.Фробениустун "маданият айлампалары"

---

[107] Гребнер, (Grabner) Фриц (1877-1934) – немец этнографы, «маданий-тарыхый» школанын теоретиги. Бонн (1911-жылдан), Кельн (1926-жылдан) университеттеринде иштеп, аталган шаарлардын музейлеринде этнографиялык изилдөөлөрдү кошо алып барган.

теориясын кабыл алууга мажбур болушту. Л.Фробениуска чейин ушундай эле идеяны патер В.Шмидт[108] жайылтып (пропаганда) жүргөнүн эске салып коюу зарыл.

В.Шмидттин пикири боюнча, “Цивилизациянын тарыхы, – бул маданият айлампаларынын ырааттуу катарлары, анын башатында пигмейлердин маданиятынын алгачкы айлампасы турат”. Пигмейлер болсо, алгач ойкуменанын бардык зоналарында жашаган болушу ыктымал. Диффузионисттердин идеализми жана алардын школасынын теориялык негизи кандайдыр бир деңгээлде чектен ашкан реакциячыл геополитикалык жана расисттик саясий концепциялардын калыптануусуна өбөлгө түздү.

Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында, согуш мезгилинде жана андан кийин Францияда Э.Дюркгеймдин[109] социологиялык школасы өзгөчө орунда турган. Эволюционисттерден айырмаланып, Э.Дюркгейм адам коомун ошол адамдардын жашоо чөйрөсүнө ылайыктануусунун ырааттуу стадиялары түрүндө эмес, статикалык организмдердин жабык системасы катары

---

[108] Шмидт, (Schmidt) Вильгельм (1868-1954) – австриялык этнограф, лингвист, Венадагы «маданий-тарыхый» школанын негиздөөчүсү жана башкы теоретиги; Вена (1921-1938-жж.), андан соң Швейцариядагы Фрейбург (1939-жылдан) университеттеринин профессору; Түштүк-Чыгыш Азия, Австралия, Океания элдеринин тилдерин изилдеп, классификациясын түзүп чыккан көрүнүктүү адис, эл аралык илимий органга айланган миссионердик «Anthropos» (1906) журналынын негиздөөчүсү.

[109] Дюркгейм, (Durkheim) Эмиль (1858-1917) – франциялык социолог, 1896-жылдан Бордо, 1902-жылдан Сорбонн университеттеринин социология жана педагогика адистиктери боюнча профессору. Уруулук (алгачкы общиналык) коомдун диний ишеними тотемизм болгондугун илимий жактан түшүндүрүп берген.

тааныган. Мындай организмдерге туруктуулукту "социалдык тилектештик" (солидарность) берип турат.

Кандай гана болбосун радикалдуу өзгөртүүлөр мындай коомго социум үчүн кыйроого дуушар кылуучу (катастрофа) татаал кесепет алып келиши мүмкүн. Э.Дюркгеймдин дагы бир маанилүү идеясы, бул, жеке (индивидуалдык) аң сезим менен коллективдик түшүнүктөрдүн (представление) (диний ишенимдер, мифтер, моралдык жана укук нормалары) жанаша жашашы (сосушествование). Э.Дюркгеймдин ой–пикирлерин түздөн-түз улантуучулар франциялык окумуштуулар М.Мосс[110], синолог жана социолог М.Гране[111], Л.Леви-Брюль[112] ж. б. болушкан.

Чет өлкөлөр этнографиясы үчүн XIX кылымдын акыры мурун лидер болуп келген эволюциялык школанын таасиринин жоюлушу менен белгилүү. Бул өзгөчө Батыш

[110] Мосс, (Mauss) Марсель (1872-1950) - Дюркгеймдин шакирти жана жээни; эч бир талаа-этнографиялык изилдөөлөрүн жүргүзбөгөн, нукура «кабинеттик» окумуштуу. Ошого карабастан этнография боюнча окуу китебин түзүүгө жетишкен. (Mauss M. Manuel d'ethnografie. - Paris, 1947).

[111] Гране, (Granet) Марсель (1884-1940) – Париждеги жогорку окуу жайлардын кафедра башчысы жана профессору, Париж университетиндеги Синология институтунун негиздөөчүлөрүнүн бири жана директору (1926), Франциядагы социология институтунун президенти.

[112] Леви-Брюль, (Levy-Br³hl) Люсьен (1857-1939) – франциялык философ, психолог-позитивист. Илимий идеялары жагынан Э.Дюркгеймдин «социологиялык» школасына жакындыгы бар. 1905-жылдан Сорбонндогу Этнологя институтунун жетекчиси жана профессору. Ал өзүнүн «логикага чейинки» аң-сезим, ойлом, көз караш (мышление) теориясы менен бужуазиялык социологияга бир кыйла таасирин тийгизип турган.

Европа, Россия жана АКШ өлкөлөрүнө мүнөздүү болду. Эволюционизм багытынын ордуна, жогоруда айтылгандай, Германияда жана Австрияда диффузионизм багытынын ар түрдүү варианттары, Францияда – социологиялык школа, ал эми АКШда болсо америкалык тарыхый школанын, же

Ф.Боастын тарыхый школасынын теориялык концепциялары пайда болуп, дээрлик отуз жылдай үстөмдүк кылып келди.

Ф.Боас[113], этнографиялык изилдөөлөрдүн түпкү максаты катары элдердин уникалдуу деп эсептелген маданияттарын жана тилдерин конкреттүү материалдардын негизинде иликтеп чыгып, бардык элдердин тарыхын бир катарда салыштырмалуу түзүп чыгууну түшүнгөн. Андыктан, ал эволюционисттердин прогресс теориясын четке кага албастан, илим жана техника жаатында мындай прогресс сөзсүз болооруна ынанган.

Чыгаан илимпоз катары Ф.Боас Америка этнографиясынын калыптанышында маанилүү роль ойногон. Бирок анын школасы 1930-жылдардан кийин өз ордун психологиялык багыттагы ар түрдүү теориялык школаларга тарттырып жиберген. Америкалык тарыхый школанын Россияда да жолдоочулары болуп (В.Г.Богораз жана Л.Я.Штернберг), алар биргелешип изилдөөлөр жүргүзүшкөн.

Ф.Боастын школасынан, негизинен, XX кылымдын биринчи жарымындагы көптөгөн америкалык антрополог-

---

[113] Боас, (Boas) Франц (1858-1942) – америкалык этнограф, антрополог, лингвист, фольклорист. 1899-1937-жылдары Нью-Йорктогу Колумбия университетинин профессору. Түндүк Американын түндүк-батышындагы индейлерди, эскимосторду терең изилдеп, баалуу этнографиялык материалдарды илим казынасына өткөргөн.

этнографтар (А.Кребер[114], А.Гольденвейзер[115], Р.Лоуи[116], Л.Уайт[117] ж. б.) өсүп чыгышкан.

Өз устатынын жетишкендиктерин А.Гольденвейзер төмөндөгүдөй белгилеген: «Ф.Боастын баа жеткис салымы болуп тарыхый көз караш эсептелет. Анын негизинде мындай ой жатат: жергиликтүү маданияттар өзүлөрүнүн тарыхый–географиялык мекенинин чегинде изилденип, жана аны өзүлөрүн курчап турган чөйрө, канатташ маданияттар жана ар түрдүү маданияттардын арасында түзүлүп калыптанган көптөгөн, көбүн эсе баш катырган,

---

[114] Кребер, (Kroeber) Альфред Луис (1876-1960) – этнолог, Калифорния университетинин профессору (1919-1946), Калифорния, Нью-Мексико, Мексика, Перу индейлеринин арасында талаа-энографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп, баалуу материалдарды жыйнап, илим элегине салган.

[115] Гольденвейзер, (Goldenweiser) Александр (1880-1940) – этнограф, социолог; 1910-40-жылдары АКШнын бир катар жогорку окуу жайларында этнография, социология, психология боюнча лекцияларды окуган.

[116] Лоуи, (Lowie) Роберт (1883-1957) – антиэволюционист, антиморганист; «Этнология теориясынын тарыхы», «Алгачкы коом» (Lowie R, The history of ethnological theory. - N.Y. 1937; Idem. Primitive society. - N.Y., 1921) сыяктуу илимий изилдөөлөрдүн автору.

[117] Уайт, (White) Лесли Алвин (1900-1975) – америкалык этнолог, 1943-1969-жылдары Мичиган университетинин профессору. Илимдеги негизги изилдөө тармагы – маданият эволюциясынын теориялык маселелери; этнография жана социологиядагы антиэволюционизм жана релятивизмге каршы күрөшүп, бүткүл дүйнөлүк тарыхый процесстин биримдигин жана алдыга карай өнүгүүчүлүгүн жактайт. Талаа-этнографиялык изилдөөлөрдү пуэбло индейлеринин арасында жүргүзгөн, Л.Моргандын биографы жана илимий мурастарынын изилдөөчүсү катары, аны негизсиз сынга алуулардан коргоп келген. Илимий эмгектери: The science of Culture. – N.Y., 1949; Idem. Evolution of Culture. – N.Y., 1959.

психологиялык ассоциациялар менен бирдикте изилдөө керек»[118].

Тарыхый школанын өкүлдөрү маданият элементтерин жана алардын диффузиясын ошол маданияттын конкреттүү ареалынын чегинде изилдешкен. Ю.П.Аверкиева туура баса көрсөткөндөй, бул мезгил Американын түпкүлүктүү элдерин край таануучулук максатында изилдөө мезгили болгон. Анын натыйжасында көптөгөн талаа-этнографиялык материалдар басмадан чыкты. Арийне, кийинчерээк, ал материалдардын айрымдары атайылап антиморгандык духта бурмаланганы (фальцификация) айкын болду[119].

Тарыхый школанын өкүлдөрүнүн эмгектеринде элдин же уруунун маданияты – бул диффузиянын спонтандык аракетинин негизинде ар бир элементи механикалык жол менен бириктирилип, кураштырылган нерсе катары түшүндүрүлөт.

Эгерде АКШда биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштардын аралыгында тарыхый школа (1930-жылдардан жаңы психологиялык школа менен бир катарда) өкүм сүрүп келген болсо, Батыш Европада бул мезгилде мурунку школалардын философиялык идеяларына сугарылган жаңы багыт - функционалдык школа тамырын жайды.

☯ ☯

☯

---

[118] Goldenweiser A.A. Early Civilization. - N. Y., 1922, P. 126.

[119] Аверкиева Ю.П. Неоэволюционизм, релятивизм и расизм. / Расы и народы. Т. I, - М., 1971, с. 39-41.

### 5.2.1. Функционалдык школа

Илим чөйрөсүндө функционалдык школанын идеялары бир кыйла кеңири тараганы менен, бул школа Англияда пайда болуп, дал ошол өлкөдө өтө популярдуу болгонун баса белгилеп кетүү абзел. Анын негиз салуучулары катары Б.Малиновский менен А.Рэдклифф–Браунду[120] эсептешет. А.Рэдклифф–Браун өмүрүнүн акыркы жылдарын АКШда өткөргөнүнө карабастан, Жаңы дүйнөдө функционализмдин концепциялары тамыр жая албады, анткени анда колониализмди коргоо идеяларынын учкундары бар эле.

Функционалдык школанын пайда болгон мезгили өтө олуттуу. Ошол тапта Октябрь революциясынын таасири астында колониялардын элдери жаңыдан эркиндик үчүн күрөшкө ойгонушту, 1920-30-жылдарда колониалдык системанын ыдырап–бузулуу коркунучу келип чыкты. Бул школанын концепцияларынын түпкүрүндө бир бүтүндүктүн ар бир элементинин аткарган өз функциясы бар, андыктан ал бузулгус, бири-биринен ажырагыс

---

[120] Рэдклифф-Браун, (Radcliffe-Brown) Альфред Реджинальд (1881-1955) – англиялык этнограф, социолог. 1939-1940-жылдары Англиядагы Королевалык антропологиялык коомдун президенти; «Социалдык антропология», «функционализм» багыттарынын негиздөөчүсү жана теоретиги. Анын өкүлдөрү, негизинен, алгачкы коомдогу социалдык институттардын структурасын жана функцияларын изилдешкен. Рэдклифф-Браун талаа-этнографиялык изилдөөлөрүн Андаман аралдарында, Африка, Австралия жана Океанияда жүргүзүп, алардын натыйжасын төмөнкү илимий эмгектеринде чагылдырган: The Andaman islanders. – Camb., 1922; Idem. Structure and function primitive society. – L., 1952; Idem. A natural science of society. – Glenc., 1957.

дегендей көз караш жаткандыктан, колониалдык система да бир бүтүндүк катары каралып, андагы урук–уруулук мамилелер сакталмак турсун, консервацияланып калышы керек деген ойго келишкен.

Б.Малиновский[121] 1908-жылы Краков университетин аяктап, физика–математика илимдери боюнча магистр даражасына ээ болгон. Этнография илимине кызыгуусу артып, атайын билимин тереңдетүү максатында Германияга барат. Лейпциг университетинде эки жыл болуп, ал жерде маданий-тарыхый школанын принциптери менен таанышат. Андан соң Англияга көчүп барып, Э.Тэйлордун шакирттери менен иштешет.

1914-жылдын башталышында Лондондогу экономика окуу жайынын лектору болуп иштеп турганда, Б.Малиновский этнографиялык экспедициянын составында Океанияга жөнөйт. Ал Жаңы Гвинеяда болуп, андан соң эки жылдан ашуун Тробриан аралдарында изилдөөлөрүн улантып жүргөндө, биринчи дүйнөлүк согуш башталат. Душман өлкөнүн өкүлү катары Б.Малиновский интернирование[122] болушу керек эле. Австралия өкмөтүнүн жана Англиянын көрүнүктүү окумуштуу–этнографтарынын

---

[121] Малиновский, (Malinowski) Бронислав Каспар (1884-1942) – поляк, белгилүү этнограф, социолог. Ошол кезде Австро-Венгриянын составына кирип турган (кийин ал Польша мамлекети болуп түзүлдү) Краков шаарында туулган. 1927-1942-жылдары Англияда жашап иштеген. 1914-1918-жылдары Меланезиянын Тробриан аралдарында талаа-этнографиялык изилдөөлөрүн жүргүзүп, баалуу этнографиялык материалдарды жыйнап, бир нече монографиялардын автору болууга жетишкен. (Malinowski B. Crime and custom in savage society. – L., 1926; Idem. Sexual life of savages in Northwestern Melanesia. – L., 1929),

[122] Лат. Internus – ичкеридеги; адам эркиндиги чектеле турган өзгөчө режим.

арага түшүп, кепилдик бериши (ходатайство) менен ал Жаңы Гвинея жана Тробриан аралдарында этнографиялык изилдөөлөрүн улантууга уруксат алат. Ошентип, согуш мезгилинде ал Океанияда болот. 1915-жылы анын «Туземцы Маилу», 1922-жылы тробрианддыктар жөнүндөгү «Аргонавты западной части Тихого Океана» деген китептери жарык көрөт. Аталган эмгектердин акыркысы өзүнүн мазмуну, академиялык сүрөттөөгө мүнөздүү болбогон эркин стили, терең анализи менен башка окумуштуулардын көңүлүн авторго бурат. Бул эмгек этнография илиминдеги бараандуу көрүнүш болуп калды.

1924-жылы Б.Малиновскийди Лондон университетине «Социалдык антропология» боюнча лекция окууга чакырышат, ал эми 1927-жылдан, ал университетте атайын уюштурулган кафедраны жетектеп калат. Ошентип, Малиновскийдин Лондондо өткөргөн мезгили этнография илиминдеги функционализм теориясынын биротоло калыптанган мезгили катары болуп калды. Функционализмдин жалпы концепциясы бир бүтүндүктүн жана анын элементтеринин функцияларынын айкалышуусуна, б. а. «холизм» идеяларына негизделген.

«Маданият» – гармониялуу функция аткарган бирдиктүү бир бүтүндүк; анын ар бир бөлүгү ошол бүтүндүктүн курамына тиешелүү кандайдыр бир өтө маанилүү функцияларды аткарат. Кандай гана үрп-адат болбосун, анын азыркы учурда өз орду, өз мааниси бар, маданиятта эскинин калдыктары болбойт, ал эми анын өткөндөгүсүн таанып–билүүгө мүмкүн эмес. Ар бир элдин турмуш-тиричилигинин жана маданиятынын бардык жактары бири-бири менен ажырагыс байланышта болгон бөлүктөрдүн бир бүтүндүгү. Бүтүндүктөрдүн структураларына мүнөздөмө берүү менен «холизм»

функционализмдин акыр-аягына чыгып, толук жетиштүү сүрөттөй алды. Мисалы, уруу – биринчи баскычтагы бүтүндүк, Африканын бардык элдери – экинчи баскычтагы, империалисттик метрополиялар - үчүнчү баскычтагы бүтүндүк. Бул – бири–бири менен ажырагыс байланышкан структуралардын функциялары. Бир бүтүндүктөгү кандайдыр бир көрүнүштүн функционалдык кызматын буза турган болсок, бүт пирамида, бардык система бузулат. Мына ошентип, функционалисттердин пикири боюнча, этнография жол башчы (вождь), урук, инициация, үй-бүлө сыяктуу институттарды изилдебестен, тек гана алардын коомдогу функцияларын иликтеп чыгып, алардын маанисине татыктуу баа берүүгө аракеттенүү керек.

Колдонмо (прикладдык) этнографиянын маанисине, анын азыркы кездеги ролуна Б.Малиновский өзгөчө көңүл бурган. Этнографтын милдети - коомдогу тигил же бул институттун келип чыгуу тарыхын тастыктоо эмес, ошол институттардын маанисин, болгондо да, белгилүү максат менен, сүрөттөөнүн өтө тактыгы үчүн эмес, тек гана ошол элдер менен иш жүргүзгөн колониалдык бийлик ээлерин, ишкерлерди (предприниматель) өзүлөрүнүн максатына ыңгайлуу жолдор менен жетүү үчүн алар менен кандай иш алып баруу керектигин үйрөтүү керек,[123] - деген.

☯ ☯
☯

[123] Малиновский Б.К. Основы этнографии. Варшава, 1946, с. 87.

### 5.2.2. Психологиялык же этнопсихологиялык школа: АКШ этнологиясындагы психорасизм

АКШда функционализм кеңири канат жая алган жок. Анткени, прагматизм философиясынын этнографиядагы «тарыхый школанын» жана психологиядагы фрейдизмдин негизинде XX кылымдын 30-жылдарында психологиялык школанын теориялык негиздери калыптана баштап, ал, экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки алгачкы жылдары психорасизмге өсүп жетти.

Философиядагы прагматизм - бул субъективдүү идеализмдин багыттарынын бири. Анда таанып–билүүчү субъект убакыттан да, мейкиндиктен да, материалдык дүйнөдөн да, конкретүү шарттардан да четте болуп, өзүнүн гана турмуштук тажрыйба-жөндөмүн (опыт) таанып–биле алат. Демек, прагматик, өзүнөн башка эч ким жок, - деген тыянакка келет жана ага ишенет. Ал объективдүү чындыкты танып, чындык – бул ашып барса, өз опытынын дүйнөсүндө багыт берүүчү курал (инструмент) деп ойлойт. Андыктан, кандай гана теория болбосун, кандай гана кыймыл аракет болбосун, эгер ал таанып билүүчү суб¢ектке ыңгайлуу, пайдалуу (выгода) болсо, демек, ал чындык.

З.Фрейддин[124] социалдык илимдерге сүңгүп кирип, этнографиялык маалыматтарды колдоно башташы, акыйкатта, 1920-жылдары башталып, жыйырма жылдан

[124] Фрейд, (Freud S.) Зигмунд (1856-1939)– психоаналитик, психиатр, медицина боюнча билим алган; 1876-1882-жылдары адам физиологиясы боюнча иш жүргүзүп, 1885-жылдан неврология, психиатрия тармактарында иштеген.

кийин АКШнын этнологиясында өтө популярдуу багыттардын бири болуп калды. Психологиялык школанын өкүлдөрү Фрейддин окуусунан биринчи кезекте, анын маданият жана анын келип чыгышы, маданий процесстер жөнүндөгү ойлорун алышкан. Фрейддин окуусу боюнча маданияттын келип чыгышы алгачкы коом доорундагы өз атасын өлтүрүү менен байланыштуу. Фрейд идиллиядан алыс турган төмөндөгүдөй көрүнүштү сүрөттөйт.

Алгачкы коомдогу жамаат. Деспот ата өз жамаатындагы бардык аялдарга ээлик кылып, өз балдарын аларга жакын жолотпойт. Аялзатына кызыгып, көзү кызарган балдары акыры атасын өлтүрүшүп, жеп салышат. Кийинчерээк балдары кечиримсиз күнөөсүн өзүлөрү туюп, моюндарына алып, уруктун чөйрөсүндө инцестке (кан аралашууга алып келчү нике) жана атасын өлтүрүүгө тыюу салышкан. Мындай тыюу салуунун экөө тең «Эдип комплекси» деген түшүнүктү пайда кылып, ал укумдан-тукумга берилип, маданияттын базиси болуп калды.

Ошол мезгилден бери маданият деген түшүнүк, психологиялык конфликтти камтып турган нормалардын жана тыюу салуулардын системасы болуп калды. Мында аң–сезимсиз, ырайымсыз күчтөр бардык тыюу салууларды бузуп, агрессивдүү аракеттерге же кан аралаштыруучу сүйүүгө барууга кумарлантат, ал эми аң–сезимдүү, эс–акылдуу, мээримдүү күчтөр жаштайынан өздөштүрүлгөн адеп-ахлак нормаларына таянышып, беркилердин аракетине тоскоол болууну көздөшөт. Маданияттын өнүгүү деңгээли (стадия) канчалык жогору болсо, коомдук жүрүш–туруш да ошончолук татаалдашып, психика да, - «кайнап жаткан казандай» шарактап дүүлүгөт (возбуждение). Мына ушундай учурда согуштар, революциялар, кылмыштар көбөйөт.

АКШда фрейдизм идеялары мурун психиатр болуп, кийин этнологияга өткөн А.Кардинер[125] жана антрополог (этнограф) Р.Линтон[126] тарабынан андан ары өркүндөтүлдү.

Этнолог эместигине карабастан жогорку билимдүү психиатр болгон А.Кардинер биринчилерден болуп этнопсихологиялык багыттагы теорияны иштеп чыгууга аракет жасаган. Ал, ошол маданият чөйрөсүнө мүнөздүү болгон балдарды тарбиялоо практикасы, инсан тиби менен социалдык институттардын өз-ара байланыш моделин сунуштаган. Анын «Индивид жана анын коому» (1939), «Коомдун психологиялык чектери» (1945) деген эмгектеринде этнопсихологиялык школанын негизги жалпылоочу идеялары баяндалган.

А.Кардинердин көз карашы боюнча адамдын инсан катары калыптанышы, анын төрөлгөн биринчи күндөрүнөн башталат. Бул сырткы чөйрөнүн таасири аркылуу жүрөт; биринчи кезекте, ар бир коом үчүн мүнөздүү болгон бөбөктү тарбиялап чоңойтуунун айкын ыкмалары (эмизүү, көтөрүп жүрүү, бөлөө ж. б.), кийинчерээк – сүйлөөгө, басууга, ойноого, окууга, тазалыкка, адеп-ахлактык мамилелерге ж. б. үйрөтүү жолдору.

Адамдын балалык чагындагы элес-көрүнүштөр анын бүткүл өмүрүнө так калтырат. Адамдын психикасы

---

[125] Кардинер, (Kardiner) Абрам (1891-1981) – көрүнүктүү этнопсихолог. Илимий эмгектери: The individual and his society: the psychodynamics of primitive social organization. - N.Y., 1939; Idem. The psychological frontiers of society. - N.Y., 1945.

[126] Линтон, (Linton) Ральф (1893-1953) – «психологиялык» же «этнопсихологиялык» школанын өкүлү; адамды таанып-билүү, инсандын (личность) маданий негиздери боюнча изилдөөлөрдүн автору. Linton R. The cultural background of personality. – N. Y., 1945.

баланын биринчи 4-5 жашында калыптанып, кийин ал «бышып катыйт» жана өмүр бою дээрлик өзгөрүүсүз калат да, анын ийгиликтерин же кемчиликтерин, ишинин оңунан чыкпоосун, б. а. адамдын тагдырын аныктайт. Ал эми социалдык позиция болсо индивиддин жүрүш-турушуна анчейин маанилүү таасирин тийгизе албайт.

Кийинки муундардын психикасы мурунку муундун ошол эле биринчи тажрыйбасынын таасири астында түзүлөт. Мындай процесс муундан-муунга өтүү менен үзгүлтүксүз кайталана берет.

Балдарды тарбиялоонун натыйжасында ар бир эл өзүнүн «мүнөзүнүн структурасын» калыптандырат, ошондой эле өзүнүн «орточо психикасына» ээ болот. Ушуга байланыштуу «жаман» же «жакшы» психикалуу элдер бар. Эл өзү өз психикасын, мейли ал «жаман» болсун, өзгөртө албайт, бирок «жакшы психикага», «жакшы мүнөз структурасына» ээ болгон башка элдин таасири менен жакшыртышы мүмкүн. Анткени ар бир элдин балдарды асырап тарбиялоо ыкмасы болжол менен бирдей, ал эми ар башка элдердин арасында бул жагдайда айырмачылыктар бар. Андыктан ар бир эл өзүнүн негизги же «базалык» деп эсептелген «орточо» психикасына ээ. Бул инсан этнопсихологиясынын борбордук түшүнүгү. Ар бир элдин «негизги инсаны» кандай болсо, анын маданияты да ошондой. Мына ушуга байланыштуу этнопсихологиялык школанын өкүлдөрүнүн бала чакты изилдөө, балдардын психикасын үйрөнүүгө кызыгуусу артып, бул багыт алардын негизги жетишкендиги болуп саналууда. А.Кардинердин оюу боюнча «негизги инсан» баштапкы коомдун институттарынын таасири менен калыптанат. Ал институттар, өз кезегинде, турмуш-тиричиликти камсыздоого даярдоо, үй-бүлө күтүү, тарбия жана социализациялоону камтыйт. Булардын бардыгы,

адамга ошол коомдо кабыл алынган кулк-мүнөз белгилери, элдик билим, турмуштук тажрыйбаларды эс-акылына сиңирүү менен, аны ошол коомдун мүчөсү катары калыптап тарбиялоого багытталган. Бирок, турмуш өзү көрсөткөндөй, баланы тарбиялоодогу тажрыйба менен инсан структурасынын ортосундагы тикеден-тике байланышты ачык далилдөө оңунан чыкпады жана мындай байланыштын айкын экендиги акыр аягында күмөн бойдон кала берген.

Этнопсихологиялык багыттын дагы бир өкүлү Р.Бенедикттин[127] «Түштүк-Батыш Америка маданияттарынын психологиялык типтери» (1930), «Түндүк Америка маданияттарынын конфигурациясы» (1932), «Маданият моделдери» (1934) сыяктуу чыгармалары илимий изилдөөлөргө бараандуу салым кошту. Анын концепциясынын маңызы төмөндөгүдөй: Ар бир элге мүнөздүү болгон өзүнүн «базалык мүнөз структурасы» бар. Ал муундан-муунга өткөрүлүп келе берип, ошол элдин тарыхын чагылдырып турат.

Психологиялык школанын өкүлдөрү, баштап, ар түрдүү маданияттардын рухий сапаттары өзгөрүүгө дуушар болбойт, - деген ойдо болушуп, өзүлөрүнүн изилдөөлөрүн, негизинен, коомдун психологиясынын жана анын маданиятынын статикалык профилин аныктап турган негизги инсанга, орточо психикалык типке арнашкан эле. Алардын «жакшы» же «жаман» психикалуу элдер

---

[127] Бенедикт, (Benedict) Рут (1887-1948) – этнопсихолог. Илимде из калтырган изилдөөлөрү: Benedict R. Psychological types in the cultures of the South-West America. – In: Proceedings of the 23 Congress of Americanists. - Chicago, 1930; Idem. Configurations of culture in North America.
/American Anthropologist, 1932, vol. 34; Idem. Patterns of culture. – Boston, 1934.

жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү, кандайдыр бир деңгээлде, расисттик концепциялардын калыптанышына өбөлгө болгон.

Өтө көп убакыт өтпөй эле практикалык изилдөөлөр этнопсихологиялык школанын негизги жоболорунун айкын эместигин далилдешип, 1940-1950-жылдары анын көрсөтмөлөрү бир кыйла өзгөрдү. Бул школанын өзгөчө маани берип изилдеген темасы – улуттук мүнөз, б. а. «улуттун» субьектиси болуу менен жалпы социалдык традициялар аркылуу биригип турган адамдардын жалпылыгын изилдөө. Аталган багыттын көрүнүктүүрөөк өкүлдөрүнүн бири, Ф.Боастын дагы бир окуучусу – М.Мид[128]. Ал улуттун мүнөзүн (б. а. улуттун маданиятын) изилдөөнүн усулдарын иштеп чыгууга белсенген. Анын пикири боюнча учурга тиешелүү документтер өткөн кылымдардын маданияты катары изилдениши керек. Ушуга байланыштуу М.Мид улуттун мүнөзүн изилдөөнүн үч негизги аспектисин сунуштаган: 1) Бул же тигил маданиятка мүнөздүү болгон кээ бир маданий конфигурацияларды салыштырмалуу сүрөттөп чагылдыруу; 2) Наристени багуу жана баланы тарбиялоо ыкмаларына салыштырмалуу анализ; 3) Тигил же бул маданиятка мүнөздүү болгон личносттор аралык мамилелердин моделдерин изилдөө, мисалы, ата-энелер менен балдардын ортосундагы, курбу-курдаштар чөйрөсүндөгү ж. б. мамилелер.

Этнологиянын өнүгүшүндөгү этнопсихологиялык школанын салымы төмөндөгүдөй:

---

[128] Мид, (Mead) Маргарет (1901-1978); анын этнопсихологиялык багыттагы илимий эмгектери: Mead M. Coming of age in Samoa. - N.Y., 1928; Idem. Growing up in New Gwinea. – N.Y., 1930.

Тигил же бул маданияттын өкүлдөрүнө мүнөздүү болгон белгилүү психологиялык өзгөчөлүктөрдүн болору жөнүндөгү идея негизделип сунушталган;

Индивидди эле эмес, коомду сактоочу психологиялык коргоо механизмдеринин аракети биринчи жолу көрсөтүлгөн;

Улуттун мүнөзү жана улуттук маданият психологиялык көз караштa изилдене баштаган. Анын натыйжасында улуттун мүнөзү тигил же бул улуттун өкүлдөрүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн айгинелей ала тургандыгы тастыкталган;

Улуттук мүнөз – маданияттын ичинде баалуулуктарды же жүрүм-турум моделдерин бөлүштүрүүчү жана жөнгө салуучу өзгөчө ыкма катары изилдениши жана чагылдырылышы керек, - деген этнологиянын мындан аркы өнүгүүсү үчүн маанилүү идея сунушталган.

## 5.2.3. Америка этнологиясындагы «маданият релятивизми» жана «баалуулук теориясы»

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Батыш Европада үстөмдүк кылып келген функционалдык (же социологиялык) школа туш тарабынан жоготууларга дуушар болду. Биринчиден, көптөгөн этнографтар же табигый өлүмгө дуушар болушту,же согуштун кесепетинен өлүштү, калгандары АКШга эмиграцияга кетишти; мындан тышкары концептуалдык да жоготуу болду – колониалдык система ыдырап бузула баштап, фашизм өзүнүн мурунку

баалуулук көрсөтмөлөрүн кескин өзгөрттү. АКШнын окумуштуулары да мындай идеялык туңгуюктан (тупик) чыгып кетүүгө аракет жасашты. Жогоруда аталган себептердин түз же кыйыр таасири элдердин жана алардын маданияттарынын бири-бирине теңдиги, барабарлыгы идеясынын тарашына түрткү болду.

Дал ушундай багытка «маданий релятивизм» же «баалуулук теориясы» школасын кошсо болот. Аны, 1950-жылдардын башталышында М.Херсковиц[129] негиздеп, өзгөчө активдүү өөрчүткөн.

Маданий релятивизм багытынын идеялары төмөнкүдөй:

«Ар бир эл өзүнүн турмуш–тиричилигин камсыз кылган, системалык бир бүтүндүктү түзгөн өз маданиятын жаратат, ошондуктан маданияттын бирин эң жакшы же эң жогорку деп баалоого болбойт». Бул тыянактын суб¢ективдүү жана салыштырмалуу (относительность) экендигине Херсковиц өзү көңүл бурган. Элдердин ар түрдүү маданият көрүнүштөрүнө ар башкача (бирдей эмес, кээ бирине өзгөчө) мамиле кылышы, ошол маданияттын иерархиялык айырмачылыктары менен эмес, элдердеги ар түркүн баалуулук системасы менен түшүндүрүлөт.

---

[129] Херсковиц, (Herskovits) Мелвилл Джон (1895-1963) – АКШнын түндүк-батышындагы Эванстон университетинин социалдык антопология (этнография) адистиги боюнча профессору. Африка элдеринин жалпы маданияты, АКШдагы негр калкы, Латын Америка элдеринин этнографиясы, фольклору боюнча көрүнүктүү адис. 1940-1952-жылдары эң көрүнүктүү басылмалардын бири «American Anthropologist» журналынын редактору, 1957-1958-жылдары Африканы изилдөө ассоциациясынын төрагасы болгон. Өмүрүнүн акыркы жылдарында «маданий релятивизм» теориясына ооп, дүйнө элдеринин маданиятынын баалуулугунун бирдейлигин тааныган.

Ушул багыттын дагы бир өкүлү Т.Норсроп мынтип жазган: «Бир да бир маданияттын, анын маани–маңызына сареп сала турган болсок, илимге каршы эч нерсеси жок, - деп баса белгилей аламын. Өзүнүн конкреттүү интеллектуалдык жана маданий тарыхын байыткан башка бир конкреттүү маданияттын индуктивдүү мисалынын негизинде караганда, башка маданият биз үчүн тетири катары гана көрүнүшү мүмкүн»[130]. Дал ушундай эле идеяны Херсковиц мындай жазат: Жазмасы болбогон элдердин маданияты биздин (жазмасы бар) маданиятыбызга караганда төмөн деген ой, биздин узак убакытты камтыган интеллектуалдык өнүгүүбүздүн эле натыйжасы. Биздин ой жүгүртүүбүзгө тереңдеп сиңип калган прогресс жөнүндөгү түшүнүк кечээ жакында эле пайда болгонуна өзүбүз анчейин көңүл бурбайбыз. Иш жүзүндө, бул биздин маданиятыбыздын уникалдуу продуктусу, илимий традицияны жана машинаны пайда кылган маданий агымдын бир гана бүртүкчөсү [131].

Мындай ойлор бизге канчалык туура көрүнгөндөйү менен, маданий релятивизм багытынын өкүлдөрү чындык салыштырмалуу гана болот, б. а. ал бир элге жакса, экинчисине жарабайт, жакпайт дегендиги ачык.

Маданияттын ар түрдүү көрүнүштөрүнө элдердин ар башка мамилелерин түшүндүрүүнү максат кылган илимдеги багыт – «баалуулук теория» школасы. Баалуулуктар системасы катары Т.Норсроп менен М.Херсковиц ар бир элде ар башка болгон көз караштарды, түшүнүктөрдү, дүйнө туюмдарды түшүнүшкөн. Кандайдыр бир элдеги баалуулуктарды

---

[130] Northrop Th.S. Philosophical Anthropology and practical politics: a prelude to war or to just low. - N.Y., 1960, P. 311.

[131] Herskovits M. Cultural Anthropology, and abriged revision of "man and works". - N.Y., 1955. P. 311.

изилдеп, алардын системасын түзүп чыгуу үчүн ошол этностун өкүлдөрүн сурамжылап, алардын аалам, андагы адамдын орду, адамдын өзүнүн натурасынын касиеттери, адамдардын турмуш жана бакыт жөнүндөгү көз караштарын иликтеп чыгуу керек дешкен. Ошентип, этнограф жалпы баалуулуктарды териштирип чыккандан кийин, конкреттүү баалуулуктарга өтүп, ошол изилденип жаткан этностун баалуулуктар системасын түзүп чыгууга жетишет. Ошого карабастан, маданият релятивизми багытынын өкүлдөрү баалуулуктардын өзүнүн, ага баа берүү качан пайда болгонун териштирүүгө аракет да кылып койгон эмес. Алардын ою боюнча экөө тең баштатан эле болгон.

Баалуулуктар теориясынын жактоочулары (мисалга Э.Элберт) элдин баалуулуктар системасын иликтеп чыгуу максатында этнографиялык материалдарды жыйноо үчүн атайын схема түзүп, б. а. өзгөчө программа иштеп чыгышкан. Баалуулуктардын эң жогорку формасы катары төмөндөгүлөрдү алса болот дешет:

1) Эң баштапкы (исходные) баалуулуктар (мис., навахо элинде – аалам; каада-салт, үрп-адаттарды сактоо, жаратылышта жана коомдо ырааттуулук (гармония) менен теңчилдикти (согласие) сактоо;

2) Борбордук баалуулуктар (ошол эле наваходо - үй-бүлө, билим, ден соолук, менчик, ырахат (наслаждение);

3) Директивалар – «муну кылса болот, а тигини - болбойт» сыяктуу ар түрдүү көрсөтмөлөр (предписания) жана тыюу салуулар;

4) Мүнөздөмөлөр (бул топтогу баалуулуктарды иликтөөдө, изилдөөчү адамдардын ар түрдүү сапаттарын, алардын бири–бири менен мамилелерин, мүнөздүн

кайсылары жакшы (добродетельные), кайсылары жаман (порочные) экенин териштирип чыгышы керек. Мындан тышкары, маданияттын айрым көрүнүштөрү «жакшы» жана «жаман» деп бөлүнөт.

Маданий релятивизм теориясы чет өлкөлөр этнографиясында кеңири канат жая албастан, 1960-жылдардан кийин өзүнүн тарыхый баалуулугун сактап калган Л.Моргандын окуусун көздөй чечкиндүү бурулуш жасаган.

## 5.3. Чет өлкөлөр этнологиясындагы учурдагы тенденциялар: неоэволюционизм (неоморганизм), структурализм ж. б.

XIX кылымдын классикалык эволюционизмине, ал эми АКШда болсо Л.Г.Моргандын прогрессивдүү бир багыттуу эволюциясына каршы пайда болгон чет өлкөлөр этнографиясындагы көптөгөн багыттар, 1960-жылдарга карата иш жүзүндө жок болушту. Ю.П.Аверкиеванын жазганына караганда: «1960-жылдары антиэволюционист аталуу мода болбой калды». Мындай жагдайда эволюционизмди мурда сынга алып жүргөндөр, эми «биз дайыма эле эволюционист болгонбуз, тек гана XIX кылымдын бир багыттуу эволюционизминин эмпирикалык жүйөөсүз догмаларын сынга алып жүргөнбүз», - дешип илимий чөйрөдө актанып чыгышты[132].

[132] Аверкиева Ю.П. Неоэволюционизм, релятивизм, расизм. //Расы и народы. Т. 1, М., 1971, с. 39.

1964-жылы Москвада өткөрүлгөн VII МКАЭНде чет өлкөлүк этнологдор «Алгачкы коомду мезгилдерге бөлүштүрүү (периодизация) жөнүндө Моргандын окуусу» деген темада симпозиум өткөрүүнү сунуш кылышат. Ошентип, бул көрүнүктүү америкалык окумуштууга өз мекендештери кайрадан жылуу мамиле менен кайрылышты. 1963 - 1964-жылдары АКШда Л.Моргандын «Древнее об¿ество» аттуу китеби Э.Ликок жана Л.Уайт тарабынан редакцияланып, кайрадан басылып чыкты. Б.Малиновскийдин жана анын школасынын өкүлдөрүнүн эволюционизмдин өзгөчө багытына кире тургандыгы жөнүндө маселе да басма сөз беттеринде астейдил талкууланды.

Америка этнографиясынын Моргандын окуусуна кайра кайрылышы ошол кездеги илимдеги маанилүү окуя болуп калды. Өзүлөрүнүн эволюционист экендигин коомчулукка билгизгиси келген АКШнын көпчүлүк этнографтары өз концепцияларын неоэволюционисттик катары көрсөтүштү. Ушул тапта неоэволюционизм Батыш өлкөлөр этнографиясындагы эң кеңири тараган теориялык агым. Бул багыттын өкүлдөрүнүн эмгектеринде (Дж.Стьюард, Дж.Мердок[133] ж. б.) чектен ашкан антиисторизмден,

[133] Мердок, (Murdock G.) Джордж Питер (1897-ж.т.) – Америка этнографиясындагы антиэволюционисттик багыттагы «тарыхый» школанын өкүлү, 1939-1960-жылдары Иель университетинин профессору, 1960-жылдан Питтсбург университетинин Антропология факультетинин деканы, 1962-жылдан «Ethnology: An International Journal of Cultural and Social Anthropology» журналынын редактору. Талаа- этнографиялык изилдөөлөрүн Түндүк Американын түндүк- батышында, Микронезияда жүргүзгөн. 1957-1958-жылы Дарвиндин китебинин жарык көрүшүнүн 100 жылдыгына арналып өткөрүлгөн, Вашингтондогу Антропологиялык коом уюштурган илимий талкуунун катышуучусу. Бул дискуссияга Ирвинг Халлоуэлл, Джозеф

теориялык нигилизмден, антиэволюционизмден арылуу тенденциясы ачык байкалат. Ошону менен эле бирге, неоэволюционисттер арасында прогресс маселелери боюнча айкын бirимдик байкалбайт. Алар сандык өнүгүүнү гана тааныган тэйлордук багыттагы метафизикалык эволюционизмге көбүрөөк таянышат. Мындан тышкары, Моргандын маданияттын бир сызыктуу (однолинейность) өнүгүүсү идеясына каршы, алар маданияттагы көп сызыктуу (багыттуу) идеясын көтөрүп чыгышкан.

Неоэволюционизмдин өнүгүшүнүн башка багыты көп сызыктуу эволюциялык өнүгүү теориясына байланышып, ал Дж.Стьюарддын[134] «Маданий өзгөрүүлөр теориясы» (1955) аттуу китебинде чагылдырылган. Анда ал ар бир маданиятты өз-өзүнчө өзгөчө система катарында карап, алар жаратылыш шартына жараша эволюциялык ыңгайлашуу (адаптация) жолу менен өнүгөөрүн белгилейт. Анын пикири боюнча жаратылыш эволюциясы ар башка жол менен өтүүсү мүмкүн, бирок бирдей же окшош жаратылыштык шарттагы жана бирдей технологиялык өнүгүү деңгээлиндеги коомдордо эволюциялык өөрчүү окшоштуктары болот. Мындай «параллелдүү эволюция» феномени коомдун өнүгүү процесси менен дал келе тургандыгын түшүндүрөт. Географиялык жактан бири-биринен алыс жана өз-ара байланышы жок коомдордо да

---

Гринберг, Лесли Уайт, Клайд Клукхон сыяктуу көрүнүктүү этнолог, антрополог, археолог, лингвисттер катышып, анын натыйжасында илимий жыйнак түзүлүп, басмадан чыгарылган (Evolution and Anthropology: a centennial appraisal. - Washington, 1959). Мердоктун белгилүү теориялык эмгеги: Social structure. - N.Y., 1949.

[134] Стьюард, (Steward) Джулиан (1902-1972) – америкалык окумуштуу, неоэволюционист. Негизги илимий чыгармалары: Evolution and process. – In: Anthropology today, ed. By A.Kroeber, 1953; Idem. Theory of cultural change. - Urbana, 1955.

мындай окшоштуктар байкалган. 1950-1960-жылдары Америка этнологиясында неоэволюционизм багыт берүүчү теория болуп калды. Себеби, алар сунуш кылган маданияттын өнүгүү концепциясы, X1X кылымдагы классикалык эволюционизмдин моделдерине салыштырмалуу бир кыйла татаал жана ар тараптуу. Неоэволюционизмдин дагы бир өзгөчөлүгү, ал маданияттагы азыркы көрүнүштөрдү изилдөө аркылуу, ошол маданияттын баштапкы өнүгүү өзгөчөлүгү боюнча тыянак чыгаргандыгында. Стьюарддын пикири боюнча: «Адамзат коомунун тарыхы – көп сызыктуу өнүгүүгө ээ болгон жабык системалардын суммасы». Анын теориясы (ал муну өзү да баса белгилеп кетет) – XIX кылымдын эволюционизминен төмөндөгүдөй айырмаланып турат: неоэволюционисттер «жалпы закондорду, жалпы параллелдерди издешпейт, жаңы сапаттардын пайда болушун релятивисттик, б. а. өнүгүүнүн конкреттүү линиясынын системасында, белгиленген рамкалар менен чектелген түрүндө түшүндүрүшөт. Адам коомунун өнүгүүсүндөгү көп сызыктуулукту Стьюард адамдын ар түрдүү экологиялык чөйрөгө ылайыктануусунун натыйжасы катары түшүндүрөт. Анын ою боюнча коомдук өнүгүүнү социалдык–экономикалык себептер аныктабастан, нукура экономикалык чөйрө өзү аныктайт. Моргандын окуусунун активдүү жактоочусу жана классикалык эволюционизмдин өкүлү катары эсептелген Л.Уайт: «Дж.Стьюард эволюцияны бир–бирден тааныйт (признает)», - деген.

Азыркы учурдагы неоэволюционизмдин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири М.Харрис[135]. Ал, өз кезегинде, өзүн

[135] Харрис, (Harris) Марвин (1929-ж.т.) – америкалык этнолог, неоэволюционист. Harris Marvin. The rise of anthropological theory. A history of theories of culture. – N.Y., 1968.

Л.Уайттын жана Дж.Стьюарддын идеяларын улантуучу катары санайт.

Биз акылга сыйбаган (абсурд) жана иррационалдык деп түшүнгөн көптөгөн каада-салт, үрп-адаттардын артында экономикалык кызыкчылык тураарын, ал, ар түркүн маданияттарды изилдөөнүн мисалында далилдөөгө далалаттанган. Мындан ал, маданият жана айлана-чөйрө бири-бирине таасирин тийгизип турат, - деген тыянак чыгарган.

Неоэволюционисттер маданиятты изилдөө үчүн принципиалдуу жаңы ымаларды иштеп чыгышты, алардын негизги идеялары төмөндөгүдөй:

Маданият – бул коомдун айлана чөйрөгө ылайыктануусунун (адаптация) натыйжасы;

Маданияттын ылайыктануусу (адаптация) – үзгүлтүксүз процесс, анткени бир да маданият идеалдуу түрдө жаратылышка ыңгайлана албагандыктан, ал маданият көпкө туруктуу (статичная) боло албайт;

Кандай гана маданият болбосун, анын негизинде өз өзөгү (ядро) турат. Ал маданий ылайыктануу процесси жүрүп турган жаратылыш чөйрөнүн өзгөчөлүктөрү менен аныкталат;

Ар түркүн «маданият тибинин» өзөгүндө социалдык, саясий жана диний институттар туруп, алар турмуш-тиричилик каражаттарын камсыз кылуу өндүрүшү менен тыгыз байланышта болушат;

Маданий чөйрө болсо адамдын рухий турмушун камсыз кылуучу негизги бөлүк: андан ал туулуп өскөн жеринин ыйыктыгы, ата-бабалардын насыяттары тууралуу тарбия алат.

«Экономикалык ылайыктанышуу (приспособление) концепциясын жана өнүгүү идеясын релятивисттик көз караште чечмелеген неоэволюционизм багыты бүгүнкү күндө Батыш өлкөлөрүндөгү этнографиялык изилдөөлөрдүн терең тамыр жайган методологиялык негизи болуп саналат»[136], - деп Ю.П.Аверкиева корутундулайт.

Структуралык антропологиянын өзүнчө бир багыты болуп эсептелген структурализм жөнүндөгү француз окумуштуусу К.Леви–Стросстун[137] окуусу да бир жагынан неоэволюционизм, экинчи жагынан мурунку идеалисттик школалар менен бир байланышта. Батыш Европа жана АКШда аны илимдин теоретиги катары эсептешет. Ал эми анын «Структуралык антропология» аттуу эмгегине «тарыхый–материализмдин да, идеализмдин да каталарынан жана бир беткейлигинен арылган» чыгарма катары баа беришет.

Леви-Стросстун концепциясынын маңызы төмөндөгүдөй: Структуралык лингвистиканын методдорун колдонуу менен маданияттын тигил же бул чөйрөсүндөгү структураларды ачып көрсөтө алган символдордун системасын кайра калыбына келтирип, түзүп чыгууга болот. Структурализм концепциясынын негизинде себеп–натыйжалык байланышта болбогон кандайдыр бир түбөлүк, тарыхтан тышкаркы структура, болгондо да таанып-билүүдөн тышкары турган, түбөлүк адам аң–

136 Аверкиева Ю.П. Неоэволюционизм, релятивизм, расизм. //Расы и народы. Т. 1, М., 1971, с. 40-41.

137 Леви-Стросс, (Levi-Strauss Cl.) Клод (1908-ж.т.) – франциялык структуралист. Негизги чыгармалары: Anthropologie structurale. Paris, 1958; Idem. Le totemisme aujourd’hui. Paris, 1962; Idem. La pensee sauvage. Paris, 1962; Idem. Tristes tropiques. Paris, 1955.

сезиминде болгон структура турат, - деген түшүнүк жатат. Ошону менен эле бирге, тарыхый өнүгүүнүн бардык баскычтарында адамзат аң-сезиминин биримдигин ал танбаган.

Структуралык методду иштеп чыктым, - деп, Леви-Стросс өзү белгилеп кеткен.

Акыркы жарым кылымда этнологиядагы көрүнөөрлүк теориялык жаңылыктар негизинен АКШда (мисалга, Э.Ликок[138], Э.Эванс-Притчард[139]) калыптанууда. Аны, биринчи кезекте, ааламда болуп жаткан саясий кырдаал менен байланыштырса болот. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин күч алган колониялык империялардын ыдырап бузулушу да этнологиянын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизбей койгон жок. Алдыңкы катардагы Европа өлкөлөрү өз колонияларынан кол жууган соң, бул илимге болгон кызыгуусу да улам төмөндөп, этнологиялык

138 Ликок, (Leacock) Элеонора - XX кылымдын орто чениндеги америкалык этнотарыхчы. Талаа-этнографиялык изилдөөлөргө таянып этнотарыхчылар айрым учурларда кээ бир урууларда мурунку кездерде уруктук мамилелердин болгондугун жана мындай мамилелер кийинчерээк, ак жуумал соодагерлер ж. б. менен карым-катнаштын натыйжасында өз маанисин жоготконун айгинелеп беришкен. Мындай көрүнүштөрдү Э.Ликок алгонкиндердин монтанье, наскапи, кри, оджибвей урууларынан байкаган.

139 Эванс-Притчард, (Evans-Pritchard) Эдуард (1902-1973) – англиялык этнолог; структуралисттик ыкманын негизинде Африка элдеринин маданиятын изилдеп чыккан. Ал колдонгон социологиялык теория ыкмасынын жардамы менен изилденүүгө алынган коомдогу структуралык түзүлүшкө жана адамдар ортосундагы мамилелерге иликтөө жүргүзүп, анын натыйжасында ошол коомдун жалпы системасын айкыныраак элестетүүгө болчудай. Evans-Pritchard E.E. Social Antropology. – L., 1951.

изилдөөлөргө бөлүнүп келген каражаттар кыскара берди. Анын натыйжасында айрым өлкөлөрдө (Нидерландия) бир катар этнологиялык илим-изилдөө институттары биротоло жабылды, башкаларында болсо (Улуу Британия, Франция) жалпы илимдер системасында этнологиянын ролу бир кыйла төмөндөдү. Ушул сыяктуу кырдаалдарга карабастан, Европа өлкөлөрүндө этнология боюнча жаңы теориялык изилдөөлөр жарала берди. Мисалга, Улуу Британияда Макс Глюкман (1911-1975) неофункционализм багытындагы Манчестер школасын калыптай алды, Родней Нидхем (1923-ж.т.) болсо социалдык структурализмдин жаңы концепциясын түзүүгө жетишти. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдары Франция этнологиясында К.Леви-Строññтун теориялык идеялары басымдуулук кылып келди. Алардын эле катарында Морис Годелье, Клод Мелиссо ж. б. у. с. этнолог-кесиптештер болушуп, алар тарыхый материализмдин айрым жоболорун колдоого алышып, этнологияга өз жаңы үлүштөрүн кошушту.

Согуштан кийинки жылдардагы Европа этнологиясынын өнүгүүсү АКШ этнологиясынын күчтүү кысымында калып келди. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин АКШнын маданий антропологиясы зор өнүгүүгө жетишти. XX кылымдын 40 – 50-жылдарында эле бул өлкөдөгү этнология адистигин даярдаган колледждердин жана университеттердин саны эки эседей көбөйдү.

XX кылымдын 80-жылдарында социалдык биология багыты бир аз өнүгүп-өсүп, кийинчерээк, ал илимдеги өз ордун «маданий экологияга» алдырып жиберди.

Бул теория АКШ этнологиясында азыркы кезге чейин бараандуу орунду ээлеп келе жатат. Функционализм, структурализм, неоэволюционизм менен бирге эле, бул теорияны азыркы учурдун багыт берүүчү теорияларынын катарына кошуп келишүүдө. Акыркы жылдардагы

америкалык көрүнүктүү этнологдордун катарына Клиффорд Гирц (1926-ж.т.), Виктор Тернер (1920-1983) сыяктуу окумуштууларды кошсок болот. Алар өз изилдөөлөрүндө жаңы «герменевтика» багытын сунушташты. Алардын пикири - социалдык коммуникациядагы символдордун ролу: азыркы турмуштагы символдордун дүйнө таануучулук, баалуулук, адеп-ахлактык ролдору. Тернер, өз кезегинде, символдорду прагматикалык көз караште карап, алар социалдык процессте активдүү күч экендигин белгилеп кеткен. Гирц болсо символдордун социалдык турмушта жана алардын жеке адамдын аң-сезимине, туюмуна *(восприятие, чувство, мышление) тийгизген таасирин изилдөөгө көңүл бурган. Гирцтин көз карашы боюнча, этнологдор эмпирикалык (жазма) деңгээлде изилдөө менен чектелбестен, ошол маданиятты түптөгөн элдердин, маданияттын анык ээлеринин «түпкү тегинде» эмне болгондугун аныктоо керек деген.

XXI кылымдагы этнологиянын өнүгүп-өөрчүүсү боюнча Батыш Европа этнологдорундагы пикирлердин көпчүлүгү «герменевтикалык антропология багытында болоорун божомолдошот.

Этнографиянын илим катары калыптанып түзүлгөн бир жарым кылымдан ашуун мезгилден бери, жогоруда белгиленгендей, бир гана Л.Моргандын окуусу мезгил таразасынан ийгиликтүү өттү. Дал Морган иштеп чыккан алгачкы коом тарыхын мезгилдерге бөлүштүрүү (периодизация) системасы жана анын урук-жамааттык уюмунун, коллективдүү менчиктин болгондугунун, ал гана эмес, тап пайда болгонго чейинки коомдо мамлекеттин болбогондугу жөнүндөгү идеялары чет өлкөлүк этнографтардын эмгектеринде тамыр жайып, колдоого алынгандыгы бүгүн эч кимди таң калтырбайт.

Кандай деген тыянак чыгарбасак да ааламда этностор жашап турганда, этнография илими жана этнографтар ишсиз же бекерчи болуп калышпайт; этнологдор этномаданий мамилелерден келип чыгуучу ичкерки этникалык жана этностор аралык мамилелерди изилдөө менен алек боло беришет.

## 5.4. Ата Мекен (Россия, СССР) этнографиясы

Ата Мекен этнографиясы ошол кезде прогрессивдүү болгон эволюционизм окуусу менен гана эмес, марксизм теориясы менен да салыштырмалуу эртерээк таанышты. «Капиталдын» биринчи котормосу да Россияда ишке ашкан болчу. Бул чыгарманын орусча басылып чыгарылышына «Первобытная экономика» аттуу эмгектин автору Павел Зибер да жигердүү салым кошкон. Ошону менен эле бирге, жамааттык–уруктук уюмдун конкреттүү маселелери боюнча М.М.Ковалевский жана Л.Я.Штернбергдин эмгектери К.Маркс менен Ф.Энгельстин көңүлдөрүн өзүнө бурган.

Революцияга чейинки этнография Д.Н.Анучин сыяктуу көрүнүктүү илимпозду берди. Татаал тарыхый маселелерди чечүүдө ал биринчилерден болуп этнографиялык, археологиялык жана антропологиялык материалдарды айкалыштыра комплекстүү колдонгон.

Сүргүнгө айдалган «Эл эрки» уюмунун өкүлдөрү В.Г.Богораз[140], Л.Я.Штернберг[141], Б.О.Пильсудский ж. б.

[140] Богораз-Тан, Владимир Германович (1865-1936) – этнограф, фольклорист, лингвист, жазуучу. Эл эркиндиги үчүн талыкпай күрөшкөндөрдүн катарында Колымага сүргүнгө айдалып (1890-1898),

этнографияга оошуп, бул илимдин өнүгүшүнө бараандуу салым кошушту.

Орус География коому жана анын жер–жерлердеги бөлүмдөрү менен эле бир катарда революцияга чейинки жылдарда борбордук илимий мекеме катары Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи (МАЭ) болуп турган. Бул музейде XX кылымдын башталышынан эле, В.В.Радловдун жетекчилиги астында жер–жерлердеги этнографияга кызыккандар, Москвадагы табият изилдөө коомунда жана Москва, Петербург, Казан университеттериндеги этнографтар менен бирдикте иш алып барышкан көрүнүктүү кадрлар эмгектенишкен.

---

ал жерде Түндүк элдеринин (чукча, эскимос ж. б.) турмуш-тиричилигин, тилин, фольклорун изилдеген. 1894-1896, 1900-1901-жылдары Түндүк элдерин этнографиялык изилдөө боюнча академиялык экспедицияларга катышкан. 1918-жылдан МАЭде илимий кызматкер; 1921-жылдан Ленинграддагы бир катар ЖОЖдордун профессору, 1932-жылдан ИАнын «Диндер тарыхы» музейинин директору. Түндүк элдерин изилдөө институтун, ошондой эле ВЦИКтин Президиумунда Түндүк Комитетин түзүүнүн демилгечилеринин бири. Бир катар Түндүк элдерине алфавит, жазма түзүүнүн үстүндө гана эмгектенбестен, этнографиянын жалпы маселелери боюнча да изилдөөлөр жүргүзгөн.

[141] Штернберг, Лев Яковлевич (1861-1927) – этнограф, ИАнын корреспондент-мүчөсү (1924), Ленинград университетинин профессору (1918-жылдан). «Эл эрки» уюмунун активдүү мүчөсү болгондугу үчүн 1886-жылы камакка алынып, соттун чечими менен Сахалинге (1889-1897) сүргүнгө айдалган. Андан кийин өмүрүнүн акырына чейин МАЭде кызматта болду. Октябрь революциясынан кийин өлкөдө Ата мекен этнографиясынын түптөлүшү, ЖОЖдордо этнография боюнча билим берүүнүн жолго коюлушу үчүн талыкпай эмгектенген.

Россиядагы революциялык кырдаал, жумушчу кыймылына марксизмдин идеяларынын сиңиши да кандайдыр бир деңгээлде орус этнографиясына таасирин тийгизбей койгон жок.

Бирок совет бийлигинин биринчи он жылдык мезгилинде, теориялык эмгектердин негизин эволюционизмдин ар түрдүү концепциялары, ал гана эмес, Боастын школасынын край таануучулук багытынын идеялары түзүп турган.

Октябрь революциясы көп улуттуу өлкөдө жеңди. Андыктан, совет бийлигинин алдына коюлган эң маанилүү маселелердин бири - улут маселесин чечүү болчу.

Падыша бийлигинин улуттарга каршы саясатынын кесепеттерин жок кылуу, элдердин ортосундагы айкын теңдикке жетишүү, артта калган элдердин маданиятын жана экономикасын алдыда өнүккөн улуттардын деңгээлине жеткирмейинче болмок эмес. Мурунку падыша империясынын чет жактарындагы улуттарда активдүү социалисттик курулушту өнүктүрүү, алардын өнүгүү деңгээлин илимий негизде изилдеп чыгууну талап кылган. Ошону менен бирге, мурунку жазмасы жок элдерге алардын маданиятын жана эл массасынын саясий аң–сезимин өнүктүрүү үчүн жазма түзүп берүү керек эле.

Мындай революциялык жана кайра түзүүчүлүк ишмердикте этнография илими жана анын илимий борбору – Антропология жана этнография музейи көрүнүктүү роль ойногон. Петроградда 1918-жылы В.В.Радловдун кесиптештери жана коллегалары, биринчи кезекте В.Г.Богораздын тикеден-тике иш аракеттеринин натыйжасында кеңири эл массасын агартууга багытталган музейдик экспозициясы түзүлөт. Ушул эле жылы Россиянын алыскы региондорунда иш жүргүзүү үчүн

этнографтарды даярдаган биринчи жогорку окуу жай ачылат. Бул сыяктуу атайын кадрларды даярдоо ишинин демилгечиси, өмүрүнүн акырына чейин педагогикалык кесипти музейдеги иштер менен айкалыштыра ала жүргөн В.Г.Богораз болгон. Ал ВЦИКтин Президиумунун жыйындарынын биринде (1925-ж.) мындай деген: - «Мындан ары Түндүккө жаңы маданиятты жана совет бийлигин жайылта турган өзгөчө миссионерлерди жөнөтүү керек». Алар алдын ала толук илимий негиздеги, биринчи кезекте, этнографиялык жактан билим алып барышы керек. Өлкөнүн ар кайсы жактарында улут саясатын жүзөгө ашырууда этнографтар өкмөттүн активдүү жардамчылары болуп калышты. Тилекке каршы, Сталиндин жана башкаруунун командалык–административдик методдорунун күч алган жылдарында этнографтардын социалдык ролу төмөндөп кеткенине алардын күнөөсү жок.

XIX кылымдын аягында «Эл эрки» уюмунун иши боюнча сүргүнгө айдалып, ал жакта этнограф болуп калыптанган, жана ар кандай улуттук эзүүгө, караңгылыкка, түркөйлүккө (мракобесие) каршы аёосуз күрөш алып барган В.Г.Богораз, калган бүт өмүрүн жана чыгармачылык дараметин совет бийлигине кызмат кылууга жумшаган. Антропология жана этнография музейинин (МАЭ) кызматкери болуу менен бирге, ал университетте сабак берген, «Диндер тарыхы» музейин түзүп (ага ошол кезде Казан соборунан орун беришкен), анын жетекчиси болгон.

1930-жылдардын баш ченине карата калыптанып калган этнографтардын ири тобунун ишмердигин координациялоо учурдун талабы эле. Өкмөттүн чечими менен 1933-жылы Антропология жана этнография музейинин базасында СССР ИАнын Антропология жана этнография институту

түзүлөт. Ал 1935-жылы ИАнын Этнография институту деп кайра аталат.

АЭМ (МАЭ) ушул күнгө чейин өзүнүн жогорку маанилүү этнографиялык буюмдарды сактоочу жай жана агартуучу мекеме деген маанилери менен бирге, антропологиялык жана этнографиялык изилдөөлөрдүн илимий лабораториясы болуп келүүдө.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарына чейин Этнография институту борбордук илимий мекеме катары көптөгөн университеттик жана музейдик мекемелер менен биргелешип, теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү уюштуруу боюнча активдүү иш алып барды. Бул иш аракеттер бир катар кыйынчылыктарга карабастан каардуу согуш жылдарында да үзгүлтүксүз улантылды. Ал жылдарды С.П.Толстовдун[142] ысымы менен сыймыктануу менен байланыштырышат.

---

[142] Толстов, Сергей Павлович (1907-1976) – этнограф, археолог, тарыхчы-чыгыш таануучу. 1953-жылдан СССР ИАнын корреспондент-мүчөсү, 1956-жылдан – Өзбек ИАнын ардактуу академиги. 1942-1966-жылдары ИАнын Н.Н.Милухо-Маклай атындагы Этнография институтунун директору; 1946-1966-жылдары «Советская этнография» журналынын редактору. Орто Азия жана Чыгыш элдеринин археология, этнография, байыркы, орто кылымдардагы тарыхы, этногенези, коомдук түзүлүшү, дини ж. б. боюнча адис катары 300дөн ашуун илимий эмгектердин автору. Ошол мезгилдер үчүн уникалдуу болгон көп томдуу «Народы мира» аттуу сериянын редактору жана авторлорунун бири. 1937-1969-жылдары комплекстүү Хорезм археологиялык-этнографиялык экспедициясынын уюштуруучусу жана жетекчиси. «Древний Хорезм» (- М., 1948) аттуу илимий монографиясы үчүн Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (1949) болгон.

Илимдин Ленинграддагы борбору каардуу блокада жылдарында да жан аябаган ишин токтоткон жок. Блокадада жана согуш фронтторунда этнография илими өзүнүн көптөгөн ишмерлерин жоготту. 1942-жылдын жай айынын башына карата аман калган этнографтардын көпчүлүгүн фронттон чакыртып, Москвага топтоого жетишилди. 1943-1944-жылдары Этнография институтунун эвакуацияланган илимий кызматкерлеринен, өлкөнүн алдында турган кечиктирилгис маселелерди чечүү үчүн атайын Москва тобу түзүлгөн. Бул топ 1950-жылга чейин ИАнын Н.Н.Миклухо–Маклай атындагы Этнография институтунун бөлүмү болуп келсе, 1950-жылдан Ленинграддагы этнография институту (Антропология жана этнография музейи менен бирге) Москвадагы институттун бөлүмү болуп калды.

1956-жылдан бери советтик этнографтар Эл аралык конгресстерге жана симпозиумдарга катышышып, илимдин теориялык негиздерин пропагандалап, тарыхты материалисттик түшүнүүнүн принциптерин бекемдешти.

Ата Мекен этнографиясы – бул элдерди «жазмасы бар» же «жазмасы жок» деп бөлбөгөн, элдердин маданиятын жана турмуш-тиричилигин изилдеген тарых илиминин бир бөлүгү, бул, тап пайда болгонго чейинки коомдун орчундуу маселелерин, алардын социалдык жана үй-бүлөлүк институттарынын калыптануусун изилдеп чече ала турган илимдин тармагы. Ал, элдердин маданиятын, анын «улуттук же этникалык спецификасында» изилдеп, андагы «ар кайсы тарыхый доорлордогу ар кандай катмарларды» ачып чыгат. Этнографтардын изилдөөлөрүндө элдердин азыркы учурдагы маданияты жана турмуш–тиричилиги да чоң мааниге ээ болуп, анын ичинде өзгөчө улуттук өзгөчөлүктөрдү ачып берүүгө көңүл бурулат. Чет өлкөлөр этнографиясындагы ар түрдүү багыттар жана школалардан

айырмаланып, биздеги этнографиялык школа өзүнүн изилдөө об¢ектиси катары көбүнчө «эл» деген түшүнүк менен ассоциацияланган «этникалык жалпылыктарды» изилдейт.

Этнографтардын учурдагы милдеттери, биздин оюбуз боюнча, Ю.В.Бромлейдин жогоруда эске алынган «Этнос и этнография» (М., 1973) жана «Современные проблемы этнографии» (М., 1981) аттуу жалпыланган эмгектеринде ачык, так аныкталган. Академик Ю.В.Бромлей 1967-1989-жылдары Этнография институтун жетектеп, Ата мекен этнографиялык школасынын традицияларын ийгиликтүү улантты жана өөрчүттү. Алгачкы 50 жылдын аралыгында эле этнографтар дүйнө элдерин этнографиялык жактан изилдөөдө зор ийгиликтерге жетишишти: *1966-жылы «Народы мира» аттуу фундаменталдык серияны чыгарууну аякташты, ал эми 1986-жылы географтар менен бирдикте 20 томдон турган «Страны и народы» аттуу серияны аякташты. Ошону менен эле бирге, дүйнө элдеринин этногенезин жана этникалык тарыхын, коомдогу учурдагы өзгөрүүлөрдү, алардын маданиятын жана турмуш–тиричилигин изилдеп, ааламда болуп жаткан учурдагы этникалык жана этномаданий процесстердин актуалдуу маселелерин күн тартибине коюп, аларды чечүүгө далалаттанышты. 1933-жылдан бери бул тематика боюнча жүздөгөн монографиялык изилдөөлөр жарык көрдү. Акыркы жылдары СССРдин аймагында гана эмес, чет өлкөлөрдө да экспедициялык изилдөөлөр күч алды: мекендеш этнографтарыбыз Тынч океандагы аралдарда, Индиядагы жамааттык коомдордо, Кубанын жана Вьетнамдын тоолорунда, Йемендин чөлдөрүндө, Монголиянын талаа–түздөрүндө этнографиялык экспедицияларды өткөрүштү.

Этносоциологиялык изилдөөлөр да жөнөкөй эле көрүнүш болуп, этнопсихология боюнча да эмгектер жаралды. Алгачкы коом тарыхынын теориялык негиздери жана учурдагы улуттар аралык мамилелердин этникалык кырдаалдары да терең изилдөөгө алынганы купулга толот.

Этнография – бул этностор жөнүндөгү илим. Ааламда этностор жашап турса этнографиянын да изилдөө об¢ектиси болуп, бул илим да жашай берери этнографтардын көңүлүнүн борборунда. Этностор болсо алардын өндүрүштүк, социалдык, үй-бүлөлүк, маданий ж. б. байланыштарда бир бүтүн система катары изилдениши абзел. Ошону менен эле бирге, этнографиялык изилдөө кандайдыр бир этносту гана изилдөө менен чектелип тим болбостон, аны андан ары улантып, бир этносту башка этностор менен салыштырмалуу изилдеп, элдердин ортосундагы спецификалык жана жалпы белгилерди ачып берүү керек.

Этногенетикалык изилдөөлөрдүн дүйнө таануучулук мааниси өтө зор. Ал Ата мекен этнографтары гана эмес, чет өлкөлүк этнографтар тарабынан да төгүнгө чыгарылбайт.

Адамзат тарыхы – бул антропологиялык, тилдик жана маданият жагынан ар башка болгон этникалык топтордун контакттарынын жана аралашуусунун тарыхы экендигин, башка элдердин маданиятынын жана антропологиялык типтеринин айрым белгилерин сиңирип албаган таптаза нукура этностордун болбосун жана болушу мүмкүн эместигин этнографтар ишенимдүү көрсөтүштү.

Адамзатынын өнүгүүсүнүн бирдей экендиги, ар бир элдин дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы бар экендиги, тарыхый-маданий изилдөөлөрдүн негизинде тастыкталды. Этнографтар, этнографияны, этносторду адамзаты

жаралгандан ушул кезге чейин изилдей ала турган коом таануу илимдеринин бир тармагы катары эсептешет. Этнография - коомдук өнүгүүнү жетектөөнүн илимий негиздерин изилдеп берүүчү илим экенин тана албайбыз.

## 6.0. Россия Илимдер Академиясынын Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи

## 6.1. Петр I нин Кунсткамерасы

Нева дарыясынын аркы өйүзүндө, Адмиралтействотонун маңдайында совет дооруна чейинки Петербургдун, андан соң Петрограддын, Ленинграддын азыркы кездеги Санкт-Петербургдун көз жоосун алган эски имараты – Улуу Петрдун атактуу Кунсткамерасы турат. Ал Нева жээгиндеги шаардын эң алгачкы таштан салынган имараты. Имарат Россиянын жаңы борборунда ишке киргизилген Кунсткамера үчүн Петр I-нин планы боюнча атайын курулуп, Он эки коллегиядан (анда азыр Санкт-Петербург университетинин башкы имараты турат) алыс эмес жерде, Васильев аралынын тилкесинде жайгашкан. Падыша ал жерде Россиянын жаңы борбор шаарын негиздөөнү чечкен. Мына ошондуктан бул жерде анын мезгилиндеги министрликтердин (коллегия), ошондой эле 1714-жылы негизделген Кунсткамеранын имараты курулган. Ал орус илиминин калыптанышында маанилүү роль ойногон.

Петр I-нин оюн архитекторлор Г.М.Матарнови, Г.Киавери жана М. Г. Земцовдор ишке ашырышты. Курулуш иштери 1718-жылы Петр I-нин бийлигинде

башталып, ал он жылдан соң, император каза болгондон кийин аяктады.

1728-жылы Неванын жээгинде үч кабаттуу таштан салынган сарай пайда болду. Анын борбордук бөлүгүндө мунара менен аяктаган, армиллярдык сфера менен жабылган, алты кабат имарат курулду. Орус илими калыптанып келе жаткан кездеги бул сарайда XVIII кылымдын баш чени үчүн көптөгөн чоң–чоң терезелүү, сан жеткис шам чырактуу, өтө кеңири музей залдары болгон. Бул жаңы имаратта Петр I өзү демилгечи болуп чогулткан коллекциялар үчүн жай жетишерлик эле. Ал эми мурунку имарат болсо, албетте, музей иши үчүн ылайыкташтырылган эмес болчу.

Бир нече он жылдыктарды артка таштап XVII кылымдын акыркы чейрегине көз чаптыралы. Ал кезде Балтика деңизине алып баруучу дарыянын жээгинде жаңы борбор али курула баштай элек болчу. Ошол мезгилдин улуу реформатору Петр Інин оюнда, Россияны өз илимине, маданиятына ээ болгон күч-кубаттуу, илим-билимдүү мамлекетке айландыруу идеялары бүдөмүк гана жылт этип турган.

Биринчи илимий мекеме катары Петрдун оюнда Европа үлгүсү боюнча “Сейрек кездешүүчү буюмдар каанасы” (“Кабинет редкостей”, же немецче – “Кунсткамера”) болгон. Россияда агартуу иштерин жолго коюу жана жогоруда аталган “Кунсткамераны” кантип түзүү керек, - деп, Петр I улуу математик жана философ Г.Лейбницке[143] кайрылат. Өзүнүн ийне-жибине чейин териштире жазган

---

[143] Лейбниц, (Leibniz, Leibnitz) Готфрид Вильгельм (1646-1716) – немец философу, окумуштуу, коомдук ишмер; Берлин Илимдер академиясынын негиздөөчүлөрүнүн бири жана биринчи президенти (1700-ж.).

жообунда Лейбниц мындай дейт: Чет өлкөлөрдөн ар түрдүү китептерди, шаймандарды (инструмент), таң калаарлык, ажайып, сейрек кездешүүчү буюмдарды сатып алуу керек. Биз элге эмнени жайылткыбыз келсе, элди эмне менен окутуп, эмнени үйрөткүбүз келсе, анын бардыгы бизге керек. Ал үчүн бизге китепканалар, китеп дүкөндөрү, сейрек кездешүүчү, табигый жана жасалма буюмдар сактала турган кааналар (кабинет), ботаникалык жана зоологиялык бактар керек.

Мындай каанада сейрек кездешүүчү буюмдар жана чыгармалар, табият өзү жараткан жана адамдын акылы, колу, чыгармачылыгы менен жаратылган маанилүү буюмдар болушу зарыл. Табият өзү жараткан нерселердин арасында ар кандай таштар, металлдар, минералдар, өсүмдүктөр жана алардын жасалма үлгүлөрү, кургатылган же спиртке салынып сакталган жан–жаныбарлар, скелеттер, түп нускасын алууга мүмкүн болбогон нерселердин сүрөттөрү болууга тийиш. Жасалма нерселердин арасында ар кандай ийгиликтүү ойлоп табуулардын үлгүлөрү же алардын сүрөттөрү, моделдери же көчүрмөлөрү, металл шаймандар (инструмент), дүрбү же турнабайлар (подзорная труба), айнектер, күзгүлөр, сааттар, картиналар, айкелдер (статуя) же скульптуралар, ар кандай байыркы буюмдар, кыскасын айтканда, бизге эмне жагып, эмне таалим–тарбия, билим бере турган болсо, ошолордун бардыгы сакталууга тийиш[144].

Лебництин бул программасы ар түрдүү илимдердин ичинен табият таануу жана техникалык илимдердин жардамы менен пайда болгон буюмдарга көбүрөөк көңүл буруу керектигин айгинелейт. Бирок, “Сейрек кездешүүчү буюмдар каанасы” көп улуттуу Россияда түзүлүп

[144] Сборник писем и мемуаров Лейбница, относящихся к России и Петру Великому. Издал В.И. Герье. - СПб., 1873, с. 17.

жаткандыктан, Россия элдеринин маданияты, турмуш-тиричилиги жана искусствосу жөнүндөгү маалыматтар илимий таанып-билүүчүлүк (познание) жана агартуучулуктун маанилүү бөлүгү болуп калган. Мына ошондуктан Лейбництин кеңешине таянып, Петр I Россиянын бардык булуң–бурчтарында гана эмес, коңшу чет өлкөлөрдө табылган, илимдердин ар түрдүү тармактарын камтыган, табият өзү гана жаратпастан адам баласынын акыл–ою, колу, чыгармачылыгы менен жаралган буюмдарынын топтомун - Кунсткамераны түзгөн.

Кунсткамеранын алгачкы коллекцияларынын негизин Петр I өзү чет өлкөлөрдө саякатта жүргөндө сатып алган ажайып, таң каларлык (диковинные) буюмдар жана инженердик эмгек шаймандары (инструмент), ошондой эле анын буюртмасы менен Батыш Европанын антикварларынан сатылып алынган  буюмдар түзгөн. Петр өзү 1698-жылы Амстердамда жүргөн кезинде голландиялык анатом Фредерик Рюйш (Рейс) менен таанышып, кийин, негизинен 1717-жылы, өтө көп суммадагы акчага (30 миң гульденге), дээрлик миң даанадан турган уникалдуу коллекцияны – анатомиялык препараттарды сатып алган.

1714-жылы Петр I Европа жана Азия өлкөлөрүнүн элдеринин маданиятын, турмуш–тиричилигин чагылдырган буюмдардан, минералдардан, зоологиялык жана анатомиялык препараттардан турган өзүнүн коллекцияларын Москвадан Петербургга көчүрүп барууга буйрук берет. Ал коллекциялар Россиянын жаңы борборундагы Жайкы сарайда (Летний дворец), “Сейрек кездешүүчү буюмдар каанасы” (“Кабинет редкостей”, же “Кунсткамера”) деп аталган атайын имаратта экспозицияга коюлуп, ошол эле жылы ал биринчи көрүүчүлөрдү кабыл алган.

Ошентип, 1714-жыл биринчи орус музейинин даңктуу тарыхынын башталыш жылы болуп калды. Кунсткамера

иш жүзүндө болочок СССР ИАнын бардык институттарынын жана негизги музейлеринин, ошондой эле Академиянын китепканасынын башаты болуп, б. а. орус илиминин бешиги (колыбель) болуп эсептелет. Көп өтпөй эле Жайкы сарайдагы имарат музей үчүн тардык кылып, 1717-жылы музейге боярин Кикиндин[145] эки кабаттуу таш сарайы берилет.

Ошол эле учурда Васильев аралынын тилкесинде музей үчүн атайын жаңы имараттын курулушу башталат. Бул арал жаңы борбор болуп калбаганы менен Кунсткамеранын бул жерде жайгашып калышы, ал жердин Петербург боюнча гана эмес бүткүл Россия боюнча илимдин жана билимдин ири борбору болуп калышына түрткү болду.

1724-жылы Петербург Илимдер академиясы негиделгенде, анын курамына биринчи жана жападан–жалгыз илимий мекеме катары Кунсткамера да кирди. 1728-жылы Кунсткамеранын бардык коллекциялары жаңы имаратка көчүрүлдү. Ошол кез үчүн музейдин коллекциялары алгачкы академиялык экспедицияларда жыйналган буюмдарды, ак сөөк, жогорку даражалуу төрөлөрдүн (вельможа) жана окумуштуулардын жеке белектерин эске алганда, абдан арбын эле. Ал кезде музейдин этнографиялык коллекциялары 1730-жылы экинчи Камчатка экспедициясынан келген буюмдардын эсебинен да бир кыйла байыган.

Биринчи орус музейи жаңы эле бутуна туруп келе жаткан кез. 1739-1740-жылдын кыш мезгилинде, замандаштарына өзүнүн долулугу (вздорная), каардуулугу менен белгилүү болгон императрица Анна Иоанновнанын сүймөнчүгү (фаворит) Бирондун оюна,

[145] Кикин ошол кезде падышанын ишеничин актай албай, кызматынан жана даражасынан айрылган, б. а. «опалада» эле.

князь М.А.Голицындын сарайындагы маскарапозу (шут) менен анын кесиптеши А.Н.Буженинова экөөнүн «тоюн» өткөрүү келет. Мындай чер жазып, көңүл ачып, келеке кылчу «тойдо» (“потешная свадьба”), Россияда жашаган бардык элдердин “майрамдык жүрүшүн” өткөрмөк болушат. Аны үчүн Невада “Муз сарайы” курулуп, падыша сарайындагы жоокерлердин, нөкөрлөрдүн, Россиядагы бардык элдердин турмуш-тиричилигин чагылдырып бере турган кийим кечеси музейден берилсин деген буйрук берилет.

Ошентип, “аттуу-баштуулардын” өз колу менен Кунсткамерага калыбына келгис зыян келтирилген. Андан кийин, 1747-жылы дагы өрт болуп, анда көптөгөн коллекциялар күйүп жок болуп, музейдин үстүңкү мунарасы талкаланган. Мунара 1948-жылы гана кайра калыбына келтирилген.

Россия ИАнын учу-кыйырсыз империянын ар кайсы региондоруна жана коңшу өлкөлөргө ар түрдүү элдердин маданиятын жана турмуш–тиричилигин чагылдырган буюмдарды жыйноо үчүн атайын жөнөтүлгөн экспедиция-ларынын натыйжасында, 1770-жылдын акырына карата музейдин коллекциялары кайра калыбына келтирилип, экспозициясы да бир кыйла көбөйдү. Ошентип музей кайрадан Россиядагы эң алгачкы академиялык жана агартуу мекемеси болуп калды. Бул мекемеде физика жана минералогия, анатомия жана этнография, зоология жана ботаника, механика жана химия, астрономия жана геология илимдери музейлик буюмдар аркылуу чагылдырылып берилген. Ушул эле XVIII кылымда Кунсткамерада жана анын өнөрканаларында (мастерская) М.В.Ломоносов, Г.В.Рихман, А.К.Нартов, Л.Эйлер ж. б. у. с. орус илиминин жана техникасынын генийлери эмгектенишкен.

Келекелүү чер жазма үйлөнүү тоюн (потешная свадьба), өрттү жана көпкө созулган кайрадан оңдоолорду (ремонт) башынан өткөргөн музей илимге кызмат кылганга даяр эле. Тилекке каршы, Академиянын канцелярия башчысы жана Кунсткамеранын башкы көзөмөлчүсү (надсмотритель) И.Тауберт, экспозицияларды калыбына келтирип, фонддордогу буюм-теримдерди териштирип, орду-ордуна коюп чыгууга (разбор) шашышкан эмес. 1767-жылы улуу ботаник С.Г.Гмелин[146] ИАнын президентине мындай кат менен кайрылган: «Дүйнөдөгү бардык баалуу буюмдардан бир кыйла артык турган Кабинет азыр жакшы колго алынбагандыктан ушунчалык кейиштүү акыбалда калды, аны оңдоп, илимге кызмат кылдыруу кыйынчылыкка тураарына өтө өкүнөмүн»[147]. Гмелиндин бул билдирүүсү жакшы дем берди. 1767-жылдын 9-августунда музей буюмдарын сактоочулардын кызмат орду ачылды. Кунсткамеранын ар түрдүү тематикадагы төрт бөлүмүнө ошол кездеги улуу окумуштуулар П.С.Паллас[148], К.Ф.Вольф, С.Г.Гмелин жана О.Петров дайындалышты. О.Петров музейде көпкө иштеген жок. Калгандары ИАнын анык мүчөсү болууга жетишишип, илимдин өнүгүшүнө зор салым кошушту. Алардын талыкпас аракети менен Академиянын 1768-жылдан бери уюштурулуп келе жаткан физико-топографиялык

---

[146] Гмелин, Самуэль Готлиб (1745-1774) – улуу саякатчы, окумуштуу-натуралист; Петербург ИАсынын мүчөсү (1767); 1768-74-жылдары академия уюштурган экспедицияларга катышып, Астрахань экспедициясынын жетекчиси болгон.

[147] Архив АН СССР. Ф.3., №309, л. 244 и об.

[148] Паллас, Петр Симон (1741-1811) – орус саякатчысы жана табият таануучусу, теги - немец; 1767-жылы Петербург ИАнын мүчөсү болуп шайланган соң Россияга көчүп келген; 1768-74 жана 1793-94-жылдары Россиянын түштүк-чыгыш региондору, Урал, Сибирь, Поволжье, Түндүк Кавказ аймактарында жүргүзүлгөн академиялык экспедициялардын жетекчиси.

экспедициялары музей үчүн да коллекциялык материалдарды чогулта жүрүштү.

Музей буюмдарын сактоочуларды дайындап чыккан соң, көп узабай Кунсткамеранын жаңы баш көзөмөлчүсү (надсмотритель) же жетекчиси болуп академик Семен Кириллович Котельников дайындалды. Ал Кунсткамерада өмүрүнүн акырына чейин эмгектенип, аны табият өзү жараткан жана адамдын акыл–ой чеберчилигинен жаралган буюмдардын эң баалуу жыйнагына гана айландырбастан, калктын калың катмарына кызмат кылчу, илимий билимдерди жайылтчу мекемеге айландырды. Кунсткамеранын даңкы Россиянын аймагынан бир кыйла алыскы чет өлкөлөргө жетти. Россиянын жана чет өлкөлөрдүн алдыңкы катардагы көптөгөн атуулдары музейдин коллекцияларынын дагы да көбөйүшүнө өз салымдарын кошууну жеке ар-намыс катары көрүштү. С.К.Котельников, ошентип, өзү жетектеген музей үчүн гана баа жеткис кызмат кылбастан, Илимдер академиясы, бүткүл Россия үчүн да кызмат өтөдү.

Кунсткамера да, Академия да Императордук болгондуктан, көпчүлүк маанилүү маселелер “жогору” жактын уруксаты менен гана чечилчү. Ал эми айрымдары айлап-жылдап чечилбестен кала берчү. Мындан тышкары, орус илиминин өнүгүүсү крепостнойлук өлкөдө болгондугун эстен чыгарбоо зарыл. Окумуштуулардын илимдеги жетишкендиктери, саякатчылардын жаңы ачылыштары салыштырмалуу тар чөйрөгө гана белгилүү болчу.

Бул Академиялык музейдин агартуучулук ролу улам-улам эстен чыгарылып, айрым учурларда анын залдарына “кара тамандарды жана үй кызматкерлерин” киргизбөө жөнүндө «жогору» жактан атайын көрсөтмөлөр чыгарылып турчу.

С.К.Котельниковдун 1797-жылы кайтыш болушу, орус маданиятынын көрүнүктүү ишмери Е.Р.Дашкованын[149] ИАнын президент–директорлук кызматынан кетиши, кыйын мезгилдерди башынан өткөрүп турган музей үчүн оор жоготуу болду: келип түшкөн коллекциялардын молдугуна карабастан, аларды элге көрсөтүү үчүн гана эмес, кабинетте изилдөөгө жетишерлик мүмкүнчүлүк да, мейкиндик да болбоду. Кунсткамера үч жыл жетекчисиз бош убакыт өткөрдү. Ошондон кийин гана Академиянын жаңы жетекчисинин оюна Кунсткамераны башкаруу үчүн академик Н.Я. Озерецковскийди[150] чакыруу келди. Өз мезгилинде Озерецковскийге, анын Россиянын Түндүгүнө ийгиликтүү экспедиция уюштургандыгы тууралуу, Падыша сарайында Е.Р.Дашкова тарабынан жакшы мүнөздөмө берилген болчу. Екатерина доорунун бирден-бир илим–билимдүү, өзүнүн саясий көз каранды эместиги менен өзгөчөлөнгөн айымдарынын бири – Кунсткамеранын тарыхында көрүнүктүү роль ойногон. Дал ушул аял «потешная» үйлөнүү тоюнан кийин аттуу-баштуу төрөлөр (вельможа) менчиктеп үйлөрүнө алып кеткен кийим–кече, бутафорияларды кайрадан музейдин фондусуна тапшырткан.

Кунсткамераны чейрек кылымдан ашуун жетектеген Озерецковский бул илимий мекемеге апаат мезгилде келди. Музейдин тематикалары көбөйүп, өзү да аябай чоң болуп кетти. Мурунку академик сактагычтары (хранитель) каза

---

149 Дашкова, Екатерина Романовна (1744-1810) – орус окумуштуусу, адабиятчы, Петербург ИАнын директору; 1783-96-жылдары Россиядагы орус тилин изилдөө академиясынын директору.

150 Озерецковский, Николай Яковлевич (1750-1827) – академик, Кунсткамеранын акыркы директору (1800-1827), Оренбург экспедициясынын мүчөсү; тарыхый аймак таанууну өнүктүрүүнүн демилгечиси жана талыкпаган ишмери.

болушуп, алардын ордуна жаштарды эч ким тарбиялабаптыр. Академиянын карамагындагы университет да иш жүзүндө жабылып, 1819-жылы гана кайрадан калыбына келди.

Александр I нин бийликке келишине карата (1801-ж.) өткөрүлгөн кабыл алууда (аудиенция)[151], Кунсткамеранын жаңы жетекчиси, музейдеги муктаждыктар жөнүндө атайын билдирүү (рапорт) жазып, анын жообун 26 жыл бою (өзү өлгөнгө чейин) ала-алган жок. Монархтын көңүлүн өзүнө бура албаган соң, Озерецковский өз кадыр–баркына таянып, Россиянын илим-билимдүү чөйрөсүнөн такай жардам алып турууга аракет кылды. Анын өтүнүчү менен Улуу деңиз саякатчылары өзүлөрүнүн жер шарын айланган экспедицияларында академиялык музей үчүн атайын коллекцияларды жыйнап келишкен, ал эми дипломатиялык жана соода миссиялары чет өлкө элдеринен белектерди алып келип турушкан. Анын көшөргөн тырышчаактыгы менен Академия өзүнүн айрым эмгектерин орус тилинде чыгарды, алардын катарында О.П.Беляевдин[152] Кунсткамера боюнча жол көрсөткүч-каталогу (каталог-путеводитель) бар эле. Булардын бардыгы орус коомчулугун Академиянын жана анын эң башкы мекемесинин аткарып жаткан иштери менен кеңири таанышууга өбөлгө түзгөн.

---

[151] Аудиенция (лат. audientia - угуу, кабыл алып угуу) – жогорку даражалуу жетекчинин расмий кабыл алып, өтүнүчүн угуусу.

[152] Беляев, Осип Петрович. – «Кабинет Петра Великого» деген аталыш менен чыгарылган (1793) Петербург Кунсткамерасы боюнча жол көрсөткүч-каталогдун автору. Кунсткамерада 1783-жылдан, алгач котормочу, андан соң жардамчы, акырында китепкана башчысы болуп иштеген.

Бирдиктүү илимий мекеме катары Кунсткамераны башкаруу жалгыз Озерецковскийге барган сайын кыйындай берди. Андыктан, 1804-жылы музейдин составынан минералдардын фондусун бөлүп, өзүнчө Минерологиялык кабинет уюштурат да, аны жетектөөнү өз досу жана таянар тоодой жолдошу, көрүнүктүү минералог, академик Василий Михайлович Севергинге тапшырат.

Наполеондун басып алуулар мезгилинин коркунучтуу кездеринде, музейдин коллекцияларын Петрозаводскко эвакуацияга даярдашат. Ошол кезде Озерецковский илимий материалдардын комплекстүү жыйындысы катары Кунсткамера эбегейсиз чоңоюп кеткенин, мындан ары аны бир мекеме катары башкаруу мүмкүн болбой калганын биротоло түшүнөт. Илимдердин дифференцияланышынын табигый процесси, бул бирдиктүү музейдин ичинде өз алдынча бөлүмдөрдүн жана кабинеттердин бөлүнүүсүн талап кылган. 1818-жылдын 11-ноябрында Озерецковский академик Х.Д.Френге[153] Чыгыш өлкөлөрүнүн нумизматикалык, кол жазмалар жана китептер коллекциясынан турган Чыгыш кабинетин жетектөөнү тапшырат. Аны ошол эле кезде Азия музейи деп атап коюшкан. 1824-жылы ботаника боюнча эң баалуу коллекциялар жана китептер ботаника бөлүмүнө бириктирилип, бул бөлүмдү академик К.А.Триниус жетектей баштайт. 1825-жылдын 10-ноябрында Египет кабинети же «Египет музеуму» уюштурулуп, ага Египеттен алынып келинген уникалдуу буюмдар жана мумиялар берилет. Бул кабинетти академик Ф.Б.Грефе башкарат. Ошентип, Кунсткамеранын курамынан өз алдынча кабинеттердин же музейлердин бөлүнүп чыгуу процесси

[153] Френ, Христиан Данилович (1782-1851) – орус чыгыш таануучусу, тарыхчы, нумизмат. Петербрг ИАнын Азия музейинин негиздөөчүсү жана биринчи директору (1818-1842).

Н.Я.Озерецковский жетекчилик кылып турган жылдары, анын талабына ылайык жүргүзүлгөн эле. Тагдыр Озерецковскийге Кунсткамеранын акыркы жетекчиси болуу сыймыгын буюрган экен, ал 1827-жылы каза болду. 1830-жылы Академия мурунку Кунсткамеранын курамынан бөлүнүп чыккан жаңы мекемелер (кабинеттер жана музейлер) үчүн кошумча каражат жана бөлмөлөр бөлүп берүү өтүнүчү менен падышага кайрылат. Тилекке каршы, Николай I штаттарды кыскартып, мурун дайындалган бөлүм башчы академиктердин кызматын жоюуну чечет. Музейди каржылоо үчүн падыша ушунчалык аз акча бөлгөндүктөн, орус илиминин сыймыгы болгон бул музей тек гана сейрек кезешүүчү, ажайып буюмдар сакталган кампага (склад) окшоп, изилдөө, агартуучулук иштери дээрлик токтоп калат.

Академия падышанын бул чечими менен келише албастан, Кунсткамеранын базасында жаңы мекемелерди (музей, кабинеттерди) түзүү, жаңы штаттарды ачып, кошумча каражат бөлүү жөнүндө мамлекет башчысынын атына кайрадан өтүнүч жазып, аны элүү нуска менен басмадан чыгарып, Россиянын жогорку чөйрөдөгү аттуу-баштуу адамдарына кайрылуу менен чыгат.

Ушундай эле мааниде өкмөт башчысы менен сүйлөшүүлөр жана кат жазышуулар эки жылга созулду. Бул иш жөнүндө Академия гана билип тим болбостон, кеңири коомчулук да кабардар болду. Кунсткамеранын тагдырын жана анын келечегин чечүү дагы дээрлик беш жылга (1831-1836-жж.) созулду. Академиктердин жигердүү аракеттери менен ачык-айкын натыйжа чыкты. Биротоло бөлүнүү жана Кунсткамеранын курамынан жети академиялык мекеменин официалдуу түрдө өз алдынча бөлүнүп чыгышы 1836 – жылы болду. Дал ошол кезде “Императордук Санкт-Петербург Илимдер Академиясынын

уставы жана штаттары” деп аталган документте өз алдынча музейлер катары төмөндөгүлөр аталган болчу: Минералогия, Ботаника, Зоология–Зоотомия, Азия, Нумизматика, Египет жана Этнография музейлери. “Петр I нин кабинети” деп аталган мемориалдык музей өзгөчө аталган. Музейлердин штаттарында илимий жана илимий-техникалык кызматкерлер көрсөтүлгөн. Кунсткамеранын жанында жайгашкан эки имараттан орун алган өз алдынча жаңы музейлердин жетөө тең 1837-жылы залдарын ачышып, көрүүчүлөрдү кабыл алышты.

Ошентип, 1837-жылы Кунсткамерадан бөлүнүп чыккан Минералогия музейи – азыркы кездеги Россия Илимдер Академиясынын Москвадагы Минералогия музейинин негизин түзүп калды. Ботаника музейи болсо – РИАнын Ботаника институтунун маанилүү бөлүгү. Зоология-Зоотомия музейинин базасында РИАнын азыркы Зоология институту жана музейи өсүп чыкты. Азия музейинин буюм түрүндөгү коллекцияларын Этнография музейине өткөрүп бергенден кийин, калган кол жазма жана китеп фондуларынын базасында РИАнын Чыгыш таануу институту пайда болду. Нумизматика жана Египет музейлеринин буюм-теримдери Эрмитаждын тиешелүү бөлүмдөрүнө берилди. Петр Iнин кабинет–музейи да Эрмитажга берилип, ал жерде азыркы Петр Iнин атайын галереясын түзүп калды. Этнография музейинин базасында ИАнын Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи (МАЭ) жана азыркы РИАнын Н.Н.Миклуко–Маклай атындагы Этнология жана антропология институту өсүп чыкты.

Ошентип, 1837-жылы Кунсткамерадан бөлүнүп чыккан музейлердин базасында калыптанган РИАнын ар бир музейи жана институту өзүнүн жаралган мезгили катары

1714-жылды, б. а. Кунсткамера негизделген жылды сыймыктануу менен атаса болот.

2004-жылы Кунсткамеранын негизделгенине 290-жыл болду. Анын жашы андан бөлүнүп чыккан же анын базасында түзүлгөн Россиядагы бардык академиялык институттардын же музейлердин жашы десек болот. Биринчи кезекте, бул Кунсткамеранын анатомиялык жана буюмдук коллекцияларынын негизинде түзүлүп калыптанган Антропология жана этнография музейинин, ошондой эле азыркы Санкт–Петербургдун символу болгон тарыхый имараттын жашы.

Азыркы Санкт–Петербургдуктар гана эмес, бул шаардын миллиондогон коноктору да Антропология жана этнография музейин кыскача эле Кунсткамера деп коюшканы бекеринен да, кокусунан да эмес.

Биринчиден МАЭнин коллекцияларынын негизин Кунсткамеранын коллекциялары түзгөн, экинчиден, - музейдин имараты да мурунку Кунсткамера үчүн курулган имарат, үчүнчүдөн, - эгер МАЭнин негизги милдети катары көрүүчүлөргө билим, тарбия берүү керек деп аныкталса, Кунсткамеранын милдети да ушундай эле болчу. Кандай болгону менен МАЭ XVIII-XIX кылымда бирдиктүү илимий борбор болуп эсептелген Кунсткамеранын бир эле бөлүгү. Анын азыркы милдеттери ачык жана так, көрүүчүлөрү да арбын. Ал азыр ааламда жашаган ар түрдүү элдердин маданияты жана турмуш-тиричилиги тууралу толук маалымат бере алат.

☯ ☯
☯

## 6.2. Императордук Санкт-Петербург Илимдер академиясынын Этнография музейи

Азыркы Антропология жана этнография музейинин тарыхы - өзгөчө тарых. Кунсткамерадан бөлүнүп чыгып, жаңы уюшулган этнография музейинин директору болуп, 1844-жылы ошол кездеги белгилүү лингвист жана этнограф, академик А.М.Шегрен[154] дайындалган. Ага чейин бул музейге убактылуу "көз салып туруу" милдетин ошол учурдагы Зоология музейинин директору, академик Ф.Ф.Брандт алган эле. А.М.Шегрен үчүн бул жоопту кызматты аткаруу оңой болгон жок. Кунсткамерадан өз алдынча музейлер бөлүнүп чыкканда айрым этнографиялык коллекциялар башка академиялык мекемелерге берилип калып, Таможенная туюк көчөсүндөгү жана Биржалык проезддеги имараттарга көчүрүлүп кетиптир. Кунсткамерадан берилген бөлмөлөр да көп миңдеген этнографиялык коллекциялар үчүн тар дагы, ыңгайсыз да болчу. Ал эми турмуш болсо Россияда калыптанып бара жаткан этнография илиминин борборунун андан ары өнүгүшүн талап кылган.

Биз сөз кылып жаткан мезгилден бир аз мурун, б. а. 1842-жылы анатомия кабинетинин башчысы, академик К.М.Бэр[155] өз кабинетин "Соматикалык антропология

---

[154] Шегрен, (Sch¼gren) Андрей Михайлович (1794-1855) – көрүнүктүү орус окумуштуусу, 1844-1855-жылдары Петербург ИАнын Этнография музейин башкарып турган. Россиянын түндүк, түндүк-батыш региондорун, Крым, Кавказды, Финляндиянын Лапландия аймактарын изилдеген.

[155] Бэр, Карл Макс (Карл Эрнст, 1792-1876) – көрүнүктүү орус окумуштуусу, Петербург ИАнын Анатомия кабинетинин

жана тарых дооруна чейинки археология музейи” кылып түзгөн. Ошентип, Россия ИАсында адамзаттын, анын өнүгүп-өөрчүү этаптарын, жана алгачкы эмгек ишмердүүлүгүн изилдеген дагы бир илимий мекеме пайда болду. Бул музейдин археология бөлүмүндө алгачкы адамдардын эмгек куралдары, алардын материалдык жана рухий маданиятын чагылдырган баалуу археологиялык табылгалар топтолгон эле. Ал эми алтын, күмүш, коло же таштан чеберчилик менен жасалган скульптуралар, көп фигуралуу композициялар, статуеткалар, амулеттер жана башка кооздук-асем буюмдар азыркы адамдардын алгачкы тегинде турган байыркы бабаларыбыздын эң жогорку жана жөнөкөй көркөм табити тууралуу маалымат берген. Археология бөлүмүндөгү жана этнография музейиндеги буюмдар байыркы жана азыркы элдердин ортосундагы ырааттуу өнүгүүдө болгон маданият жаатындагы байланышты даана чагылдырып турган.

1865-жылы этнография музейинин жетекчиси катары академик А.А.Шифнер[156] дайындалганда, ага жогоруда аталган эки музейди бириктирүү идеясы келет. Ушул эле жылы К.М.Бэр менен А.А.Шифнер билимдин үч тармагын (археология, антропология жана этнография) бириктирип турган музейди - бирдиктүү академиялык борборду түзүүгө белсенип киришишет. Бул аракет да көптөн кийин ишке ашып, 1878-жылы гана бул эки музей бириГет. Көрүнүктүү

(музейинин) жетекчиси (1842), Орус География коомунун этнография бөлүмүнүн биринчи башчысы (1845).

[156] Шифнер, (Schiefner) Антон Антонович (1817-1879) – орус окумуштуусу, Петербург ИАнын академиги. 1865-1878-жылдары ИАнын Этнография музейинин директору. Монгол, манчжур, тибет, санскрит тилдерин жакшы өздөштүрүп, атайын сөздүк чыгарган (Шифнер А.А. Трехязычный, т. е. санскрито-тибето-монгольский словник. – СПб., 1859).

этнограф, академик Л.И.Шренктин[157] сунушу боюнча биригип, жаңы түзүлгөн бул мекеме “негизинен, (преимущественно) Россия элдеринин антропология жана этнография музейи” деп аталат. Албетте, бул аталыш анча ачык-так (удачно) эмес эле. Анткени Петрдун алгачкы этнографиялык коллекциялары Россия элдеринин гана эмес, чет өлкө элдеринин да маданиятын, турмуш-тиричилигин чагылдырган буюмдардан турган эле.

Ал мындай турсун, 1880-жылдарга карата чет элдер боюнча коллекциялар көбүрөөк болуп калган эле. Анткени, эгер XVIII кылымда академиялык экспедициялар пландуу түрдө негизинен Россиянын аймагын изилдешкен болсо, XIX кылымда орус окумуштуулары атайын академиялык экспедициялардын составында жер шарын айланта саякаттарды жүргүзүшүп, мурун барылбаган Орус Америкасы, Океания, Африка, Түштүк Америка сыяктуу жерлерге барышып Кунсткамера жана башка музейлер үчүн да коллекцияларды жыйнап келишкен.

## 6.3. Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи (МАЭ)

Жогоруда белгиленгендей, жаңы музей расмий түрдө 1878- жылы негизделген. Ошондон 10 жыл өткөндөн

[157] Шренк, Леопольд Иванович (1826-1894) – орус этнографы, табият таануучу, зоо-географ, 1863-жылдан Петербург ИАнын академиги. 1879-1894-жылдары МАЭнин биринчи директору. 1854-1856-жылдары Амур, Сахалинге уюштурулган экспедицияны жетектеп, илимге «палеоазия элдери» деген түшүнүктү киргизген.

кийин гана көптөгөн кыйынчылыктардан соң Кунсткамерага уланып курулган Таможня туюк көчөсүндөгү имараттын экинчи кабатын беришкен. Ага чейин музей ушул имараттын биринчи гана кабатын ээлеп, ал музей кызматкерлерине да, коллекцияларга да тардык кылган.

Ар түрдүү экспедициялардан, саякаттардан келген коллекциялар көптөгөн жылдар бою сандыктардан ачылбаган бойдон турушкан. Алардын арасында адам баласы жашаган бардык континенттерден алынып келинген баа жеткис, уникалдуу буюмдар бар болчу. Дүйнө элдеринин маданиятын, турмуш-тиричилигин чагылдырган өтө сейрек кездешүүчү буюмдардын кичинекей бир бөлүгү 1891-жылы жаңы музейдин жападан–жалгыз сактоочусу, бул мекемеде 1865-1906-жылдары кызмат кылган Ф.К.Руссов тарабынан экспозицияга коюлган.

1893-жылы музейдин директордук кызматына көрүнүктүү илимпоз, академик В.В.Радлов[158] келген. Бул

158 Радлов, Василий Васильевич (Фридрих Вильгельм, 1837-1918) – улуу түркolog, этнограф, археолог, чыгыш таануучу. 1858-жылы Германиядан Россияга көчүп келип, 1884-жылдан Петербург ИАнын академиги. 1885-1890-жылдары ИАнын Азия музейинин, 1894-1918-жылдары – МАЭнин директору. 1860-1870-жылдары Сибирь, Орто Азия региондорун комплекстүү (лингвистикалык, археологиялык, этнографиялык, тарых ж. б.) изилдеп чыккан. 1891-жылы ИАнын Орхон экспедициясын жетектеген. Жүз элүүдөй илимий эмгектердин автору катары гана эмес, Түштүк Сибирь түрк элдеринин тилин, фольклорун, этнографиясын илимий жактан изилдөөнүн негиз салуучусу. Кыргыздар арасында эки мертебе (1861-ж. - Текесте, 1869-ж. - Чүйдө) болуп, алардын тили, фольклору боюнча да материал жыйнаган; «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн алгачкылардан болуп жазып алып изилдеп, 1885-жылы кыргыз, немец тилдеринде жарыялаган; манасчылардын, кыргыз ырчыларынын төкмөлүк

мезгилде Петербургда жана анын жер-жерлердеги бөлүмдөрүндө Орус география коому иш алып барып, ал коомдордун этнография бөлүмдөрү иштеп жаткан. Москва, Петербург, Казан, Томск университеттеринин география жана чыгыш таануу адистиктеринде окуган студенттерине этнография предмети киргизилген эле.

Москвада болсо негизинен орус элинин маданиятын чагылдырган коллекциялардан турган Дашкованын этнографиялык музейи иштеп турган. XIX-кылымдын 90-жылдары аталган Орус музейинин этнография бөлүмү (анын базасында 1934-жылы СССР элдеринин Мамлекеттик этнография музейи – ГМЭ түзүлгөн) ачылган. Демек, Антропология жана этнография музейи Россиядагы этнография боюнча жападан-жалгыз борбор болгон эмес экен. Бирок, ал Россиядагы этнография боюнча бирден-бир академиялык, демек, борбордук илимий жана агартуучу мекеме болгон.

Албетте, В.В.Радлов жетектеген музейдин буюмдары баа жеткис болгону менен, аны илим үчүн, агартуу багытында пайдаланууга бөлүнгөн каражаттар теңдешсиз аз эле. Музейде буюмдарды консервациялоочу адистин штаты жок эле, этнографиялык коллекцияларды пландуу түрдө жыйноо үчүн каражат бөлүнгөн эмес болчу, көргөзмөлөрдү уюштуруп турууга да ыңгайлуу жайлар болгон эмес. Ошого карабастан, орус коомчулугунун алдыңкы катардагы өкүлдөрүнүн такай колдоосунда болгон В.В.Радлов бир катар маанилүү иштерди бүтүрдү.

---

(импровизатордук) өнөрүнө таң калып, бул өнөрдүн башка түрк элдерине караганда кыргызда өзгөчө өөрчүгөнүн атайын баса белгилеп кеткен.

Ал Россиянын этнография боюнча эң башкы илимий мекемесин өмүрүнүн акырына чейин (1918-ж.12-май), толук чейрек кылым жетектеди.

Алгач орус, андан кийин советтик этнографиянын көрүнүктүү ишмерлеринин бири Л.Я.Штернберг 1912-жылы В.В.Радловдун эмгегине баа берип жатып, мындай деп жазган: «Акыркы 17 жылдын аралыгында музей өз аянтын төрт эсеге, ал эми коллекцияларынын санын дээрлик жыйырма эсеге көбөйтүп, этнография боюнча илимдин даңгыр жолуна түштү». 1902-жылдын декабрь айында Петербург шаарынын 200 жылдык маараке-тоюна (юбилей) карата бул мекеме «Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи» деген азыркы аталышын алды. «Бул музей жалпы этнография музейи болуп саналат. Анын изилдөө об¢ектиси – дүйнөдөгү бардык адамзатынын, бардык элдердин маданияты…. Анын изилдөө аймагы – адамзаты жашаган бардык ойкумена; жандуу изилдөө об¢ектиси – жер шарындагы бардык элдер»[159].

1914-жылы В.В.Радлов Кунсткамера жайгашкан имараттан акыриндык менен ИАнын китепканасынын чыгарылышына, бошогон кааналардын Антропология жана этнография музейине өткөрүлүп берилишине жетишти. Ошону менен эле бирге имараттын үстүнө дагы бир кабат, - үчүнчү кабатты курууга каражат тапты. МАЭнин Кунсткамеранын имаратына кайрадан биротоло көчүп кириши революциядан кийинки беш жылдын ичинде аяктады. Ошентип, бул музей, Кунсткамеранын бардык этнографиялык коллекцияларынын гана ээси болуп

[159] Штернберг Л.Я. Музей антропологии и этнографии им. Императора Петра Великого. //См. Живое слово. СПб., 1911, т. XX., с. 454.

калбастан, ал мурун ээлеп келген тарыхый имаратка да кайрадан ээ болду.

Октябрь революциясынын жеңиши менен МАЭнин кызматкерлери СССРдеги улут маселесин чечүү, ошону менен эле бирге мурунку падышалык Россиянын чет жакаларындагы маданий жана социалдык–экономикалык жактан өнүгүүсү артта калган элдерди алдыңкы өнүгүүдөгү улуттарга теңөө боюнча оор жана маанилүү маселеге белсенишип киришишти.

Этнографтар, биринчи кезекте МАЭнин кызматкерлери, алыскы айыл–кыштактарга, жайлоо–кыштоолорго барышып, ал жерлерде мектептерди уюштурушуп, жазмасы жок элдерге алфавит түзүшүп, улуттук адабияттын, улуттук маданияттын жаралып өнүгүшүнө көмөк көрсөтүштү. Революциядан кийин эле музейдин экспонаттарын көрүүчүлөрдүн саны арбыды. Ушул таптан баштап экинчи дүйнөлүк согушка чейин музейге жылына 30-45-миңден көрүүчүлөр кирип турушкан.

1933-жылы Ленинградда дал ушул МАЭнин базасында ИАнын Антропология жана этнография институтунун түзүлүшү да закон ченемдүү көрүнүш эле. Бул институт бара-бара Ата мекен этнографиясынын жана антропологиясынын бүткүл дүйнө боюнча таанымал борбору болуп калды. Кийинчерээк институттун аталышынан «антропология» деген сөз алынып салынганы менен, антропологиялык изилдөөлөр ушул эле жерде улантыла берген. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин (1947-ж.) улуу окумуштуу Н.Н.Миклухо–Маклайдын[160] бул

[160] Миклухо-Маклай, Николай Николаевич (1846-1888) – белгилүү окумуштуу, саякатчы, этнограф, коомдук ишмер. Петербург (1863-1864), Гейдельберг (1864), Лейпциг (1865), Иен (1866-1868) университеттеринде окуп, жогорку билимдүү болгон.

илимге кошкон өзгөчө салымы эске алынып, этнография институтуна анын ысымы ыйгарылды.

ИАнын Этнография институтунун Москвадагы бөлүмү түзүлүп (1943-ж.) бутуна турган соң, 1950-ж., ал башкы институт деп саналып, ал эми Ленинграддагы институтка болсо негизинен Сибирь, Кавказ Чыгыш элдерин изилдөө боюнча артыкчылык берилип, Москвадагы институттун Ленинград бөлүгү болуп калат. Ленинград бөлүгүнүн эң маанилүү артыкчылыгы - этнография боюнча баа жеткис илимий база болуп эсептелген Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейинин болушу. Бул музей этнография институтунун Ленинград бөлүмүнүн ажырагыс бирдиги. Ал, музей буюмдарын сактоо, музей таануу жана агартуучулук кызматтары менен чектелбестен, илим изилдөө иштерин да кошо жүргүзөт.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында музей жана анын кызматкерлери эбегейсиз оор сыноодон өтүштү. Курчоого алынып, блокадада турган Ленинградда коллекцияларды шаардын ар кайсы райондоруна жашырып-катып, музейдин жана институттун окумуштуулары согуш оту токтобогон шаарда илим изилдөө иштерин уланта беришкен.

---

1866-1869-жылдардагы Миклухо-Маклайдын Мадейра, Канар аралдарына, Мароккого, Кызыл деңиздин жээктерине жүргүзгөн саякаты анын келечегине таасирин тийгизип, ал өмүрүнүн акырына чейин этнография, антропологияны аркалап келген. 1871-1872, 1876-1877, 1883-жылдары Жаңы Гвинеяга саякат жасап, папуастарды изилдеген. Кийин Малай архипелагынын, Филиппин, Меланезия, Микронезия аралдарынын, Жаңы Гвинеянын түштүк-батышындагы элдер боюнча этнографиялык материалдарды жыйнаган. Бул чаалыгып-чарчаганды билбеген окумуштуу 14 жыдан ашуун саякаттарда болуп, 1895-жылы МАЭге баалуу коллекция тапшырган.

Ачарчылыкка жана суукка карабастан, Кунсткамеранын имаратынын өзүндө жашашкан кызматкерлер бекитилбей калган коллекцияларды сактап калуу үчүн күрөшүн токтоткон эмес. Коллекцияларды аман алып калуу үчүн музейдин 33 кызматкери өмүрүн кыйган.

## 6.4. Кунсткамеранын (Этнография музейи, МАЭ) коллекцияларды жыйноо ишмердиги

Антропология жана этнография музейинин фонддорунда (хранилиïе) ааламда жашаган миңдеген элдердин материалдык жана рухий маданиятын, чарбачылыгын, ишенимдерин чагылдырган буюмдар, элдик кол өнөрчүлөрдүн, сүрөтчүлөрдүн көөнөрбөс чыгармалары сакталып, алар адамзат маданиятынын бийик туу чокусун айгинелеп турат. Акыркы үч жүз жылдын ичинде чогултулган бул этнографиялык предметтер, ошол буюмдарды жасаган элдер, адамдар жөнүндөгү эстелик.

Адамзат турмушу, адам баласынын өзүнүн жана анын маданиятынын өнүгүүсүн күбөлөндүрүп турган мындай баа жеткис этнографиялык буюм-теримдерди (коллекция) кимдер жыйнашты эле ? Анын башатында Петр I өзү турган. Ал 1716–жылы Голландиялык аптекарь А.Себыдан атайын Кунсткамера үчүн алгачкы этнографиялык коллекцияны сатып алган. Андан бир жыл мурун, 1715-жылы Пекинге жөнөтүлгөн Лоренц Ланг[161] да кытай

[161] Ланг, Лоренц – белгилүү коллекционер, Иркутскиде вице-губернатор болуп иштеп турган. 1715, 1721-1722-жылдары

буюмдарын сатып алып, алар да кийинчерээк музейдин экспонаты болуп калган. Белгилүү окумуштуулар жана саякатчылар да коллекцияларды жыйноочулардан болуп эсептелишет. Императорго жана Сарайга улуу даражалуу Россиянын атуулдары жана чет өлкө коноктору тарабынан берилген белектер да коллекциялардын катарын толтуруп турган. Мындай белектерди Кунсткамера өзү да, ал эми революциядан кийин болсо жаңы пайда болгон Совет мамлекетине ар кайсы элдерден жана өлкөлөрдөн келген тартуулар түзүп турган. Мындан тышкары Кунсткамеранын экспонаттары Антропология жана этнография музейинин жана башка өлкөлөрдүн музейлериндеги экспонаттарды алмаштыруунун жолу менен да толукталып турду. Биз бир нече мисал менен эң олуттуу болгон баалуу буюмдар жөнүндө маалымат бермекпиз.

Коллекцияларды жыйноо тарыхында XVIII кылым орчундуу орунда турат. Анткени X1X кылымдан айырмаланып, ал мезгилде коллекцияларды жыйноо пландуу жана багыттуу түрдө, атайын академиялык экспедициялар тарабынан жүргүзүлгөн. Эң биринчи Сибирь элдеринин маданиятын жана турмуш–тиричилигин чагылдырган эң бай, нукура этнографиялык топтом Кунсткамерага Д.Г.Мессершмидт[162] тарабынан 1727-жылы тапшырылган. Андан соң музейдин экспозициялары, запасниктери жана фонддору 1733-1743-жылдарында болуп өткөн экинчи Камчатка экспедициясынын жетекчилери

---

атайын тапшырма менен Кытайда болуп, 1754-жылы Кунсткамерага кытай коллекцияларын өткөрүп берген.

[162] Мессершмидт, (Messerschmidt) Даниил Готлиб (1685-1735) – белгилүү саякатчы, медик, зоолог, ботаник, филолог. Петербург ИАнын тапшырмасы менен 1719-1727-жылдары Сибирь, Даурия, Монголия элдерин изилдеп, баалуу этнографиялык коллекцияны музейге тапшырган.

жана катышуучулары – Г.Ф.Миллер[163], И.Э.Фишер[164], И.Г.Гмелин[165], С.П.Крашенинников[166], Г.В.Стеллер[167] ж. б. тарабынан толукталган.

1747-жылдагы өрттө дал ушул алгачкы коллекциялар чоң жабыр тартышкан. Ошол өрт жөнүндө эскерип, М.В.Ломоносов[168] жазган: «Сибирден алынып келинген «жумшак» буюмдар жана кийим–кече же өрттө күйүп жок болду, же өрттөнүп жаткан имараттан сырттагы карга ыргытылгандыктан жараксыз болду».

Бул өрт Кунсткамерага өтө чоң зыян келтиргени менен, анын коллекциялары тез эле калыбына келтирилди. 1753-жылы Пекинге академиянын дарыгер–врачы Франц Лука

---

163 Миллер, (M³ller) Герард-Фридрих (1705-1783) – тарыхчы, географ, историограф. Петербург ИАсы уюштурган Улуу Түндүк экспедициясынын (1733-1743) отряддарынын биринин башчысы болуусунун натыйжасында Сибирден Петербургга эң баалуу археологиялык, этнографиялык, тарыхый, архивдик материалдар жана кол жазмалар алынып келинип, академиянын тийиштүү мекемелерине өткөрүлүп берилген.

164 Фишер, Иоганн Эбергард (1697-1771) – тарыхчы, филолог. Петербуг ИАнын мүчөсү. 1740-1746-жылдары академиялык экспедициянын курамында Сибирде изилдөөлөр жүргүзгөн.

165 Гмелин, (Gmelin) Иоганн Георг (1709-1755) – окумуштуу-натуралист, 1731-жылдан Петербург ИАнын мүчөсү. Аталган экспедициянын отряддарынын биринин башчысы.

166 Крашенинников, Степан Петрович (1711-1755) – окумуштуу, саякатчы. 1733-1736 жана 1737-1741-жылдары Камчаткада экспедицияда болуп, тарыхта Камчатканы изилдөөчү катары из калтырган.

167 Стеллер, (Штеллер) Георг Вильгельм – Петербург ИАнын адьюнкту, зоолог. 1730-1740-жылдары Камчаткада изилдөө иштерин жүргүзгөн.

168 Ломоносов, Михаил Васильевич (1711-1765) – улуу орус окумуштуусу, поэт, агартуучу.

Елачичтин экспедициясы жөнөтүлгөн. Ага Сибирь жана Кытайдан 1747-жылы Кунсткамерадагы өрттө күйүп жок болгон буюмдарды толуктоо милдети жүктөлгөн эле. Бул жагдайда ага өрттө күйүп жараксыз болгон 180 кытай буюмунун аталышы, жасалган материалы, сырткы көрүнүшү, өлчөмү ж. б. жазылган тизме берилген эле. Күйүп жок болгон буюмдар бардыгы толук табылган жок. Ошого карабастан, Кытайдан ал 273 буюм алып келип, 1756-жылы музейге тапшырды. Ушундай эле тапшырмалар 1768-1774-жылдары өткөрүлгөн экинчи Сибирь академиялык экспедициясына берилип, анда П.С.Паллас, С.Г.Гмелин, И.И.Георги[169] ж. б. катышышкан эле.

1780-жылы Кунсткамерага Океаниядан алынып келинген Дж. Куктун[170] коллекциясы берилип, ал музейдин Океания бөлүмүнүн экспонаттарын бир кыйла толуктады. Музейдин Америка боюнча фонддору XVIII кылымдын аягы - XIX кылымдын башталышында улуу саякатчылардын экспедицияларынын жана Орус-Америка компаниясынын ишмердигинин натыйжасында түзүлө баштаган. 1794-жылы өз кезегинде И.Беллингс менен Г.А.Сарычевдин[171] деңиз экспедициясынан алынып

---

[169] Георги, (Иоганн Готлиб) Иван Иванович (1729-1802) – этнограф, натуралист, саякатчы. 1783-жылдан Петербург ИАнын академиги. 1768-1774-жылдары академия уюштурган экспедицияларга катышкан.

[170] Кук Джеймс (1728-1779) – көрүнүктүү англиялык деңиз саякатчысы, географ. Үч жолу жер шарын айланып саякат кылган. Алардын натыйжасында Австралиянын чыгыш жээктери, Атлантика жана Тынч океандарындагы көптөгөн аралдар, Жаңы Зеландия географиялык жаңы ачылыш катары таанылган. Үчүнчү жолку саякатта аны аборигендер өлтүрүп жеп салышкан.

[171] Сарычев, Гавриил Андреевич (1763-1831) – орус деңиз саякатчысы, 1809 - жылдан Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү,

келинип, Екатерина IIге берилген, эми болсо анын жеке Азия–Америка коллекциясы Кунсткамерага тапшырылат. Ошол мезгилден бери орус деңиз саякатчылары Кунсткамеранын коллекцияларды толуктоо өтүнүчүнө жооп катары, бул музейге баалуу экспонаттарды тапшырууну жеке ар намыс катары санашкан.

1803-жылы И.Ф.Крузенштерн[172] жана Ю.Ф.Лисянскийдин[173] «Надежда» жана «Нева» кемелери жер шарын айланып чыгуу саякатына чыгышат. Аларга берилген көрсөтмөгө (инструкция) ылайык, алар Европа, Азия, Америка элдеринин турмуш–тиричилигин чагылдырган буюмдарды жана кийим–кечелерин Кунсткамерага тапшырышат. Дал ушулар биринчилерден болуп музейге алеуттардын жыгачтан жасалган шляпаларын, тлинкиттердин жыгач шлемдерин, эскимостордун кийим–кечелеринин үлгүлөрүн тапшырышкан. Музейге кабыл алуу эрежелерине ылайык, бардык экспонаттар атайын каталогдо катталган эле. 1817-19-жылдары В.М.Головнин[174] «Камчатка» шлюпунда деңиз саякатында болот. Анын жыйынтыгында

---

1830-жылдан - адмирал. 1785-1794-жылдары түндүк-чыгыш Сибирь, Алеут аралдарын изилдеп, ал жерлердин табияты, элдеринин турмуш-тиричилиги боюнча баалуу материалдарды жазып калтырган.

[172] Крузенштерн, Иван Федорович (1770-1846) – орус деңиз саякатчысы, адмирал, 1806-жылдан Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү. 1803-1806-жылдары жер шарын айланган биринчи орус деңиз саякатынын жетекчиси. Орус География коомун негиздөөчүлөрдүн бири.

[173] Лисянский, Юрий Федорович (1773-1837) – орус деңиз саякатчысы. Америка, Африка, Индияда саякатта болуп, илимде баалуу из калтырган.

[174] Головнин, Василий Михайлович (1776-1831) – орус деңиз саякатчысы, вице-адмирал. 1807-1809-жылдары «Диана»

да Кунсткамера Түндүк жана Түштүк Американын индейлеринин турмуш-тиричилигин жана маданиятын чагылдырган баалуу буюмдардын ээси болуп калат. 1819-жылы Ф.Ф.Беллинсгаузен[175] менен М.П.Лазаревдин[176] атактуу Антарктика экспедициясы өз ишин баштап, сапарга чыгат. Алар кайтып келгенден кийин 1828-жылы Кунсткамерага Тынч жана Инд океандарынын алыскы аралдарынан жана Австралиядан алынып келинген баалуу экспонаттар берилет. 1826-1829-жылдары музейдин фонддору Океания, Америка элдеринин буюмдары менен толукталат. Аларды «Сенявин» шлюпу менен саякатта болгон Ф.П.Литкенин[177] экспедициясы алып келген эле.

Кунсткамеранын адистештирилген музейлерге бөлүнөөр алдында, тагыраак айтканда 1833-жылы бул музейге Генералдык штабдын полковниги Михаил Васильевич

---

шлюпунда Кронштадттан Камчаткага саякаттап, баалуу материалдарды чогултуп келген.

175 Беллинсгаузен, Фаддей Фаддеевич (1778-1852) – орус деңиз саякатчысы, адмирал. И.Ф.Крузенштерн менен Ю.Ф.Лисянскийдин экспедициясынын (1803-1806) катышуучусу. 1819-1821-жылдары жер шарын айланган экспедициянын жетекчиси.

176 Лазарев, Михаил Петрович (1788-1851) – орус деңиз саякатчысы, 1843-жылдан адмирал. 1813-1825-жылдары үч ирет жер шарын айланып чыккан экспедицияларды жетектеген.

177 Литке, Федор Петрович (1797-1882) – орус деңиз саякатчысы, окумуштуу, адмирал. 1855-жылдан Петербург ИАнын ардактуу мүчөсү, 1864-1882-жылдары – президенти. 1817-1819-жылдары В.М.Головнин жетектеген экспедицияга катышкан. 1821-1824-жылдары Түндүк Муз океанына төрт ирет саякат жасаган. 1826-1829-жылдары жер шарын айланып чыкчу экспедицияны жетектеп, Камчатка, Түштүк Америка, Каролин архипелагдарынын жээктеринде илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Орус География коомун уюштуруунун демилгечилеринин бири.

Ладыженскийдин Кытайдан алынып келинген укмуштуудай жана уникалдуу коллекциясын Императордук канцелярия өткөрүп берет. Бул коллекцияны М.В.Ладыженский 1830-1831-жылдары Пекинде дипломатиялык жана диний (духовная) миссиянын иши менен жүргөндө жеке өзү жыйнаган эле. Анын баалуу белеги миңден ашуун буюм экспонаттарды камтыган. Алардын катарында кийим–кече, кездемелер, күндөлүк турмуш–тиричилик, кол өнөрчүлүк жана колдонмо (прикладдык) искусство буюмдары, культтук буюмдар ж. б. болгон.

Мындай уникалдуу буюмдардын арасында дүйнөдөгү музейлердин биринде да жок бир буюм болгон. Ал – кытай генералынын параддык кийим–кечесинин толук комплекти.

Аны генерал Императордун жана бардык гвардиянын катышуусу менен өткөрүлгөн чоң парадында бир гана жолу кийген. Ошентип, М.В.Ладыженскийдин коллекциясы музейдин Кытай бөлүмүнүн экспонаттарын бир кыйла байытты.

1836-жылы Кунсткамеранын коллекцияларын жаңы түзүлгөн адистештирилген музейлерге бөлүштүрүп берүү боюнча зор жумуш жүргүзүлдү. Мына ошондо академиялык эмес экспедициялардан келип түшкөн буюмдардын саны арбын болгону менен, алар тематикалык жактан толук эмес жана чаржайыт экендиги түшүнүктүү болду. Өзгөчө, бул ааламды айланып чыккан саякатчылар жана Орус–Америка компаниясы тарабынан берилип, Америкадан алынып келинген этнографиялык, зоологиялык жана ботаникалык буюмдар топтомуна тиешелүү болчу.

Териштире караганда Калифорния, түндүк–батыш Америка индейлеринин маданиятын, турмуш–тиричилигин чагылдырган буюмдар жок экендиги анык болду. Андыктан, атайын академиялык экспедиция уюштуруу зарылчылыгы келип чыкты, аны уюштуруу Орус–Америка компаниясы тарабынан да колдоого алынган эле.

Мындай экспедициянын демилгечиси ошол кезде (1839-ж.) бир эле учурда эки музейдин (зоология, этнография) директору болуп турган академик Ф.Ф. Брандт жана этнография музейинде буюмдардын сактоочусу болуп иштеген академик Е.И.Шредер[178] болчу.

1839-жылдын июль айында Орус–Америка компаниясы болочок экспедицияга материалдык жардам берүүгө макул болду. Эми Кунсткамерадан бөлүнүп чыккан үч музейдин – (зоология, этнография жана ботаника) – тапшырмаларын аткара ала турган адис адам табуу керек эле.

Мындай адис И.Г.Вознесенский[179] болуп чыкты. Ал өз алдынча сабатын жоюп, зоологиялык препараттарды, гербарий жасоонун сырларын үйрөнгөн эле. И.Г.Вознесенский Орус-Америкасында он жылдай болуп, Академиянын музейлерине көп сандаган баалуу экспонаттарды жыйнап, алып келип тапшырды. Алардын арасында 6 миң зоологиялык, 7 миңден ашуун –

[178] Шредер Е.И. – орус окумуштуусу, этнографиялык буюмдарды жыйноо боюнча инструкцияны түзгөн.

[179] Вознесенский, Илья Гаврилович – көз жаздымында калган окумуштуу, Петербург ИАнын Зоология музейинин препаратору болуп иштеп жүргөн. 1839-жылы коллекцияларды толуктоо үчүн атайын Америкага жөнөтүлгөн. Сапардан кайтканда Орус Америкасында, Калифорнияда жашаган элдердин (эскимос, алеут, чукча, тлинкит ж. б.) турмуш-тиричилиин чагылдырган үч миңдей буюм түрүндөгү коллекциясын музейге тапшырган.

ботаникалык, 8 миңдей - минералогиялык жана 1 миңден ашуун этнографиялык экспонаттар бар эле. Коллекциялардын бардыгы эң жакшы препарациядан өтүп, концервацияланып, таңгакталып байланган эле. Алар ушул күнгө чейин музейлердин эң баалуу топтомдору болуп калууда.

1851-жылы Академия Императордун атына мындай деп жазган: «Акыркы экспедициянын аткарууга мүмкүн болбогон эң татаал тапшырмаларын Вознесенский жанын аябастан иштөө менен ийгиликтүү аткарды».

Бул укмуш сонун экспедициянын илимий ийгилиги, өзүнүн байлыгы, ар тараптуулугу жана маанилүүлүгү боюнча Академиянын күткөн үмүтүнөн бир кыйла артык болуп чыкты. Ошону эске алып Академия өкмөттөн Вознесенскийдин эмгегин баалап коюуну суранат. Бирок Вознесенскийдин теги да, алган тарбиясы да, ага класстык кызмат берүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес. Дээрлик өмүрүнүн акырына чейин Вознесенский Академиянын багуусунда (иждивение) болуп, расмий эмгек акы алуу укугуна ээ болбостон, өмүрүнүн аягында гана тиешелүү укуктарга ээ болду. Ал 1871-жылдын май айында каза болгон. Кунсткамера жана анын музейлеринин тарыхында И.Г.Вознесенскийдин эмгеги баа жеткис. Ага чейин, андан кийин эмгектенишкен дүйнөгө белгилүү П.С.Паллас, С.П.Крашенинников, Н.Н.Миклухо-Маклай, П.К.Козлов сыяктуу окумуштуулардын бардык жасагандары Вознесенскийдикине теңдеше албайт.

XIX кылымдын орто ченинде жүргүзүлгөн И.Г.Вознесенскийдин экспедициясы, Академия уюштурган илимий саякаттын жападан–жалгызы эмес эле. Бул мезгилде академиянын тапшырмасы менен Амурда академик Л.И.Шренк, Батыш Сибирде профессор

М.А.Кастрен180, Түштүк Америкада Г.И.Лангсдорф181 ж. б. саякатта болушуп, коллекция жыйнашкан. Жогорудагылар менен эле чектелип калбастан, XIX кылымдын көрүнүктүү окумуштуулары – саякатчы жана этнографтар В.В.Юнкер182 менен Н.Н.Миклухо–Маклайдын өз алдынча этнографиялык топтомдоруна да тиешелүү баа берип кеткенибиз оң. В.В.Юнкер 1876-1878- жана 1879-1886-жылдары Борбордук Африкага эки ирет саякат жасап, кийинки жылы (1879-ж.) Илимдер Академиясына Африка элдеринин материалдык маданиятын чагылдырган буюмдарды тапшырат. Алар Африка бөлүмүнүн эң баалуу коллекциялары.

[180] Кастрен, (Castren) Матиас (Матвей) Александр (1813-1852) – финляндиялык лингвист, этнограф, 1851-жылдан Гельсингфорс университетинин профессору. 1845-1849-жылдары батыш жана түштүк Сибирь, Урал, Россиянын түндүк аймактарында бир нече жолу болуп, илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Түндүк-чыгыш Европа, Сибирь элдеринин этнография жана мифологиясы боюнча бир катар илимий эмгектердин автору.

[181] Лангсдорф, Григорий Иванович (1774-1852) – орус окумуштуусу, зоолог, ботаник, этнограф. Теги немец. Түштүк Американын түпкүлүктүү калкын алгачкылардан болуп изилдегендердин катарында. 1821-жылдан Петербург ИАнын академиги. Япония, түндүк-батыш Американы изилдөө үчүн уюштурулган академиялык экспедицияардын катышуучусу. 1807-жылы ит чегилген чаналар менен Камчатканы кыдырып чыккан. 1821-1828-жылдары Бразилияга уюштурулган академиялык комплекстүү экспедицияны жетектеген.

[182] Юнкер, Василий Васильевич (1840-1892) – Борбордук Африканы изилдеген окумуштуу, врач. 1873-1886-жылдары түндүк жана борбордук Африка өлкөлөрүнө бир нече жолу барып изилдөөлөр жүргүзүп, жергиликтүү элдердин этнографиясы боюнча баалуу материалдарды МАЭге тапшырган.

Н.Н.Миклухо-Маклай болсо Тынч Океандагы аралдарда саякатта болуп, Жаңы Гвинея жана Австралиянын аборигендеринин арасында бир нече жыл жашап, 1886-жылы папуас жана башка элдердин маданияты менен турмуш–тиричилигин чагылдырган баа жеткис буюмдарды тапшырган. Алардын арасында Пасха аралдарынын тургундары рапануйлардын, Австралиянын аборигендеринин буюмдары бар эле. Ю.В.Юнкердин коллекциясы 2 миңдей, Н.Н.Миклухо–Маклайдыкы 1 миңдей буюмдан турган.

Жогоруда аталган баалуу топтомдорго карабастан 1890-жылы музейде болгону 23829 этнографиялык буюм болгон, ал эми 1914-жылы алардын саны 130700дөн ашты. Коллекциялык топтомдордун мындай тездик менен өсүшү, албетте, музейдин Россия, Азия, Африка жана Америка өлкөлөрүндө пландуу түрдө жүргүзүлгөн экспедициялык-жыйноочулук иштеринин, ошондой эле орус жана чет өлкөлүк коллекционерлерден сатылып алынган буюмдардын эсебинен болду. XX кылымдын башталышында Антропология жана этнография музейине келип түшкөн баалуу коллекциялардын арасында В.М.Алексеевдин183 - Кытайда, А.Фричтин - Түштүк Америкада, А.И.Иванов184 менен П.К.Козловдун185 -

---

[183] Алексеев, Василий Михайлович (1881-1951) – орус окумуштуусу, академик, синолог. Кытайдагы элдердин этнографиясын чагылдырган баалуу коллекцияларды МАЭге белекке берген.

[184] Иванов А.И. – МАЭнин кызматкери. XX кылымдын башында Азия өлкөлөрү бөлүмүн жетектеп, бир нече макалаларды даярдап жарыялаган: «Из музейных материалов по религии китайцев», «Из музейных материалов по быту китайцев: головные уборы китайских невест». //Сб. МАЭ, 1916, т. 3, вып. 1.

Кытайда, В.И.Анучиндин186 - Батыш Сибирде, Г.Ф. жана Л.Л. Мерварттардын187 - Индияда чогултуп келген буюмдары бар эле.

Революциядан кийинки жылдары Антропология жана этнография музейинин фонддоруна жеке адамдардын топтомдору, СССР музей фондусунун коллекциялары берилип турду. Мындан тышкары чет өлкө музейлеринин буюмдары менен тиешелүү буюмдарды алмаштыруу жолу менен да экспонаттарды жаңылоо иштери жандана берди. Бул практика 1950-жылдары кайрадан колго алынып, ушул күнгө чейин улантылып келүүдө. Музей буюмдарын

---

[185] Козлов, Петр Кузьмич (1863-1935) – Борбордук Азияны изилдеген окумуштуу, Украина ИАнын академиги (1928-жылдан). Н.М.Пржевальский, М.В.Певцов, В.И.Роборовский жетектеген экспедициялардын катышуучусу. 1899-1901-жылдары Монгол-Тибет; 1907-1909-жылдары – Монгол-Сычуань; 1923-1926-жылдары кайрадан Монгол-Тибет экспедицияларын жетектеп, баалуу табылгаларды (2 миң томдой тангут ж.б. тилдердеги эски китептер) окумуштууларга тартуу кылган.

[186] Анучин В.И. (1875-1941) – орус этнографы, 1906-1916-жылдары Енисей губерниясынын Турухан крайында ж. б. райондордо иштеп келген. 1905-жылдан бир нече жылдар бою МАЭнин, ошондой эле Орто жана Чыгыш Азияны изилдөө боюнча Комитеттин тапшырмалары менен талаа-этнографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү жана коллекцияларды жыйноо үчүн Енисей губерниясына жөнөтүлүп турган.

[187] Мерварт А.М. жана Л.А. – жубайлар, индологдор. МАЭнин колдоо көрсөткүч кеңешинин (попечительский совет) каражаттарына фонддордо жетишпеген этнографиялык буюмдарды толуктоо максатында бир нече экспедициялар уюштурулган. Мерварттар Цейлон (Шри Ланка) аралына, Индияга жөнөтүлгөн экспедицияны жетектешип, бир нече миң буюмдан турган коллекцияны алып келишкен. XX кылымдын башталышында музейдин Индия бөлүмүн Г.Х.Мерварт жетектеп турган.

алмаштыруу практикасы Япониянын музейлери менен активдүү өткөрүлүүдө. Музейге өткөрүлүп берилген ири коллекциялардын бири – дипломат П.В.Комин 1963-жылы Батыш Ириан Папуастарынын маданиятын жана турмуш–тиричилигин чагылдырган буюмдары. Ошентип, Совет бийлигинин жылдарында музейдин фонддору эки эседен ашуун көбөйүп, музей топтомдорунун байлыгы жана баалуулугу жагынан, өзгөчө европалык эмес элдери боюнча, дүйнөдө биринчи орунду ээлеп келүүдө. Арийне, дүйнөлүк дэңгээлдеги же ааламдагы адамзатынын маданиятын көрүүчүлөргө тартуу кыла ала турган музейлер саналуу гана, алар: Санкт-Петербургдагы Мамлекеттик Эрмитаж, Лондондогу Британ музейи, Париждеги Лувр жана Нью-Йорктогу Метрополитен-музей. Булардын ар биринде ааламда жашап өткөн элдердин көөнөргүс маданиятынын үлгүлөрү чогултулганы менен, алардын өз алдынча өзгөчөлүктөрү бар. Археологиялык, этнографиялык, антропологиялык буюм-заттардын негизинде дүйнө элдеринин материалдык жана рухий маданиятын чагылдыра ала турган музейлердин катарына МАЭни да кошсо болот.

Музейдин кириш бөлүгү эки бөлүкчөдөн турат. Биринчисинде Кунсткамеранын калыптануу жана өнүгүү тарыхы боюнча кыска маалымат берилсе, экинчисинде - адамзаттын пайда болушу жана адам коомунун калыптануусу жөнүндө маалымат берилет.

Андан ары, экспозициялар Америка, Африка, Чет Азия өлкөлөрүнүн элдери жөнүндө этнографиялык маалымат берет.

Музейдин ар бир бөлүмүндө уникалдуу жана кайталангыс чыгармалар бар. Алар орус жана совет этнографиясынын сыймыгы. Маселен, МАЭнин Австралия жана Океания бөлүмүндө Н. Н. Миклухо–Маклайдын

папуас топтомдорунан - папуастардын түпкү тектеринин келбетин жыгачта жогорку чеберчиликте сүрөттөгөн, оймочиймелүү (резьба) майда айкелдер (статуэтка, фигурка); Гавай аралдарынын элдеринин канаттуулардын парин (перья) колдонуу менен чебер жана эң кооз жасалган дене жапкычтар (накидка) жана плаїтар, ошондой эле, Камеамеа 1нин өзүнө таандык болуп, ал Джеймс Кукка белек кылып берген жеке буюмдар бар. Америка бөлүмүндө төмөнкү буюмдар уникалдуу: И.Г.Вознесенскийдин коллекцияларына таандык болуп, жогорку чеберчиликте жасалып, өзгөчө кооздугу менен айырмаланган тлинкиттердин шлемдери жана алеуттардын шляпалары; блокаданы каармандык менен башынан өткөрүп, жеңишке жетишкен ленинграддыктарга атайын белек катары тартууланган ацтектердин «Таш күнүнүн» көчүрмөсү (ал Мексикалык окумуштуулардын белеги) ж. б.

Африка бөлүмүнүн коллекциялары да жетишерлик бай. Анда да сейрек кездешүүчү буюмдар бар. Алардын арасында Эдо мамлекетинин борбору болгон Бенин коло буюмдары (бул борбор 1897-жылы Англия колонизаторлору тарабынан өрттөлгөн), Тропикалык жана Түштүк Африка элдеринин металл курал-жарактары жана пил сөөгүнөн жасалган буюмдар бар.

Чет өлкө Азия элдери бөлүмүндө колдонмо кооздук-асем, декоративдик искусство буюмдары басымдуулук кылат. Алардын арасында япондордун миниатюралык нэцкелери, хинди жана кытайлардын таш, коло, жыгач жана пил сөөгүнөн жасалган майда пластикалары, кытай лубогу, Вьетнам элдеринин саймалары, япондордун жана Индонезия элдеринин театралдык маскалары жана куурчак театрынын куурчактары ж. б. реквизиттери, Кытай, Япония, Кореянын фарфору, селадону ж. б. бар. Жогоруда аталган коллекциялардын ичинен

М.В.Ладыженскийдин Кытай топтомундагы эң көркөм кооздук-асем, декоратив-колдонмо жана кол өнөрчүлүк буюмдары, ошондой эле, М.С.Андреевдин188 Индия топтомумунан Бомбей провинциясынын Насик шаарындагы сарайдын портигинин фрагменти, шоло жыгачынан жасалган индуисттик храмдардын моделдери башка экспонаттардан өзгөчөлөнүп турат. Музейдин жогоруда аталган бөлүмдөрүнүн ар биринде көп миңдеген буюм-экспонаттар бар. Алар этнографтардын ааламдагы илим-изилдөө базасы гана болуп тим болбостон, музей көрүүчүлөрүнө ааламда жашаган элдердин маданияты, турмуш-тиричилиги жөнүндө маалымат берген эң бай экспозициянын негизин түзүп турат.

Кунсткамеранын тарыхы боюнча баалуу экспонат болуп Кунсткамеранын имаратынын өзү, анын интер¢ери, ошондой эле колдонмо-жасалга искусствосунун жана элдик кол өнөрчүлүк буюмдарынын алгачкы топтомдору эсептелет. Ал эми адамзат тарыхынын башталыш доорун Россиянын палеолит тургун-жайларынан (стоянка) казылып алынган археологиялык табылгалар күбөлөп турат. Алардын арасында «Палеолит Венералары» делген аялдардын статуеткалары, ошондой эле байыркы таш жана жаңы таш доорлорунун чыгармачылык искусствосу, скифтердин зергерлик өнөрү жана, албетте, скульптор–

---

[188] Андреев, Михаил Степанович (1878-1948) – көрүнүктүү окумуштуу-этнограф, лингвист. Чыгыш элдеринин бир нече тилдерин, диалектилерин эркин билген. Тажик жана Өзбек республикаларынын илимине эмгек сиңирген ишмер. 1914-жылы МАЭ уюштурган экспедициялардын курамында өзбектердин этнографиясы боюнча материалдарды жыйнаган. 1905-1914-жылдары атайын тапшырма менен Индияда жашап жана иштеп, ошондой эле Афганистанда, Чыгыш Түркстанда изилдөө иштерин жүргүзүп, МАЭге миңден ашуун буюм түрүндөгү коллекцияны алып келип тапшырган.

антрополог М.М.Герасимовдун[189] биздин эң байыркы бабаларыбыздын келбетин баш сөөгү боюнча чагылдырган реконструкциялары бар. Музейде, ошондой эле, жер шарынын бардык адам жашаган континенттериндеги элдердин маданиятын жана турмуш–тиричилигин күбөлөндүргөн буюмдар топтолгон. Салттуу түрдө, экспозиция Австралия жана Океания элдеринен башталат. Андан ары экспозициялар Америка, Африка, Чет Азия өлкөлөрүнүн элдери жөнүндө этнографиялык маалымат берет.

## К О Р У Т У Н Д У

Этнография курсунда дүйнөдөгү ар түрдүү элдердин, мейли, ал бизге жакын болсун, мейли бизден алыс болсун, ошонусуна карабастан өзгөчө бир мамлекеттин курамында биргелешип жашап жаткан элдердин маданиятын жана турмуш–тиричилигин, алардын келип чыгуу тарыхын изилдеп окуп–билүү зарылдыгына жогорку окуу жайлардын кеңири чөйрөсүнүн көңүлүн буруугa аракет кылынат. Бул илим «этнография» же «этнология» деп аталышы керекпи деген тыянак бербей турган маселеге, анчейин эле көңүл бура бербестен, анын теориялык да, практикалык да маанисинин зор экендигин таанып, өзгөчө

[189] Герасимов, Михаил Михайлович (1907-1970) – тарых илимдеринин доктору, СССР ИАнын Этнография институтунун пластикалык реконструкция лабораториясынын башчысы, чыгаан антрополог, скульптор, археолог. Өзү иштеп чыккан ыкманы (метод) колдонуп, питекантроп, синантроптун, ошондой эле, Ярослав Мудрый, Андрей Боголюбский, Тимур, Улугбек, Рудаки, Ушаков ж. б. сыяктуу тарыхый инсандардын келбетин реконструкциялап даярдаган.

көп улуттуу өлкөлөрдө элдик традициялардын, каада–салт, үрп–адаттардын, чарба укладдарынын маани–маңызын билбөө, көпчүлүк учурларда, улуттар аралык жиктешүүгө гана эмес, бири–бирине каршы туруууга алып келээрин белгилеп кетүү керек.

Коңшу жашаган элдер менен тагдырлаш болуу, алардын ысык–суугун биргелешип көтөрүү жөнүндөгү билим өзүнөн–өзү келе бербейт, аны биз үй-бүлөдөн, күндөлүк турмуштан эле албастан, билим берүү системасынан да алып турушубуз керек экендиги айдан ачык. Азырынча ал гана эмес, көбүнэсе, биздин «коңшу элдер» тууралуу билимибиз тайкы, түркөй, мажес, ал турсун кемсинтүүчүлүк мүнөздө. Биз алиге чейин же өзүбүз түзүп калыптандырган, же мурунку мезгилдерден стереотип катары кабыл алынган көз караштардын туткунунда жашап жүрөбүз. Маселен, административдик башкаруу үчүн ыңгайлуу болгон «отурукташып жашоо» системасы, мейли ал эл мурун салттык көчмөн чарбачылык менен күн көргөн болсун, маданий жактан өнүгүүнүн эталону катары берилип, ондогон жылдар бою отурукташууга өтүүгө үгүттөлүп, аны активдүү ишке ашырып келишкен.

«Отурукташууга өтүү» үчүн күрөш өзүнүн терс жактарын көрсөтпөй койгон жок. Мурун салттык болуп келген чарбачылыктын түрлөрү (м., көчмөн бугу чарбасы) жок болду, үй чарбасындагы көпчүлүк аялдар бош калышты. Булардын бардыгы көптөгөн Түндүк жана Сибирь элдеринде ири социалдык кыйынчылыктардын себепкери болду. СССРда, өзгөчө Россия үчүн айыл-чарба өндүрүшүнө караганда индустриялык өнөр жай өндүрүшүнө артыкча көңүл буруу да жогорудагыдай эле социалдык трагедияга алып келди. Анын натыйжасында экологиялык дисбаланстар, социалдык тартыштыктар пайда болуп,

мурун айыл чарбасы үчүн пайдаланылып келген көптөгөн агрардык жерлер бош калды. Ааламда жашап жаткан көптөгөн элдер жөнүндө маалыматты билимдин гана жардамы менен эмес, алар жөнүндө көбүрөөк билүү ынтызарлыгы менен айкалыштыруу аркылуу, элдердин арасындагы чыныгы достукту орнотууга боло тургандыгын, алардын биринин жетишкендиги аркылуу калгандарын да өнүгүп-өстүрүүгө боло тургандыгына түшүнүп жетүүгө болот. Азыркы ааламдагы улут маселесинин маани- маңызына билимдин жардамы менен гана түшүнсөк болот.

# Т и р к е м е л е р


Дүйнө элдеринин тилдик (лингвистикалык) классификациясы
Индоевропа
Алтай
Урал
Кавказ
Семит-хамит
Конго-кордофан
Австроазия
Австронезия
Кытай-тибет
Тай (паратай)
Нил-сахара
Папуас
Койсан
Дравид
Эскимос-алеут
Америка индейлер
Чукотка-камчатка
Обочолнгон (изолированные)

**Индоевропа тил уясы** → Тил топтору

**Славян** → 1) Чыг. славян тил-и: орус, украин,белорус; 2) Түшт. славян тил-и: болгар, серб-хорват, словен, босния, македон, черногор; 3) Бат. славян тил-и: поляк, чех, словак, верхнелужицск, нижнелужицск ж. б.

**Герман** → Тилдер: немец, германо-швейцар, австрия, эльзац, люксембург, лотаринг, фриз, дания, англис, англо-австралия, шотланд, ольстер, англо-жаны зеландия, америка, швед, норвегия, фарер, исланд, голланд, фламанд, лихтенштейн, фриз, гибралтар ж. б.


**Роман** → Тилдер: француз, италия, итало-швейцар, корсика, ретороман (фриул, ладин, романша), франко-швейцар, валлон, испан, каталон, португал, галиция, румын, аромун (влах), молдаван, сардин, санмарин, менегаск, андор, албан ж. б.

**Иран** → Тилдер: перс, талыш, курт, лур, бахтиар, тат, тажик, памир тажик (язгулем, рушан, бартанг, орошор, шугнан, хуф, баджуй, ишкашим, вахан, ягноб), хазарей, чаараймак, афган (пуштун), белудж, осетин, нуристан, гилян, мазендеран, теймур, жамшид, фирузкух, тайман ж. б.

**Индоарий (индия)** → Тилдер: инд (хинди), бенгал, ассам, бихар, кхо, хиндустан, гуджарат, ория, раджастхан, бхил, панджаб, непал, синдх, кашмир, маратха, сингал, ведд ж. б.

**Кельт** → Тилдер: ирланд, уэльс (валлий), гэлл, бретон ж. б.

*Албан тобу:* тилдер: албан ж.б.; *Грек тобу:* тилдер: грек, каракачан ж.б.; *Балт (летто-литва) тобу:* тилдер: латыш, литва;


**Алтай тил уясы**
Түрк тилдери
Монгол тилдери
Тунгус-манчжур тилдери
Батыш хунн бутагы
Чыгыш хунн бутагы
Тунгус бутагы
Манчжур бутагы
Тилдер: түрк, азербайжан, кумык, каракалпак, чуваш, татар, гагауз, түркмөн, карачай, балкар, өзбек, уйгур, ногой, караим, башкорт, казак, кашкай, афшар, шахсевен, карапапах, кажар ж. б.
Тилдер: тува, тоф, якут, долган, хакас, алтай, кыргыз, шор, салар ж. б.
Тилдер: халха-монгол, ойрот, баят, калмак, бурят, дербэт, ту (монгор), дунсян, захчин, даур, дархат, олэт, торгут, баоань, мянгат, узумчин ж. б.
Тилдер: эвенк (тунгус), эвен (ламут), нанай, ульч, ороч, орок, удэгей, негидал ж. б.
Тилдер: манчжур, сибо, солон, чжурчжен ж. б.

**Кавказ тил уясы**

- Картвел тобу
  - Тилдер: грузин (мегрел, лаз, сван) ж. б.
- Адыг-абхаз тобу
  - Тилдер: абхаз, абазин, кабардин, черкес, адыг ж. б.
- Дагестан тобу
  - Тилдер: авар, лезгин, лак, даргин, таба-саран, рутул, цахур, агул, удин, кубачи, кайтаг, будуг, хиналуг, шахдаг ж. б.
- Нах тобу
  - Тилдер: чечен (нохчо), ингуш (галгай), бацбий, кистин ж. б.

**Урал тил уясы**

- Финн-угор тобу
  - 1) Финн шакчасы: эстон, карел, саам, (лопар), коми-зырян, коми-пермяк, удмурт, вепс, марий, мордва (эрзя, мокша), лив, финн (суоми) ж. б.;
  - 2) Угор шакчасы: венгр (мадьяр), хант, манси ж. б.
- Самодий (самоед) тобу
  - Тилдер: ненец, нганасан, селькуп, энец ж. б.

**Палеоазия тил уясы**
**(Түндүк Азиянын обочолонгон тилдери)**

Енисей (кет) тобу

Тилдер: кет, котт, орин, асан ж. б.

Чукотка-камчатка тобу

Тилдер: чукот (луораветлан), коряк, керек, алютор, ительмен ж. б.

Юкагир-чуван тобу

Тилдер: юкагир (одул, деткиль), чуван ж. б.

Нивх тобу

Тилдер: нивх (гиляк) ж. б.

Эскимос-алеут тобу


Тилдер: эскимос (гренланд же инуит), алеут (унанган) ж. б.


**Паратай (тай) тил уясы**


Тилдер: сиам (кхон-тай), лао, тай, тоолук тай, шан, лы, кюн, фуан, чжуан, ли, буй, дану, мулао, сантяй, дун-шуй, тхай, нунг, кхун, путай, гэлао ж. б.


**Папуас тил уясы**

Тилдер: тидор, тернат, мариндани, сентани, экари, джаби, тапиро, дани, бунак, асмат, нгалум, лама, каморо, якай, колана, ява, саху, мантион ж. б.


Дравид тил уясы
Түштүк тобу
Тилдер: малаяла, тамил, кота, кодагу, каннада (каннара), бдага, тода, куру,ерава, ирула ж. б.
Түштүк-батыш тобу
Тилдер: корага, тулу, беллар ж. б.
Түштүк -чыгыш тобу
Тилдер: телугу (андхра) ж. б.
Борбордук топ
Тилдер: колами, найк, парджа, гадаба ж. б.
Түндүк чыгыш тобу
Тилдер: курукх (ороан), малто (малер) ж. б.
Түндүк-батыш тобу
Тилдер: брагуй ж. б.
Гондван тобу
Тилдер: гонд, кхонд (куи, куви), конда, пенго, манда ж. б.


Кытай-тибет (син-тибет) тил уясы
Кытай тобу
Тибет-бирма тобу
Тилдер: кытай (хань), дунган (хуэй)
Тилдер: тибет, ладакх, гималай тилдери (невар, канаури, бара-бодо, нага, качин, лису, куки-чин, хани ж. б.).
Тилдер: бирма, карен, ицзу ж. б.


Койсан тил уясы
Бушмен тобу
Сандаве тобу
Хатса (хатза) тобу
Тилдер: бушмен, кунг, нгусан, ауни, кхомани ж.б.
Тилдер: сандаве ж. б.
Тилдер: хатса (хадзапи) ж. б.
Готтентот тобу
Тилдер: готтентот (кой-коин), кхай (нама, кора, гриква), нхауру (нарон), кве (демиса, чумакве, шуакве), чу (хиочу-вау, хайчу, вау) ж. б.


Австроазия тил уясы
Вьет-мыонг тобу
Тилдер: вьет, (кинь), мыонг, тхо, тиф ж. б.
Мон-кхмер тобу
Тилдер: кхаси, никобар, мон (кампучий), кхмер, тоолук кхмер, куи, кхату, ма, со, банар, сэданг, суй, кохо, хре, таоа, калонг, бру ж. б.
Мяо-яо тобу
Тилдер: мяо (мео), манн (яо), сиэ, патхен ж. б.
Мунда тобу
Тилдер: сантал, мунда, хо, корку, савара, джуанг, кхария ж. б.
Палаунг-ва тобу
Тилдер: ва, кхму, палаунг, путенг, булан, ламет, катин ж. б.
Малак тобу
Тилдер: сеной, семанг, мрабри ж. б.

**Семит-хамит (афроазия) тил уясы**

Семит тобу

1) Түндүк-перифериялык же чыгыш тообу: колдонуудан калган Аккад, Ассирия (айсор), Вавилон тилдери; 2) Түндүк-борбордук же түндүк батыш тобу: иврит, Жаңы арамей тилдери; колдонуудан калган аморей, ханааней, угарит, Финикия-пуни, байыркы еврей, арамей, батыш арамей, пальмир, набатей, палестин, чыгыш арамей, Сирия (сир), талмуддук Вавилон, мандей ж. б. тилдер; 3) Түштүк-борбордук топ: араб, мальта ж. б.; 4) Түштүк-перифериялык топ: мехри, шхаури, сокотри ж. б.; колдонуудан калган миней, сабей, катабан ж. б.; 5) Эфио-семит тобу: тигре, гураге, тиграй (тигринья) амхар, аргобба ж. б.; колдонуудан калган геэз (эфиоп), гафат ж. б.

Кушит тобу

1) Түндүк тобу: бадауйе ж. б.; 2) Борбордук топ: Атав ж. б.; 3) Чыгыш тобу: аферсаха, сомали (бани, байсо, рендилле ж. б.), оромо, бурджи-сидамо, консо, гидоло, арбвре, гелеба ж. б.; 4) ?; 5) түштүк тобу: иракв, араманик ж. б.


Бербер тобу

Тилдер кабил, риф, тамазигхт, шильх (шлех), туарег, шауия, зенага ж. б.:

Чад тобу

1) Батыш тобу: хауса, бура, ангас, боле ж. б.; 2) Борбордук топ: логоне, котоко, марги, бата, хиги, мандара мсгай, матакам, гидер, мусгу, масса ж. б.; 3) Чыгыш тобу: сомрай, сокоро, муби ж. б.

Египет тобу: тилдер: Байыркы египет, копт ж. б.


Нил-сахара тил уясы
Сонгай тобу
Сахара тобу
Шари-нил тобу
Обочолонгон топ
Тилдер: сонгай, дьерма, денди ж. б.
Тилдер: канури, тубу (даза, тиббу), загава ж. б.
Чыгыш Судан тилдери (динка, нуэр, луо, барии, лотуко, масай, нуба ж. б.); Борбордук Судан тилдери (багирми, морумада, берта, кунама, эфе, басуа) ж. б.
Тилдер: маба (масалит), фор (фур), кома ж. б.

**Конго-кордофан (Нигер-кордофан) тил уясы**

**Нигер-конго тобу**

Батыш Атлантика тилдери: манде, вольта, ква, бенуэ-конго, фульбе, волоф, тукулер, кисси, лимба, гола, бага, тенда, серер ж. б.; Манде тилдери: мандинка, бамана, бамбара, ваи, сонике, сусу, менде, лома ж. б.; Вольта тилдери: моси, груси, лоби, бобо, гурма, барба, догон, сомба куланго, сенуфо ж. б.; Ква тилдери: йоруба, игбо (ибо), нупе, акан, иджо, ашанти, фанти, бауле, игала, идома, бете, бакве, гере, эве, фон (дагомей), бини (едо) ж. б.; Кру тилдери: бакве, гребо, кран ж. б.; Чыгыш адамауа тилдери: занде, банда, гбойя, мбум, чамба, мба ж. б.

**Банту (бенуэ-конго) тобу**

Банту (бенуэ-конго) тилдери: 1) конго, дуала, лунду, фанг ж. б.; 2) теке, мпонгве, келе ж. б.; 3) банги, нгала, монго, тетела ж. б.; 4) руанда, рунди ж. б.; 5) ганда, лухья, кикуйю, камба ж. б.; 6) ньямвези, хехе ж. б.; 7) ньятуру ж. б.; 8) суахили, гого, амбунду ж. б.; 9) чокве, луэна ж. б.; 10) луба ж. б.; 11) бемба, фипа, тонга ж. б.; 12) малави ж. б.; 13) яо, маконде, макуа ж. б.; 14) овимбунду, амбо, гереро ж. б.; 15) шона, суто, зулу, коса, свази ж. б.; Пигмей тилдери: эфе, басуа, бамбути ж. б.

**Кордо-фан тобу**

Тилдер: коалиб, тегали, талоди, тумтум, катла ж. б.

**Америка индейлер тилдери** → Тил топтору

- **Алгонкин-вакаш** → Тилдер: алгонкин, вахаш, селиш, кри, нас-кап, сиксик, чиппева, оджибве, монтанье, кикапу ж. б.
- **Хока-сиу** → Тилдер: дакота, ирокез, крик, тлапанек, кроу, семинол, сиу, сери, чирок, чоктоу, оглала, кэддо, коака ж. б.
- **Ацтек-таноан (юто-ацтек)** → Тилдер: ацтек, пипили, кора, шошон, пима, як, папаго, така, хопи, зунья;
- **Пенути (майя-соке)** → Тилдер: майя, киче, хуастек, соке, туанак, какчикел, маме, кекчи, тотонак, чоли, мике ж. б.
- **Макро-чибча** → Тилдер: чибча-муиск, мискито, гуайми, куна, варао, сумо, брибри, борука ж. б.
- **Же-пано (кариб)** → Тилдер: кариб, пано, тоба, маскойя, чако, макуш, пилага, бороро, ботокуда, гуато;
- **Анд-экваториалдык** → Тилдер: кечуа, аймара, араукан, аравак, тупи-гуарани, хабара, каингуа, тукано, алаба, гуахибо, маку, самуко ж. б.
- **Макро-ото-манге** → Тилдер: сапотек, отоми, миштек, масатек, масахуа, чинантек, амусго, чатик, паме, чочо, хана, матлатцинк ж. б.
- *Пуэльче тобу*: (пуэльче); *Чон тобу*: (чон); *Эскимос-алеут тобу*: (эскимос, алеут, гренланд); *Атапаск (на-дене) тобу*: (навах, апач, кучим, хайда, тлинкит ж. б.);

**Австронезия (малай-полинезия) тил уясы**

Тил топтору:

- **Индонезия** — Тилдер: риау, банджар, малай, калимантан, минангкабау, алас, аче, ниас,ренджанглебонг, батак, ментавай, кубу, лубу, ява, сунда, мадур, даяк, минахас, тараджа, буга, макасар, бутунг, бали, бима, сумба, амбоин, чам, гаошань ж. б.
- **Полинезия** — Тилдер: тонга, самоа, таити, маори, гавай ж. б.
- **Филиппин** — Тилдер: тагал, илок, бикол, висайя, ифугао, букиднон, калинга, бонток, аэта, моро, магинданао, ланао (маранао), якан, сулу-самаль, банджар ж. б.
- **Меланезия** — Тилдер: фиджи, толай, кеапара, адзера, моту, малуу ж. б.
- **Микронезия** — Тилдер: трук, понапе, косраэ, науру, кирибати, тунгару, банаба ж. б.

## Сунушталган адабияттардын тизмеси

***Абрамзон С.М.*** Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Л., 1971.

***Аверкиева Ю.П.*** Неоэволюционизм, релятивизм и расизм. /Расы и народы. Т. I, - М., 1971.

***Аверкиева Ю.П.*** История теоретической мысли в американской этнографии. - М.: Наука, 1979.

***Алексеев В.П.*** Этногенез. - М., 1986.

***Алексеев В.П.*** Историческая антропология и этногенез. – М., 1989.

***Андреев И.П.*** Происхождение человека и обïества. – М., 1988.

***Антипина К.И.*** Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. – Фрунзе: Илим, 1962.

***Арутюнов С.А.*** Народы и культуры: Развитие и взаимодействие. - М., 1989.

***Арутюнян Ю.В.*** Социальная структура сельского населения СССР. – Кишинев, 1976

***Атлас*** народов мира. /Под ред. С.И.Брука и В.С.Апенченко. - М., 1964.

***Бромлей Ю.В.*** Этнос и этнография. - М.: Наука, 1973.

***Бромлей Ю.В.*** Современные проблемы этнографии: очерки теории и истории. - М.: Наука, 1981.

***Бромлей Ю.В.*** Очерки теории этноса. - М.: Наука, 1983.

***Бромлей Ю.В.*** Этнические процессы в современном мире. - М.: Наука, 1987.

***Брук С.И.*** Население мира: Этнодемографический справочник. 2-е изд. - М.: Наука, 1986.

***Весь мир:*** *расы, народы нации и народности.* – Мн.: Харвест; - М.: ООО «Изд-во АСТ», 2000;

***Громов Г.Г.*** Методика полевых этнографических исследований. - М., 1967.

***Гумилев Л.Н.*** Этногенез и биосфера Земли. - Л., 1990.

***Гумилев Л.Н.*** Конец и вновь начало. – М., 1994.

***Итс Р.Ф.*** Введение в этнографию: Учебное пособие. - Л., 1974; 2-е изд. - Л., 1991.

***Козлов В.И.*** О классификации этнических обїностей. //Исследования по обїей этнографии. –М., 1979, с. 5 – 23.

***Косвен М.О.*** Матриархат. История проблемы. – М.-Л., 1948.

***Краткий*** этнологический словарь. - М., 1995.

***Лурье С.В.*** Историческая этнология. – М., 1997.

***Маанаев Э.Ж., Каратаев О.К.*** Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. – Бишкек, 2003.

***Морган Л.Г.*** Древнее обїество. - Л., 1934.

***Народы мира:*** Этнографические очерки. - М.: Наука, 1954 - 1966. (Народы Африки. – М., 1954; Народы Австралии и Океании. – М., 1956; Народы Сибири. – М.-Л., 1956; Народы Передней Азии. – М., 1957; Народы Америки. Тт. 1-2, – М., 1959; Народы Кавказа. Т. 1, - М., 1960; Т. 2, - М., 1962; Численность и расселение народов мира. – М., 1962; Народы Южной Азии. – М., 1963; Народы Европейской части СССР. Тт. 1-2, – М., 1964; Народы зарубежной Европы. Т. 1, - М., 1964; Т. 2, - М., 1965; Народы Восточной Азии. – М.-Л., 1965; Народы Юго-Восточной Азии. – М., 1966).

***Народы мира:*** Историко-этнографический справочник. - М., 1988.

***Национальный*** состав населения СССР: По данным Всесоюзной переписи населения 1989 г. - М., 1991.

***Орлова Э.А.*** Введение в социальную и культурную антропологию.- М., 1994.

***Основы*** этнографии. /Под ред. С.А.Токарева. - М., 1968.

***Попов А.И.*** Названия народов СССР: введение в этнонимику.
- Л.: Наука, 1973.

***Развитие*** межэтнических отношений в новых независимых государствах Центральной Азии. Учебное пособие для высших учебных заведений. /Под ред. А.Б.Элебаевой. - Бишкек: Илим, 1995;

***Садохин А.П.*** Этнология: Учебник. – М.: Гардарики, 2000;

***Свод*** этнографических понятий и терминов. Вып. 1. Социально-экономические отношения и соционормативная культура. - М.: Наука, 1986;

***Свод*** этнографических понятий и терминов. Вып. 2. Этнография и смежные дисциплины. Этнографические субдисциплины. Школы и направления. Методы. - М.: Наука, 1988;

***Свод*** этнографических понятий и терминов. Вып. 3. Материальная культура. - М.: Наука, 1989.

***Современные*** этнические процессы в СССР. 2-е изд. Отв. ред. Ю.В.Бромлей. -- М.: Наука, 1977.

***Станюкович Т.В.*** Этнографическая наука и музеи. - Л., 1978.

***Страны*** и народы: Научно-популярное географо-этнографическое издание. В 20 тт. - М.: Мысль, 1978 - 1985.

***Сулайманов Э.*** Традиции обработки металлов у киргизов. – Фрунзе: Илим, 1982.

***Сулайманов Э.*** Түштүк Кыргызстан: учур жана этнодемографиялык кырдаал. //Заман-Кыргызстан, 1995, 17, 24 - ноябрь, 1 - декабрь

***Сулайманов Э., Белеков Ж.*** Миграционные процессы в Ошской области в первой половине 90-х годов. В сб.: Ренессанс или регресс. -- Бишкек, 1996, с. 162 - 169.

***Сулайманов Э., Акматалиев А.*** Этнология (окуу-усулдук көрсөтмөлөр жана тесттик сынак-суроолор). – Жалал-Абад, 2009.
***Токарев С.А.*** Религия в истории народов мира. – М., 1976.
***Токарев С.А.*** История зарубежной этнографии. Учебное пособие. - М.: Высшая школа, 1978.
***Тэйлор Э.*** Первобытная культура. – СПб., 1872; 2-е изд-е, - М., 1939; - М.: Политиздат, 1989.
***Фрэзер Дж. Дж.*** Золотая ветвь, вып. 1-4, - М., 1928
***Чебоксаров Н.Н., Чебоксарова И.А.*** Народы, расы, культуры. - М., 1971; 2-е изд. - М., 1985.
***Чеснов Я.В.*** Лекции по исторической этнологии.- М., 1998.
***Численность*** и расселение народов мира. Под ред. С.И.Брука. - М., 1962.
***Широкогоров С.М.*** Этнос. – Шанхай, 1923.
***Этнические*** процессы у национальных групп Средней Азии и Казахстана. - М.: Наука, 1980.
***Этнография*** боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Түзүүчү С.Аттокуров. - Фрунзе: Илим, 1989.
***Этнография.*** Учебник для исторических специальностей ВУЗов. /Под ред. Ю.В.Бромлея, Г.Е.Маркова. - М.: Высшая школа, 1982.
***Этнография*** за рубежом: Историографические очерки. - М.: Наука, 1979.
***Этнологическая*** наука за рубежом: проблемы, поиски, решения. – М., 1991.
***Этнология.*** – М., 1994.
***Этнометодология.*** – М., 1995, вып. 1, 2.
***Этносы*** и этнические процессы. - М., 1993.

## М а з м у н у


К и р и ш  с ө з; 3
«Э т н о г р а ф и я  н е г и з д е р и» (Мамстандарттан көчүрмө) 5

1.0. Этнография жана анын коомдук илимдер системасындагы орду 6

1.1. Илимдин аныктамалары 6
1.2. Этнографиянын изилдөө об¢ектиси жана методологиялык негиздери 12
1.3. Этнографиянын жалпы илимдик жана социалдык маанилери 17
1.4. Этнографиялык изилдөөлөрдүн негизги составдуу бөлүктөрү 24

2.0. Этнографиялык мекемелер жана басылмалар: Мекемелердин типтери 26

2.1. Академиялык борборлор 33
2.2. Жогорку окуу жайлар же адис этнографтарды даярдоо борборлору 37
2.3. Университеттик билим берүү системасындагы этнографиянын орду 48
2.4. Этнографиялык музей борборлору 59
2.5. Журналдык борборлор жана коомдор 74
2.6. Негизги мезгилдүү басма сөз каражаттары жана монографиялардын типтери 83

3.0. Этнографиялык булактар жана этносторду классификациялоо 98

3.1. Этнографиянын гуманитардык жана табият–таануу илимдери менен байланышы 102
3.2.0. Этнографиядагы этносторду классификациялоо түрлөрү 105
3.2.1. Лингвистикалык классификация 109
3.2.2. Географиялык классификация 110
3.2.3. Антропологиялык классификация 112
3.2.4. Чарба-маданият классификациясы 115
3.3. Тарыхый-этнографиялык областтар 118

4.0. Этнография илиминин түшүнүк аппараты 119
4.1. Жалпы илимдик терминдер 121
4.2. Социалдык турмушка тиешелүү терминдер 141
4.3. Үй-бүлө жана нике мамилелери боюнча терминдер 159
4.4. Материалдык маданиятты чагылдырган терминдер 169
4.5. Рухий маданиятты туюнткан негизги терминдер 175

5.0. Чет өлкөлөр жана Ата Мекен (Россия, СССР) этнографиясы (негизги школалар жана багыттар) 185

5.1. Эволюциялык школа 188
5.2.0. Батыш Европа жана АКШнын антиэволюционисттери: 196

маданий-тарыхый, социологиялык, тарыхый ж. б. школалар
5.2.1. Функционалдык школа 207
5.2.2. Психологиялык же этнопсихологиялык школа: АКШ этнологиясындагы психорасизм 211
5.2.3. Америка этнологиясындагы «маданият релятивизми» жана «баалуулук теориясы» 217
5.3. Чет өлкөлөр этнологиясындагы учурдагы тенденциялар: неоэволюционизм (неоморганизм), структурализм ж. б. 221
5.4. Ата Мекен (Россия, СССР) этнографиясы 230
6.0. Россия Илимдер Академиясынын Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи 238
6.1. Петр 1нин Кунсткамерасы 238
6.2. Императордук Санкт-Петербург Илимдер академиясынын Этнография музейи 252
6.3. Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи (МАЭ) 254
6.4. Кунсткамеранын (Этнография музейи, МАЭ) коллекцияларды жыйноо ишмердиги 260
К о р у т у н д у 275
Т и р к е м е л е р 278
Дүйнө элдеринин тилдик (лингвистикалык) классификациясы 278
Сунушталган адабияттардын тизмеси 290

СУЛАЙМАНОВ ЭРТАБЫЛДЫ

СУЛАЙМАНОВА ЭЛНУРА

# ***Э Т Н О Г Р А Ф И Я***

(тарых адистигинде
окуган студенттер үчүн окуулук)

Редактор: Смадияров С.А.
Тех. редактор: Мамасыдыков Б.Н.
Корректор: Камбаралиев М.К.
Компьютерде терүү: Умарова М.

Формат: 60x84, 1/32
Гарнитура: 18,7 басма табак.
Тираж: 500 нуска.
Басмага берилди:
Басууга кол коюлду:

ЧП «Полиграфия ааламы»,
Жалал-Абад, Пахта-Көчө, 219.